www.bizdin.kg

# Жаңы Ала-Тоо

2011, 6 (26)

ЭЛ АРАЛЫК АДАБИЙ-КӨРКӨМ ЖУРНАЛ

**Директор, башкы редактор Тилек МУРАТАЛИЕВ**

РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШ:

**СУЛТАНОВ Омор** –

редакциялык кеңештин төрагасы,

**АБДУЛЛАЕВ Чингиз** (Азербайжан),

**ДЕЛИӨМЕРОГЛУ Якуп** (Түркия),

**ОРОЗАЛИН Нурлан** (Казакстан),

**МАРКИШ Давид** (Израиль),

**МЕХМОН Бахти** (Тажикстан),

**КОВСКИЙ Вадим** (Россия)

Кыргызстан:

**АБЫЛКАСЫМОВА Майрамкан**, **АК-МАТАЛИЕВ Абдылдажан**, **БОНДАРЕНКО Олег**, **ЖЕТИМИШЕВ Сейит,** **КАЛБАЕВ Абдымомун**, **КУЛТЕГИН Кожогелди**, **ҮКҮБАЕВА Лайли**

РЕДАКЦИЯЛЫК ЖАМААТ:

**Айдарбек САРМАНБЕТОВ** – башкы редактордун орун басары

**Жылкычы ЖАПИЕВ** – редактор

**Алым ТОКТОМУШЕВ –** редактор

**Жакин ТЕҢИРБЕРГЕНОВА** – корректор

**Рахим ТӨЛӨБЕКОВ** – дизайнер

**Нурлан КЫДЫКОВ** – дизайнер

**Альбина КАСЫМОВА** – оператор

Кол жазмаларга пикир айтылбайт жана кайтарылып берилбейт. Редакция бардык авторлор жана заказчылар (китеп, жарнама, плакат, буклет ж.б.) менен кызматташууга дайыма кызыкдар.

Журнал редакциянын басма-компьютердик борборунда даярдалды.

РЕДАКЦИЯНЫН ДАРЕГИ:
720054, Бишкек шаары,
Жибек жолу пр. – 466. Тел: 34-55-86
E-mail: Jany.alatoo@gmail.com

Күбөлүк: № 1510

Терүүгө 10.04.2011. берилди.
Басууга 13.06.2011. кол коюлду.
Форматы 70х100$^{1}/_{16}$. Көлөмү 14 б.т.
Заказ № 681. Нускасы 2000

www.bizdin.kg

## Бул санда

**Чыңгыз АЙТМАТОВ**
Бахиана ....................................................3

**Дайырбек СТАНТЕГИН**
Ырлар .....................................................19

**Мирзохалим КАРИМОВ**
Зындан ....................................................23

**Аскар ИЛИПАЕВ**
Ырлар .....................................................59

**Николай ШУЛЬГИН**
«Чепяльная» сказка ................................63

**Шайыр ТОЙЧУЕВА**
«Мен киммин?
Кимдигимди кимден сурайм?» .........79

**Салижан ЖИГИТОВ**
Ит атар жана башкалар ..........................85

**Кален СЫДЫКОВА**
Пейилдин бузулушу .............................123

**Сергей ВОРОНИН**
Бир кайрык ...........................................142

**Ибрагим ТҮРКХАН**
Издейм сени ..........................................146

**Турусбек МАДЫЛБАЙ**
Менин Америкам,
же жаңыдан Американы ачуу ........151

**Тайтөрө БАТЫРКУЛОВ**
Баш-Алайдан
Көк күлүктү уурдаган аял .............163

**Сабырбек БЕЙШЕМБИЕВ**
Унутулгус үч окуя .................................195

**Абдылда КАРАСАРТОВ**
Ырлар .................................................200

**Анарбек АКМАТБЕКОВ**
Жандуу тамгалар ...............................202

**Габриель Гарсиа МАРКЕС**
Бүркүмдөр ..........................................204

**Валентин ОСИПОВ**
Расул Гамзатов: бейнеге сүртүмдөр ......206

**Шоистаи РАВШАН**
Адам жана Руханий дүйнө ..................217

Адабият жаңылыктары .........................220

Мукабанын биринчи бетинде Касым Тыныстанов.


## УРМАТТУУ ОКУРМАНДАР!

**Бардык почта түйүндөрүндө**
**«Жаңы Ала-Тоо» журналына жазылуу жүрүп жатат.**
**Ар айдын он бешине чейин жазылып алсаңыз,**
**келерки айдан баштап колуңузга аласыз.**
**Жазылуу индекси – 77324**
**5 айга – 400 сом**
**3 айына – 240 сом (редакциялык баа)**
**«Жаңы Ала-Тоо» журналын 1-санынан баштап окуйм деген**
**окурмандар редакциядан алышса болот.**

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
Бишкек ш. 720054, Жибек жолу пр. 466. Телефону: 34-49-90; Факс: 34-45-04

www.bizdin.kg





**Чыңгыз АЙТМАТОВ**

*Дүйнөлүк классика*

*Улуу жазуучунун бул романындагы үзүндү 1988-жылы республикалык адабий гезит-журналдарга, андан соң Москвадан чыккан 7 томдугуна жарыяланган менен, тилекке каршы, белгисиз себептерге байланыштуу бүтпөй калган. Адабият изилдөөчүлөр автордун роман баштаган ой-максат, көкө-мүдөөсүн ар кандай жоруптап жүрөт. Бирок романдын башталышында байкалып тургандай, улуу жазуучу адаттагыдай эле адамзат жасатындагы улуу маселени: «Канткенде адам уулу адам болоттун» насилий маанисин ачууга аракет жасамак сыяктуу.*

*Романдын үзүндүсү көзү өткөндөн кийин Кыргызстандан жарык көргөн 8 томдугуна да кирген. Бирок көпчүлүк анын баарын сатып окууга азырынча чамасы чак. Ошондуктан журнал улуу жазуучунун бул таберигин окурман калкына жеткирүү көмөгүн көздөдү. Эскерте кетерибиз, романдан үзүндүнү белгилүү жазуучу Ашым Жакыпбеков которгон.*

# БАХИАНА

### (Жаңы романдан)

Таң үрүлүн таратып, жылаңач жаткан көк деңиздин көк мунарыгына шоола чачып, улуу суунун көөдөнүнөн балбылдаган кызыл күн чыгып келе жатыры. Көк жээктин эрме чегине чөгүп кетчү тунма сымал көз тайгылтып, күн улам көктү өрдөп келе жатыры.

www.bizdin.kg



Ал ошентип асман ачылмагы.

Көктөгү тытма каалгы булуттарды көрүп көңүл тынч, бүгүн күн ырайы ырайымдуу болгудай. Көлбүп коюп тынч жаткан деңиз бети да ошону айткансыйт. Тим жатып чоочуткансып, кээде гана түсү туз деңиз бетинен ак жал толкун жаалданып чыга келет да, жан тынымындай болуп, көз алдыңан кайра кайып жоголот.

Күн улам өөдөлөгөн сайын, жарык нуру жаркып жайылган сайын сур-кызгылт тамылжыган деңиз бетинен, көгүш асман шаңында ар кимиси өзүнчө ак баржактаган толкун курчанган борчук аскалуу аралдардын карааны жер челип, көз акшыйтып сүзүшүүгө маташып калган букалар сыяктанып, дааналанып келет.

Жазмыштын кудурети менен ушерге туш болгон келинге Мармар деңиздин таң эртеси ушул көрүнүштө көз алдына тартылды…

Бул көрүнүшкө кошумча болуп жээк бойлой жым каалгыган чардактар жүрөт жана да чыбырчык суу бетинде жалгыз балыкчы кайык, анда үңкүйүп отурган чий калпакчан караан…

Тегеректиң бүт мелтиреген суу, көлбүгөн суу, эчтеме бузбаган арал жымжырт. Бирок түнкүсүн оро-пара өткөн кемелердин доошу жаңырып турду. Ал – түрк лоцмандарынын бири-бирине мегафон менен бирдеме айтышкан үндөрү болучу, түн туңгуюгунда үндөр күчөп угулуп, түшүнүксүз жаңырыктап турду…

Келинге күн буерде биринчи жолу чыгып келатты…

Келин мата шалы жоолугуна оронуп, көйнөгүнүн этегин кымтыланып, коржойгон тизесине ээгин жөлөп, күн ырайымына жылынып, кыймылсыз отурат. Он кадамча төмөндөгү кемебайыр[1] жээкти караган эски монастырь чиркөөнүн куусаң чырмоок жапкан бет алдындагы кенен таш тепкичте бүрүшүп бул отурушунда ал жападан-жалгыз эле. Деңизге чукул салынган мындай чиркөөнү ал эч качан көргөн эмес. Кыязы, чокунууга келгендер кемеден түшөрү менен ачык эшиктен кирип, чиркөөнүн төрүнө жеткидей. Анан эртемененки коңгуроолор кагылганда бир калып ыргакта төбөңөн көпкө каалгыган жез доошу менен жээкке соктуккан деңиз толкунунун күр-шар доошунун аралашын жаңырыктаганын таңыркай угуп отурду.

Чыбырлуу, тик бет, борчук аскалуу аралга эл орноктолуп отуруктashканынан, Урумдун усталары түбөлүккө деп курган курулуштарынан улам арал тар көрүнөт. Монастырь сепили черепица менен жабылып, дубалы бийик, кууш, бири-бирине тепкичтенип туташып өр талашкан тамдар, дегинкиси ушерде таштан курулгандын баары жана дубалдын түбү сайын жабалактап чыккан жалбырактуу анжир, салмактуу салаңдаган күрөң шиңгилдер, таш арасынан түп-түп болуп бадалданып гүлдөп турган олеандрлар, дегинкиси, жайнап-

[1] *Кемебайыр* – кеме токтоочу жай.

www.bizdin.kg



жаап турган өсүмдүктөр – ушулардын баары кылымдаган талыкпас мээнеттин үзүрү. Сепилдин дубалына жабыша өскөн чатыр бутак кедр карагайлар, чиркөө менен бой талаша өскөн шыңга сымбат кипаристер – булар дагы ошол мээнеттин үзүр белгиси. Кемебайырдан чубалып чыккан көчө таштак жол болуп ийрелеңдеп, аралды тегерете курчап келет шекилдүү.

Тузкычкыл ным тартып деңиз жыттанат, күн табына какшый баштаган шагылдын кургак иси менен бак-дарак жалбырактарынын желим ныммы каңылжаарды өрдөйт… Анан дагы бул аралдын бешенесине бүткөн жалгыз перзент сыяктанган жалгыз качыр бар экен, картаң экен, куу-кыйды окшойт, артынган эки бош себети эки капталынан борсоюп, кемебайырда кыймылсыз турат. Жанында жан жок. Бечара макулук же ээсин күтүп турганы, же деңизден келер жүк күтүп турганы дайынсыз, турат да турат…

Бир билгени болбосо, бу турганы эмине?

Аз жашаган жашоосунда жыйган аздыр-көптүр тажрыйбасы гана болбосо, ушул турган турушунан башка байлыгы жоктугунан узак сапар жол азабына өмүрүн сайып коюп, тарпы калган денин эптеп жеткирген келин жеткен жериндеги көргөн дүйнөсү ушул болду.

Ыстамбулга келгенде деңизден өткөргөндүн акысына жараар деп сарамжалдап сактап жүргөн бир тизим илгерки бермети бар болчу. Эми ал жүгүнөн да кутулду. Мына, артта калгандын баары, обол башында жамы калк жашоосунун маңызы деп, өзү дагы жер бетиндеги тирүүлүктүн максаты деп түшүнгөндөрүнүн баары жаңы эле чоочуп ойгонгон, жорутпай турган, кылт эске түшө калса да аза-боюн жаа бою ала качар түшкө окшоп артта калды.

Өткөнүн биротоло артка кагып, өз өмүрүнөн биротоло кесип таштагандай, кечегүнгө чейинки жашоосу кабыл алынбай калган себептен жашоо болуудан калып, жок болгон сыяктуу бу аралга кай тарабынан келгенин азыр өзүнө өзү айтып бере албагыдай. Бир тизим берметин эмгек акысына бермек болуп, картаң түрк кайыкчыны жалдап чыккан акыркы туругу Ыстамбул азыр кай тарапта калганы ага канчалык зарыл, анын сыңарындай эле баштагысы өткөнү, кеткени жана дагы ошо менен кошо илээшкен нерселеринен биротоло кечип койгон соң алардын кайда калганынын канчалык зарылчылыгы бар. Мына бүгүндөн баштап өткөн өмүр-тирилик кылчайгыс жок болгону, таптакыр бүткөнү. Алдыда өлүм болсо да өткөндүн баарына кайыл болмогу…

Сырт кейпинде тынч пенде. Ичинде болсо, ушу жеткен жери өмүр өтүмүнүн соңку чеги деп билип, эс калбай эңшерилип, куп деп кулдук уруп отурмагы. Анетмеги – бул аралдын чөлкөмүнөн тышкары казыгы да жок, үмүтү да жок… Ушул оюнан болуу көрүнөт –

www.bizdin.kg



төнүмсүз көктө тынымсыз ичиркентээр доошу күчөп, үчтөн болуп канат керип, үнү калып өзү жок самолёттор шуулдап өтө бергенде да баш көтөрүп кызыкпады, кызыкпаганы – дүйнө кызыгуусунан калып калган болучу. Адеби ошентип төбө үстүндө көк мелжимде көзгө илээшпес жасаты жана да куйрук улаш шуулдаган доошун кошо шыпырып самолёттор учуп өтүп кете берди, келин болсо баш көтөрүп карап койбой, кайылпейил отура берди. Ошентип отура берди, ошентип отура бермеги...

Күн деңизден суурулуп алган соң өжөрлүгүнөн ажемдебей өрдөп бара жатыры, шашке маал чегине асылып бара жатыры.

Ал күн ошентип башталды.

Күн ошентип башталса да бу келинге назар салган жан болбоду. Жок, назар салган эки жан болгон экен: бири – жарым сааттай мурун жанынан өөдө коңгуроо жай тапка өтүп бараткан чала уйку коңгуроочу болду, мурут астынан кобур этти, кыязы, учурашкан окшоду, экинчи – караңгыда капилет туш келген жан болгар кызы экенин билип, боор тартып синди көргөн эшик эжейдин жайынан түнөк таап берип, боор тарткан болгар кечил кыз Иванна болду. Эртең менен чиркөөнүн астына апкелип, күтүп отур деген да ошол өзү болду.

Ал ортодо Машаяктын колуктуларынын жайы аталган Урумдун Адал Кыз монастырынын чымын зыңы өткүс сепил дубалдарынын ичинде кечил келиндердин эзелтен ereже болуп калган пенделик тиричилиги өтүп жатты. Демейкисин жазбаган эреже боюнча чиркөө ээси игуменья[1] Митродоранын күнүмдүк тириликке деген насаатын угар чак эле. Демейкисиндей эле игуменьянын иш жайында утурумдук жана башка бүгүн бүтчү иштер тууралуу кеңеш өтүп жатты.

Ал күнгө деген көрсөтмөлөр көрсөтүлүп, тапшырмалар тапшырылып, аларды аткаруучу иеромонахинялар жай-жайына тарап баратышканда, игуменья Митродора кагаздан көзүн алып, көз айнегин четке коюп жатып, тигилердин бири просмонария Феодора бир кыжаалат иши чала болуп жаткансып босогодо тайсалдай туруп калганын байкады.

– Дагы эмне, апкеси? – Жалгыз калып, алиги китебин окуп бүтүп алсам деп отурган чиркөө ээси заарканган пейилин жашырбай сурады. – Дагы бирдеме бүтпөй калдыбы?

Монахиня босогодон бүжүрөй кайрылып, бери жакындады:

– Кечириңиз, ыйык эне, менин айтайын дегеним – жанагы сапарбүбү сиздин батаңызды алсам деп дагы эле күтүп отурат.

– Кайсы сапарбүбү? Келген жагына кайра жөнөтүп жибериңиз деп мен кечегүнү эле айтпадым беле сизге. Эмне үчүн дагы эле отурат?

[1] *Игуменья – (гр. башкаруучу)* – монастырь башчысы.

www.bizdin.kg


– Билем, ыйык эне, жөнөтүп иер унаа деле бар эле. Почта ташыган катер жөнөп жаткан болчу. Бирок алиги неме тил албады. Мелтирей тиктеп, үн-сөзү жок отурганы отурган. Тетиги Болгариядан эптеп жетиптир, жалгыз жан жаш немеге чоочун жерде кыйын эле болгон окшойт… Кыйналбаса, ушу көйдө жүрмөк беле…

– Макул, кыйноодо дейли, – деп чиркөө ээси сөздү жулуп алды. – Бирок биз кыйноо тарткандардын баарын эле ушу кичинекей аралга жыйнай бере албайбыз да. Ар нерсенин чеги болот эмеспи. Анан калса ал неме тагдырынын кыстоосу өтүп кеткиче башбаанектей туруга келдиби, же Кудаага дилин коюп, моюн сунуп келдиби, анығын кантип билели? Биздин ургаачылар монастырына келүүнү каалагандар ободу кат жазышып алып, чиркөө коомунун чакыруусу менен келери ага айтылган жок беле? Ал өзү ким экен, каяктан экен? Эч ким билбейт го…

Кары монахинялар тымтырс болду. Чиркөө ээси Митродора тырышкан чекесин укалап, чоң столунун үстүндө жайнаган кагаздарын которуштуруп, просмонариянын эмне айтарын күтүп калды: кашындагы турган монахиня жалаң гана просмонария эмес, ыр ырдоолордо псаломчу да болуп милдет аткарат, ар качан керектүү неме, анын өтүнүчүн кагып коюу да жарабайт, бирок азыркы кыйын кезде башка жүк болгон жан ашка жүк болорун Феодора өзү деле түшүнмөгү керек эле го. Мамлекеттер менен мамлекеттер согушуп жаткан кез. Булар өз аралында чет бөлөк, согушуп жаткандардан сырт бөлөк турушса да бөтөн башка планетада жашап жаткан жери эмес го. Ошон үчүн күн сайын кыйындап баратыры. Материктеги чиркөөлөрдүн абалы оордоду – согуштун сормо айлампасы курчап, кудаа сөзүнүн баркы түшүүдө, ага өчөгүштөй базар баасы кымбаттап, сырттан ташылып келчү азык-түлүк азайып баратыры. Бөтөн турган арал болбойт деп айткан Экклезиасттын сөзү миң мертебе ак сөз экен… Анан дагы согушта болуп жаткан жоруктарды ойлосоң, бу дүйнөгө бир жаралып келген шордуу пенденин тагдырына жаның кейийт…

Чиркөө ээсинин кабагын карыш салдырган ушул ойлор эле. Али дагы келишимдүү кара каш, балбылдаган кой көз, үстүнкү эрдинин үстүн майда кара түк баскан, саал толуңку тартып келаткан игуменья ушу кейиштүү кебетесинде да салтанаттуу барааны бар. Монастырдын ээси кабак чытып отурду, жооп бербей тымпыйды, ушу тапта артыкбаш күйгүлүк ойдон алыс болгусу келди.

Просмонария Феодора анык кечил кагелес неме эле, капталын салган калыбында терезе түбүндө зыңкыя катып, деңизди карап турду.

– Айтпай коюппузбу, түшүндүрдүк, көп эле айттык, – деп үшкүрүнө сүйлөгөн Феодора чиркөө ээсине бери толгонду да, сөзүн улантты: – Бирок ушул экен. Монастырдын оозунда каңгып

www.bizdin.kg



келген бир жан турат. Муну эмне дейбиз, кокус иш дейбизби же кудаанын буйругу дейбизби? Так айтыш кыйын. Болгариядан чыгып, Түркияны жөө кезип, деңиз кечип…

– Кеп ошондо, биз жол жээгинде эмеспиз, деңиздебиз, – деп чиркөө ээси бул айтканы кимге багышталганы белгисиз, мурдагы сөзүнө эч байланышы жок, өзүнчө күбүрөдү. – Мурдагы күнү немис кемелери Кара деңизди карай өттү. Баарыңар жабалактап карап турбадыңар беле… Замбиректери беленделип, оңурайган ооздору ок бүркүүгө даяр. Үрөй учурат. Суу астында сүзгөн кемелери ушул биздин тушубузда эле жойлоп жүрөбү дейм. Орусия кыйроодо. Тегеректеги элдердин баары согуш отунда. Күн-түнү дебей самолёттор төбөдө гүүлдөгөнү гүүлдөгөн. Дүйнө эмне болуп баратат, бир Жараткан өзү билер! – деп унчукпай калды да, сөз эмнеден башталганын эстеп, жумшарды. – Эмне турасың, отур, апакеси.

Просмонария дивандын четине отурду да, эки колун тизесине кайчылаштыра коюп, мелтирей күтүп калды.

– Өзү ким экен? Пенделик дүйнөдө ким болуп жүрүптүр? – деп кызыга сурады игуменья.

– Мурда мугалим экен.

– Ошондой де. Аты-жөнүчү?

– Бахиана.

– Мунусу атыбы?

– Ошондой го.

– Кооз ат экен. Бахтан чыккан эмеспи?

– Анысын ойлобопмун,– деп мойнуна алды просмонария Феодора. – Ошондой болушу да этимал.

– Чиркин Бах, – игуменья теспесин терген бойдон ордунан турду да, башынан-аягына дейре кара кийинген бараандуу басыгы менен бөлмөнү жарып өтүп, терезе түбүнө келди, сырттан көрүнүп турган чиркөө купаларына көнүмүш адат менен чокунуп койду. – Секелек кыз күнүмдөгү Бахтын мессалары күнү бүгүндөй эсимде, не деген күч! – деп эртегисин эстей кетти. – Ободон жаңырган доош азыр да кулагымда. – Көзүн жуумп, ойлонуп калды. Жылмаюуга жүзү жаркып, күтүүсүз келген эскерүүнү ой каалгысында узагыраак кармап тургусу келди магдырап.

Просмонария Феодора ыйбаа сактап унчукпады, урмат эткен калыбында карап отура берди. Кууш дубалдагы оор сааттын түпкүрлүү үнү угулуп турду. Саат күңгүрлөп убакыт агымын эсептеп үн сала берди, игуменья болсо канцеляриясынын тоо башынан ачылган терезесинен деңиздин кылайган чети көрүнгөн аймагын карап тура берди. Баягы эле кенендик, ээндик, тирүү жансыз мелмилдеген суу

www.bizdin.kg



аймагы, анан дагы пенделердин ичинде тынч алып жашай албаган пенденин дүйнө кезген, жанын коёр жай издеп, тынчы кеткен безерлиги. Бу коошпогон нерселердин коштолушу ушу тапта ага укмуш көрүндү. Мына ушунда чиркөө ээси бир чечимге келди: «Кайра деңиз кечтирип, дүйнө кездирип, аны каякка айдамак?»

– Чакыр эмесе, – деди ал дагы эле өз ою менен алек болуп. – Өзүң барып, киргизип кел.

Просмонария ыраазы болуп ордунан турду:

– Куп болот, ыйык эне.

Ал эшикти көздөй жөнөй бергенде, чиркөө ээси кайра токтотту:

– Токточу, апакеси, а сиздин безериңиз кайсы тилде сүйлөшөт экен?

– Албетте, болгар тилинде да. Түрк тилин да анча-мынча билет окшойт.

– Андай болсо Иванна эжейди тилмеч болуп берсин деп өтүн.

– Ошондой эле болор. Иванна эжей сыртта күтүп турат.

* * *

Жанагысындай эле шалы жоолугун ороно салынган Бахиана Урумдун кечил келин-кыздары миң жылдап жай кылган коргон сепилинин таш төшөлгөн конок үйүндө баштатан баары тааныштан бетер эч нерсеге көз токтотпостон, үн катпастан Иванна эжейди ээрчип баратты. Буга чейин бу жайда канча жан болбоду дейсиң. Бу төшөлгөн таштарды канча таман жылмалап баспады дейсиң. Жаны кашайып, жашоодон кечип, тагдырына нааразы болуп, же моюн сунуп, өзүн өзү түбөлүк камоого салып: «Зарымы ук, Кудаа!» – деп зар какшап жүрүп, а дүйнө кеткендер канча болду дейсиң... Кудаанын Сотуна канча зар айтылбады, канча сыр ачылбады, канча көз жаш төгүлбөдү дейсиң, себеби «Зарымы ук, Кудаа!» деген сайын адамдардын арылбаган кайгы-касирети, ыза-кордугу толгон арыз-арман Кудаанын Сотунун кулагына арналат, дүйнөдө андан өткөн арман жок сыяктанып, көкүрөк датын Кудаа өзү укмагына зарурат болот. Антпегенде канетмек, жер үстүндөгү тирүүлүктүн адилетсиздигинен чыккан арыз-арманын башка кимге, каякка багыштамак? Антпегенде андан башка Акыйкат Сот бар бекен, антпегенде ушинетип жашоонун кажаты канчалык?.. Ошондо да баарынан баары, ар кимисинен ар кимиси көрүп жаткан кордук-жамандык жер үстүнө батпай, анын баарын айтып бүтүшкө эч адамдын өмүрү жетпей жатпайбы...

Эрдин кымтып мистейип, Бахиана унчукпай бара жатты...

www.bizdin.kg



Кудаа менен сүйлөшүүгө, ал үчүн өмүрү өткүчө, а дүйнө кеткиче өзүн ушу монастырга камоо кезеги мына Бахианага жетти.

Ал игуменьянын резиденциясынын ички короосунда баратты, мармар бастырманын тиги төрүндөгү эшиктен кирген соң ага бул монастырда калар-калбасын айтышат, ошону угар эшикке жакындап баратты. Деңизден өтүп келатканда эле шамал жулмалаган чачын жайып, ак чүпүрөк менен башын бууп алган. Куйкум күрөң чачы толкундана ийинин жаба төгүлүп турат. Тармалданган чачы жайык маңдайына, чапжаак азган жүзүнө жарашык бергени менен убара кылып кайраттуу, эпке келбейт. Ошон үчүн ушу кейпинде ал башынан жараланып, эми суракка айдалып бараткан безериге окшоп кетет. Боюн түз кармап, чоочун көзгө сыр бербестей зымпыйып баратканы менен ичинен сыздаткан жан кыйноосу мисирейген көз карашынан сезилип барат. Ошон үчүн бакырайган кара көзүнөн ачуу кызыл учкун чачырап бараткансыйт. Көптөн бери жан кейиткен азаптын тагы ызгаар көргөн жүзүнө батып калгандай. Антсе да бу баары тегиз жалаң кара, жалаң бой кийинген, азыр ар кимиси демейки иштери менен алек болуп жүргөн кечил аялдардын арасында аны бөтөнчө бөлүп турган дагы бир касиети бар сыяктуу. Сырт кебетеси эле бөтөнчөлөнгөн жок. Жол азабы – көр азабы, азган-тозгон, бут кийими жыртылган. Бирок анысы да эмес. Бу келишинде ал жер кезген, башбаанек сураган кайырчы эмес, тыяктагы согуш жүргөн талаада аскери кыргын таап, кара кабар алып келаткан акыркы аскер, чабарманга окшоп кетет.

Мына эми ошол кара кыргындын кара кабарчысы акыркы аралыкты калтаарый арыштап барат, тамагы кургап, өзү туман ичинде, түшүндө бараткансып, туш-тараптан аңырая караган кечил аялдарды аралай чымыркана карманып, жетер жерине жетпей жыгылып жан бербеске тиштенип, ханына жетип, кара кабарын айтып, анан жыгылып өлүүгө кайыл болуп, жүзүндө тыяктагы кандуу кармаштын кара көлөкөсү дале карандап, ач кыйкырык, куу сүрөөн, айыгышкан согуш дүбүртү кулагында жаңырып баратты...

Чиркөө ээси Митродора бу келгинди катаалданбай, бирок салкын кабыл алды. Экөө аңгемелешүүгө отуруп жатканда картаң кечил келгин кызды каныккан көз менен бир карап алып, байкады: «Бу тизелей калып, куру бекер Кудайды оозго ала берчүдөй эмес. Башынан бирдеме кечирген, оор мүшкүл, жаман иш өткөргөн болуу керек. Кудая тобо, жапжаш неме, кечеги эле келишкен сулуу экен. Болуптур угалычы...»

Иванна эжей грек тилин суудай билет, бирок көптөн бери сүйлөбөй жүргөнгө өз эне тили болгон болгар тилин кичине унута жаздап калыптыр, андыктан бир сөздү бөөдө кетирбей ынтаалана которуп жатты, ошону менен Бахиана игуменьяны ыйык эне деп айтуусун

www.bizdin.kg



унутуп калбаса экен деп калтаарып отурду. Монастырга киргенден берки көп жылдардын ичинде бүгүнкү күн Иванна эжей үчүн өзгөчө болуп, ага өзүнүн да тиешеси бардыгына өрөпкүп турду. Пенделик тириликтин толкуну ойдо жок жерден өзүнүн боордошун алдына серпип салып турат, мунун себеби кандай болгонуна карабай Иванна эжей синдисинин тагдырын дурусураак жайгаштырууга колунан келген жакшылыгын аябоону өзүнө милдет деп сезди. Просмонария Феодора игуменьянын алдынан дагы бир өтүп коюшун суранган да өзү эле, эми мына тилмеч болуп, жакшылык менен бүтсө экен деп Кудайдан жалынып отурат.

Улам суроо берип, жообун угуп, ой учугун улап токтой калып шашпай көпкө чейин аңгемелешти.

– Балам, ысмың Бахиана беле, мага ошондой дешкендей болушту го? – Игуменья Митродора кепти ушундайча баштады.

– Ооба, бүбүй эне, ысмым – Бахиана, фамилиям – Матенова. Болгариядан болом.

– Болгариядан экениңди билем. Алыс жолдон аябай кыйналсаң керек?

– Эки ай дегенде араң жеттим. Үйдөн чыкканда биздин тоолордун кары жаңы кете баштаган. Бул жерде болсо жаз өтүп, жай келип калыптыр.

– Жөө келдиңби?

– Ооба.

– Согуш эмне болуп атат? Элде эмне деген кеп бар? Болгария Чыгыш фронтуна аскерин жибереби?

– Билбейм. Мен үйдөн кеткиче андай сөз угулган деле эмес. Кийин эмне болгонун айта албайм. Менин оюмча, эч кимдин аскер жибергиси жок.

– Түшүндүм, балам. Урум чиркөөсүнө кызматы өткөн сенин өлкөң ошол алааматтан аман болгой эле. Сени мугалим болуп иштептир деп айтышты, канчага чыктың, балам?

– Жыйырма бирге чыктым, жыйырма экиге карадым. Мектепте, айылдагы гимназияда бир жыл сабак бердим, эми минтип баарын таштап баса берүүгө туура келди.

– Бизге, эжей-синдилердин элден чет турагына эмне максат менен келдиң, чырагым? Ыйыктардын өмүр жолуна түшүүгө дил койдуңбу, же баш калкалар башка бурчек таппадыңбы, же жаныңа тынчтык бербеген күнөөң барбы, эл ичиндеги ар түрдүү азгырыктардан качып, кечирим тилеп келдиңби? Анткениңе ар башкача себеп болушу да мүмкүн эмеспи.

Бахиана үндөбөй кечил аялдарды карап койду. Үчөө тең – игуменья Митродора, просмонария Феодора менен Иванна эжей баары тең

www.bizdin.kg


мунун жообун күтө тиктеп тура беришти. Бул суроо эң орчундуу суроо. Кудайдын жолуна түшүп, кут этпей буйругун аткарууга башын байлоону нээт кылган адам эң алды менен өзүнө өзү кеңешип ыймањына салып, ошону менен катар Кудайга, Кудайдын кулдарына монастырга кетүүдөгү ой максатынын негизин толук айтып берүүсү абзел. Ошондуктан суроо орчундуу. Беттери менен колдорунун учтары гана араң көрүнгөн, капкара окшош кийимчен үч кечил аял өздөрүнүн бу дүйнөнүн жыргалынан кечип, азап-тозогуна кайыл болуп жүрүп, жетишкен билиминин бийик деңгээлинен так ошол кыйынчылыкты али башынан кечире элек, бирок буларга тагдырлаш болууну самап келген кызга кырдана карап турушту. Азгырыгы күчтүү дүйнөдөн безе качып, же бирөөнүн тилине кирип, же бир күнөөгө батып, же да кандай себептер менен кылымдан так өтүүнү каалап келген кыз менен булардын ортосунда көзгө көрүнбөгөн терең өткөөл турат. Так ошону эми өзү айтып бериши керек.

Бахиана муңая төмөн карап, өзү менен өзү болуп, бир саамга буларды унутуп койгонсуп олтуруп калды. Ошо кейпинде узун моюну, акырек сөөктөрү, жүзүндөгү кейиш менен арып-чарчоонун азабы даана көрүндү. Чуштуйган далысы ылдый куюлушкан мата оромолу узактан учуп чаалыгып келип конгон куш канатындай шалбырап, өзү да апкарып турганын байкаган бүбү кечил жөлөп-таяп койгусу келди.

– Кызга айтчы, – деди жанындагы экөөнүн кенжесине, – сиңдим Иванна, өз өмүрүн кечилдикке арноо деген Кудай Таала эгемдин амирине биротоло баш ийип, аны чексиз сүйүүбүздүн аябагандай оор сыноосу. Өзүңө өзүң эгедер болбойсуң, дениң да, жаның да, баары тең Кудайга, анын өлбөс-өчпөс идеясына, анын нурлуу бейнесине багышталат. Айттыңбы? Баарын так түшүндүрдүңбү? Анда дагы айт. Мына, Бахиана, сен бизге келдиң дейли. Бирок сенин ким экениңди, жан-дилиңде эмне максатың бар экенин так билмейинче биз сага эшигибизди ача албайбыз. Көрүп турам, жапжаш кыз экенсиң. Андыктан азыртан ачык сүйлөшөлү, бизге кошулсаң махабат дегенден, сагыныч-арзуу дегенден, энелик бакыт дегенден биротоло ажырайсың. Ал түшүнүктөр кечил турмушунда болмок түгүл аты да аталбайт. Анткени алар биздин Эгебизге карата бүткүл жан-дилибиз менен берилишибизге кедерги болот. Ырас, бизди пенде дейт, пенде болгон соң бардык эле адам өзүн өзү көкөлөтүп, пенделик жыргал, махабат ырахатына кол шилтеп коё албайт. Андыктан баарын тең алдын-ала таразалап алуубуз керек. Албетте, айрым бир катаал шартка кабылат да адам бу турмуштун жыргалынан кечип кетип, эми мындан ары ага кайра кайрылбастай болуп көңүлү кайт болот. Бирок биз пендебиз дебедикпи, бечаралыгыбыз жок эмес, Кудай

www.bizdin.kg



өзү кечирсин, ачууң тарайт дегендей, кайт болгон көңүл жарааты айыгат, ошондо баягы биротоло кол шилтеп кеткен жашоо кумарын аңсап, өзүн өзү чектеген тоскоолдуктарды оорсунуп, ичимтап болуп өкүнүп арманы күчөйт, өзү бир киши боло туруп эки башка жолго түшүп, өзүн да алдап, Эгем алдында жалган, жасалма иш жасап күнөөгө батат. Баарынан ушул жаман, ушул азап. Андыктан, биздин арабыздагы эң аруу, эң ыйык нерсе – киши өз жан-дили менен, кылдай кири жок таза ишениминин негизинде Кудайдын амири менен саакылыкка ниетин бурушу. Ырас, монастырга келүүнүн түрдүү себептери боло берет. Алардын баары тең эле жакшы. Себептери ар кандай болгону менен натыйжасы бир. Андыктан, балам Бахиана, сенин бизге келишиңе эмне себеп болду, так ошону билишибиз керек. Оңой-олтоң эле чечим эмес бул өзү.

– Түшүнүп турам, – жооп айтардын алдында Бахиана үшкүрүп койду, – бирок дегендей бир «илинчеги» да турат, – деди да кайра ой учугун улай телмире калып, те кайдандыр жумурундагы сырын сууруп чыккандай күңкүл сүйлөп сөзүн улады. – Сиздерди күттүрүп койгонум үчүн кечирип коюңуздар. Ушул суроого жооп береримди билгемин. Ооба, билгемин, – деп кайталап койду, – ошондуктан алардын баарын ойлонуштуруп, даярданып алууга жетишерлик убактым да бар болучу. Силерге келаткан жолдо бир топ жер басып, бир топ эл аралап өттүм. Кыйын эле болду. Бирок мына, эптеп тирүү жеттим. Монастырга эптеп жетип, биротоло кирип кетсем экен деген тилегим ого бетер бекемдеди. Албетте, бүбүй эне, сиздин айтканыңыз туура, адам өзү чын дили менен берилип, жан-дили менен ишенип келгени жакшы дегениңиз чын. Мен болсо бул ишенимге башкача жол менен – жокко чыгаруу жолу менен келдим. Келгенде да какыраган ээн чөлдөн келдим, кантсе да ушердемин. Ушул сөздөрүмдүн жетишсиз экенин түшүнүп эле турам. Ооба, мени бул жерге жетелеп алып келген жагдайдын кандай-андай болгонун сиздерге толук айтып берсем болот эле, бирок мен анте албайм. Айткым келбегенинен, же бир намысыма тийген иштен уялганымдан эмес, андай себеп деле жок. Мекен жергемди таштап бери чыга бергенде мага эми баары бир сыяктанган, эч кимге, эч нерсеге карызым жоктой көрүнгөн. Бирок өткөндөгүнүн жиби үзүлүшү кыйын тура. Бир топ убакыт өтмөйүнчө болбойт экен. Албетте, мен өзүм менен өзүм күрөшөм дагы. Азырынча айтууга болбой турган сөздү ачык айта албайм. Мени кечирип коюңуз, бүбүй эне, мындан артык сөз айта албайм. Ушу сөзүм сиздерди ишендире албаса капа деле болбойм. Түшүнүп турам, сиздер менен ушунчалык дидарлашканыма деле ыраазымын. Кандай чечсеңиздер, эрк өзүңүздөрдө. Акырында бир айтарым бар: мен бул жерге жөн эле келген жокмун, башымды биротоло байлап келдим,

www.bizdin.kg



мүмкүн тагдырыма жазылса сиздердин айткан-дегениңиздерге биротоло көнүп, баш-отум менен берилип кетким бардыр. Кудайдан гана үмүт кылып, Кудайдан гана күтүп калдым, өз тагдырымдын мезгил менен мейкиндиктеги мындан аркы өтүшүн Эгемин өз колуна тапшыргым келет. Эми өз өмүрүмдүн мындан башкача болорун элестете да албайм. Ушул ниэтим менен алдыңыздарга келгендегим...

Кечил аялдар Бахиананы аябай кунт коюп угушту. Угушту да эми бүбүй эне эмне жооп айтар экен деп күтүп калышты.

– Ырас, сенин айткандарыңдын да жөнү бар өзүнчө, – деп койду игуменья Митродора. Бу киши чыны менен эле таң калды. Мындан мурда буга окшогон сырды укпаган, мындай окуяга оро-пара болбогон. Адатта монастырга келгендер адегенде эле көзүнө жаш алып, өз тагдырларынын татаалдыгын ыйлактап жатып толук бойдон, атүгүл ашыра ачыктык кылып айтып беришчү. Так ошонусун алар бу дүйнөдөн кечип кетүүнүн бирден бир негизги себеби катары көрсөтүшчү.

«Мында болсо иштин жөнү бир топ башкача, бул кыздын сөзүндө ачуу чындык катылып тургансыйт, – деген ойго кетти кексе игуменья. – Мындай карасаң жапжаш, гүлгүн кыз, өспүрүм бала десе да болот. Бизге келерге чейин эле биротоло чечкен экен. Не бар, не жок дегенди биротоло тактаган экен. Олда шордуу кыз ай-е. Далай тозоктон өтүп үлгүргөн окшойт. Мына бул чечими ага оңойго турбаса керек. Муну бутуна тургузууга кол кабыш кылбасам болчудай эмес. Бизге келиши бекеринен эмес. Чыны менен эле жөнсалды жорук көрүнбөйт. Менин ушундай ойго түшүшүм да таң каларлык өзү...»

– Биз сага ишенип эле турабыз, балам, айткан сөздөрүңдүн баары чын дилиңден чыккандыгынан шек санай турган эч кандай себеп жок, – деди бүбүй эне... – өз башыңдан өткөндү толук айтасыңбы, же бир каймана сөз менен кыйытып айтасыңбы, ал өз ишиң. Сени эч ким кыйнабайт. Ар бир киши өзүнө туура келгенди иштейт. Мынчалык болгондон кийин айтып коё берейин, Бахиана, өткөн-кеткенди да бир сыйра таразалап, акылга ченеп көрө турган убактың деле бар. Сени биздин арабызда калтыруу эже-сиңдилердин кеңеши чечкиче, сен биротоло чачың кыркылып кечилдикке өткүчө дагы ойлонуп көр. Биздики сыяктуу жашоонун маани-маңызына ишенбей турган болсоң монастырдан каалаган учурда кете берсең болот. Сыноо мөөнөтү берилет да, сага рухани ата чегерилет, биздин ыйык атабыз Иов деген киши, Константинополдон келип турат. Эгер туура көрсөң ыймандай сырыңды ошол атаңа айтсаң, айтарсың. Кимге качан, эмне дээрди өзүң чеч. Мындай иште бирөөнүн акылы бирөөгө эш болбойт. Анткени жараткан Эгем чексиз айкөлдүгү менен биздин ар бирибизди өз эркибизге койгон. Ошол биздин оңой эмес пенделик касиетибизди

www.bizdin.kg



Эгем өзү бузулгус кылып өз ыйманыбызга койгон. Андыктан биз храм ичинде болобу, же андан сырткары деле кудурети күчтүү жаратканга жалынып, атын ыйык тутуп, ошол түбөлүк айкөлдүгүнө таазим кылып келебиз, – бүбүй эне кандайдыр эң орчундуу ойду айтууга камдангансып бир аз токтоло калды да анан сөзүн улады, – ошондуктан биздин ыйманыбыз менен эркиндигибиздин ортосундагы күрөшүбүз да түбөлүк. Качан болбосун эркиндигибизден ыйманыбызды ажырата бөлгүбүз келет да ошол үчүн жанталашып, жаалдана тилденип басып жүрөбүз. Ушундай боло берет. Жан дилиңдеги ыймандай сырыңды бирөөгө айтканда – өз кылык-жоругуңду тутунган жолуң менен өлчөп-ченегениң. Муну айткандыгым – сени шашпасын, оор басырыктуу болсун дегендигим, Бахиана.

Мына ушундайча кеңейте сүйлөп, алдына келген жаш кыздын ошо кеп-сөзүнө аябай кунт коюп угуп олтурганына игуменья өзү да ыраазы болгонсуду.

– Биз дагы бир топ сүйлөшөбүз, чырагым, азыр сурайын дегеним, биздин монастырдын бар экенин кайдан билдиң жана силердин жерден алыскы деңиздин аралындагы бизди көздөй кандайча келдиң?

Бахиана өз ою менен болуп ичинен күбүрөнүп жооп даярдап жатканын кечил аялдар даана сезишти.

– Ушул жерге, мына сиздерге бир киши келмек эле, – деди кыз эрдин тиштене сүйлөп, – бирок анын сиздерге чейин жетиши тагдырына буюрбаптыр. Мен анын ой-максатын билчү элем, ошол оюн ишке ашырууга жардам кылайын дегемин. Бул жакка келчү жолду негизинен боолголоп билчүмүн. Бул аралдын аты түркчө Чешме-Ада – Булак арал экенин да билчүмүн.

– Ооба, Чешме-Ада. Анан жанагы киши эмне болду?

– Ал киши эми келе албайт. Эч качан мында келе албайт?

– Ал өзү ким? Ургаачыбы же эркекпи?

– Эркек.

– Кызык экен, – бүбүй эне таң калды, – ургаачылардын монастырында ага эмне бар эле?

Бахиана үндөбөй калды. Ушунусу игуменьяны дагы шектентип салды.

– Анда сен, мүмкүн, бирдеме кабарлаганы, же бир аманат сөзүн айтканы… же, кечирип кой, албетте, кандайдыр пайда көздөп келип жүрбөгүн? Андай болсо жашырбай эле айт.

– Жок, бүбүй эне. Андай максатым жок. Аманат сөз деле жок, айтар кеп деле жок. Өзүм гана келдим, пайда көздөп жүргөн жерим жок. Мен эч качан эч нерсе алгым келбейт. Андай нээтим жок.

Кечил келиндер үн катпастан бирин бири карашып алды, бу сөз алардын ынтаасын козгогон эле. Ушу маалда босогодон монастырдын

www.bizdin.kg



дасторкон жайгычы баш багып калды, кыязы, чиркөө ээсине зарыл иши бар окшойт, бирок игуменья анын сөзүн укпады:

– Азыр эмес, анан, анан кел, – деп колун тетири жаңсады.

Дасторкончу кайра кеткен соң игуменья кайрадан Бахианага кайрылды:

– Айтчы, балам, алиги кишинин анык ниетин сен айтпай жашырып койсоң деле болот беле, ошондойбу?

– Кечиресиз, бүбүй эне, эмнесин айтасыз?

– Эрен-төрөн эчтеме деле эмес. Сөздүн даана болушунча. Алиги быякка жетсем деген кишинин ниети тууралуу сен айтпай деле койсоң болот эле да?

– Жок, айтпай коё алмак эмесмин. Ал киши болбосо мен буерде болбос элем.

– Демек, биздин монастырга тийип өтсөм деген ак ниетинен башка оюу болбогон экен да, туура айтамбы?

– Дал ошондой, – деди Бахиана. – Бул айтканымдан башка купуя калган эчтеме жок, атүгүл жөндүүсү жөндөй толук айтылды дээр элем... Ал кишинин ушундай ниети болгону ак, эми анын өзү да жок. Болгону ушул. Мен өз алдымча келген жанмын.

Игуменья баары бир бирдемеден күдүктөнгөндөй болду, ошондон го, Иванна эжейден такый сурады:

– Айтканын айтканындай которуп жатканыңа көзүң жетеби?

– Айтканындай, бүбүй эне, – деди Иванна. – Сөзүн сөздөй. Кандай айтса, мен да ошондой.

Сөз жыйынтыгы чыгар алдында кичине тыным боло түштү.

– Балам, биздин эжей-сиңдилерибиз сени кечилдик жамаатына кабыл алышка каршы болбос деген үмүттөмүн, – деди чиркөө ээси жаны ачыгандай. – Андай болсо, жашап көрөрсүң, үйүр алышарсың. Баамымда, Бахиана, биздин монастырь китепканасында иштөө ылайыгын таап кетерсиң деп ойлойм. Китепканабыз бай. Дин илими, философия, Урумдан берки тарых китептер бар. Атүгүл таанышууга Элладанын жазмалары да сакталуу.

– Ошондой китептер болгар тилинде да барбы?

– Ооба, болгарчасы да бар. Бирок башкысы грекче. Деги китеп иши арбын. Эми болсо, кызым, түз жооп берер түз суроолорум бар, ошолорго көңүл бурчу. Айтчы, күйөөгө чыктың беле?

– Жок, шерттелген болчумун, бирок шерт сөзүн кайра алгамын.

– Анда эмесе, сен мени кечирип кой, бирок мен билишим керек, салтсыңбы, же кош бойлуусуңбу? Билип ал, буерди монастырь дейт.

– Жок, бүбүй эне. Тилекке каршы, жок, тилекке каршы, мындан ары түк болбойт.

– Түшүнөм. Бирок биздин антыбыз да, абалы Кудаа алдында берген шертибиз да ушул.

www.bizdin.kg



Бахиана моюн сунуп баш ийди.

– Кароосуз калган касирет кеселман же жетимдериң жокпу?

– Жок, бүбүй эне. Ата-энемен алдагачан айрылгам. Жакын туугандарыман да калбады. Коколой башым.

– Өзүңдүн дениң тазабы, касирет кеселиң жокпу?

– Жок, дени-кардым соо, ооруп-сыктаган эмесмин.

– Анда Кудай жалгасын. Андай болсо, Бахиана кызым, – деп игуменья Митродора сөзүнүн аягына жакындай баштады, – бул аптада болбосо да кийинки аптада сенин бул монастырда туруш-турбасың тууралуу эжей-сиңдилердин пикирин угасың, менимче, ал пикир оң болор дейм. Ошондой болор дейм, эжей-сиңдилер? – деп Феодора менен Иваннага карады.

Иванна эжейдин пикири го белгилүү, баш ийкегилеп ийди, Феодора болсо:

– Мен сөздү башынан бери кунт коюп угуп отурдум, Бахиананы биздин эжей-сиңдилик жамаатына кабыл алуу боюнча пикирим башынан эле оң болуучу, – деп өз оюн жарыя кылды.

– Бу кызым Машаяктын ак дил колуктусу болуп ушул жерде туруп калар деп жүрөгүм сезет, кудурет күчү ошодур.

Игуменья кечегүнү эле бу келгинди кайра кайтарып жибергиси келип турду эле, эми сөзүнүн акырында энелик мээрим менен үйрүлдү:

– Бара гой, балам, орнош, эс ал, баш-аягыңы жыйна, – деп босогого узатып келди. – Азырынча кечилчилик сутананы кийип турарсың. Жол ошондой. Анан чач кыркканга, Кудаа деп жанкайылдыкка жарасак анык кечилдик наркка жетерсиң да, бизге окшоп кара кийинерсиң. Мына ошондо ысмыңы да чиркөөнүн эрежесине ылайыктап өзгөртүп аларбыз. Жол ошондой, балам. Бирок баамымда, сен ысмыңды өзгөртөр ниетиң байкалбайт го? Көзүңөн көрүп турам, айт, тартынба.

– Ырас, бүбүй эне, буерге кандай ысым менен келсем ошол ысымды алып кала берсем деген жалгыз өтүнүчүм бар.

– Ойлонолу. Айтканың акыйкаттыр, Бахиана. Машаяк тегинен чыкпаганы менен сенин ысмың мага жагып турат. Ата-энең музыка жаатынан болуп жүрбөсүн?

– Кандай десем, музыка жаатынан деле эмес, бирок экөө тең музыканы жанындай жакшы көрүшчү. Атам деңизчил эле, соода кеменин капитаны болчу, кемеси кыйрап кошо жок болгон. Андан көп узабай апам каза болду. Мен бала кезимде бир жолу Германияга барганбыз, эсте калган эң сонун элестерим ошондо. Собордон собор кыдырып, музыка укчу элек.

– Ошондой дейм да, бекеринен эмес. Ысмыңан кабатыр болбо, дин жолу кенен. Азырынча үйүр ал, кечилчиликке көн. Анан иш

www.bizdin.kg



өзүнөн өзү бүтөт. Сааты чыкканда баары жай-жайында болор. Биздин пейилибиз жакшылык...

Чиркөө ээсинин жанынан чыгып кетип алып, Бахиана кызык болду: кайра кирип барып, карыган игуменьяны кучактап алып, көкүрөгүнө башын жөлөп, өксүп-өксүп ыйлагысы келди, эмне болгонун, кандай болгонун төкпөй-чачпай айтып берип, көксөөсүн сууткусу келди, анан ошо турган жеринен жантаазим кылып, түтүн болуп кайым жоголууга кайыл болду, азап-муңдун таасирин сезбеген кайып-periliкти көксөп ийди. Көксөгөндө да кандай көксөдү дейсиң, чиркин!..

www.bizdin.kg





**Дайырбек СТАНТЕГИН** – *1951-жылы Жумгал районундагы Кайырма айылында төрөлгөн. КМУнун журналистика факультетин бүткөн. Көп жылдар бою райондук «Демилге» гезитинде иштеген. «Дайырбектин дайры күү» аттуу ырлар жыйнагынын автору.*

*Поэзия*

## Бук

*Күүсү менен дүмүрөңдөп арактын,*
*Күндүн көзүн кыялымда жара аттым.*
*Көңкү журтту жалт эткизип караттым,*
*Көңүл бугун дал ошентип тараттым.*

## Дүйнөлүк тил

*Жеткире албай жатканымды сөз менен,*
*Жеңил гана ымдап койду көз менен.*
*Баштап кирсем бардык болгон быкыйын,*
*Башын чайкап, чукуп койду чыкыйын.*
*Тирүүлүктүн бүтпөйт, – десем, – ыр-чыры,*
*Тилин сунуп, эки бетин чымчыды.*
*Ушул окшойт биз бүтпөгөн үйрөнүп,*
*Улуу тилдин жалпылыгы дүйнөлүк.*

## Генийликтин кези келди

*(Салижан Жигитовго)*

*Ары да эмес, бери да эмес маалында,*
*Акыл тунук, алжый элек чагында.*
*Ары күйүп, кору түшкөн душманын,*
*Атайылап салган өңдүү жалынга*

www.bizdin.kg



*Кашка башын карт-карт тырмап тургандай,*
*Каткырыгын как чекеге ургандай.*
*Жүйөсүнө ынанта албай койгондо,*
*Жүзү жоктон жүзүн нары бургандай.*

*Кыргыз күнү батыш жактан аткансып,*
*Кыргыз күнү чыгыш жактан баткансып.*
*Өлдү Сакең, өжөр коюп далилин,*
*Өлүп туруп жооп берип жаткансып.*

*Өмүр бою ырдап айтып чындыкты,*
*Өмүр бою сындап айтты чындыкты.*
*Актап даана адамчылык парызын,*
*Аттап өттү тосуп турган миң бутту.*

*Өлдү тулку, учту жана өр беттеп,*
*Калды артында кашка чындык, өрнөк кеп.*
*Кеткен пенде кежирлиги көрдө эми,*
*Келди кези генийликтин төргө өтмөк.*

## Алмашкан сезим

*Ырына да, чырына да кесирлүү,*
*Ышкым жанып, ичек-боорум эзилчү.*
*Бирок ошол Есенин да, Пушкин да,*
*Өтө узак жашашкандай сезилчү.*

*Алтымышка чыгып калдым өрүүлөп,*
*Азыр сезим башкачараак көбүрөт.*
*Эсил Гёте, Толстой да, Саади чал,*
*Эрте кетип калышкандай көрүнөт.*

## Сулуу көз

*Ороп, тороп, оонай сынак кеп бурап,*
*Ортобузда от бойлогус чеп турат.*
*Ал ансайын көзөп өткөн көздөрү:*
*«Сеникимин! Сеникимин!» – деп турат.*

www.bizdin.kg



*Канча чыйрак тиштенсем да бек чыдап,*
*Кармануугa жетер эмес эч кубат.*
*Мээни жарып, менип тунган көздөрү:*
*«Меникисиң! Меникисиң!» – деп турат.*

*Тулку таза тунуктугу туруу нес,*
*Туюндуруш мүмкүн эмес буруп эч.*
*Өрттөп турат уруп койбой кимдигиң,*
*Өзүнө да баш бербеген сулуу көз.*

## Шайтандын сиңдиси

*Айран азыр акылыңан, эсиңен,*
*Күмүш салмак, алтын өлчөм пул баасы.*
*Ай төгүлгөн, күн төгүлгөн көзүнөн,*
*Шайтан деген шалпар жоолук ургаачы.*
*Сурап койбос, карап тойбос миң киши,*
*Сенсиң анын бойго жеткен сиңдиси.*

## Көзү турат

*Жолун тоспой жоболоңдуу азоонун,*
*Оюн коштоп опурулган макоонун*
*Ыкыластан ыктыяры эрк бермек,*
*Ыракаты ошол окшойт жашоонун.*

*Этияттап бышкырыш, же чүчкүрүш,*
*Укпай, көрбөй, туура жүрүш, түз жүрүш.*
*Сени, мени ким жаратып, ким койгон,*
*Сезиш керек эместиги, биздин иш.*

*Жадыбалдай жат айтамын, билемин,*
*Жашоо соңу болорлугун – бир өлүм.*
*Көрүнбөй да, угулбай да тепчилип,*
*Көк желкемде көзү турат бирөөнүн.*

## Кудайга

*Сен канчалык алып турсаң үшүмү,*
*Ошончолук кыйын сага түшүнүү.*
*Кирин актан салмактуураак жасапсың,*
*Киши менен ууландырып кишини.*

*Эмне үчүн күч жарыгынан караңгы,*
*Караңгыда кайда сүңгүп барам, бу?*
*Азгынына жамаптырсың бозгунун,*
*Адам менен ууландырып адамды.*

*Канча жыргал, шаттуу болсо күн, айың,*
*Ошончолук тартат пенде убайым.*
*Сиздин жокко небак көнүп бүткөнбүз,*
*Биздин бокко тойбодубу, Кудайым.*

## Башкалардын аялы сулуу неге


*Каршы келип мыйзамга албетте,*
*Канча айтылып жүрсө да улуу жеме.*
*Бажырайып, маңкайып, аруу көктө.*
*Башкалардын аялы сулуу неге?!*

*Куну дүмөк, кунундай сыры күңкүл,*
*Кудайым же атайлап жазды беле.*
*Бөркү, көркү жарашып, сыны миң түр,*
*Бөлөктөрдүн күйөөсү жакшы неге?!*

*Куунак оюн-жыргалга бирөө тойбос,*
*Кубарыдан келаткан ала жанбыз.*
*Эч ким айтпас, жана эч ким кине койбос,*
*Эркек-аял ошентип барабарбыз.*

www.bizdin.kg





**Мирзохалим КАРИМОВ** – *Тажикстандык кыргыздын арасынан чыккан жазуучу жана журналист. 1952-жылы 29-декабрда Тажик Республикасынын Жерге-Тал районундагы Бүтөө-Көл айылында төрөлгөн. КМУнун журналистика факультетин бүтүргөн. «Мажүрүм тал», «Кыя жолдор», «Жер жылдызы – Жерге-Тал», «Каратегин», «Тажикстандык кыргыздар» аттуу повесттер жана аңгемелер, публицистикалык жыйнактардын автору. Кыргыз Республикасынын Улуттук Жазуучулар союзунун мүчөсү.*

*Мурас*

# ЗЫНДАН

(Повесть)

**Автордон**

*Мындан беш-алты жыл илгери ошо кездеги «Кыргыз Туусу» гезитинин башкы редактору, досум жана таланттуу жазуучу Абдиламит Матисаков менен кылбат жерде аңгемелешип олтуруп, көптөн бери чыгармачылык «толгоомду» козгоп келаткан мына ушул повестим жөнүндө кыскача кеп салсам, ал чын дилинен кызыгып: «Эй, досум, бул чыгармаңды биздин гезитке жазып бербейсиңби, сандан-санга басып туралы» – деп такилип кылып калды. Менин чыгармачылыгыма туура баа берип, чыныгы кеңешчим болуп жүргөн досумдун такилибин жерде калтырбай, дароо эле макулдук бердим. Ошонун эртеси эле ал мени жумушка кабыл алып, ээн бөлмөгө олтургузду. Повестти кечиктирбей сандан-санга жазып берип, андан тышкары редакциянын башка тапшырмаларын да аткарууга үлгүрүп жүрдүм. Повесттин жарымына жакыны жазылып, окурмандар кызыгып калган күндөрдүн бириндe өткөн ынкылаптан кийин газетага жаңыдан дайындалган редактор чыгарманын уландысын жарыялоону*

www.bizdin.kg



*токтотуп койду. Ошо бойдон бул повестти улантып жазалбай, бир нече жыл «тоңдуруп» койгон элем.*

*Албетте, мен бул чыгармамды асманга көкөлөткүм келбейт. Стилдик, көркөмдүк ж.б. жаатгагы кемчиликтерин алдын-ала моюнга алам. Ошол эле учурда дагы бир нерсени тактап түшүндүрбөсөм болбойт. Каармандардын образын тереңирээк ачып берүү максатында алардын кыял-жоруктарын, адеп-ахлактарын жылаңачтап баяндаган учурларымды айрым окурмандар, калемдештер, ага-инилер, жоро-жолдоштор: «Бул атайылап эротикалык чыгарма жазууга белсенген турбайбы» – деп ойлошу ыктымал. А чындыгында андай эмес.*

*Мамлекеттеги кичи мамлекет эсептелген үй-бүлөнүн курулушунун жана кийинки учурларда жаштардын жеңил ойлуулугунан улам көптөгөн үй-бүлөлөрдүн бузулуп жатканынын түпкү себептерин чечмелөө милдетин аркалоого далалат кылган бул чыгарма окурмандарды кайдыгер калтырбаса керек деген тилектемин.*

– Тезирээк болчу, жаным, – деди Салтанат бир сааттан бери үстүнөн түшпөй тердеп-тепчиген кара көз, кара каш агайы Османбейдин кырдач мурдунун учунан оозун чорчойто өөп жатып. Төшөк кумарын кандыралбай жанталашкан Османбей да анын ак куунукундай узун мойнунан тоё-тоё жыттап, коңур, чарчаңкы үн менен кулагына акырын шыбырады:

– Күчүгүм, не мынча шаштырасың мени?

– Эртерээк барбасам болбойт. Бүгүн Мирсаиддин туулган күнүнө даярданышым керек. Айылдагы мамамды көрүп келейин десем, ишенчээк байкушум тыйын-тыпырымды белендеп, үч күнгө барып келе кал анда деп руксат берген. Туулган күнүңүзгө жетип келем деп убада бергенмин. Ай-ий, карачы, – Салтанат саргыч пардалары аңшайып ачык турган чоң-чоң терзелерге кылчая тиктеди, – үч күндөн бери аябай жыргадык, Бишкектин мына бул атактуу мейманканасында. Же сен али да тоё элексиңби? Алыскы Түркиядан мен деп келип, мага тойбой кайра кетсең не деген күнөө болот мага?

– Мен сага өлөр-өлгөнчө тойбой өтөм окшойт эми, – деди Османбей Салтанаттын бөдөнө тумшук эмчектерин аяр мыжыгып. – Дагы бир-эки саат…

– Жок, жаным, батыраак барайын, – Салтанат чындап тынчсыздана баштады, шашылышта ар кайсы жерге ыргытылган ич кийимдерин издеп жатып.

– Сен эмне, күйөөңдөн коркосуңбу? – Османбей ага боору ооругансып аёолуу тиктеди.

– Коркпойм. Кудай акы, эч коркпойм андан.

www.bizdin.kg



– Анда не мынча тынчсызданасың? Өзүм такси менен жеткирип коём дебедим беле.

– Сен убара болбой эле кой, жаным. Жакшылап эс алгын андан көрө. Эртең өз мекениң – Түркияга учуп кетесиң. «Өрдөк учат, көл калат» дегендей, сен мекениңе учуп кетесиң, а мен болсо мурдагыдай эле саргайып кала берем бул жерде, – Салтанаттын кумары тарай элек муңдуу көздөрүнө ысык жаш чайылып, жүрөгү туйлап кетти.

– Макул, андай болсо айла жок. Бешенебизге жазылганы ушул болсо кантер элек. Тагдырга тан бергенден бөтөн арга калбады, – деди жүрөгү сыгыла түшкөн Османбей Салтанаттын карегинен сызылып жаагынан ылдый томолоно баштаган жаштарды жумшак алаканы менен сүртүп жатып. – Бардыгына өзүң себепчисиң. Түркияга барып түрк жигит менен жашайм десең, мамаң ыраазылык бербеди. Андай болгондон кийин кыздыгыңа тийбей эле коёюн деген ойдо жүрсөм, жөнөп кетер алдында коштошуп жаткан түнү өзүң...

– Ырас, ырас, – деди Салтанат күнөөсүн мойнуна алган тариздe терең улутунуп, – баарын эле эптегендей болдум. Бирок жаным, ушу кыздыгымды эч эптей албадым.

– Өзүңдөн жыйырма жаш улуу болсо, күйөөңдү жакшы көрбөсөң же кетишиң керек да үмүтүн өчүрбөсөң. Анын да убалы бар.

– Ал мени аябай сүйөт, көзүмдүн карасы менен бирге айланат.

– Сенчи? Сен деле сүйүп калган окшойсуң аны.

– Андай эмес, жаным, мен сени гана сүйөм. Көз ачып көргөн биринчи эркегим сен болгонсуң. Түркиядан бир жылда бир жолу келип дидар көрсөтүп турсаң болду унутпай, ошо жетет мага.

– Түшүнбөдүм сага, – деди Османбей иши бүтпөсө да Салтанаттын үстүнөн сыйгаланып түшүп баратып.

– Эмнени түшүнбөйсүң?

– Сени эмне кармап турганын.

– Мениби? – Башкача тиктеди Салтанат. – Мени үй маселеси кармап турат. Мирсаиддин үйүнө ээ болуш үчүн баарына чыдап, баарына макул болуп турушум керек азырынча.

Османбей муну укканда негедир ойлонуп калды. Анын балыктай бултаңдаган апакай сандарына, сабагына илинген кош алмадай эмчектерине суктана карап турган учурда, Салтанаттын уюлдук телефону шыңгырап калса болобу.

Уюлдук телефондун капилет шыңгыраганы Бишкектеги таанымал мейманкананын ээн бөлмөсүндө мылтык атылып кеткендей эле болду. Шашылышта утур-тетир ыргытылган ич кийимдерин издей баштаган Салтанат да, төшөктөн ыргып тура калган Османбей да денелерине муздак суу себилгендей кол-буттары калчылдап, көздөрү чекчейген бойдон нес болуп калышты.

www.bizdin.kg



– Телефонду өчүрүп койдум дебедиң беле? – Көкүрөгүн капкара жүн баскан тармал чач, булчуңдары таштай түйүлгөн, көздөрү кыйыгыраак, отуз-отуз беш жаштагы Османбей бирөө угуп алчудай төбө чачы тик турган жыйырма төрт жашар Салтанатка аста шыбырап сурады.

– Сен шаштыра бергениңден унутуп калган турбайымбы, – белинен ылдый жагына дароо ак шейшеп ороно койгон Салтанат үстөккө-босток шыңгыраган телефону кандайдыр бир жарылып же атылып кетчү коркунучтуу курал сыяктанып, эки колу менен тең башын чеңгелдеди. – Ии, өлдүм мен! Күйөөм чалып жатат окшойт. Эми эмне дейм ага?

Салтанаттын өңү аябай кумсарды. Калтыраган колун телефонго сунуп бараткanda шыңгыраганы басылды.

– Өлдүм! Шорум куруду! Кечээ кетип калайын, ушунчасы жетишет десем кенедей жабышып, жолумду тородуң, – деди Салтанат жумшак диванда чөк тизелеп турган жыпжылаңач жигитке көзүндө огу болсо атып жиберчүдөй чаарлана тиктеп.

Бир аздан кийин телефон кайра шыңгырады. Салтанат бул жолу да жооп бербесе, шермендеси чыгарын ойлоп, телефонду дароо кулагына тутту.

– Алло? Бул ким? – деди ал үнүн жасалма жумшартып.

– Мирсаидмин. Сен азыр каяктасың? Айылдасыңбы же жолдо келатасыңбы?

– Айылдамын жаным. Мамам экөөбүз бастырманын астында жүн тытып олтурабыз.

– Тууган-урук тынчпы? Кайненем аман-эсен бекен?

– Баары тынч, аман. Баары сизди сурап жатышат.

– Бизден капачылыктары жок бекен деги?

– Ой, кайдагы капачылыкты айтасыз? Күйөө баланы кошо алып келбепсиң деп, менден капаланып жатышпайбы.

– Аман болушсун ылайым. А сен эмне үчүн телефонду дароо алган жоксуң?

– Телефон үйдүн ичинде токко сайылган болчу. Биз тышта элек жаным. Чуркап баргыча өчүп калбадыбы.

– Айылда эмне жаңылык бар экен?

– Жаңылык толтура. Балдызыңыз турмушка чыга турган болуптур.

– Кимге?

– Жакында жуучулар келишет, ошондо билесиңер деп тымпыят.

– Мен аны жазуучу досумдун уулу менен тааныштыралы дебедим беле?

– Эми унчукпай эле коюңуз, жаным. Өзүнүн билгени болсо керек.

– Туура, сен да унчукпагын анда. Айтмакчы, биздин койлорубуз көбөйүппү?

www.bizdin.kg



– Аны кайнагаңыз калаага келгенде өзүнөн сурайсыз. Мен сурасам туура болбой калат го.

– Ырас, сен сурабай эле койгун. Малыбызды бакканыңыздар үчүн деп алпарган акчаны бергендирсиң?

– Бердим жаным, бердим. «Биз силердин кулуңарбыз, бизди минтип эркелетпегиле» – деп мамам бечара кыйналып жатып алды акчаны.

– Таежебиздикине барып кайнатасына куран окуттуңбу?

– Окуттум жаным, окуттум, мамам экөөбүз кечээ такси менен барып келдик.

– Азыр жүн тытып олтурабыз дедиңби?

– Ооба, мамам байкуш күзүндө бизге чоң кийиз жасап бермекчи экен.

– Карыганда өзүн кыйнабай эле койбойбу. Берчи телефонду, сүйлөшүп коёюн.

– Бая айтпайсызбы анан, мамам азыр ажаткананын артында даарат алып жүрөт. Намаз маалы жакындап калган окшойт.

– Каап, менден ысык салам айтып кой анда.

– Макул жаным.

– Балдызым каякта? Чакырчы анда ошону.

– Аныңыз да жок жанымда.

– Каякта ал?

– Мал талаадан келет деп, айылдын баш жагына кеткен утурлап. Эмне кылып жатасыз?

– Баягы айтып берген аңгемени жазып жатам. Сен келгиче бүтүрүп коём буюрса.

– Директор сураган жокпу?

– Сурады. Эки күндөн кийин ишке чыксын деди. Шеригиңдин жакын тууганы кайтыш болуп, ал да өчөшкөндөй айылга кетип калыптыр жооп сурабай эле. А сен бүгүн кечинде келе каласыңбы?

– Ооба, мамам дагы бир-эки күн тургун жаныбызда деп этегимди бекем кармап алган. Карыган киши да. Буюрса, караңгы киргенге чейин барып калам.

– Кайненем менен балдызымды капа кылбай келгин.

– Ошентем, жаным, бирок сиз мага кайра-кайра телефон чала бербеңиз. Көп чала берсеңиз, кызганчаак киши турбайбы деп ойлоп калышат сизди. Кызыбыз күйөө балабыздын ишеничинен чыгыптыр дешип, менден да шек санап калышпасын.

– Туура айтасың. Эми чалбайм.

– Сиз менин сүйүктүү «половинамсыз», жаным. Ишенесизби, эки күндөн бери төшөгүм сизсиз жылыбай, таң агарып атканча жыландай буралып чыктым. Сиз мени өзүңүзгө жаман үйрөтүп коюптурсуз...

www.bizdin.kg



– Чын элеби же артист болуп жатасыңбы?

– Өлүп кетейин калп айтсам!

– Тамаша. Макул анда, аман-эсен жетип кел мага.

– Болуптур, жаным, телефонуңуздун бирдиги түгөнүп баратат окшойт, менин баамымда. Кошуңуз.

– Түүт, түүт, түүт...

Салтанат Бишкектин жака белиндеги үйдө олтурган күйөөсү Мирсаид менен узактан-узак сүйлөшүп болгондон кийин, диванда айкелдей алайып олтурган Османбейге артын кайтарган калыбында жүрөгү көөдөнүн жарып чыкчудай дүкүлдөп, таш катып калды.

* * *

Декабрь айынын акыркы күнү аябагандай суук болду. Асманды ала булут каптап, күн кечтеп калган маалда Мирсаид Ош базарынан тандап алган түрдүү-түмөн азык-түлүктөрүн көтөрүп, калаадан анчейин алыс эмес жерден жакында эле сатып алган төрт бөлмөлүү жер тамына тезирээк жетүүгө шашылды. «Салтанат Кара-Колдон келген болсо күтүп калбасын зарыгып. Шашылышта үйдүн ачкычын унутуп кеткеними карачы. Тайгак жолдо эсен-аман жетип келсе экен бечарам» – ойлоду ал, Сокулук тарапка зыпылдап каттаган кичи автобустардын бирине олтургандан кийин кабатырланып.

Кичи автобус бат эле толуп, ордунан козголду. Тапталган күлүк аттай атырылган чакан машине көз ачып-жумгуча шаардан суурулуп чыкты. Ак чач кишинин жанына олтурган Мирсаид айнектен көзүн албай, калың кар жамынып уктап жаткан даркан талааларга муңдуу тигилип, ойлору чубалып баратты. Баштан өткөргөн ашыктык азаптары мына ушундай учурларда эске келип, жанын эзген көөнө дарттарын көсөөдөй көсөйт, дилиндеги айыкпас жараларын канатат. Азыр да мына ошол сарсанаалар кайдан-жайдан жүрөгүн ойготуп: «Бул катаал зындандан качан кутулуп чыгат экенмин» – деп ойлоду көөдөнүн кере оор улутунуп.

Машинеден түшүп, темир дарбазасынын алдына келгенде апакай кардагы издерге астейдил назар салып карады. Бейтааныш, чоочун издер. Үч күндөн бери чыдамсыз күткөн айжамал аялы Салтанаттын изи эмес экен алар. Демек, айылдан келбептир.

Жүрөгү муздай түшүп үйгө кирди. Чоң бөлмөгө орнотулган чоюн мештеги эртең менен каланган көмүр дале өчпөптүр. Ичи кыпкызыл чок. Үйдүн ичи жылуу турса да, чакадагы сууга чыланган көмүрдөн чоктун үстүнө үч-төрт калак салып, астын чукугуч менен чукуп койду, Салтанат үшүп келсе дароо жылынып алсын деген ойдо. Анан

www.bizdin.kg



дароо чечинди. Базардан ала келген нерселерин гүлдүү дасторкон жабылган тегерек столдун үстүнө коюп жатып, Салтанаттын үч күн илгери Кара-Колго жөнөр алдында: «Туулган күнүңүзгө сөзсүз жетип келем. Сиз эч убара болбоңуз. Жаза турганыңызды жазып, беймарал олтура бериңиз. Бардыгын өзүм жасайм» – деген мээрбан сөздөрүн эстеп, жүрөгү жылып калды. Бечара, аман-эсен жетип келсе эле болду. Келалбай калса деле андан капа болбойт. Мындайлардын далайын баштан өткөрүп, көнүп калган. Салтанат жаштык кылат али деле. Азыр алардын араларында экөөн ширештирген эки жылуу нерсе бар, эгер алар туура түшүнүшсө ошол жылуулукту өчүрбөй сактап калуулары керек. Алардын бири – Мирсаиддин Салтанатка болгон сүйүүсү. Кандай болгон жерде да ал жакшы көрөт. Кетирген кемчиликтерине карбай аны сүйүп, баарын кечирип келатпайбы. Мирсаиддин оттой алоологон ошол аруу сезими аларды кээде алыстай баштаганда бириктирип, муздай баштаганда эритип турат. Экинчиси – экөөнүн тең лаззатын дүркүрөтүп, кумарга батырган ысык төшөк. Ар бир күндүн төшөгү алар үчүн өзүнчө той, шаңдуу майрам. Мына ошол «тойлордо», ошол «шаңдуу майрамдарда» Мирсаид али да токтоно элек Салтанаттын не деген оор күнөөлөрүн кечирген. Али көп нерсени баамдай бербеген сүйгөнүн махабат жалынына күйө берип күл болгон армандуу бооруна баскан. Салтанат мындай оор күнөөлөрдү жүрөгүнө толо сүйүүнү алып жүргөн адам гана кечирерин аңдап билгени үчүн өткөн жылы Мирсаиддин алдына чөгөлөп жатып айткан эле көз жашын шорголотуп.

Мирсаид түнкү саат он экиге чейин санаага батырган чие ойлор менен жалдырап жол карады. Бирок дилине тумар болуп калган Салтанаты келген жок. Айласы куруганда бир пияла аракты бир дем менен шимирип жиберди да, керебетке чалкасынан кулады. Башы жаздыкка тиер замат баягы жагымдуу жыт мурдуна бур-р этти. Ал Салтанаттын жыты. Мирсаид ал жытка ар дайым кумар, ар дайым мас. Үч күндөн бери жалгызсырап калганы үчүнбү же жашы бир топко барып калганда ушинтип кор болгонуна кайгырып калдыбы, айтор, өпкөсү казандай көөп, улам-улам үшкүрүнөт. Жүрөгү көөдөнүн көзөп чыкчудай дүкүлдөгөнүнөн чочулап, чоңоюп калган уулу менен кыздарынын кийинки учурларда жасаган мамилелерин ойлоду. Жанындай жакшы көрүп өстүргөн балдарын көз алдына элестетип ойлогон сайын сагынычы да, таарынычы да күчөдү. Жүрөгү ийне менен сайгандай үстөккө-босток сайгылап алганда, коркконунан дароо тура калды. «Ошолорду ойлой бербейинчи, аталары элүү жашка чыкканда куттуктап келишпесе келбей эле коюшсун. Энеси «Ошо шүмүрөйгөн Салтанатын көргөнү барасыңарбы» – деп жолдон бурган чыгаар. Мейли, аларга капаланбай эле коёюн» – деп ойлоду

www.bizdin.kg


ал тышка, таза абага чыгып баратып. Бирок ал тышта көпкө туралбады. Батыш жактан жорткон муздак шамал бети-колун ачыштырып, беденин чыйрыктыра баштаганынан кайра ичкери кирди теңселип. Ичкери кирген соң эмне кыларын билбей босогодо селейип туруп калды. Жалгыздык жеп бүттү окшойт аны. Аңгыча жүрөгү дагы сайгылап алды, жанын ачыштырып. Эмне кылышы керек? Кантип өзүн алаксытса болот? Көп ойлоно бербей эптеп уктап калуунун айласын издеди. Ары басты, бери басты, тамеки тутандырды. Саамдан кийин дубалда илинип турган тегерек күзгүнүн тушундагы столго жакындап, пиялага толтура арак куйду да, күзгүдөгү өңүнө армандуу тигилип: «Эй, шоруң куруган жазуучу! Сенин элүү жашыңды мен өзүм куттуктабасам, эч ким куттуктабайт окшойт. Махабат зынданындагы ушул күндөрүңдү төкпөй-чачпай жазышың керек. Мен мына бул кадакты сенин жападан-жалгыз бактың – чыгармачылык эргүүң, ден соолугуң үчүн ичем!» – деди үнүн бийик чыгарып. Заманасы ушунчалык тарып турса да, жүрөгү барган сайын бейжай болуп баратса да маани бербей, пиялага мелт-калт куюлган арактын баарын жутуп ийип, ошо замат барып төшөккө кулады.

Ачкарын ичилген арак Мирсаидди таттуу уйкуга жетелеп бараткан. Арадан көп убакыт өтпөй темир дарбазаны кимдир-бирөө каккандай болду. Мирсаид төшөктөн тура калып, тышка кулак түрдү. Дарбаза үстөккө-босток кагылып жатты. «Менин Салтанатым, менин перизатым келген окшойт...» – сүйүнүп кетти ал босогодогу шалаптаманы бутуна илип жатып.

Тышка чыгып тыңшаса, чын эле Салтанат келиптир. Дарбаза ачылар замат ал Мирсаидди кучактай калып:

– Ой, жаным, мени кечириңиз. Алыс жолдо кечигип калдым. Мен сиздикимин. Сиздин менчигиңизмин. Кантип сагынганымды билесизби? – деди Мирсаиддин ысып турган беттеринен улам-улам жыттап.

– Эх, жаным, мен да сени аябай сагындым. Ишенесиңби, азыр сени эмес, асмандагы айды көргөндөй болдум, – Мирсаид арык колдорун Салтанаттын ичке белине ороп, көздөрүнөн, мурдунун учунан өпкүлөдү.

Экөө кучакташып өбүшкөн бойдон жылуу үйгө киришти. Салтанат жакшынакай жасалгаланган тегерек үстөлгө уялыңкы тиктеп:

– Мени кечиресизби? – деди эки бети чоктой кызарып.

– Кечирем жаным, кечирем. А сен неге мынча кечиктиң?

– Автобус Кара-Колдон эрте эле жылган. Жол аябай тайгак болуп калыптыр. Анын үстүнө айдоочубуз жакшы эмес экен, дөңгөлөгү улам-улам тешилип, тажатып жиберди.

– Үйдөгүлөр кандай турушуптур?

www.bizdin.kg



– Баары тынч-аман, – кубанычы кучагына батпай жооп бере баштады Салтанат. – Мамам: «Күйөө баламды менин ордумдан бетинен өөп, туулган күнүн куттуктап кой» – деди. – Салтанат аны өзүнө тарта бетинен чопулдатып өптү да, көңүлүн көтөрүш үчүн эки бутунун ортосун сыйпалады жылмайып.

– Ии, сүйлө эми. Дагы эмне деди мамабыз? – сурады Мирсаид кучагындагы Салтанатты төшөккө чалкалатып жатып.

– ЗАГСка качан барып катталасыңар, күйөө бала былтыр үйлөнүү кечебизге чакырабыз деди эле, анысы эмне болду деп кабатырланды.

Мирсаид муну угар замат Салтанаттын үстүнөн дароо өйдө боло калды да:

– А сен эмне дедиң? – деп сурады негедир башкача боло түшүп.

– Эмне дээр элем, андан кам санабаңыз, буюрса баары жакшы болот, жакында ЗАГСка барабыз дедим. Туура айтыптырмынбы?

Мирсаид саамга ойлонуп тургандан кийин:

– Туура, туура, эми бул жерге кел, – деди азык-түлүк жайнаган үстөл тарапка басып баратып.

Экөө жанаша олтурушту. Мирсаид Салтанатка кыпкызыл вино, өзүнө арак куйду да:

– Алыс жолдо чарчап калган окшойсуң. Муну ичели да, жатып эс алалы. Тамакты эртең жасайбыз, – деди кадакты узата аёолуу тиктеп.

Салтанат кымындай да сыр билдирген жок. Жакшы каалоолорун айткан соң, Мирсаиддин эрининен соруп коюп, винону ичип жиберди. Түркиядан учуп келген кара каш, кара көз жигити Османбей менен үч күндөн бери дембе-дем коньяк, вино ичкендиктен, эки бети дароо эле кызарып, шаңкылдаган баягы каткырыгы чыга баштады. Бир аз ичсе эле ушинтип каткырып күлө бермей адаты бар анын.

Мирсаид да үстөккө-босток ичe бергени үчүн сөздөрү да, кыймыл-аракети да башкача боло баштады. Көкүрөгү жагжая көздөрү сүзүлө баштаган перизатын белинен сыга так көтөрдү да, төшөккө алпарып сулайтты. Өзүн кармай албай тышкы кийимдерин нарыдан-бери чече баштаганда:

– Жок, жаным, бүгүнчө чыдаңыз. Суранам сизден, бүгүнчө бул жагыма тийбей туруңуз, – деди Салтанат негедир бечара кейипте жалбарып.

– Эмне болду сага? Ооруп калдыңбы? – Мирсаид ага алдакандай тиктеп, нымшыган чурайына сойлотуп бараткан колун акырын артка тартты.

– Кара-Колго жөнөгөн күнү аябай суук болду. Автобуста баратып шамалдап калган окшойм. Эки күндөн бери киндигимдин асты жагы ийне сайгандай зыркырап ооруп жатат негедир.

– Башкача ooру болуп жүрбөсүн? – тынчсызданды Мирсаид.

www.bizdin.kg



– Ким билсин, – деп койду Салтанат үтүрөйүп.

– Ким билсин деп жүрө бербей тезирээк доктурга көрүн.

– Эртең барып көрүнөм жаным. Бирок сиз капа болбойсуз азыр, ээ?

– Неге капа болом? – Мирсаид керебеттен акырын түшүп, Салтанаттын үстүнө жылуу жууркан жапты. – Сенин жаның ооруп турса, мен кантип эле…

– Ошондой дейсиз го, бирок эркектер мындай учурларда таарынып калышат деп укканмын аялдардан, – Салтанат Мирсаиддин агарып кеткен суйдаң чачын аяр сылап, жасалма күлүп койду.

– Андай эмес, мага баарынан мурда сенин ден соолугуң керек, – Мирсаид өзүн күнөөлүүдөй сезип калган жаш аялынын бешенесин алаканы менен аста сылады. – Өзүң жакшы билесиң, бу жашоодо сенден башка ишенер-таянарым калбады. Мени ал-күчтөн тайган кезде тагдырдын таштак жолунда саргайтып таштап кетпесең эле болду, – деди өпкөсү көөдөнүнө батпай.

– Антип айтпаңыз, жаным, – Салтанат өйдө боло калып, жанында суз тартып олтурган Мирсаиддин башын көкүрөгүнө басты. – Эч качан антип ойлобоңуз. Жашыбызда чоң айырма болгону менен жүрөгүбүздүн жалыны, төшөгүбүздүн рахаты бирдей болуп жатпайбы. Сиз бул жагынан күчтүү эркексиз. Карыганымда башка эркекке чуркайт деп кам санабаңыз. Мени карытасыз. Үч-төрт баланы туудуруп койсоңуз, башка эркек түгүл сизден да тажап, түйшүктөн белим чыкпай отуруп калам, – ал мына ушундай жылуу сөздөр менен Мирсаидди жубатты да, кара каш, кара көз жигити Османбей экөөсү мейманканадагы эстен кеткис кечээки, мурдагы күнкү жана андан илгери да бир нече жолу чогуу өткөргөн ширин күндөрдү эстеди…

* * *

Махабат дегени кимдир-бирөөлөр үчүн кандайдыр бир оюнчук сыңары, жалаң гана кучакташып өбүшүү, лаззат кумарын кандыруу үчүн жаралган сезим катары сезилер. А чын-чынына келгенде, адам баласына багыштап берилген бул ширин, жан эриткен аруу сезимдин мазаасы бул эле эмес, албетте. Акыл-парасаты, адамдык ариети жетилип, бирөөнү кан-жаны менен сүйгөндөн кийин анын шарапатынан атыргүлдөй ачылып же анын алоо табына күйүп күл болгон адам гана махабаттын эмне экенин жакшы билет. Бул кудуреттүү сезим тууралуу улуу педагог Н.Чернышевский: «Сүйүүнүн жалынына чалдыгып көрбөгөн адам, чыныгы сүйүүнүн эмне экенин билбейт» – деп абдан таап айткан.

Махабатты оюнчук сыңары кабылдаган адамдын дидарын ары кылсын! Андай адам чындап сүйүп калган пенденин муштум-

www.bizdin.kg



дай кызыл эт жүрөгүндө кандай от жанып жатканын, кандай күн кечирип жүргөнүн билбейт дагы, кадырына жетпейт дагы. Көкүрөгүнө тунук сүйүүнү алып жүргөн адамды маалында баалабаса, таза сезимине тең келе тургандай инсандык ырайым багыштабаса, ал адамдын каргышына, убалына калары анык. Жанынан артык сүйгөн инсанды кор кылган адамдын жайы жаннат эмес. Кудай адам дегенди башка жандуулардан аң-сезимдүү болсун деп өзгөчө жараткандан кийин, ар бир пенде өзүнүн тагдыр-насиби, бак-таалайы, келечектеги жашоо турмушу гүлзар болушу үчүн астейдил кам жебесе, бактысыздыктын шору мына ошондо шорголонот. Мунун маани-маңызын аңдабагандар өзүн да, өзүнө кошуп башка бир шордууну да бактысыздыктын тикенектүү кара багына айдап киргизип, махабаттын машакат зынданына ыргытып салары анык.

Чыныгы сүйүү адамдын өң-түсүнө, ден соолугуна, кызматына, жыйган-терген байлыгына, жаш курагына карабайт дегени ырас. Анын алоолоп жанышына кандай гана күч тоскоол болбосун, ал баары бир алоолоп жана берет. Бул үчүн кырчын өмүрүн кыйып, өлгөн далай жигиттер, он гүлүнөн бир гүлү да ачылбай жаш өмүрүнөн кечкен нечендеген айымдар болгон тарыхта. Алар махабат наамасына өчпөс тамгалар менен жазылган. Ушу чындыктан улам болсо керек, илгери замандарда жашап өткөн бир бардар адам кан-жанынан жаралган кызы балагатка жетип, элдешпес каар душманынын эр жеткен баласын сүйүп калганда: «Кызды кайдан жараттың, душмандын көзүн караттың» – деп, бир чети махабаттын кудуретине айласыздан тан берип, бир чети ушундай ыңгайсыз абалда калганына аябай күйүп-жанып айткан экен. Ырас, бул жаатта адам тарыхында дагы көптөгөн окуялар, көптөгөн мисалдар бар. Маселен, атасы менен тең кишини сүйүп калган далай кыздар, кызы менен тең кызга ашык болгон далай эркектер ошол машакаттуу махабат заарын жутуп, анын түбү жок зынданына коркпой боюн таштап кеткен.

Мирсаид мына ошол шорбешенелердин бири. Өзүнөн кичүү, бой десең – барна бойлуу, өң десең – өңдүү, мүчөлөрү кудум кол менен жасагандай келишимдүү, саргыч чач, кымча бел, эки бетинен, апакай тамагынан нур тамган данектей кызга кайдан жүрүп жолукканын, кайдан жүрүп ашык болгонун өзү да сезбей калган. Салтанат экөөн тагдыр-насип кантип жолуктурганы, кантип эрдикатын кылып баш коштурганы өзүнчө бир тарых. Болгондо да, ары татаал, ары кайгылуу, өлөр-өлгөнчө эстен кетпей турган тарых. Эмесе, кепти башынан баштап, зар какшаткан ошо махабат тууралуу сөз учугун улайлы.

www.bizdin.kg



* * *

Салтанат айылда өмүр бою мал багып, турмуштун ачуу-таттуусун чогуу көрүп, бир жолу да «сен-мен» деп жаакташпай ширин турмуш улап жашаган карапайым ата-эненин карамагында чоңойду. Айылдан үч чакырым аралыктагы орус мектепте сегизинчи класска чейин окугандан кийин, энеси аны Бишкекте жашап калган бир тууган инисине апкелди да: «Биз жездең менен тоодо мал багып жүрүп, кыздын таалим-тарбиясына, адеп-ахлагына, билим алуусуна жетишалбай калдык. Сеникинде эле жашап, ушул жерден жакшылап окусун» – деп, шашкан бойдон айылга жөнөп кеткен. Салтанат ошол күндөн баштап бир тууган таякесинин карамагында жашап калат.

Орто мектепти бүткүчө эле саяда өскөн кымыздыктай бойго жетти. Жаштык жалыны барган сайын ашып-ташып, жүргөн-турганы да, кийиниши да өзгөчөлөнүп баратканын ичтен сезип жүргөн басмырт таякеси паити келген маалдарда: «Жүрүш-турушуңду, адеп-ахлагыңды оңдогун, жээним. Сенин бардык жоопкерчилигиңди мойнума алгандан кийин, ата-энең алдында, тууган-урук алдында мени да, өзүңдү да уятка калтырбагандай болуп жүргүн» – деп, кулагына куюп, башынан сакыт кылып турган. Салтанат таякеси ушинтип айткан сайын макул деген тариздe башын ийкеп тим болчу.

Орто мектепти аяктагандан кийин ал баш калаадагы каржы техникумунда үч жылдан ашуун окуду. Техникумдан убагында келип, үй жумуштарына элпек иришкени, өзүн татынакай, пакиза алып жүргөнү таякесине жагат эле. Ошондон уламбы, айылга барып калганда, түнт мүнөз жездеси менен шарактаган шайыр мүнөз эжесине: «Тууган эсеп эмес, баккан эсеп» деген кеп бар, кызыңарды мен тарбиялап, балагатка жеткиргенден кийин, эми ал менин кызым болуп калды. Силердин эч акыңар жок анда. Өзүм окутуп, өзүм тарбиялап турмушка узатам» – деп, ары тамашалап, ары мактанып коё турган. Анда жаркылдаган эжеси: «Ай, мейли, бердик ошо кызды сага башпайчасы менен. Иши кылып бизди да, сени да жер каратпай ээсинин колуна тийсе болду» – деп, канчалык шайыр мүнөз болбосун ичиндеги арманын жашыралчу эмес, капилеттен жашый түшүп.

Эркеталтаң болуп өскөн жалгыз кыздын келечек-тагдыры элет жериндеги тоо койнунда үмүт менен мал багып жүргөн энесин басса-турса ойлондура берчү. «Баланчанын кызы шаарга баргандан кийин бузулуп кетиптир, ата-энесинин абийирин айрандай төгүп жүрөт экен» деген кеп-сөздөрдү эшиткенде жүрөгү болк эте түшүп, Салтанатты эстеп калчу. Былтыр келип кыштоодо бир ай чогуу жүргөндө: «Бойго жеттиң, кызым. Эми эсиң менен жүр. Эркекке

www.bizdin.kg



алданып калба...» – деп улам-улам насаат кылган. Эне деген эне да, кызымдын багы ачылса экен деп, отурса-турса Кудайдан тилеп, ичинен кам санаганы санаган.

Салтанат техникумду бүткөндөн кийин, калаага көнүп калганы үчүн айылга баргысы келбеди. Агасы менен кеңешкен соң, бир жерге жумушка орношуп, иштемек болду. Шаардагы көптөгөн ишкана-мекемелерге, завод-фабрикаларга барып көрдү, эч кимиси жумушка алгысы жок. Кайда барбасын: «Кесибиң боюнча тажрыйбаң жок экен» – деп, акырын узатып коюшат. Айласы кетип, өзү окуган мектептеги директордун кабылдамасына секретарь болуп орношту. Маянасы аз болсо да, эмгек жамаатына аралашып, убактылуу иштеп туруудан бөтөн айла калган эмес эле. Таякеси да ошону туура тапты. «Тыйын-тыпырдан кам санаба. Өзүм жардамдашып турам, дурусураак айлыгы бар жумуш издеп таап алгыча» – деди көңүлүн көтөрүп.

Ошентип, мектепте иштеп калды ал. Эмгек жамаатына эми эле үйүр ала баштаганда, бир күнү мектеп директору кечинде: «Эртең эртерээк келип, менин кабинетим менен кабылдаманы жакшылап иреттегин. Эртең түрктөр келишет биз менен келишим түзгөнү. Кечкисин каалоочуларды түрк тилине окутабыз дейт алар» – деп эскертти.

Салтанат эртеси эрте туруп, барна боюна чып жабышкан жарашыктуу жашыл көйнөгүн, бутуна кадам койгон сайын тыкылдаган өкчөлүү туфлисин кийди. Саргыч чачын артына түрмөктөдү. Кичинекей кутуга окшогон сумкесин мүрүсүнө асынып мектепке келди да, директор айткан иштерди аткарып, жолугушууга даярдап койду. Аңгыча директор да шашып-бушуп келип, столдогу кагаздары менен алек боло баштады. Салтанат кабылдамадагы жайына барып эми эле отурганда, кош канат эшиктен үч түрк киши менен улам-улам ырсалактаган кыз кирип келишти. Жанагы ырсалактаган үрпөк чач кыз алардын котормочусу окшойт. «Директор барбы?» – деп орусчалап сураганда эле, меймандардын келгенин сезген директор ичкери жактан чыга калып, аларды кабинетине баштап бараткanda, Салтанат негедир түрк кишилердин жашыраагына алдакандай карап калды. Жашы отуздарга барып калган кара каш, кара көз жигит да анын тиктеп калганынын маанисин түшүндүбү же бул сары чач сулуу кыз ага жактыбы, айтор, босогодон ичкери кирип баратып көздөрү ойноктоп кеткен Салтанатка кылчая тиктеп, жылмайып койду. «Сулуу жигит экен...» – ичинен сызып ойлоду Салтанат тик туруп калган калыбында. Анан аста басып барып директордун эшигин жаап койду. Жүрөгү кабынан чыгып кете жаздагандай туйлаганына айран-таң болуп, негедир башкача болуп калды.

www.bizdin.kg


* * *

Түрк тилин үйрөтүүчү кечки дарс бир жума өткөндөн кийин башталды. Салтанат «мен деле окуп, үйрөнүп алсам зыяны тийбестир» деген ой менен бир күнү жумуштан кийин атайын калып, дарс берип жаткан мугалимдин келишин күтүп турду мектептин алдында. Саамдан кийин жапжашыл жеңил машине короого шуу этип кирип токтоду. Баягында мылайым тиктеп жылмайган кара көз, кара каш түрк жигит кабинадан чыгып, босогодогу түркүккө мүрүсүн жөлөп, супсулуу болуп турган Салтанатты көрөр замат өзүн жоготуп койду. Күлмүңдөп караган капкара көздөрүнөн балбылдап от чачыраган сулуу жигитти экинчи жолу көргөндө Салтанат өзүн коёрго жер таппай, жүрөгү бая күнкүдөн бешбетер оолугуп алды. «Баягы жигит... Мугалим ошол окшойт...» – ойлоду ал курста окууну ого бетер самап.

Эки жаш саамга тиктешип, коргошундай эрип бараткан Салтанат көзүн ала качты андан. Экөөнүн тең дилин кандайдыр бир сырдуу жылуулук аралап, бири-бирине тартылып баратышкансыды.

– Салам, гөзал киз, – деди маанайы жаркылдаган түрк жигит астырттан көз кадап турган айжамал кызга кудум жакын тааанышындай сүйкүмдүү жылмайып. Анын көз мончоктой капкара жалындаган көздөрүнөн жаштыктын, ашып-ташкан ашыктыктын шоктонгон учкундары чартылдап чачырап тургансыды.

– Саламатсызбы? – Салтанат жибектей созулган орто бой, тармал чач жигиттин ойноктогон көздөрүнө карай албай жалтаңдап калды. Башын бир аз жерге салып турган соң, назик үн менен акырын сурады. – Мен деле окусам болобу?

Кыргызчаны бир-эки айда эле анча-мынча жомдолоп сүйлөп калган шайыр мүнөз шок жигит Салтанаттын эмне деп сураганын дароо түшүндү окшойт, көпкө ойлонуп турбастан:

– Мархамет, – деди кыздыкындай апакай, билегине чейин жүн баскан колун бооруна ала, башын саал ийип.

Аңгыча курста окуй баштаган кыз балдар топурап мектепке кире башташты. Түрк жигит Салтанатты экинчи кабаттагы ижарага алынган кенен класска ээрчитип кирди. Алдыңкы парталардын бирине олтургузгандан кийин аты-жөнүн жана башка керектүү маалыматтарын журналына жазган соң, өзүн тааныштырды:

– Атым – Османбей, жумасына үч жолу дарс берип турам силерге, – деди да, дароо сабакты баштады. Түрк тамгаларын доскага сулуулап жазып, жан-дили менен түшүндүрүп жатты. Салтанат анын ар бир кыймыл-аракетине, ишине чын ыкластан берилип сүйлөгөнүнө, нур

www.bizdin.kg



тамган ак жуумал жүзүнө суктанып карай бергенине Османбей көз кыры менен карап, кыздын жүрөгүнө чок түшкөнүн сезип турду.

Эки сааттык дарс көз ачып-жумгуча тез эле аяктагандай болду. Окуучулар опурап-топурап тышка чыга баштาшты. Тышта караңгы кирип, шамал аралаш жамгыр себелеп жаткан эле. Салтанат тышка чыккандан кийин эртең менен үйдөн чыгар алдында кол чатыр алам деп, шашылышта унутуп калганына кейиди. Катуулап жаткан шамалдын артынан улам көбөйүп бараткан жамгыр азыр эле шатырап куюп жиберчүдөй түрү бар. Эмне кыларын билбей босогодо чыйрыгып туруп калды. Каап, карачы, үстүндөгү көйнөгү да жука. Бир аз жамгыр тийсе эле соргуч кагаздай денесине чып жабышып калат. Ой менен алаксып турганда жакындан бери жандүйнөсүн жай алдырбай бараткан кара каш, кара көз агайынын жагымдуу коңур үнү угулду:

– Гөзал киз…

Салтанат көңүлүндө кандайдыр бир жылуу сезимди көктөтө баштаган жылдызы жарык кара тору агайынын угумдуу добушун укканда, негедир өзүн жоготуп коё жаздады.

– Үйүңүз алыспы? – сурады ал тили келбесе да орусчалап.

– Жок, жакын эле, – деди Салтанат калп эле тарткынчыктап.

– Жүрүңүз, мен ошо тараптагы жол менен кетем. Жолдо түшүп каласыз, – агайы аны ак дилден такилип кылып барып, машиненин арткы эшигин кенен ачты. – Келиңиз жамгыр күчөй электе. Тартынбаңыз.

Салтанат сыртынан өзүн тартынчаак көрсөткөн болуп, акырын барып арткы орундукка олтурду. Куурчактай жасалгаланган чет өлкөлүк жеңил машина ордунан козголду. Шатырап жаай баштаган жамгырга жышылып жуулуп жаткан тептегиз асфальтка чыккандан кийин шуулдап жүрүп бараткан сан-миң машиналардын агымына кошулду. Кыялында асманда бараткандай сезген Салтанат да, көңүлүн аста-секин ноктолой баштаган кара каш, кара көз агайы да унчукпай, ар кимиси өз оюменен алек. «Кандай гөзал киз...» – ойлоду Османбей маңдайындагы кичинекей күзгүдөн артында опоюп олтурган ак жуумал назик кызга улам-улам көз кырын салып. Бейадепчилик кылып ага тийишип сүйлөөгө, бир жерге барып эс алып олтуралы деп такилип кылууга дароо эле даай албады. Бирок ушундай бир сулуу, көңүлүнө жаккан ылайыктуу кыз таап, достошуп жүрсөм деген арман Бишкекке келгенден бери такай ойлондуруп жүргөн эле аны. Ушу кыз негедир бир көргөндө эле көңүлүнө жагып калды. Кандай болбосун, ыгын таап бир күнү...

Салтанат ойлонуп бараткандыктан, өзү жашаган тогуз кабат үйдүн тушунан өтүп кеткенин сезе коюп:

– Өтүп кетиппиз! Токтотуңуз, – деп жиберди шашкалактап.

Түркчө музыкага муюп бараткан агайы машинени четке чыгарып, күнөөлүү түр менен артына кылчайды:

www.bizdin.kg



– Чын эле өтүп кеттикпи? – Башкача жылмайып сурады ал.

– Ооба, эчтеке эмес, – Салтанат эшикти кыя ачып түшүүгө камынды эле, агайы токтотту:

– Коё туруңуз, караңызчы жамгыр кандай катуу жаап жатат. Алпарып коём, – деди да, машинени дароо келген жакка буруп, зуулдатып айдады.

– Жеттик, жеттик, рахмат, – шашып калды Салтанат үйдүн тушуна жеткенде.

– Шашпай туруңуз, – Османбей өзүнүн кара түстөгү кол чатырын ага аёкерлик менен узатты, – кийинки сабакка алып келесиз...

– Рахмат, – Салтанат күйөрман агайына чын дилинен ыраазылык билдирип, машинадан түштү да, чуркаган бойдон жолдун аркы өйүзүнө өттү. Ордунан жылбай тек турган агайынын машинесине коштошуунун белгиси катары колун булгалап, тогуз кабат бийик үйдүн кошканат каалгасынан кирип кетти. Квартираларынын эшигин ачып ичкери кирер замат кабатыр болуп турган таякеси:

– Не мынча кечиктиң? – деди тынчсызданып. Ичинен ачууланганын билдирген жок. Көңүлүн оорутпайын деди окшойт.

– Түрк тилин үйрөнө баштадым, таяке. Өгүнү айтпадым беле сизге, түрктөр биздин мектепте кечкисин окутуп жатышат деп.

– Ошентип эскертип коюш керек эле да. Баятан бери он жолу тышка чыгып күттүм сени.

– Өзүмдүн да оюмда жок болчу. Кирип сурап көрөйүн деп, ошо бойдон отуруп калдым. Мугалими абдан жакшы экен, – Салтанат толкундана сүйлөп, таякесине сыр алдырбай дароо жол тараптагы балконго шыпылдап өттү. Гүлдүү парданы оң жакка сыдырып паска караса, агайынын жапжашыл машинеси дале козголбой, токтоп түшүргөн жайында туруптур. Жүрөгү болк этип агайынын да ышкы түшө баштаганын ичинен сызып ойлоду. Жана лифтте көтөрүлүп жатып, «дале ордунан жылбай турса керек» деген ою чын болуп чыкты. Демек...

Ал машинаны дагы көпкө телмирип карап турат эле, бирок ичкер жактан таякесинин саал жаалданган ачуу үнү угулду:

– Салтанат!

Айласыздан парданы жаап бөлмөгө чыкса, өңү-түсү кумсарган таякеси агайы берген кара кол чатырды кармалап туруптур.

– Бул кимдики? – сурады ал алдакандай түр менен.

– Курста чогуу окуган бала суу болбо деп берди эле, – Салтанат мурдатан ойлоштуруп койгон жообун такалбай айтып, майда калтырак баскан манжаларын кармалады.

– Мм... – ичинен дүрт этип алоолоп кетчүдөй каарданган таякеси анын жообуна күмөн санаган таризде капкара кол чатырды илгичке илди да, унчукпастан төркү бөлмөгө кирип кетти.

www.bizdin.kg



* * *

Мирсаид бир айдан бери бүтүралбай жүргөн көлөмдүү аңгемесин ушу азыр түн жарымдан ооп калган маалда жазып бүттү. Жакшы чыгарма жазып бүтүргөн күн ал үчүн ар дайым майрам. Бытыратып жазылган барактарды улам-улам кармалап, улам-улам кайталап окуй берет рахаттанып. Азыр да дал ошондой рахаттанып, ошондой толкунданып, ширеңкени шыр эттирип тамеки тутандырды эле, төркү бөлмөдө сол жак санын атайылап ачып коюп, көмкөрөсүнөн сулайып жаткан аялы Камила адатынча сүйлөнө баштады:

– Эй, мусулман, бу сен качан жатып, качан чыракты өчүрөсүң? Эч кимге уйку бербей, түтөтүп олтурганың олтурган. Балдар эртең школго барышат, – ал оң жак капталына топтолгон жука жамынчыны үстүнө тартып жатып, муну кошумчалады: – Ох, ушу сенин жазмайыңдан куурап бүтө турган болдук биз…

Мирсаид каяша сөз айтпады. Колунан дарбызы түшүп кеткендей маанайы пасайды. Төркү бөлмө жакка кайдыгер караган бойдон жаңы эле тутандырган тамекисин буркурата соруп, жылдызы өчкөндөй сумсайыңкы отурду.

Аялынын сүйлөнгөнүнө анчейин маани бергиси келбеди. Анткени ал мындай сөздөрдүн далайын он беш жылдан бери уга бергенинен кулагы бүтүп, баарына көнүп калган. Каяша бир ооз сөз коротсо, чыракка май тамызгандай болорун абдан жакшы билет. Атүгүл «кокус ойготуп койбоюн ошону» деген ойдо, бурчтагы жазуу столунда кылын да кыймылдатпай, тек отурат. Чымын учса дыңылдаганы угулган түнкү жымжырттыкта кээде тамеки тутандырган учурдагы күкүрттүн чырп эткенине да ойгонуп кетет аялы. Ошондой болбосун үчүн түндөсү жазып жаткан кезде өтө этияттанат. Жаалы жаман аялы жана балагатка жетип калган балдары жаткан төркү бөлмөдөн бышылдап уктаган доош угулуп турса, анын көңүлү ток. Ой-санаасы башкага бурулбай, илхамы улам ийип, чыгармасын эргип жазат. Түн бир оокумга чейин тамекини түтөтүп, аялынын уктап калышын тымызын аңдып отура берет. Бирок аялы көз ирмебей жанына келип жатышын күтүп атканын, калп эле уйкусураган болуп Мирсаидди дүүлүктүрүү, төшөккө кызыктыруу максатында бирде жылаңач көкүрөгүн, бирде солкулдаган жоон сандарын ача койгонун ал эч назарга албайт. Кызыгып карабайт дагы. «Уктап калгандыр» – деп ойлоп түнкү саат бир-эки чендерде бут учунда акырын басып келет жанына. Денесин денесине тийгизбөөгө аракеттенет. Төшөктүн четине акырын уурданып жатат да, жамынчыны үстүнө секин кымтылайт этияттанып.

www.bizdin.kg



Бир жаздыкка баш коюп он беш жыл чогуу жашаган эрди-катындын эки перзент көргөндөн кийин өтүп жаткан күндөрүндөгү алакалары кийинки жылдарда мына ушундай болуп калган. Ырас, Камила мындай болушун эч каалабайт. Төшөктөн көңүлү кала элек. Мындай болуп жатканына Мирсаид гана себепкер. Анын көңүлү биротоло сууп бүткөн. Камиланын жанына жаткысы да келбей калган. Айрыкча соңку бир жыл алар үчүн абдан машакат жыл болду. Эсте кала турган бир да ширин күнү жок, маанисиз жыл болду. Сууган дилдерин эритип, жаралуу жүрөктөрүн жакындата турган төшөк музга айланганы үчүн, экөөнүн тең сиркелери суу көтөрбөй, болор-болбоско акырая тиктешип калышкан. Экөөнүн тең колдору сууп, тырмышып жүрүп кыйынчылык менен сатып алынган үй-жайларын да карабай таштап коюшту. Бул бейкүнөө үй эч кимге кереги жоктой сынганы сынып, чиригени чирип, жемирилгени жемирилип жатат. Дилдеринде сыздооктой сыздаткан жара пайда болгон. Ал жаранын ириңи бир күнү бааары бир жарылып чыгарын экөө тең көптөн бери ичтен ойлоп жүрүшөт. Бул оор жара экөөн тең сыздатып, жүрөктөрүн дайым мыкчыйт.

Сынган айнекти калыбына келтирүү мүшкүл иш дегени ырас. Алардын турмушунда дал ошол аштап болбой турган айнектей жарака кеткен…

Мирсаид кош кабат терезенин кичинекей дарчесин кыя ачып, чегилип бүтө баштаган тамекини үстөккө-босток соргондон кийин калдыгын тышка чертип жиберди да, төркү бөлмөдө ширин уктап жаткан он эки жашар күйөрман кызы Айзада менен быйыл онго кадам койгон баёо уулу Азизге аянычтуу тигилди. О, бечаралар, эч нерседен бейкапар бышылдап уктап жатышат. Ата-энелеринин бири-биринен эчак сууп, билиги көтөрүлбөй өчөйүн-өчөйүн деп бүлбүл жанып калган турмуштарынын пайдубалы эчак эле ным тартканын, канаты сынып узакка учалбаган куштай эптеп күн өткөрүп жатышканын бул бейкүнөөлөр кайдан билишсин. Күналыс кайталанып турган уруш-жаңжалга алар да көнүп калышкан. Мирсаидди бул үйдө бутунан тушап кармап турган мына ушул балдары. Ошолор болбогондо, ал эчак эле чапанын мүрүсүнө таштап, үйдөн чыгып кетмек. Ооба, баарынан кечип, башы оогон жакка жоголмок. Бирок канткен менен ал Камиланы да ойлойт, ичинен сызып аяйт. Бу бечаранын тубаса оорусу бар. Жини келгенде не деп айтканын өзү да билбей калат. Аз эле нерсеге көздөрү кабагынан чыгып кетчүдөй чекчейип, тимеле азоо болуп алоолоп кетет. Уят дегенди унутуп, болор-болбоско кыйкырып ийгени, муштумдарын таштай түйүп алып атырылганы, оозу көбүктөнүп сөгүнгөн өнөкөттөрү эч калбады. Аялдарга таандык назиктиктин жугу да жок анда. Кулк-мүнөзү эркектердикиндей.

www.bizdin.kg



Балдарга жасаган мамилеси аябай корс. Көздөрүн алайтып кекенгенде, ал бечаралар да сийип ийчүдөй титиреп калышат. Алардын да жүрөк үшүн алып бүткөн. Кээде катуу жаңжалдашып калышканда, Мирсаид сөөк-саагы какшап: «Сен киндигиңден пас жагың аял, жогор жагың эркек болуп жаралган пендесиң. Э, сага теңелгенден көрө…» – дейт да тышка чыгып кетип жанын куткарат.

Антпесе, жини козголгон азоо неме кулагын жеп, көпкө чейин оозунан ак ит кирип, кара ит чыгат.

Кандай болгон менен кырктын кырына чыгып калган Камиланын колу гүл. Тамак дегендин не бир сонун, не бир мазелүү түрлөрүн жасайт. Алардын таттуулугу менен даамдуулугу далайга чейин таңдайдан кетпей, эстеген сайын шилекей агызып тамшандырат. Мүнөзү кандай чарт-чурт болсо, ишти да ошондой шарт-шурт бажарат. «Кандай кылсам, эмне жасасам экен» – деп керилип-чоюлуп отуруш жок анда. Аны-муну бат эле жыз-быз кыла коюп, бир паста таттуу тамак жасаганын жасайт да, кээде дасторкон четине отурар маалда жинденип айткан бир эле сөзү менен ошо таттуу тамагын заарга айландырып салганын өзү да сезбей калат. Ошондой учурларда Мирсаид ачкарындан өзөрүп турса да, дароо тышка чыгып кетет. Сумсайып калган балдары энелеринен: «Атам неге тамак жебей кетип калды?» – деп сурашканда: «Силердин ишиңер болбосун. Жебесе ташты жесин, балээни жесин!» – дейт эч нерсеге түшүнө албай мостоё тиктеген балдарынын да оозун жап кылып.

* * *

Эки күн бою бирде челек менен куйгандай шатырап, бирде элек менен элегендөй майда себелеп жааган жамгырдан кийин табият жашарып, көз күйдүргөн өзгөчө сулуулукка бөлөндү. Жөө жүрчү көчөлөрдү да, машине жолдорду да, бир айга жакын суу сурап калган бак-дарактарды да, айтор, айлана-чөйрөдөгү көзгө көрүнгөндүн баарын жамгыр бир сонун киринтип, пакиза кылып койгон эле. Агын суулардын бойлорунда өскөн мажүрүм талдардын чубалжыган ичке чыбыктары секелек кыздын өрүлгөн көкүлүндөй салаалап, башкача бир ажайып коолдук тартуулайт. Дарактардын мээлүүн желге дирилдеген жалбырактары кудум тил менен жалагандай тазарып, төбөдөн төгүлгөн күндүн нуруна күзгүнүн сыңарындай чагылышат.

Баш калаанын чет жакасында жайгашкан орто мектептин үстүнкү кабатындагы жасалгаланган кенен, чоң-чоң терезелери бар жапжарык класста Османбей агайынын сабагын күтүп олтурган Салтанаттын көңүлү бүгүн негедир көтөрүңкү эле. Биринчи сабактан кийинки эки

www.bizdin.kg



күн, эки түн ал үчүн жыл өтүп кеткендей сезилип, аябай сабакты дегдеп калган. Жакында эле таанышкан кара көз, кара каш агайынын жайдары, шылдыраган булактай тунук ажары көз алдынан кетпей, эмнегедир аны көргүсү келип, өзүнөн өзү куса боло бергенине да айран-таң. Баарынан да ага таңдын атышы өзгөчө азап болду. Мурда такыр уйкуга тойбой жүргөн болсо, эми уйкусу чилдей тараган. Таң агарып аткыча чакчайып, ар дайым мыйыгынан күлүмсүрөгөнү агайынын жибектей созулган ар бир кыймылын, сүйлөп жатканда адамды өзүнө тартып күлмүңдөгөн көздөрүн сүзүлтүп караганын, кызыл бөйрөк алмадай сугунду келтирген кызгылтым беттерин элестеткенден эч тажабады. Төркү бөлмөдө жаткан таякесинин түн ичинде эки жолу ажаткана тарапка өтүп баратып, кудум кой ооруу болгондой улам ооналактап толгоно бергенине таңыркап: «Неге уктабайсың? Же бир жериң ооруп атабы?» деген суроосуна Салтанат сыр билдирбей: «Бүгүн негедир уйкум качыптыр…» – деп койду көңүлүн жубатып.

Элден мурда келип кенен класста жалгызсырап олтурган Салтанаттын кыял канаты алыска-алыска чабыттап, аселдей ширин ойлор анын не бир сонун сезимдерин, не бир сонун арман-тилектерин ойготуп жатты. «Агайым келсе унутпай берип коёюн» – деп кармап турган кол чатыр полго түшүп кеткенде гана жанагы ширин ойлордун учугу үзүлдү. Акырын эңилип кол чатырды алды да, назик манжалары менен өтө аяр, өтө жумшак сылагылап, оң жак бетине басты. Карачы, агайынын кол чатыры да өзүндөй сонун экен. Кандай жагымдуу жыт келет андан. Бул жыт барган сайын эркин бийлеп бараткан сулуу эркектин, жаштык-мастыгы ашып-ташкан мырза жигиттин жыты. Кара көз, кара каш агайынын жыты.

Бая күнү машинесинин арткы орундугуна отуруп баратканда, агайынан дал ушундай сонун жыт аңкыган. Ооба, дал ошол жыт. Каап, неге кол чатырды кечээ өзү менен кошо алып жатпады экен. Өзү менен кошо алып жатканда, балким, бул жыт аны мас кылып, бат эле уктап калат беле кыйналбай. Таякесинин сүрдөнүп сураганынан чочулап, аны көздөн далдараак жерге катып койбодубу. Көрүнөө жерде турганда…

Узун коридордон кимдир-бирөөнүн бат-бат басып келатканы угулду. Ошол! Ошо агайы болуш керек. Ал ошондой бат-бат басат эмеспи.

Салтанат өзүнөн өзү сүрдөнө баштаганда, аңырайып ачык турган эшиктен агайы кирип келди. Ал босогону аттап, класста өзү жалгыз олтурган Салтанатты көргөндө, негедир башкача болуп, босогодо туруп калды. Сүйүнүп кетти окшойт. Салтанаттын жанына жай басып келди да:

– Салам, гөзал киз! – деди сылыктык менен колун сунуп.

www.bizdin.kg



– Саламатчылык, – Салтанат апакай колун агайынын оттой ысык алаканына койду. Османбей колун аста кысып, кайра коё берди. Салтанат партанын үстүндө турган кол чатырды ага ыраазы болгон түрдө узатып:

– Рахмат агай, аманатыңызды алыңыз, – деди күлмүңдөгөн көздөрүн агайыныкынан ала качып.

– Сабак бүткөндөн кийин кетип калбаңыз, гөзал киз. Өзүм жеткирим коём. Анан... – ал дагы бир нерсе айтмакчы болуп саамга ойлонуп калды эле, аңгыча өчөшкөндөй бир топ кыз балдар топурап кирип келишти. Османбей алардын көзүнчө айтайын дегенин сүйлөй албай, деми ичине түшүп, оңтойсуз абалда калды. Окуучуларына сыр билдирбеш үчүн дароо сумкесиндеги китеп-дептерлерин столдун үстүнө коё баштады. Саамдан кийин башка окуучулар да келишип, класстын ичин жымжырттык бийледи.

... Бул күнү да дарс тез эле аяктагандай болду. Салтанат канча саат олтурса да, көңүлүн бура баштаган кара каш, кара көз агайы сөздөрдү канчалык кайталап үйрөтсө да, баары бир кулагына эч нерсе кирбеди. Сүзүлгөн эки көзү агайынан жана төргө илинген доскеден үзүлбөгөнү менен, ой-санаасы таптакыр башкага бурулуп калган эле. Каап, окуучулар кирип келишпегенде, муңая түшкөн боорукер агайы сөзүн аягына чейин айтып үлгүрөт беле. Кызык, не демекчи эле ал? Бир сонун нерсени айтайын деди окшойт...

Сабак өгүнкүдөй кызыктуу болбоду. Османбей бир жери ооруп калганбы, же кимдир бирөө менен урушуп көңүлү чөккөнбү, айтор, өгүнкүдөй куунак, шайыр эмес эле. Кабагынан нур чачыраткан карагат көздөрү бүгүн эмнегедир муңдуу, армандуу тиктейт. Кыймыл-аракети да мурдагыдай тетик эмес. Салмактап сүйлөгөнүнөн саал башкача болуп калгансыйт. Калдайган терезеге зарыга телмирип, алыска-алыска көз чаптырганынан дилинде кандайдыр бир ой-санаа, кайгы-муң бар экени сезилип тургансыды.

Сабак бүткөндөн кийин ал экөө чырактары жаркырап жанып турган класста дагы кылбат калышты. Тышта караңгы кирип, калаанын чырактары асмандагы сансыз жылдыздардай жымыңдап жана баштаган эле. Мектептин сол тарабындагы кенен асфальтта зымырылып өтүп жаткан машинелердин шуулдаганы угулбаса, класстын ичи суу сепкендей жымжырт.

– Салтанат, – деди Османбей окуучулардын баары чыгып кеткенден кийин столдун үстүндө жайылып жаткан китеп-дептерлерин асынып жүрмө күрөң сумкесине ирети менен салыштырып жатып: – Эгер мени туура түшүнүп, каршы болбосоңуз, экөөбүз бир кылбат кафеге барып, бир аз эс алып олтуралы демекчимин. Бая сабак башталар алдында айталбай калган сунушум ушул болчу.

www.bizdin.kg



Салтанат анын бул такилибин баятан бери жан-дили менен күтүп турган эле. Ал эмне десе, каяка алпарам десе мейли деп, ичинен сызып олтурган. Бирок кырк тал чачы улуу болгон кыздык кааданы, калп эле тайсалдап назданууну көңүлүнө түйүп алган. Энесинин мээримдүү колунан башка бир да пенденин колу тиелек уяттуу жерлерин дароо эле кармата салуудан чынында эле тайсалдады. Неси болсо да өзүн азырынча уялчаак, көктөгү жалжылдаган жылдыз сымал кол жеткис кылып көрсөтүүгө аракеттенди. Ушундай тымызын ой менөн башын жерге салып, анча-мынчага макул боло койбогон түрдө момоюп турганда, мындай перизаттардын далайынын акыл-парасатын, ичиндеги арман-дартын дароо түшүнүү жаатынан кыйла тажрыйба топтогон кара каш, кара көз агайы эч сүрдөбөстөн ага жакыныраак келип ыкталды да, майда калтырак баскан оң колу менен ээгин аста өйдө кылып:

– Сиз эч уялбаңыз, – деди каргылданып. – Мен сизди… – ал сөзүн аягына чейин айтып бүтө электе эле Салтанатты күтүлбөгөн жерден кара түктүү көкүрөгүнө басты: – Мен сизди жакшы көрүп калдым, гөзал киз. Эми ыктыяр сизде…

Салтанат агайынын «жакшы көрүп калдым» дөген сөзүн укканда, астынан жер көчүп бараткансыды. Чайга салынган шекердей эрип кеттиби, айтор, агайынын кара түктүү төшүнө чоктой ысып чыккан оң жаагын аста тийгизди. Бул анын «баарына макулмун, эми менин ыктыярым да, өзүм да сиздики» деген маанидеги алгачкы ишарасы эле. Османбей көктөн тилегени жерден табылгандай кубанычы кучагына батпады. Нечен жылдардан бери кыз тандап, өмүр шерик издеп жүргөн сулуу жигиттин жүрөгү капаска камалган кекиликтей талпынып, түктүү көөдөнүн дүкүлдөткөнү: «Максатыма жеттим окшойт» – деп ойлоп жаткан Салтанаттын кулагына даана угулуп турду. Ал да азыр чет өлкөлүк кара көз, кара каш жигит ага ашык болгонуна дүйнөгө батпай сүйүндү. Насип кылса, эми ал бардар үйбүлөгө, байлыгы да, жыргалчылыгы да ашып-ташкан бай өлкөгө келин болуп барат. Ушундай тагдырга, ушундай бактыга туш келер бекенмин деп, качантан бери эки көзү төрт болуп жүрдү эле. Эми буюрса, ошо мүдөөсү, көптөн бери ичинен арман кылып эч кимге айтпай жүргөн ошо тилеги ишке ашат окшойт. Кош колдоп берилген бул мүмкүнчүлүктү колдон чыгарбашы керек эми. Кара каш, кара көз агайы Османбей эмне десе макул болуп, ылаажы болушунча ага тезирээк аял болуп алуунун айла-амалын издеши керек. Муну тездетпесе, кийин баары кеч болуп, куштай болуп колуна конгон сулуу жигитин койкондоп жүргөн дагы бир селки кыргыйдай илип кетиши мүмкүн. Ансыз деле курста окуп жаткан эки-үч кыз ага улам-улам көз артып, улам-улам тийишип жатышпайбы. А эркекке эмне, аял-

www.bizdin.kg



дын сөзүнө тез эле азгырылып, тез эле берилип кетет. Османбейдин зарыга тиктеп айткан сунушуна кылчактабай дароо макул болгонунун себеби ушундан улам. Салтанат өзүнөн өзү келген ырыскыны, төбөсүнө конгусу келген бактыны колдон чыгарбайын деген ойдо, жүрөгү дикилдеп турган Османбейдин түктүү көкүрөгүнөн башын өйдө көтөргөн соң:

– Мен да сизди жакшы көрүп калдым. Эми менин ыктыярым сиздин колуңузда. Каяка алпарам десеңиз… – деди наздана тигилип.

Жүрөгүнө махабат огу тийип, кашыкка салып жутуп жибергиси келген айжамалдуу кыргыз кызына ашык болуп калган Османбейге кудай кош колдоп бергендей болду. Ага Салтанаттын ушу сөзү гана жетпей, ушуга гана зар болуп, ичинен тымызын эзилип жүргөн эле. Салтанаттын аста-секин жакындай баштаганы, кадимки эски тааныштардай назданып айткан бул ширин сөзү кудум алдында ачылбас чеп сыңары калдайып турган темир дарбазаны ачып жиберип, бактынын гүлзар жолуна ишенимдүү кадам шилтеткендей болду. Анан ошо замат кытай розасындай ачылып кеткен перизатын бекем кучактады. Али бир да эркектин эриндери тийбеген апакай беттеринен, айрандай апакай тамагынан жанынын барынча өпкүлөп, жан эриткен жагымдуу жытынан тоё-тоё жыттап кирди. Терисине батпай балкып, коргошундай эрип бараткан Салтанат да ага жооп иретинде ичке колдорун агайынын мойнуна ороду. Майда тикенектери эркелетип сайгылаган жаактарынан жыттай баштаганда, денесинин кандайдыр бир башкача дүркүрөгөнү эсинен тандырып коё жаздады. Балагатка жеткен аякта турсун, жыйырма төрткө кадам койгон кумары кыз, жигиттиги жетилип турган ажайып эркектин жытын искегенде кадимкидей мас болду. Бүткүл дене-боюн мурда сезип билбеген, жыргалына балкып көрбөгөн лаззат илеби аралады. Жан жыргаткан ошо ажайып лаззат бутунун учунан төбөсүнө чейин чымыратып, көкүрөгүн куйкалап баратты…

* * *

Мирсаид бир жума илгери жазып бүтүргөн аңгемесин адабий апта-наамага тапшырып, эки жылдан бери редактор-котормочу болуп иштеп келаткан эл аралык басманын офисине келгенде, саат он бирден өтүп калган болчу. Иш столуна олтуруп эми эле ишке киришкенде, басманын директору Майкл Карлсон кабинетине чакырып калды.

– Кечиресиз, бир аз кечигип калдым, – деди Мирсаид эшиктен кирип келатып. Калың линзалуу көз айнек тагынган оор басырыктуу Майкл Карлсон тамекисин удаа-удаа буркуратып тарткан соң, Мир-

www.bizdin.kg



саиддин кызарып калган көздөрүнө, улам күн өткөн сайын жүдөп бараткан азгын өңүнө аёолуу тиктеп:

– Мирсаид, бери олтурчу, – деди жанындагы жумшак креслону көрсөтүп. «Эми жумуштан айдап жиберет окшойт» – деп ойлоду Мирсаид отуруп жатып.

Түнкүсүндө көп олтуруп жазганы үчүн бир нече жолу ушинтип жумушка кечигип жүргөнүнө өзү да аябай уялып калчу. Кудай жалгап Майкл Карлсон бул тууралуу сөз козгободу. Өзүнүн боорукерлигин, адамдын ички дүйнөсүнө сүңгүп саресеп салмайынча ага дароо эле өйдө-ылдый сөз айтуудан өтө этияттанганын, өтө камкор пенде экенин азыр ал дагы бир жолу далилдеди. Тамекисин күл салгычка ныгырып өчүргөндөн кийин Мирсаидге боору ооруган кейипте аёолуу тиктеп, мындай деди:

– Деги сага эмне болуп жатат, тууган? Ичиңди бук кылып, түнт болуп жүрө бергенден пайда таппайсың. Адам деген жумушта, көчө-көйдө ачык-айрым, куунак жүрүшү керек. «Ооруну жашырсаң, өлүм ашкере кылат» – дейт. Ичиңде эмне дартың болсо, менден жашырбай ачык айта бер. Мен асмандан түшкөн киши эмесмин го, сен сыяктуу эле пендемин. Эмнеден азар тартып, эмнеден сыгылып жүргөнүңдү көңүлү жакын адамга айтып дилиңди бошотпосоң, сыл кеселге чалдыгасың. Негедир кайгырып жүргөнүңдү астырттан карап байкап келатам. Карачы кейпиңди, күндөн-күнгө азып баратасың.

Майкл Карлсон ушундай алтын адам. Кишинин кандай экенин көзүнө бир карап билип алат. Жүргөн-турганы, кийингени жупуну, жеп-ичкени жөнөкөй. Акыл-парасаты пасыраак адам аны көрсө, «Бул бир карып турбайбы» – деп, анчейин назарга илбеши мүмкүн. Бирок ал андай киши эмес. Жакшы кийинем, жакшы ичип-жейм, жакшы шартта жашайм десе, акчасы ашып-ташат. Бишкектеги кайсы бир эл аралык банкта 500 000 доллары сакталып турганын көңүлү көкөлөп турганда жашырбай айткан эле Мирсаидге.

Баса, муну эртең Жаңы жыл деген күнү кечинде кафеде олтуруп айткан эле. Ошо күнү ал виного аябай тоюп, Мирсаид менен эки сааттан ашуун баарлашкан. Көңүлчөөк неме чет өлкөдөгү кызы менен баласынын кыял-жоруктарын, эмне иш кылып жүрүшкөнүн, кайдан билим алышканын, кантип турмуш курушканын, канча небереси бар экенин, айтор, баарын төкпөй-чачпай накыл кылып, сагынычын аз болсо да жеңилдетип алгансыган. Бирок негедир аялы тууралуу айтпады. «Аялым паланча, ал тигиндей-мындай» деп, ооз да ачкан эмес. Виного бир аз кызып алган Мирсаид бу саам: «Аялыңыз тууралуу айтып бербейсизби?» – деп сурады эле, баятан бери жадырап-жайнап көңүлдүү олтурган Майкл Карлсон кудум чаян чыгып алгандай капилеттен өңү кумсарды. Кыйлага чейин демин ичине тартып, көпкө

www.bizdin.kg



ойлонгондон кийин: «Мен аны аялым деп айтууга тилим барбайт. Себеби мындан он үч жыл илгери өзүмдүн үйүмдө мага кыяматтык дос болуп жүргөн эркек менен төшөктө ойношуп жаткан жеринен кармап  алгам. Ошону үчүн досторумду да, байлыгымды сүйгөн аялдарды да көргүм келбей калган. Көңүлүм биротоло сууган баарынан…» – деди көздөрүнө чайыла баштаган жашты кол жоолугу менен сүртүп жатып. Ошо-ошо болду, Мирсаид аялы тууралуу эч ооз ачпайт. Жүрөгүндө айыкпас жара бар экенин ошондо билген. Аны улам кайталап, улам такыктап сурай берсе жарасы канап кетерин ошондо түшүнгөн.

«Неге жумушка кечигип келдиң?» – деп сурай турган Майкл Карлсондун капилеттен минтип башка суроо узатканы, адамгерчилигинин бийиктиги, инсандын психологиясын жакшы өздөштүргөнү Мирсаидди бул жолу да таң калтырды. Ушунун өзү эле жумушка кечигип келген күнөөсү үчүн өзүн өзү жазалоосуна түрткү болду.

* * *

– Сегиз айдан бери жашап жаткан батирим ушул, – деди Османбей кечки саат тогуздан өтүп калган маалда экинчи кабаттагы бир бөлмөлүү квартиранын кара дермантин капталган эшигин ичкертен жаап жатып. – Эми сиз өз үйүңүздөй сезип, бир аз эс алып туруңуз. Мен машинени стоянкага коюп келе калайын. Макулбу?

– Мейли, – Салтанат кубанычы койнуна батпай босогодо күлмүңдөп аманат карап турган кара каш, кара көз агайына башкача тиктеди бу саам. Османбей деле эшиктин жалтырак темир туткасын кармаган бойдон, нечен күндөрдөн бери түнү уйку бербей, күндүзү көз алдынан кетпей койгон перизатынын карлыгачтын канатындай серпилген ичке каштарына, тептегиз тизилген седептей тиштерине, ымыркайдыкындай назик эриндерине, оймоктой оозуна, жерден жаңы эле баш баккан көк майсадай тикчийген кирпиктерине, жука көйнөгүн түртүп турган кош алмасына астейдил тиктеп алган соң, бу сулуу кыздын панардай жаркыраган айжамалына канчалык караса тойбой турганын жүрөгүнүн тереңинен туйду. Анан эшикти акырын өзүнө тартып, кыйылып жатып тышка чыкты.

Салтанат Османбейдин тепкичтерден бачым түшүп бараткан учурдагы тыпылдаган добушун саамга тыңшап тургандан кийин, туштагы бөлмөгө кирди. Бөлмөнүн ичи чыныдай таза, столдогу толгонтокой китеп-дептерлер, дивандагы жамынчы-балыштар, отургучтар, айтор, баары ирети менен турганын байкады. Жерге төшөлгөн күрөң түстүү килемди Түркиядан алып келсе керек, бапиктери кандай

www.bizdin.kg


сонун экен. Тамак жасачу бөлмөдө да кудум аял киши иришкендей баары таптаза, бир да жуугусуз идиш көзгө урунбайт. «Аябай пакиза жигит экен...» – ойлоду ал жумшак креслого олтурган соң, туштагы телевизор менен видеомагнитофонго карап. Дубалда илинип турган чоң саатка көзү түшкөндө, негедир денесине муздак суу себилгендей жүрөгү болк этип алды. «Убакыт кандай тез өтөт мындайда. Кечки саат тогуздан өтүптүр. Эми эмне болот? Ушуерде каламынбы бүгүн? Бактымдын алгачкы күнү ушу бүгүн башталабы? Эртең таякеме эмне деп жооп берем?..» – Салтанат тогуз жолдун тоомунда турганын, ушул минуталар, ушул кеч анын тагдыр чеччү учуру экенин терең ойлоду да, жанындагы төлефондун трубкасын көтөрүп тыңшады. Иштейт экен. Агайы келелекте Катя деген классташына чалууга шашылды. Кудай жалгап үйүндө экен. «Эгер таякем телефон чалып сурап калса, Салтанат биздикинде түнөп кеткен деп кой» – деди ага аябай суранып. Катя аны дароо эле түшүндү окшойт: «Эч кам санаба, сураса ошентип айтам» – деди көңүлүн жубатып. Мына, аңгыча Османбей да келип калды, эки баштык толтура азык-түлүк көтөрүп. Салтанат ага утурлай барып, баштыктарды колунан алды. Османбей бөлмөгө өтөр замат магнитофондун түймөсүн басты эле, бийге түшө турган түркчө шок музыка жаңырды. Османбей бул музыканы аябай жакшы көрөт сыягы, тимеле сөөгү жок немедей бирде буралып, бирде чимириле тегеренип бийлей баштады. Карачы, кандай сонун бийлейт экен. Салтанат жан-дили, жандүйнөсү менен берилип бийлеп аткан шайыр мүнөз агайына тиктеген сайын тиктегиси келип, көңүлү көкөлөдү. Жан жыргаткан шок музыка аны өзүнүн сыйкырдуу дайрасына агызып бараткканын сезген Османбей аста алдына келип:

– Сиз да бийлеңиз, гөзал киз, – деди ичке белинен өзүнө тартып. Салтанаттын ичиндеги ашып-ташкан сүйүнүчтү баятан бери безеленип жаңырган шаңдуу музыка өңүнө тээп чыгарды.

Назик эриндеринен күлкү төгүлүп, Османбей экөө абдан сонун бийлешти. Музыка аяктаганда:

– Эми столго олтуруңуз, – деди Османбей балдай ширин кыял канатында көңүлү көкөлөп кеткен Салтанатты кучагынан бошотуп. – Мен бүгүн сизди жакшылап сыйлап, мейман кылышым керек.

Османбей баштыктардагы азык-түлүктөрдү жалтыраган таптаза столго ирети менен коё баштады. Кыз бала нени жактырарын айттырбай билген шок жигит ширindик дегендин көп түрлөрүн сатып алыптыр. Мойну узун, тышы абдан кооздолгон бөтөлкөнү колуна алып:

– Мен арак ичпейм, жалаң ушундай вино ичем. А сизчи? – деп сурады күлмүңдөп.

– Мен деле вино ичем, – деди Салтанат Османбейге жардамдашып жатып.

www.bizdin.kg



Столдун үстүндө тамак-аш, ичимдик-суусундук жайнады. Салтанат кудум бул үйгө келин болуп келгендей идиш-аяктарды өзү эле апкелип ирише баштаганына Османбей төбөсү көккө жетип кубанды. Арзып жүрүп ушундай баамчыл, ушундай сулуу перизатка туш келгенине азыртан эле ыраазы болуп тургансыды.

– Келиңиз, эми экөөбүздүн издешип жүрүп, жакшы ниет менен таанышканыбыз үчүн ичели, – Османбей вино куюлган хрусталь кадактардын бирин сол колун бооруна ала Салтанатка узатты: – Тартынбаңыз, эч нерседен күмөн санабаңыз. Мен сизди чын дилден сүйүп калдым дедим го. Сүйгөн адамга ишенбесең, анын эмнеси сүйүү? Чынбы?

Бул маанилүү тост үчүн экөө тең ордуларынан турушуп, бирибирине түз караштты. Мелт-калт толтурулган кадактарды аяр кагыштырып, винону ичип жиберишти. Жүрөк кылдарын кытыгылаган түркчө музыкалар магнитофондон жаңырып турду. Жан эриткен музыканы уккан сайын Салтанат да гүлдөй ачылып, жарпы жазыла баштады. Оң капталына жакын жылып олтурган супсулуу кара көз, кара каш агайынын мүрүсүнө башын жөлөп, момоюп тек турганы Османбейге аябай жагып, өзгөчө таасир этти. Жан-дилин багыштап, тагдырга тан берип, баарына макул болуп олтурган сүйгөнүнүн жүрөгүндө азыр не деген ойлор, не деген максаттар бар экенин дурус баамдабаса да, бул кеч ал үчүн эң бактылуу, өмүр бою эстен кетпей турган кечтердин бири болуп калат окшойт деп алдын-ала бүтүм чыгарды.

Экинчи кадак ичилгенден кийин Салтанаттын ак жуумал беттери анардай кызарып, кумарлуу көздөрүнүн тереңинде пайда болгон махабат шооласы алоологондон алоолоп баратты. Агайынын чексиз мээримине, теңдешсиз сулуулугуна, толуп-ташкан шоктугуна эрип кеткени үчүн, анын кучагына өзүн таштап өпкүлөй баштады эле, агайы бир колун белине ороп, экинчи колун санынын астына өткөрүп өйдө көтөргөн бойдон жумшак диванга алпарып чалкасынан жаткырды. Салтанат виного эле эмес, ага кошул-ташыл болгон агайынын сулуулугуна, шайыр мүнөз жигиттигине да мас болуп, өзүн биротоло жоготуп койгон эле.

– Мен сизди жан-дилим менен сүйүп калдым, гөзал киз, – деди Османбей анын кулагына жумшак шыбырап. – А, сизчи?

Салтанат көзүн жумуп алып «сүйөм» деген таризде башын ийкеди. Османбей бир да эркектин колу тиелек анделектей эмчектерин кармалай баштаганда, Салтанаттын бүткүл дене бою дүркүрөп кетти. Мурда болуп көрбөгөн дүүлүгүүнүн күчүнө багынып, агайынын астында лаззаты ийип, тек жатты. Жаны жыргай түшкөнүн сезген Османбей сүйгөнүнүн али жумшара элек бездей эмчектерин карма-

www.bizdin.kg



лаган колун эми киндигинен ылдый жагына аста-секин сыйпалатып түшүрө баштады. Жумшак алаканы оттой ысып чыккан денесин аяр сыйпалап барып чурайындагы түккө тийгенде, Салтанат ток ургандай зырп этип алып, саамдан кийин кайра көшүп калды. Анын көшүй түшкөнүн сезген агайы эч тартынбастан кумардуу көздөрүнөн, мурдунун учунан улам-улам жыттай баштады. Жука көйнөгүн чечип, айрандай аппак денесин көргөндө, делебеси козголо шилекейи чуурулду. Ырас, ал далай кыздардын, далай аялдардын денесин көргөн, бирок мындай сулуу денени, мындай келишкен мүчөлөрдү көргөн эмес эле.

Салтанат уялып кеттиби же лаззат кумары ойгонуп, жандүйнөсү эрип бараттыбы, айтор, Османбейдин жагжайган түктүү көөдөнүн алаканы менен акырын сылап, кара каш, кара көз агайына армандуу тигилип тура берди.

* * *

Мирсаид англис тилинен которулган китептин компьютерде терилген текстин басмаканага тапшырып офиске келсе, Майкл Карлсондун кабылдамасында олтурган секретарь-референт Надежда айым:

– Мирсаид, сени бир кыз издеп келип, мына бул катты таштап кетти, – деди да, сыртында эч бир жазуусу жок конвертти колуна карматты.

– Ким экенин айткан жокпу? – сурады Мирсаид таң калган түрдө конвертти кармалап.

– Айткан жок. Кыязы, ал студент болуш керек. Орусча абдан таза сүйлөйт экен. Сенин атыңды айтып: «Катты ошо кишиге берип коюңуз» – деди да, тез эле кетип калды. Терезеден карап турсам, офистен чыгып, тушубузда токтоп турган жеңил машинеге олтурду. Машиненин айнектери карартылганы үчүн, ичинде ким бар экени көрүнгөн жок. Бирок машине ошо замат жылып кетпеди. Азыр сен кирип келгенден кийин жылып кетти.

Мирсаид таң калды. Кабинетине кирери менен конвертти ачып, бүктөлүп салынган барактарга көз жүгүрттү. «Ким жазса да, колу абдан сулуу экен» – ойлоду ал. Колдору калтырап, катты башынан окуй баштады.

«Саламатсызбы, Мирсаид байке?

Мындан он алты жыл илгери сиз менен акыркы жолу жолугушуп, ошо бойдон бейдарек болуп кеткен карындашыңыз Сарагүлдү, балким, унутуп да койгон чыгарсыз. Бирок мен алиге чейин сизди

www.bizdin.kg



унуталекмин. Сиз мен үчүн мурда кандай кымбат, кандай сүйүктүү адам болсоңуз, азыр да ошондойсуз. Жүрөгүмдүн түпкүрүндө коргошундай уюп калгансыз. Күнү да, түнү да мени менен биргесиз. Төшөккө мени менен чогуу жатып, чогуу турасыз. Мээрбандыгына баа жетпеген байкуш күйөөмдүн он алты жылдан бери көзүмдүн карасы менен тең айланып эркелеткиси келгени, ушу күнгөчө бир жолу да чекеме чертпегени, көзүмө жаш алдырбай аяганы, куурчактай кылып каалаганымды кийиндиргени, ден соолугума жан-алы калбай күйгөнү, айтор, жасаган жакшылыктарынын баары текке кетип жүргөнүн өзү да сезип калды. Сизге гана насип кыла турган гүлдү уурулукча жулуп кеткенинин азабын он алты жылдан бери тартып жүрөт. Он алты жыл илгери жумуштан кийин квартирага шашып бараткан жеримден зордук менен ала качканда, бутун өөп жатып: «Менин денеме, кыздык намысыма ээ боло аласың, бирок сенден башкага арналган ак сүйүүмдү багып жүргөн мына бул жүрөгүмдү эч качан багындыра албайсың. Эч качан бактылуу болалбайсың. Суранам сенден, мени бошот», – деп зар какшаганыма да, зарыгып жалынганыма да кулак салбады. Улуттук салттын эскирген капасына солоду да, Нарынды көздөй алып жөнөдү. Айла канча? Эч кимисине күчүм жетпеди. Сиздин оорукчан энеңиз сала турган жоолукту башка аял башыма салды да, кулагыма көп сөздөрдү куюп, төргө отургузуп койду.

Арадан жылдар өтүп, бир уул, бир кыздуу болдук. Сизди ар дайым эстеп, ар дайым элестеп жүрөйүн деген үмүт менен уулумдун атын Мирсаид деп койдум. Кудайга тобо кылдым, уулум өзү да сизге куюп койгондой окшош. Быйыл он үчтө. Бул ысымдын сырын эч ким билбейт. Күйөөм да билбейт. «Келинибиз жакшы ысым таап коюптур» – деп коюшту кайын журттагылар. Бирок ошо биринчи күндөн, биринчи түндөн ушу күнгө дейре каш-кабагым эч ачылбаганын, уйпаланып соолуй баштаган гүл сыңары өңү-түсүм муңайып жүргөнүмдү күйөөм ичтен сезет. Ошо он алты жыл илгери зар какшап ыйлаганымда, тизесин кучактап жалынганымда ал каткырып күлүп: «Сүйгөн-пүйгөнүңдү билбейм. Эми мени сүйүп, мага катын болосуң!» – дегенинин азабын ушу күнгө чейин тартып келатат. Каап, ошондо бекер кылган экенмин», – деп, бир нече жолу бушайман болуп айтты, айрыкча ичип алган соң. Денеси муздак, ар дайым башын башка жакка буруп алып, көз алдына сүйгөн эркегин элестеткен бактысыз аял менен суук төшөктө жатып жүргөнүнө ичинен өрттөнүп жүргөнүн сезип калам кээде. Ошо күнөөсүн жууш үчүн, жүрөгүмдү уялаган караңгылык менен капалыкты айдап чыгыш үчүн он алты жылдан бери ийненин көзүнөн өтүп, мен үчүн нелерди гана жасабады. Алардын баары текке кетип жатканын кеч болсо да кийинчерээк түшүнгөнсүдү.

www.bizdin.kg



Мирсаид байке, мен сизди кайда иштеп, кандай турмушта күн кечирип жүргөнүңүздү сыртыңыздан сураштырып, баарын билип келатам. Ушундай бактысыз жашоого туш келгениңизге мен күнөөлүүмүн. Квартирада чогуу жашап жүргөн кезде ашык болуп калганымды сизге жашырбай, уялбай айтканымда ушундай тагдырга туш болбойт элек. Балким сиз да, мен да, күйөөм да, айтор, бардыгыбыздын бактыбыз ачылып жүрмөкпүз. Азыр ойлоп көрсөм, бактысыздыгыбыздын шору дал мына ушундан башталып, ушул чекилик себепкер болуптур. Мени бир тууган карындашыңыздай көрүп калганыңыз үчүн сизге болгон сүйүүмдү байкаган жоксуз. Анда сиз студент элеңиз. А мен институтта сырттан окуп, азык-түлүк дүкөнүндө иштечүмүн. Тыйынтыпырдан жардамдашып турганыма ыраазы болгонуңуз менен, аябай уялып жүрчүсүз. Көйнөктөрүңүздү жууп, улам-улам үтүктөгөндү аябай самачумун. Эсиңиздеби, бир жолу ич кийимдериңизди жууп жатканыңызда, кир чыланган дагыраны колуңуздан тартып алганмын. «Буларды мен өзүм жуушум керек» – деп, мени аядыңыз. Мен сизди укпадым. Кир чыланган дагыраны тышка көтөрүп чыгып, ич кийимдериңизди жан-дилим менен жууганмын.

Сиздин бөлмөңүздө экөөбүз эки жолу жалгыз түнөгөнүбүзчү?.. Экөөбүз таң аткыча жалгыз жатканыбыз эч эсимден кетпейт. Сиз кандай чынчыл, кандай адамгерчиликтүүсүз! Ордуңузда башка жигит болгондо, эчак эле койнума кирип… Ошо жалгыз жаткан унутулгус түндөрдүн экөөндө тең төшөгүмө келип жатышыңызды күткөнмүн. Керек болсо ошо саат, ошо күндөн баштап сизге аял болууну эңсегенмин. Менден бир топ улуу болсоңуз да, сизди чын жүрөктөн сүйүп калган элем. А сиз аны билбейт элеңиз. Атүгүл оюңузга да келбеген болуш керек. «Өз атам, өз энем ким экенин алиге чейин билбейм. Энем мени чөргөктөп, бир үйдүн босогосуна таштап кеткен экен. Көрсө, мени ошол үйдүн ээлери багып алышыптыр. Булардын баарын кийин билдим» – деп ыйлаганымда, мага кошулуп сиз да ыйлагансыз. Ошондо сиз: «Ыйлабагын, эми мындан ары сен менин бир тууган карындашым болуп жүргүн» – дедиңиз бооруңуз ооруп. Мени көргөн сайын ушинтип аяп жүрсөңүз, кайдагы сүйүү оюңузга келсин? Ичимден тымызын сүйүп, сиз менен өмүр бою чогуу жашоону көксөгөн арманымды мына ушул тазалыгыңыз көөдөнүмдөн тышкары чыгарбай койгон. Эгер сиз башка алакөөдөк эркектердей шок, шайыр мүнөз болгонуңузда, ошо эстен кеткис түндөрдүн биринде жок дегенде бир жолу менин айжамалыма сугуңузду артып кучактайт элеңиз, бетимден өөп оттой алоологон көкүрөгүмдү көкүрөгүңүзгө басат элеңиз. Ушундай шылтоо болсо эле, мага жол ачылат болчу. Жүрөгүмдө сактап жүргөн тунук сезимимди ээн-эркин айтат элем сизге. Тилекке каршы, ан-

www.bizdin.kg



дай болбоду. Ошол учурду күтө берип арманым ичимде кала берди. Көрсө, ошондогу уялчаактыгым, тартынчаактыгым менен өзүмдү да, сизди да бактысыз кылыптырмын. Эгер мен: «Сизди сүйөм» дегенимде, сиз эч качан каршы болбойт элеңиз. Мени жаныңыздан да артык сүйүп, үйлөнөт элеңиз. Экөөбүз эң бактылуу адамдардан болмок экенбиз. Мурда бир аял алып ажырашканыңызды, андан бир балалуу болгонуңузду, ушундан-улам жүрөгүңүз жарадар болуп жүргөнүңүздү айткан элеңиз. Ооба, ошону көп жолу айтып, аябай кыжалат болгонуңузга ичимден эзилип калчумун. Бирок эмне үчүн аны бат-бат айтып, жүрөгүңүздү бат-бат канатып турганыңыздын себебин алиге чейин жакшы түшүнбөйм. Кыязы: «Бу жаш кыздын мага ышкы түшүп калбасын, ушинтип айта берсем көңүлү сууйт» деп ойлосоңуз керек. А мен болсо, тескерисинче, сиз айткан сайын, жүрөгүңүздү канаткан сайын жүрөгүм кошо канап: «Кана эми, ушу киши экөөбүз баш кошуп жашасак» – деп, арман кыла берчүмүн.

Мирсаид байке, сиз мени он алты жылдан бери көрбөй жүрөсүз. Бирок мен жыл сайын Бишкекке атайылап келип, сизди жаныңыздан эмес, саал алысыраак жерден тымызын көрүп кетем. Өткөн жылы келалбадым. Быйыл келишим ушул. Азыр шаардамын. Улуу кызым лицейлердин биринде окуйт, ошону кабар алганы келип турам. Кечээ иштеген жериңизге келип, айнектери карартылган жеңил машинемдин ичинде күтүп олтурдум. Келе турган жолуңузду көпкө карадым. Кыйладан кийин карасам, аялдама тараптан келатыптырсыз. Башыңызды бир жакка салаңдатып ойлуу басканыңыз, муңдуу тигилишиңиз, чачыңыздын агарып кеткени аябай аянычтуу көрүндү. Утурлап барып кучактагым, аяп ыйлагым келди. Сиз баягыдай эле муңдуу, өз бактыңызды издеп табалбай жүргөн аянычтуу түрдө элеңиз. Кашыңызда мен болгондо, мынчалык бат карып кетпейт болчусуз. Азыркыдай сумсайыңкы, муңдуу жүрбөйт элеңиз. Сиздин багыңызды көгөртө турган ошо бакытты мен насип кылдырбай койдум. Аны үчүн өзүмдү өмүр бою күнөөлүү сезем, өмүр бою жазалап өтөм.

Кийинки жылдары аз жазып калдыңыз окшойт, аңгемелериңиз, макалаларыңыз гезиттерге мурдагыдай байма-бай чыкпай калды. Университетти бүткөнүңүздөн кийин чыккан аңгемелер жыйнагыңыз али да сакталуу. Арасында мага окуткандарыңыз да бар экен. Жети-сегиз жыл илгери гезиттин эки бетине сүрөтүңүз менен аңгеме чыгарыптырсыз. Окуп көрсөм, менин тагдырыма куюп койгондой окшош кыздын тагдыры экен. Каарманыңыз чөргөктөгү ымыркайын бирөөнүн босогосуна таштап кетет. Сонун жазыптырсыз. «Байкем мени жазган турбайбы, бул аңгемесин мени эстеп, мага арнап жазган турбайбы. Дагы эле мени аяп, дагы эле аял кылып алуу оюна келбей бейкапар жүргөн турбайбы» – дедим ичимди ит талап.

www.bizdin.kg



Сүрөтүңүз да сонун экен. Ошо гезитти тумардай сактап жүрөм. Үйдөгүлөрдүн бирине да көрсөтпөйм. Эч кимге эч нерсе деп айтпайм. Жүрөгүм сыгылып бараткандa, эч ким көрбөгөн жерге барып, сүрөтүңүздү өөп-өөп алам. Көкүрөгүмдү ачыштыра баштаган отту ушуну менен гана пастатам. Төшөктө жатканда да ушул ой көөдөнүмдү куйкалап кирет. Күйөөм эмчектеримди кармалап, сандарымды, жамбаштарымды жанталашып сылай баштаганда, сиздин зерик колдоруңузду, ар дайым муңдуу тиктеген капкара көздөрүңүздү элестетип, кыялымда сизди жаныма кошо алып жатам. Беденимди сылап жаткан мына бул колдор күйөөмдүкү эмес, сиздин колдоруңуз деп ойлойм. Ошо ширин ойлорго алаксып, күйөөмдүн кучагында муздай тоңуп жата берем. Убагында ушундай тагдырга туш келерин ойлобогон күйөөм төшөктө экөөбүз эле эмес, үчөө болуп жатканыбызды таптакыр сезбейт.

Мирсаид байке! Арадан ушунча жыл өткөндөн кийин көңүлүңүздү иренжиткен кайгылуу кат жазып, дилимде жашырып жүргөн арманымды ашкере кылганым үчүн сизден миң мертебе кечирим сурайм. Ырас, мен бу сырымды жазбасам, арманымды сизге зарлап айтпасам, көөдөнүмдү бир аз пастатпасам болбойт эле. Жашыңыз элүүгө жакындап калганда, ансыз деле жаралуу жүргөн жүрөгүңүзгө дагы бир айыкпас жара жаратайын деген ойдон алысмын. Сизге дүйнөдөгү бардык жакшылыктарды каалайм. Мен эми эч качан сиз менен учураша албайм. Сизди көрүүгө, өткөрүп жаткан бактысыз өмүрүңүздү андан бешбетер беймаани кылууга акым жок. Эртең кайра Нарынга кетем. Сизди алыстан болсо да көрүп, ичимди ачыштырган дартымды бир аз дабалап алдым. Мени эч ойлобоңуз да, аябаңыз да. Тирүүлүгүбүз жаман эмес. Машине десеңиз – машине, үй десеңиз – жаркыраган эки кабат үй, байлык десеңиз – небере-чөбүрөгө чейин жетип аша турган байлык бар. Бири кем дүйнө дегендей, бир гана нерсе жетишпейт, ал – жүрөгүмдүн тереңинде жашап келаткан сиз! Сизден башкасынын баары мен үчүн бир тыйын болуп калган. Дүйнө капкараңгы. Көзүмө эч нерсе көрүнбөйт.

Жүрөгүм канап жазган наамамды тамам кылып жатып, сизди түбөлүккө сүйүп, түбөлүккө сагынып жүрөрүмдү дагы бир жолу эсиңизге салам. Өрттөнүп бараткан көөдөнүмдү азыноолак жеңилдетип алганым үчүн дагы бир ирет кечирим сурайм. Кошуңуз!

Ысык саламым менен – сизди сүйүп, ошо сүйүүнүн жалынына күйүп күл болгон карындашыңыз – Сарагүл. 1996-жыл, 27-июнь».

Мирсаид катты окуп болгондон кийин олтурган жеринде таштай катып калды. Көздөрүнөн жаш шорголоп, аба жетишпегендей деми кысыла баштады. Ысык кабинетте отуралбады. Мас адамдын

www.bizdin.kg



сыңарындай теңселип тышка чыгып баратты эле, коридордо тамекисин буркурата тартып турган Майкл Карлсон алдын тороп:

– Токтой турчу, ыраңың не мынча бозоруп кетти? Баягы жүрөк ооруң кармаган жокпу? – деди колу-буту калчылдап араң турган Мирсаидди кабылдамадагы диванга олтургузуп. Анан Надеждага карап буюрду: – Бир стакан суу апкелиңизчи.

Надежа айым тезинен суу апкелип, Мирсаиддин көгөрүп калган эриндерине тийгизди. Мирсаид муздак суудан бир жолу ууртады. Башын дубалга жөлөй энтиге баштаганда коркуп кеткен Майкл Карлсон:

– Басылдыбы бир аз? – деп сурады не кыларын билбей томсоруп. Мирсаид «ооба» деген таризде башын ийкеп, калп эле жылмайып койду. Көөдөнүн тээп чыкчудай дүкүлдөгөн жүрөгүнүн ойногону саал басылгандан кийин бозоргон ыраңына кан жүгүрө баштады.

* * *

Төбөсү көккө жетип сүйүнгөн Салтанат кара каш, кара көз агайынын ижара акы төлөп жашап жаткан бир бөлмөлүү квартирасында түнөп калган алгачкы түндү өз оюнда жыргап өткөрдү. Никелешпей туруп энеден туума жылаңачтанып агайынын жылуу койнунда жатканына, эңсеген эркектин жытын алгачкы жолу сылык денесинен жыттаганына, түктүү төшүнүн апакай көкүрөгүнө өйкөлгөнүнө дүйнөгө батпай рахаттанып, таңды атырды. Атаганат, бу таң неге мынча тез атты экен а? Атпай турса да болор эле. Жакшы көргөн эркектин ысык койнунан ким чыккысы келсин? Ушундай ажайып эркек менен кучакташып жыттжашканга, бүткүл дитиң менен өбүшүп жатканга не жетсин. Бирок убакыт деген эч кимге баш ийбейт экен. Дубалга илинген сааттын жебеси өз билгениндей тынымсыз чыкылдап, бир калыпта чарк айланууда. Ар бир «чык» эткени, өмүрдүн бир үзүмүн үзүп кеткени... Ыйласаң ыйыңды, күлсөң күлкүңдү укпайт. Өмүрүңдү четинен майдалап кертип, акырын кемите бергенин өзүң да байкабайсың.

Пардалары аңшайып ачылып турган калың терезелерден уудай аппак шооласын чачырата баштаган кутмандуу таң Салтанатты аяр эркелетип, кара каш, кара көз эркектин койнунда мырыгып уктап жаткан жеринен ойготту. Көзүн умачтай ачып терезеге караса жер жарышып, дарактардын шактарына конгон чымчыктар ушундай сонун сайран курушуп, чырыктап жатышыптыр. Ай нуруна чайканган асмандын чайыттай ачылган сулуулугун айтпа. Тунуп турган көкмөк көл сыңары көгөрөт. Ачык калган дарчеден агылып

www.bizdin.kg



кирип жаткан салкын аба да таптаза. Анда-санда гана шуулдап өтө баштаган машинелердин доошу угулбаса, бөлмөнүн ичи жымжырт. Жылаңачтанып жаткан Османбей агайы оң бутун белине ашырып, эч нерседен бейкапар бышылдап уктап жатты. Жука жамынчы эчак эле жерге түшүп, экөөнүн тең үстүлөрү ачылып калган экен. Жумшак диванда жылаңачтанып таң атырган эки жаштын көз күйдүргөн супсулуу денелерине Ай нурун сиңирген таң шооласы маржандай чачылып, барган сайын бөлмөдөгү караңгылыкты кууп жаткансыды. Салтанат Османбейдин ширин уйкусунан пайдаланып, анын жылаңач денесин уурулукча карап алгысы келдиби, айтор, кылын да кыймылдатпай тек жатты. Мурда эркектин денесин чет өлкөлүк журналдардан жашырынып көрүп жүргөн болсо, азыр ошо жылаңач эркектин койнунда жыргап турат. Чет өлкөлүк агайынын таштай түйүлгөн булчуңдарына, болтойгон балтырларына, кindi-гинин астынан тамагына чейин өскөн капкара түктөрүнө кечинде уялып дурус карай алган эмес эле. Каруулуу колдору менен белин капшыра орогону, бир түндө эле ийнедей тикчийип өсүп чыккан сакал-мурутуна караган сайын делебеси козголуп, супсулуу жигитти тим эле жутуп жиберчүдөй сугу артып карап турду.

Эркектин жылаңач денесин ага классташы Катя кайсы бир журналдан көрсөткөн болчу. Чет өлкөдөн басып чыгарылган ошо калың журналды ал көпкө барактаган соң чочуп кетип: «Ай-ий, Катя...» – деп, көзүн жумуп алганда, шайтандай жалмаңдаган классташы каткырып жиберген. «Башың иштебеген аңкоо турбайсыңбы сен. Ай, андан не коркосуң? Же сени жеп алат беле? Адегенде ошондой сезилгени менен, мазесин татканыңдан кийин: «Коку-уй, жашоонун жыргалы ушу турбайбы» – деп каласың. Анын даамын бир эле жолу татсаң, сыйкырына азгырылып кеткениңди өзүң да билбей каласың. Ченден ашыкча ичпеген, баңгизаттардан оолак жүргөн эркектин жанында жатканың, өзүнчө эле бир жыргал. Андайлар менен болсоң, сага күндө той, күндө тамаша. Мунун даамын мен татып көрдүм. Бирок ырас, эркектин баары эле эркектей боло бербейт. Өлгөндөй аракка тоюп келсе, сени жыргата турган жемди башка бирөөгө берип келип тескери бурулуп жатса, мына ошондо шоруң куруйт. Ошондо чок болуп күйөсүң. Менин Костям ошондой болчу да. Аягында чыдай албай бир кызды кучактаган бойдон үйүнөн чыгып, мен да жыргап ойноп баштадым. Ойношуубу – мына сага деп, жакын достору менен сауналарда жыргадык. Жаныңа тийсе, сен да ошондой кыласың. Ажырашып тынасың. Бир жолу берилген өмүрдө андай эркектерди алдейлеп жүрүүнүн эмне кереги бар. Кыскасы, төшөк жагы жайында болбосо, турмушум жакшы, бактылуумун деп эч ойлобо. Жей турган тамак адам үчүн кандай керек болсо, төшөк

www.bizdin.kg



напсиси да ошондой керек. Напсиң тоюп турбаса, аны эч качан тыя албайсың...» – деп, абдан көп сырлардын капкагын ачкан. Эркекти кантип кызыктырууну, кантип артынан торпоктой ээрчитип алууну, жактырган жигитти кайсы жол менен капканга түшүрүүнү, лаззат кумарын кантип кандырууну, айтор, далай нерселерди ошо бир турмуш көргөн классташы түшүндүрүп көзүн ачкан. Канчалык катуу сүйүп урматтасаң да, ыштаныңды өзүң чечпей жүр, эркектин чечкени өзүнчө эле жыргал. Көзүң карарып, төшөккө өлүп баратсаң да эркегиңдин астында самындай жылмышып, кылыгыңды кырк эшекке жүк кылгын. Кудум төшөктү каалабагандай ооналактап, койнунан чыгып кете жаздагандай наздангын. Сенин гүлүңдү аарыдай соруп, жытыңды жыттайм деген эркек оозунан шилекейи агып, көздөрү тунарып, арып-чарчагыча кылыктангын. Анан, курбум, эркектин деле назы, эркелиги болот. «Белимден кучактачы, далымды сылачы, тигиндей турчу, мындай жатчы» – деп сурана берет. Андай өтүнүчтөрдү дароо эле аткарбашың керек. Бир эле жолу ошентсең болду, балээге каласың – деп үйрөткөн эле көптү көргөн куу тумшук классташы Катя.

Бирок Салтанат классташынын айткан бул насааттарынын көбүн орундата албайт. Себеби, анын айтканындай кылчу болсо, кара каш, кара көз агайы колдон чыгышы мүмкүн. Салтанатка окшогон кыздар ага четтен табылат. Ансыз деле аңдып турушпайбы кыздар. Керек болсо, чекесине чертип туруп имерет агайы. Көп алыска барбайлы, түрк тилин үйрөнөм деп сабакка келген кунажындай сүзүлгөн үч кыз биринчи күндөн тартып эле агайына каштарын серпип, сабакты жыйыштырып коюп, кумары көздөрүн сугарып жатышпайбы.

Жок, көз мончоктой кычыраган агайын ошол аржаңдаган ач кыздарга тарттырып жибербеши керек. «Ме» – деп, койнуна оңой-олтоң салып бербейт ал. Төбөсүнө конгон бактыны, алаканына келип калган ырыскыны колдон чыгарбайт эч качан. Койнунда бышылдап уктап жаткан мына бул кара каш, кара көз агайы эмне десе, кандай десе, канча десе баарын аткарбаса болбойт. Ооба, агайын колго кийирип ноктолоп эле алса, андан ары эмне кыларын өзү билет. Бирок агайы да кызыктай жигит сыяктанат. Түнкүсүн бардык шартты түзүп берди ага. Жыланаңач болуп, койнуна кирди. Бездей эмчектерин карматып ээздирди. Эркек аттуунун колу жетпеген жерлерин уялбай көрсөтүп, жыргалга батырды. Ансайын жетилген букадай тирелип, напсиси ашып-ташып, аябай мас болду. Бирок саамдан кийин күтүлбөгөн жерден өйдө боло калып:

– Сиз, гөзал киз, мага чейин башка эркек менен болгонсузбу? – деп сурады өтө астейдил тиктеп.

– Жок! – селт эте түштү Салтанат.

www.bizdin.kg



– Андай болсо, тиягыңызга тийбей эле коёюн, – өзүн араң кармап шыбырады Османбей Салтанаттын тикчийип турган эмчектерин жаш баладай чопулдатып.

– Эмне, кыз экениме ишенбей жатасызбы? – Канаты кайрылгандай саал каргылданып сурады Салтанат.

– Жок-жок, андай ойлобоңуз, жаным, – Османбей мамиле башка нукка бурула баштаганына кабатырланып, Салтанатты дароо кучактай калды. – Сиз мени туура түшүнүшүңүз керек...

– Эмнени? – Таңыркап калды Салтанат.

– Кандай болгон жерде да, сиз бирөөнүн арман менен багып өстүргөн перзентисиз. Мен ал арманга таш боордук кылып, жеке өзүмдүн жыргалымды ойлобошум керек.

– Аныңыз туура. Бирок мен өз тагдырымды өзүм чечем.

– Баары бир ата-эненин ыраазылыгын алыш керек.

– Мен эмне десем, алар макул болушат.

– Андай болсо, проблемабыз жеңил экен, – деди Османбей Салтанатты белинен бекем сыгып. – Жакын арада айылга барып, уруксат сураңыз. «Мейли» дешсе, мен да барып таанышам алар менен.

Ошондон кийин гана сизге үйлөнөм. Анан бир айдан кийин Анкарага алып кетем сизди. Түшүндүңүзбү?

– Түшүндүм жаным, түшүндүм. Бирок, эмне үчүн бир айдан кийин? – Таңыркаган таризде тынчсызданып сурады Салтанат агайынын түктүү көкүрөгүн жыттагылап.

– Себеби бир айдан кийин Кыргызстандагы мөөнөтүм бүтүп, өз өлкөмө чыгып кетишим керек.


– Мөөнөтүңүздү дагы бир-эки жылга узартсаңыз болбойбу? – сурады Салтанат ого бетер тынчы кетип.

– Жок, гөзал киз, – кесе жооп берди агайы төшөктөн туруп жатып.

**(Уландысы бар)**

www.bizdin.kg





**Аскар ИЛИПАЕВ** – *1931-жылы Ысык-Көл облустунун Түп районундагы Корумду айылында төрөлгөн. 1950-жылы Талды-Суу айылындагы Мукай Элебаев атындагы орто мектепти бүтүрүп, 1951-жылы Талды-Суу райондук «Колхоз жолу» газетасында жоопту секретарь, Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн соң 1953-жылы комсомолдун Талды-Суу райондук комитетинин учет секторунун башчысы, республикалык «Мугалимдер газетасында» корректор болуп иштеген.*

*1955–1960-жылдары КМУнун филология факультетин бүтүрүп, бир катар райондордо кыргыз тили жана адабиятынан мугалим, класстан тышкаркы тарбия иштери боюнча уюштуруучусу болуп иштеген. 1971–1974-жылдары «Ысык-Көл правдасы» газетасында ага корреспондент, кайрадан мугалим, 1991-жылы ардактуу эс алууга чыккан.*

*Эмгек ардагери. Кыргыз Республикасынын Улуттук Жазуучулар союзунун мүчөсү. «Мекен парзы», «Ата Журт, сага сыйынам», «Өмүр кайрыктары» китептеринин автору.*

*Поэзия*

## Күн башталат

*Таң шаштырып, куйрук түйүп түнүбүз,*
*Тоо артынан чыгат калкып күнүбүз.*
*Түндө уктаган короолорду ойготот,*
*Биздин добуш, кобур-собур үнүбүз.*

*Жаңы кабар көк чологун чапкылап,*
*Керек үйдүн дарбазасын каккылап.*
*Иштин жайын айткычакты туюнтуп,*
*Улам-улам аба жутуп аптыгат.*

*Аркы-терки кыймыл арбып тез эле,*
*Көчө күүгө келе түшөт өзү эле.*
*Тиричилик үйрүп өрмө камчысын,*
*Жардык айтат: «Жатпагын» – деп безене.*

*Жарды, байбы оокатына карабай,*
*Күн башталат ырыс төгүп аябай.*
*Ырыскыңды алып кал дейт адамга,*
*Оорго муңбай, кыйындыктан тажабай.*

## Жер өлкөсү

*Жандүйнөңө байлык берер, дем берер,*
*Өмүрүңдү картайтпачу эм берер,*
*Кереметтүү планет бар Ааламда,*
*Ага эч бир планет жок тең келер.*

*Ал планет – ыр өлкөсү, ырдын гана мекени,*
*Мында жашайт өлбөс алптын нечени.*
*Тилек тилеп, чын ниеттен барсаңыз,*
*Бүт жаңыртат эски кийим-кечеңди.*

*Түндөрү да болуп мага нурдуу түн,*
*Бакыт сездим ал өлкөдөн отуз күн.*
*Гёте, Шиллер, Шекспирдин, Гейненин,*
*Кол беришип, көрдүм мөлтүр жүздөрүн.*

*Жылдыз жанган чепкендерди кийишип,*
*Катар басып, ийиндери тийишип.*
*Келатышат Фирдоуси, Омор Хаям, Навои,*
*Жолукканга сыпаа башты ийишип.*

*Куштар үнүн аба термеп калкылдап,*
*Жыпар жыттуу гүлдүү бакта салкындап,*
*Байрон, Пушкин, Шота, Алыкул олтурат,*
*Маек куруп, кээде күлүп жаркылдап.*

*Маңдай жаркып, жаземдебей конуп бак,*
*Омор барат Неруданы колтуктап.*
*Бет алдынан чыга келген Есенин –*
*Көрк жаратты залкарларды толуктап.*

*Заманага өз бааларын беришип,*
*Ак боз үйдө комуз күүлөп чертишип.*
*Арстанбек, Молдо Кылыч, Калыгул,*
*Санат айтат отурганды эритип.*

*Жаран экен ардакталган бул жерге,*
*Төкмөлөрдүн баары жүрөт бул жерде.*
*Касым, Мукай, Жоомарт, Аалы, Жусуптар*
*Урмат-сыйга бөлөнүшүп бүт төрдө.*

*Кооз жайларын көрүп-таанып айланып,*
*Көңүлдөрү курсант болуп жайланып.*
*Эралиев, Узакбаев, Жусуев – бул өлкөгө,*
*Небак эле калышыптыр байралып.*

www.bizdin.kg



*Абзий менен Токтосунду табышып,*
*Чуркурашып тегеректеп алышып.*
*Жаш бөбөктөр кубанычтын койнунда,*
*Улам бири суроо таштап жарышып.*

*Акын пирин ардакташып, сыйлашып,*
*Адамдарда кулпуланган сырды ачып.*
*Абдыжапар, Кожогелди акындар,*
*Келишиптир бул өлкөгө кырды ашып.*

*Узак жашап, дайым көктөп өнгөндөр,*
*Жыл калтырбай бул өлкөгө келгендер.*
*Алптар берген кубат менен, дем менен*
*Жолуң болсун, тоскоолдорду жеңгендер.*

## Талчоку

*(Жүз жаш)*

*Жашоого азык алып, балкып денем,*
*Кудайым берген даамын татып келем.*
*Өзүмдүн арабама жыйып-терген,*
*Дүйнөмдү Талчокуга ташып келем.*

*Талчоку жолу татаал, бийик экен,*
*Аралап өрөөн, жонун туюп келем.*
*Аткарып каяша айтпай макул болуп,*
*Мен анын мыйзамына уюп келем.*

*Ойлонтуп, түйшүктөнтүп көңүл бурган*
*Алдыда дабандар көп аша турган.*
*Сексендин багындырып бийик белин,*
*Жолумду улап барам баса турган.*

*Өмүргө кел-кел келип, келип кезең,*
*Буюруп Талчокуга чыксам экен.*
*Кармашып келе жаткан карылыкты,*
*Ардантып, торой чалып жыксам экен.*

www.bizdin.kg



Бул ыр бир жашар кызы чарчап, жарык дүйнөдөн көпөлөктөй учуп кеткенде атасынын азасынан улам жазылган.

## Көпөлөгүм

*Сен жарыкка келгенде көкөлөдүм,*
*Мээр төктүм жүрөктөн бөпөлөдүм.*
*Кубанычтын чөйчөгү бөксөрбөстөй,*
*Ырахатка чөмүлгөм көпөлөгүм.*

*Ар кыймылың атаңа кымбат болуп,*
*Маанай жаркып өзүмчө жүрдүм толуп.*
*Көз айыртпай мени улам каратчусуң,*
*Ууртуңа күлкүнүн кушу конуп.*

*Көрүнөсүң кез-кезде сыздап кетем,*
*Кан токтолуп бүт денем муздап кетем.*
*Жаратканга не күнөө кылдым экен,*
*Жаш мөлт этип көзүмдөн, эстеп кетем.*

*Көрчү жылт деп элестин өчө элегин,*
*Көздөн оолак, түпкүргө чөкпө деймин.*
*Убай таштап атаңа учуп кеттиң,*
*Айлам канча, кантейин, көпөлөгүм!?*

www.bizdin.kg





*Проза*

**Николай ШУЛЬГИН**

# ЗДРАВСТВУЙТЕ, Я АНОНИМНЫЙ АЛКОГОЛИК

***«Прямо по дороге, минуя тротуары, молча и торопливо шла группа людей, объединенных одной целью...»***

– Это по американской технологии, так что, если кто против, может покинуть сейчас... Но денег не вернем, если кто в договоре мелким шрифтом читал... А сам я через всё это то же самое прошёл: и по арыкам, и двери во всём доме продал... Год жил без дверей, с одеялами на косяках, пока и одеяла не продал...

Алкоголизм – это болезнь. Лечить будем друг друга сами .... Тут просто – говоришь: «Здравствуйте, меня зовут так-то, так-то, я анонимный алкоголик, а дальше уже лично решаешь, что говорить, но это уже не так важно... Кому понятно?.. Вы – экспериментальная группа, поэтому дорого. Потом, когда освоимся, будет ещё дороже. Потому что очень хороший эффект, в процентном отношении. Начнем по кругу. Пока один говорит – все молчат и думают о том, что в голове. Старайтесь не умничать, а говорить, как я. Повторяю вторично, если ещё не го-

www.bizdin.kg


ворил, я тут ни причем, поскольку работает метод. Начнем с Вас, товарищ, сбоку, а дальше по кругу…

– А почему с меня?

– Вот только не надо из серьёзной вещи делать для публики. Сказано с Вас – значит, с Вас. И потом, Вы не платили, потому что показали какую-то красную корку…

– Я – член Союза ветеранов водолазного спорта и пришел исследовать вопрос. Если вам не нужна реклама, то могу и уйти, только верните удостоверение...

– Вы водку пьёте?

– Пью, но дверей не продавал.

– Это неважно. Сколько раз в день?

– Один или два.

– Вот. И нечего тут кобениться, а то в конце проекта мы «потеряем» вашу корку, и будете потом парковаться, где попало, или даже платить.

– Ну, хорошо... Я вообще больше в пучине... Говорю не очень – примерно как Вы... Ладно. В общем, когда я был маленький...

– Стоп! Сказано же – основное и главное условие – это начать со слов: «Здравствуйте, меня зовут так-то, так-то, я анонимный алкоголик…»

– Хорошо. Накаркаю сейчас сам на себя... Если бы не удостоверение...

– Мужик, хорош... Давай уже быстрей. Одному, что ли, тебе времени нет?

– Вот, молодцы, мужчина... Уже пошла командная работа...

– В общем, здравствуйте, с кем не видались, меня зовут Денис...

– Стоп, а почему в удостоверении другое имя? Врать тут нельзя, только вчистую...

– Удостоверение кумово. Я своё пропил нечаянно…

– Понял. Извиняюсь. Продолжайте...

– Меня зовут Денис. Я анонимный алкоголик... Пить начал рано. В пять или шесть лет. Воровал у бабушки брагу... Началось всё с церкви. Когда меня крестили, я не давался, потому что стеснялся раздеваться. Народу было много, а мне уже пять лет. Сами понимаете. Я хоть и вёрткий был, поп таки меня поймал, раздел и макнул в чан. Причем держал меня головой внутри чана долго, из мести, что пришлось бегать за мной по церкви. Я чуть не задохнулся без кислорода, и за это разбил ему ногой очки. Видимо, поп концентрацию потерял на момент, увлёкся руками и головой, а за ногами не доглядел. Поэтому так удачно получилось…

«Бабка, – сказал поп моей бабке, – детям я даю после крещения сладкий мёд в маленькой ложке, а взрослым в большой ложке кагор.

www.bizdin.kg



Так вот этому я волью внутрь его ехидного организма полстакана кагора, чтоб он затих. И будет он у тебя тихий алкоголик»...

Так и получилось. Поэтому я верю в Бога... А пить хочу бросить потому, что купил подержанный японский автомобиль и права. Надо как-то рулить по жизни. Желудок уже не выдерживает, перестает питать мозги кислородом. У меня пока всё...

– Теперь Вы, мужчина, который торопились...

– Здравствуйте, меня зовут Николай! Я анонимный алкоголик. Я тоже про зиму. Пью с горя. У меня замело спутник, и я не вижу, что в мире, а особенно футбол. Сосед с пятого не пускает на крышу под предлогом – жены нет, а у неё ключ всегда... С ним и похоронили...

«Так что, – говорит, – придется ждать весны... потеплеет, разроем, а сейчас наливай!»

«Телевизор, – говорю, чтобы поддержать разговор, – вредно, если не футбол. Вреднее водки».

«А если футбол?»

«Тогда – смотря, кто с кем играет... если наши...»

«А ваши – это кто после развала могучей державы?.. Ты чего задумался?.. Вспоминаешь, кто «ваши»?..

«Нет. Я вот думаю, чего вы её с ключом-то закопали? Надо же было мыть по обычаю, переодевать, лишние кресты с тела снимать... Может, лежит где-нибудь в мешке с наследством халат, а там ключ. Геннадий, давай поищем? Завтра же наши играют!»

«Опять «наши»... Отстань... Не мыли мы её и не переодевали. Ты же знаешь, у её мамки только одна рука, и в той всегда стакан. А меня на объект вызвали... Пришлось ускорить. По-военному, так сказать... Неглубоко уложили. Не ссы – найдем. Я на холмик камышинок понатыкал для ориентира...»

«Дура, рыбаки же растащат на пруд, рыбу ловить!»

«Спросим у рыбаков, откуда взяли, они и покажут. Делов. Давай, по последней, а то мне завтра на объект к пяти утра. А там сам знаешь – серьёзно. На минуту опоздал, и опохмелиться уже нечем»

«А если сломать?»

«Не-а... Не пойдет. Ключ с замком на заводе Ленина под заказ делали. А Ленин, сам знаешь. Можно, конечно, сломать, но вместе с крышей. Думаю, соседи не одобрят...»

«Гена!?..»

«Да перестань ты! Сейчас который час, то есть месяц?.. Февраль?.. Фигня осталось. В мае разроем и вытащим ключ. Что мы, варвары – крыши ломать?.. Ну, ты сам знаешь...»

Знаю, конечно, но что делать?..

www.bizdin.kg



Вот такая история. Если бы не это, то и не пил бы вовсе. Свой домик надо купить. Тогда в огороде можно хоть сто антенн, а с Геннадием в пивной даже бы и не здоровался, если деньги есть. Можно идти?

– Хорошо, если торопитесь. Следующее заседание в среду. До среды крепких напитков не пить.

– А после?

– В среду решим.

– До свидания, меня зовут Николай, я анонимный алкоголик. Правильно?

– Правильно. До свидания… Вот, берите пример. Человек подчиняется и его несёт. А которые упираются, хоть даже и мало пьющие, зря только деньги потратили, которые, как говорится, хоть и на красную корочку… Всё от Вас зависит, господа-товарищи. Каждый, как говорится, сам писатель собственной жизни, а не как некоторые… Вы, женщина, следующая. Внимание! Послушаем женщину, она в галошах пришла! Кому неинтересно?!

– Здравствуйте, меня зовут дворник Петровна, я анонимный алкоголик-женщина. Жизнь тяжелая. Жалею, что родилась до наступления коммунизма. Поторопилась. У вас снег и минус 12. Это для нас «Ой!», хоть я сама и из Барнаула и по первому мужу узбеку резиновых галошах.

Конечно, у вас в Средней Азии – это почти что сапоги, но мерзну до верхнего позвоночника. Сапожник сказал – «Не буду работать в этой грелке» – выключил электрическую плитку, бросил будку и уехал в Финикс. Он сказал – там тепло и финики, потому что Америка. Личной жизни не стало. Бутылка заменяет мне личную жизнь и валенки…

А я ведь любила его, еврея проклятого, больше даже водки. Он, когда уезжал – выпил этот стакан. Бросил на пол. Из принципа не поднимала его, когда убиралась. Плакала, но из горла давилась. Я будку с этим стаканом продала по еврейской доверенности. Стакан в пол врос. Скажете, не судьба?..

Новый чечен, который будку купил, стакан оторвал и нашел под полом бриллиант, из-за которого его неожиданно убили. Кто из нас счастливее, спрашиваю я?..

Могло быть не совсем по-другому. Все деньги за будку сюда принесла – у меня красных корок нет. У меня только руки красные и дрожат от счастья, когда над плиткой грею. Плитку он тоже мне оставил, когда уезжал, хоть и еврей. Если не избавите от недуга моего – я решительная. Я горный техникум закончила. Сидеть буду до

www.bizdin.kg



конца. Я ещё молодая женщина, а у меня уже всего нет. Как так?.. Надо говорить – «следующий» или Вы сами?

– Сам, конечно. Женщина молодец. Мне понравилось. Очень трогательно. Поймите, здесь надо всю правду. Это же вам не газета. Здесь, если насочиняешь неправду – деньги зря пропадут. Это понятно всем, про деньги? Хорошо. И хорошо, что подражаете моему неоднородному разговору. Это тоже главное – объединяет. Следующий!

– Здравствуйте, меня зовут Алмаз. Назвали так, я думаю, из-за красоты внешности. Я анонимный алкоголик.

55-лет прожил туда-обратно в обе стороны. Постараюсь объяснить. Может, звучит непривычно для уха вот это – «туда-обратно», но объясняется очень просто. Последнее время тянет к трезвости. От этого бессонница. Всё время думаю. Возвращаюсь по жизни назад. Вроде, как дважды проживаю. Особенно неудачи и любовь.

Отчего стал пить?.. У меня два ответа – сначала от радости, потом от горя. В молодости стеснялся женщин. Алкоголь помогал. Делал из меня супермена. Мне так казалось. Раскрепощал. Потом как-то пошло не так. Обид всяких и несправедливостей много вокруг. Лезут все, лягаются. Тошно. Подлости столько вокруг, что иногда не замечаешь, как и сам подлишь по мелочи… Или по крупному...

Я к другу пришёл.

«Что делать? – говорю, – Раз ты философ по профессии»

А он:

«Ты родился среди говна, живешь среди говна и будешь жить среди говна. У тебя есть два пути: или смириться, «забить», попытаться самому стать говном и гордо плыть по голубым водам жизни, или по объявлению...»

А сам при этом водку глушит. Дал мне ваше объявление. Я не хочу гордо плыть.

Высшее образование тут не причём. Тут что-то другое, а что – не пойму...

С похмелья очень сильно болею. Жена бросила в Турции с турком. Продалась за пахлаву. На работе не догадываются.

Спасибо за внимание.

– Спасибо, Алмаз. Немножко путано. И с именем, и вообще. В следующий раз, как запьёте, говорите, пожалуйста, попроще. Я, возьмём, например, окончил два высших образования и, тем не менее, культуру поддерживаю вокруг себя. Но не до такой же степени...

www.bizdin.kg



Тут не все из Бауманского училища. Могут и заснуть… Проснитесь, испытуемый! Женщина, толкните, который рядом спит… Да не этого… Ну, ладно… Потом того… Начинайте, который проснулся.

– Здравствуйте, меня зовут Ислам Поликарпович. Я алкоголик…
– Надо говорить – анонимный алкоголик.
– А бухать потом можно будет?
– Сюда никого силком не тащит. Это же не ваш выбор.
– В обе стороны?
– Не понимаю, в чем вопрос, но пусть будет – да.
– Это другое дело…. Я анонимный алкоголик из деревни. По пьянке бью детей, чтобы не ссали на петрушку. Тебе что, лень отойти на два метра к корнеплодам?.. Ведь это же сколько нервов надо!.. Вот… А коров я люблю и стараюсь меньше их кушать. В основном, сдаю на мясокомбинат.
– А петрушку?
– Торгуем на базаре. Под засол.
– Спасибо. У вас всё?
– Нет. Позвольте на всю сумму.
– Дело не в количестве слов, а в…
– Вот… Свадьба закончилась, ничего на столах не осталось, почти все разъехались, но бывают же такие, что остаются всегда. Всегда несколько гадов остаются, которые и жениха, и невесту проносят на руках до дому через всю деревню. Хотя, на первый взгляд, благородно, если молодые сами идти не могут. Вопрос глубже! Спрашивается, как так получилось, что во время проноса все деньги, которые гости насовали невесте в лифчик, неожиданно пропали? Вам понятно?.. И лифчик…
– Извините, мне-то – конечно, по причине исключительного опыта, а вот на других стульях, сопутствующим требуется дополнительное объяснение, отчего случилась свадьба. И причём, в данном случае.
– Объясняю ещё раз. Попроще. Сын жениться собрался, а я ему спрашиваю:
«Кто она такая, в семью берём?»
Сын говорит:
«Вот фотка, красивая, почти умная, хорошо готовит, в Александровке живет»
«В Александровке живет? Это не та, которая на бугре, Урёма дочка?»
«Да», – говорит.
«Дурень! – говорю, – сестра она тебе двоюродная – уроды родятся. Потом замучаешься в Америку отдавать на усыновление».

www.bizdin.kg



А баба моя говорит:

«Женись на урёмовской – отец не отец тебе»...

Так сын у меня, получается, сирота? Могу ли я тогда рассчитывать на субсидии по сиротству?.. На семена, и вообще, на подъём, после того, как нас на свадьбе обокрали?

– Непонятные какие-то вопросы, уводящие от вектора коллектив. Давайте вернемся в строй. Вы, Ислам Поликарпович, мусульманин, а пьёте, как будто православный. Вот тут у вас корень, за который надо держаться двумя руками!

– Я хоть и деревенский, но не обязательно верующий. У меня тятька сильно пил, и поэтому мамка назвала меня Ислам, думая, что с таким именем пить невозможно... Оказалось, возможно. Учитель физкультуры сказал, что виноваты Гены. Но у нас в деревне таких нет. Я думал, вы подскажете... Но вижу, не на того напал. Думаю, деньги пропали зря. Надо было лучше купить поросят. И ещё бы осталось. У меня всё.

– Экономить на здоровье нельзя. Экономьте на болезнях.

– Как понять?

– На втором занятии будет специальная тема. Следующий – спящий с левого края.

– Здравствуйте, я не спал. Просто у меня узкие глаза с детства. Меня зовут Татарин. У меня есть имя, но все меня зовут Татарин. Вы тоже можете так звать. Я привык. И потом, стесняюсь называться. Я анонимный алкоголик... А это обязательно говорить?.. Нет, не про имя, а что алкоголик. Ведь и так ясно – раз пришли...

– Если и Вы будете умничать, то выгоним сразу вдвоем с водолазом. Уже почти невозможно вести лечебное воздействие!

– Извините... Я, вообще-то, не пью, но хочу начать. Пришёл посоветоваться. Я ведь понимаю, и литературу изучил в Интернете. Которые начинают поздно, очень быстро становятся алкоголиками. Сосед сказал: «пукнул – назад не вернешь». Хотелось бы, поэтому, изучить вопрос: что я потеряю, в случае вхождения в алкоголизм, и что приобрету. У меня всё... Нет, не всё. Самое главное забыл. Я всю жизнь работаю, как ишак. У меня двухэтажный дом и скотина. А сосед пьёт и ржёт, как лошадь. Получается, лошадь счастливее ишака? Всё.

– По поводу животных обещаю выяснить к следующему занятию. А по поводу Вам лично могу сказать. В душе Вы алкоголик с детства, поэтому, конечно, поможем, опираясь на научный подход.

– Мне говорили – надо начинать с пива, а потом постепенно повышать градус...

– Не торопитесь. Будьте внимательны. Вы поймите – всё само должно заработать. Я тут не причём. Метод главное. Не я вас лечу. А вы – друг друга.

www.bizdin.kg



– А деньги тогда за что отдал? Получается, жена правильно сказала: «Ишак и есть ишак»?

– Не торопитесь с выводами. Как говорится, ишаков по осени считают.

– До осени не могу. Хочу к брату съездить в Чехословакию…

– Посетите хотя бы неделю. Там видно будет. Это же не укол – чик и всё. Это же процесс воздействия среды жизни. Так, татары были… Теперь евреи… Вот Вы, с бородой.

– Меня зовут Михаил Исаакович. Я анонимный алкоголик здесь, а на свободе работаю пенсионером, люблю скушать водки и поговорить. Или даже послушать умных людей. Хоть прожил большую жизнь и желаю вам рассказать.

– Извините, на всю жизнь сегодня времени не хватит. Давайте сегодня первую половину. В среду вторую.

– В первой я, извините, не пил.

– Это, как раз таки, нам очень важно. Слушаем.

– Хорошо. По профессии я кузнец.

– Простите, Вы действительно еврей или мы вас перепутали с соседом? Здесь только правду.

– Я еврей, но необычный. У меня все братья зубные врачи в Израиле. Просто из-за большой любви к сексу пришлось уйти с учёбы, на втором курсе, из-за женитьбы по залёту. По рьяному делу, когда был молодой, осуществил, невзирая на национальность… Хотя, и сейчас не могу дать гарантии.

– Это другое дело. Продолжайте.

– Первая часть жизни. Нас три брата и три сестры. Отец нас всегда перевозил с места на место, чтобы его не посадили, и работал архитектором. Мать не работала, а варила нам кашу в большом казане, чтобы нам есть. Каша была очень вкусная, из пшёнки. Наш дом стоял, где сейчас Ошский базар. Как раз, где сейчас торгуют китайскими коврами. Когда покупаю ковры, всегда плачу… Мама тоже любила плакать от повседневной действительности, и от слёз ослепла в тридцать пять лет. Несмотря на то, что она ослепла, обязанности по хозяйству с неё никто не снимал, и она приспособилась всё то же самое делать в темноте. В том числе и пшенную кашу. Мы баловались и прятали от неё хозяйственный инвентарь, но она всегда находила как-то.

Когда нас снесли, я уже имел трёх детей и самостоятельно добывал пищу. Родителей посещал редко, тем более папа умер. Я не помню его лицо, потому что видел редко, но мог бы узнать по звуку кашля.

Когда я достиг середины жизни, я решил посетить маму, которая, хоть и слепая, прожила дольше папы. Мама спросила меня:

www.bizdin.kg



«Или ты хочешь есть, мой сынок, тогда я сварю тебе пшённую кашу?».

Она сварила и я ел. Я ел и вспоминал детство...

Когда я уходил, я спросил: «Мама, а почему раньше пшенная каша была вкусней?»

«Потому что раньше, сынок, – ответила мама, – я варила не на молоке, а на воде»...

После этих слов я первый раз купил и попробовал водку. Водка и по сей день спасает меня от слёз, но губит другие важные органы, особенно половые, из-за которых я особенно переживаю, и поэтому пришёл посоветоваться. Спасибо за ваше внимание.

– Спасибо и Вам Михаил Иванович, за очень содержательную половину Вашей жизни. Вот я получил записку от одного неизвестного участника нашего проекта. Разрешите не зачитать, чтобы не мешало?... Зачитать, говорите?... Хорошо – зачитываю:

«Больше позитива, товарищ! Время шакалов сменится вечностью процветания души. Так обещал Бог – и мы ему верим. А иначе – на кой хрен это всё нужно, включая парохода»...

Ну что ж, продолжим. Вот Вы, со стоячей прической. Это само так растет или Вы клеем специальным мочите?

– Здравствуйте, меня зовут Пропащая Жизнь. Настоящего имени стесняюсь. Я анонимный алкоголик...

Клей я не нюхаю, можете не намекать. Но моюсь, действительно, редко. Я где-то прочитал, что мыться нужно каждый день или никогда. Организм должен привыкать к образу...

Но дело не в этом. Беда, что ничего не меняется, хотя и капитализм... Даже наоборот. На зарплату все равно не выжить, а самый дешёвый продукт – водка. Хлеб дороже. Вот и стоишь, шевелишь мелочью в кармане перед прилавком – что взять?.. Обидно!..

Чикатилы весело начинают новый учебный год, а меня, равнодушного к педофилии, учителя русской словесности, выгнали с работы несправедливо. Что делать?.. Забыл всё сразу. На второй день. Из школьной программы помню только: «Изба-старуха челюстью порога жует пахучий мякиш тишины», но фамилия автора уже где-то в позвоночнике...

На предмет чемоданов... Передо мной, фигурально выражаясь, необработанный драгоценный камень вопроса с надписью – или здесь, или в другом месте, или новая семья, но всё равно в прорубь... Поэтому я пока здесь... Брата в Пензе снегом заносит – водкой спасается... А я все не решусь...

www.bizdin.kg



Был в Барнауле один раз… Яблоками торговал под Новый год… Чудом шпана на базаре не прибила, еле ноги унес… Что ещё… У моего деда собственный лес был в Вологодской области – большакам отдал, чтобы к поленнице не поставили… Как думаете, уже не вернут?.. Понимаю, конечно, что дурацкий вопрос…

А другой дед в Воронежских краях по подвалам прятался, пока не сгорел от самогона…

Правда, с родословной жены всё в порядке. По маме она – Шупрович.

Сейчас кайфую до судорог от народной музыки… Что ещё?.. О музыке?..

Если выбирать между переспать с Пугачёвой и самосожжением, то, пожалуй, второе… Только, чтобы спичку примадонна поднесла…. Тут две фишки: во-первых, в рай возьмут, так как не сам себя, а во-вторых, и ей приятно будет от необычности… Пиар, так сказать… В принципе, я готов… Не то, чтобы край виден… Это не то… Я уже перешагнул и лечу…

Деньги, которыми я заплатил за участие, мне один бывший ученик на принтере сделал. Вы их выбросьте от греха, а то рыло начистят в винном… Ну, вот…

– Спасибо за предупреждение. Честность – это главное. Не гнать же Вас в шею. Люди, как никак… Не в Барнауле… Ну, что, все на сегодня?

– Позвольте мне? Я один остался… Здравствуйте, я писатель…

– Алкоголик, надеюсь? Вы не уточнили. Это ключевой момент. Несмотря на своевременную оплату.

– Хорошо, тогда до свидания, я анонимный алкоголик…

– Почему «до свидания»– то?.. Надо «здравствуйте», по правилам…

– Да ну их, ваши дебильные правила и этот душевный стриптиз… Не могу понять почему, но тянет от него совсем не туда, где простокваша… Во-первых, должен попросить у всех присутствующих прощения. Я записался на этот семинар, чтобы послушать ваши истории и использовать их в своих рассказах, но в какой-то момент понял, что это немножко подло. Не знаю почему…

– Так, стоп. Я Вас лишаю слова. В среду принесёте в письменном виде…

– Чего Вы его затыкаете? Он тоже платил. Пусть говорит. Давай, писатель, поливай!

– Понимаете, я жизни не знаю: учеба, мама-библиотекарша, очки… Чего-то не хватает в моей литературе. У других возьмёшь –

www.bizdin.kg



матюг на матюге, а убираешь – как будто дырка в фуфайке. Но вместе с тем чувствуешь, что от земли идёт, непридуманное... Это главное... Есть, конечно, текущие проблемы. Но это главное...

– А я думаю, где тебя видел? Ты по телевизору выступал! Хочешь, я тебе про водолазную жизнь... Это легко... А ты, значит, пишешь, и книжки потом в магазин... А как вообще писателями становятся? Может, я тоже мог бы про водолазов...

– Так, прошу не отвлекаться и не портить эксперимент. Вам не мешали.

– Да кто мешает? Просто интересно, как книжки получаются…

– Я раньше по тысяче делал тиражи. Сам платил типографии. Затоваривался. Для нашего города пятьсот в самый раз… Да и то... Народ, в основном, на еду работает, а у кого есть, те на женщин и напитки тратят. Так что приходится на работу ходить. Отвлекаться от творчества. Проблем много... Мне, например, быстро надоедает исправлять написанное. Вот и про вас, как сейчас накалякал, так и напечатаю... Ни разу не начинал писать, имея хотя бы какой-нибудь план... Трудно себя заставить – я ленивый...

– А время-то сыпется песком из задницы, как говорится. Задним всегда легче по льду жизни бежать...

– Это правильно.

– Как же неправильно. Нам дворникам про это не знать, с работы погонят.

– Скажите, а как Вы начали писать? Вот у меня друг – философ...

– Послушайте, кто ведёт семинар? Что Вы лезете все и отводите от существа?..

– А что такого? Я, например, литературу преподавал, а писателя не видел ни разу. Хоть этот и хиловатый на вид, пусть скажет для людей. Тебя мы уже слушали. Давай, писатель!

– Я сначала писал сценарии. А потом один мужик сказал – плюнь, пиши лучше рассказы… У тебя получается на бумаге лучше, чем они играют… Так что первый свой рассказ я написал довольно поздно. Пишу от сердца, не думая, поэтому народ верит. Но конечно хочется, чтобы больше из жизни, которая ближе к почве...

– Это мы поможем. Если насчет почвы, кому, как не мне. У меня петрушка одна к одной...

– Однако, прошу отдать вожжи, так сказать...

– Да пошёл ты! Задолбал своим американским методом!

– Вы говорите – в Америке хорошо? Метод там... Может быть. Я на Брайтоне два года назад продал уличному книжнику десять своих сборников по четыре доллара за штуку… Он, не читая, сунул в карман – высунул… Сказал – «Очень удобно!»… и купил для продажи…

www.bizdin.kg



– Вот и я о чем! Всё сводится к тому, что сунул-высунул и потерял свою национальную идентичность. Конечно, это чисто русская забава – хвалиться проблемами. Но я тоже хотел бы...

– Господа-товарищи! Понятия не понимаю, как вас всех заткнуть, но, чувствую, процесс необратим…

– Не можешь заткнуть – заткнись сам, не мешай спонтанному общению водолазов.

– Разговор явно идёт к тому, зачем я пришёл. Татарин не ишак. Так и скажите жене, если увидите. Потому что уже чувствую не вернусь. Хотите – верьте, но я чувствую своего пьяницу-соседа. Я думаю, метод действует...

– Остановитесь! Ведь нет никакой причины, чтобы мысль опережала стакан. Обычно наоборот. Мы все трезвые, а разговор оживленный…

– Так в чем же дело? Отложим до среды и поговорим от сердца, а не от ума. Я, собственно, и хотел предложить, чтобы набраться опыта улицы и жизни в общественном транспорте.

– Айда в пивную, мужики! Падлой буду, пропью последние галоши...

– Стойте... Стойте... Действование метода должно быть противоположностным... Надо немного потерпеть...

– Да пошёл ты, придурок…

– Кто – я придурок? А в репу? Да мне напополам, что вы тут все водолазы...

– Да ну его, хлопцы, пойдём душу мыть. У меня и сало с собой, и петрушка. Сядем в травку, что мы – не граждане, что ли?

– Прощай, Америка!.. Писатель, ты пока нас слушал, написал хоть чего?..

– Три строчки... Сейчас дополню...

– Жалко того, с антенной. Не дотерпел до апофеоза.

– Апофеоз – это что?..

– Через полчаса узнаешь.

– Стойте! Подождите меня!.. Чёрт с вами!.. То есть, я с вами!.. Всех угощаю! Всё, что собрал с вас, дураков, всё пропьем!

– На двери оставьте...

– Мне их ставить некуда. Продал я свою халупу, чтобы этот бизнес начать. Думал, что как раз по специальности, оказывается не ошибся.

– Бизнес – это хорошо.

– Главно, крепко на ноги стать… Или сразу на четыре...

– Зря я будку продала. Надо было в аренду...

– Успеешь ещё, какие твои годы!

www.bizdin.kg



– Писатель, бросай свою книжку!.. Не отставай!.. Какая дура её читать будет?..

– Да и то... Летите, голуби!..

**P.S.** *Мужчина бросил листки в воздух, и ветер погнал их вослед идущим, читая на ходу неровные строчки. Ветер умел читать:*

*«Прямо по дороге, минуя тротуары, молча и торопливо шла группа людей, объединенных одной целью. Они, в отличие от остальных пешеходов точно знали куда идут. Решимость, которую они излучали, была видна издалека. Женщина, замыкавшая группу, время от времени теряла галоши. От группы отставал бородатый пенсионер, подбирал галоши, догонял группу проворным рывком, и помогал женщине вернуть обувь на место. Через некоторое время галоши снова слета...»*

# НЕЗНАКОМЫЙ ЦВЕТОК

На подоконнике старого окна, в коричневом горшке из глины, жили цветы. Цветы были зеленого цвета и никогда не цвели. Но их всё равно называли Цветы, потому что они были в горшке, а горшок стоял на подоконнике.

«Наверное, – думали Цветы, – мы такие особенные, что никогда не цветём». Они очень гордились тем, что не цветут и вечнозеленые, как ёлки за окном.

Окно, из которого выходил подоконник, было старое, и у него не закрывалась форточка, так что можно было сказать, что цветы жили почти, что на улице. Благодаря тому, что они жили «почти, что на улице», они подружились с Ветром, который прилетал к ним через открытую форточку.

Конечно, Ветер был не очень хорошо воспитан, потому что водился на улице со всякими дикими кустами и сорняками, но у Цветов не было выбора. Они, к сожалению, не умели летать.

– Конечно, Ветер нам не ровня, – рассуждали Цветы. – Он слишком шумный и неряшливый, но так уж и быть – пусть будет нашим другом. Может быть, когда-нибудь мы научим его хорошим манерам.

Летом Ветер приносил Цветам мягкую пыль и капли теплого «слепого» дождя.

www.bizdin.kg



– Спасибо, голубчик! – шелестели листьями Цветы. – Очень приятно было с Вами пообщаться. Заходите, если будет свободное время.

– С-с-с-сто раз ещё з-з-з-зайду!» – свистел ветер и, улетая, громко хлопал форточкой.

– Вот хулиган! – вздрагивали цветы вместе с подоконником. – В следующий раз надо будет обязательно сделать ему замечание.

Когда на улице была плохая погода, особенно зимой, ветер приносил холод и снег.

– Ветер! – возмущенно шуршали цветы. – Если ты не перестанешь носить нам этот холод и снег, мы с тобой поссоримся!

– Пос-с-с-соримся! Подеремс-с-с-ся! Помиримс-с-с-ся! – дразнился Ветер и улетал…

Однажды поздней весной Ветер прилетел всего на одну минутку.

– Из-з-з-звините, тороплюсс-с-с-сь!» – просвистел он на лету. – През-з-з-зент!!! – и уронил в горшок маленькое семечко.

– Что это? – спросили Цветы сами у себя.

– Мусор какой-нибудь, – ответили Цветы сами себе…

Через несколько дней в месте, куда упало семечко, появился маленький зелёный росток. Цветы от удивления даже ничего не спросили сами у себя. У них не было слов…

Маленький росток рос не по дням, а по часам. Его маленькие листочки так и извивались, стараясь пробиться к свету сквозь густую листву хозяев глиняного горшка.

Цветы решили объявить общее собрание.

– У нас очень мало земли, – сказали Цветы на собрании.

– Горшок есть горшок. Это, в конце концов, не клумба и мы не можем позволить, кому попало селиться на нашей территории. Как вы думаете? – спросили Цветы сами у себя.

– Мы думаем, – ответили Цветы, – что с этим надо что-то делать. Если мы будем медлить, то придет день, когда этот чужой росток станет большим Незнакомым Цветком, который закроет от нас весь свет и выпьет всю воду из нашей земли…

– А ещё, – добавили Цветы, – надо раздружиться с Ветром. Это он во всем виноват!…

С этого дня Цветы стали мешать Незнакомому Цветку, подниматься наверх: они закрывали его от света своими большими листьями и старались быстрее выпивать воду из земли, чтобы чужаку доставалось меньше…

Ничего не помогало. Незнакомый Цветок становился всё больше и больше, и однажды утром Цветы обнаружили, что он стал самым высоким в горшке, а его верхний листок свернулся в бутон.

– Это конец! – подумали Цветы и печально опустили листья…

www.bizdin.kg



Ночью Цветам снились необычные сны. Им снилось, что воздух вокруг стал непривычно тёплым и сладким, и что озорник Ветер качал их всю ночь, и свистел:

– Получилос-с-с-сь! Получилос-с-с-сь! Получилос-с-с-сь!...

С первыми лучами солнца Цветы ждал ещё больший сюрприз. Бутон незваного гостя, который вырос из принесенного ветром семечка, распустился большими красными лепестками, и над горшком образовалось собственное благоухающее солнце.

Лепестки издавали пряный запах и посыпали зелёные листья Цветов липкой пыльцой.

Смесь восхищения, зависти и тревоги поселилась в глиняном горшке.

– Ветер! Ветер! Ветер! – стонали зелёные Цветы. – Что ты наделал, Ветер! Ты сделал нас несчастными!...

– Что с-с-с-случилос-с-с-сь?.. – свистел Ветер. – Вы с-с-с-сошли с ума! С-с-с-смотрите, какая крас-с-с-сота!!!

– Нам не нуж-ж-ж-жна красота. На нуж-ж-ж-жен покой. Незнакомый Цветок тревож-ж-ж-жит нас. Ж-ж-ж-живо забирай его туда, откуда принёс! – уже даже не шуршали, а жужжали Цветы.

– С-с-с-странно!.. С-с-с-смешно!.. Грус-с-с-стно!.. – просвистел ветер, печально сдувая яркие лепестки с Чужого Цветка. Лепестки поднялись в воздух, сделали прощальный круг над глиняным горшком, подоконником и сломанной форточкой, и маленьким солнцем улетели куда-то в небо...

– Ты нам больше не друг! Можеш-ш-ш-шь больш-ш-ш-ше не прилетать... – тихо прошептали всё ещё обиженные Цветы.

– С-с-с-странно!.. С-с-с-смешно!.. Грус-с-с-стно! – повторил Ветер и так громко хлопнул старой форточкой, что в первый раз в жизни она встала на своё место, и окно плотно закрылось, не пропуская больше в комнату запахи и звуки разноцветной и разноголосой улицы...

Через несколько дней Чужой Цветок завял, потом засох, рассыпался на маленькие кусочки и смешался с землёй. Хозяева глиняного горшка получили, что хотели, но от этого, почему-то, не было счастья. Липкая пыльца, которую оставил Незнакомый Цветок на их листьях, не давала им покоя. Они чувствовали, что стали другими, и что Чужой Цветок всё ещё с ними и никуда не улетал. По ночам Цветам снились цветные сны. В снах они были совсем не такие, как на самом деле...

Вскоре на кончиках стебельков зелёных Цветов стали появляться маленькие бутоны.

– Ш-ш-ш-што это? Ш-ш-ш-што это? – тревожно перешептывались Цветы. Бутоны становились всё больше и больше. Цветам прихо-

www.bizdin.kg



дилось отдавать бутонам часть своей воды, чтобы они не засохли, но почему-то им не было этой воды жалко...

Однажды ночью Цветы услышали странные звуки, будто где-то рядом тихо и вежливо лопались воздушные шарики. Они снова уловили тот самый запах, который когда-то улетел в небо вместе с лепестками Чужого Цветка. Цветы так волновались, что заснули только перед рассветом...

С рассветом Цветы не узнали сами себя. За ночь бутоны раскрылись, и каждый бывший зелёный цветок получил по огромному букету красивых разноцветных лепестков. Цветы не могли поверить, что это они, а не кто-то другой цветёт так ярко и красиво!

– Ш-ш-ш-што это? – снова спрашивали Цветы сами себя.

– Счастье! – отвечали Цветы сами себе и улыбались, раскрывая нежные, яркие лепестки…

Счастье продолжалось целых десять дней. Вскоре лепестки стали уменьшаться, и точно так же, как Незнакомый цветок, осыпались и смешались с землёй...

Всё стало прежним. За исключением того, что Ветер уже не мог прилетать через закрытую форточку и Цветы узнали, что такое одиночество. Они печально смотрели через стекло, как лето превращалось в осень, как Ветер лениво шевелил иголки вечно зелёных ёлок и скучали...

Вскоре они перестали разговаривать между собой, потому что им было не о чем разговаривать, и в комнате стало совсем тихо. Один день сменял другой, и все дни были такие же одинаковые, как зелёные листья на стебельках Цветов.

Цветы всё реже и реже вспоминали своё Счастье, и иногда им казалось, что Счастье просто приснилось, и его надо побыстрее забыть.

Очень редко, когда случайная ветка стукалась в мутное стекло закрытой форточки, Цветы поворачивались к окну и на их листьях появлялись прозрачные капли влаги. Может это была роса… А может цветы умеют плакать?..

«Ветер, ветер! Прилетишь ли ты когда-нибудь к нам опять?!..»

www.bizdin.kg



*Жаш калем*

**Шайыр ТОЙЧУЕВА**

# «МЕН КИММИН? КИМДИГИМДИ КИМДЕН СУРАЙМ?»

*Омор Султановдун саптары эсиме түштү. Болжол менен мындай:*

*«Же жыйналышка барбай, же даңкталып орден албай, Манастын күмбөзүнүн карын күрөп, Таласта белгисиз бир кары жүрөт».*

*Анын сыңарындай мен сунуш кылып аткан ырлардын автору Шайыр Тойчуева поэзия короосунун «карын күрөп» жүргөндөрдүн бири. Мага эмнеси жакты? Блок айткан: «Баланча генийге кантип окшошом деген акын эмес, баланча генийден кантип айырмаланам деген акын».*

*Шайыр ошондойлордон экен. Ошондуктан жаштык максимализми күч, жаңылыштыгы арбын, ошон үчүн кийинки мезгилде короо-короо болуп жайнап кеткен акынчалыштардан аттын кашкасындай айырмаланып турат.*

**Алым ТОКТОМУШЕВ**

* * *

*Акын көргөм,*
*Өмүр жолу бүтпөс дастан.*
*Алып койсоң ушуну, – деп,*
*Дене-бойду калтыраткан,*
*Сүйүү!!! Саткан.*

www.bizdin.kg



*Жер шарын тегеретккен*
*Бир сүйүүнү,*
*Бекер берсе эч ким албас,*
*Эч ким албас.*
*Ушул турмуш картинасы,*
*Реализм деп аталган.*
*Ошол өмүр элиңдин негизи да,*
*Деген атам сөзүн даана,*
*Ичимден кайталадым.*
*Бирок да,*
*Эч кимге, эч нерсе деп айталбадым.*

*Көңүлдө куштай сызып,*
*Курчанган торлорумдун баарын тытып,*
*Акынга баргым келди.*
*... неге калдым?..*
*Атылбай көккө карай коркуп, сынып.*
*Башымды кыя чабаар коркок жанмын,*
*Кыла берер дайыма*
*Ичтен тынып,*
*Акын көргөм, сүйүү тапкан,*
*Асманда өчпөс болуп,*
*Жылдыздай күйүп-жанган.*
*Акын көргөм,*
*Коркком андан,*
*Бир акындан!*

* * *

*Оо, туулган жер,*
*Тозогуң да бейиштей!*
*Рамис*
*Жапан тоонун жапайы бир жанымын,*
*Миң кубулма, жасалманы сүйбөгөн.*
*Классика! Он бир муунду бузсам, – деп,*
*Бул жалганда, күрөшү жок жүрбөгөн.*
*Көрдүң беле, жаш чырпыкты буралган,*
*Жашоо үчүн ыр сабына сыйынган.*
*Ошол менмин, сулуулуктун символу,*
*Чөптөй чапса, чабылгандай чалгыдан.*
*Тургус кылса, ишенимди чагылган.*

www.bizdin.kg



*Айланта чаап, сүйүүм менен өтөм мен,*
*Аска-зоодой тосуп турган дубалдан.*

* * *

*Өкүм чыкты. Өлүм сага!*
*Айтып калгын керээзиңди,*
*Акыркы ирет...*
*Бирок төкпө көз жашыңды,*
*Калтыраба, коркпо, болот баары,*
*Сен күткөндөй баарысы.*
*Өкүмүнөн коркуп жазмыштын,*
*Качып жүрөм... кайда барам?..*
*Келдим кайдан?.. Өзүм киммин?..*
*Калкалап керт башымды,*
*Айткым келди бир чыңырып,*
*Керээз айтар алым да жок жазмышка!*
*Тагдырыма таарынычым тоо болуп,*
*Көөдөнүмө ыза аралаш бук толуп.*
*Өмүр, өлүм сызып берген сызыкта,*
*Жөөлүп жүрөм мезгил менен жоолошуп.*
*Жөпжөнөкөй өмүр жолун таппастан,*
*Ача жолдо тоңуп турам муз болуп.*

* * *

*Балалыктын асманы*
*Асман кечээ көкмөк эле,*
*Томуктай да булут жок.*
*Айтып берчү кулагыма,*
*Укмуш сонун көп жомок.*
*Айдын нуру сылап беттен,*
*Алдейлечү жыргатып.*
*Күн желесин десте кылып,*
*Ойночумун кыйратып.*
*Оооналактап уктап жатсам,*
*Кытыгылап ойготчу.*
*Ийип сүтү эмчегиңден,*
*Ууз сүтүнө тойгузчу.*

www.bizdin.kg



*Андагы күн, асман дагы,*
*Бир башкача кооз эле.*
*Тай-тай бассам аяр кармап,*
*Жөлөп турчу Жер эне.*

## XXI кылымдын тарыхы

*Шайтан курган тосмолорду сындырып,*
*Бир өзүңө бой урганбыз тирүүлүк.*
*Билип, туюп сенин баркыңды,*
*Бириккенбиз болуп үчилтик.*

*Адам өзү, өзүн кайра жарытып,*
*Коңгуроосун каккан кыйырга.*
*Бүт акындар өлүм – өмүр чегинде,*
*Жашоо үчүн, сурак берген тарыхка.*

*Сөз жазылган Ат-Башынын төрүндө,*
*Ыр жаңырган Ысык-Көлдүн үнүндө.*
*Касиетин каалагандай салмактап,*
*Өлчөп көрүп,*
*Турмуш өзү мөөрүн баскан өмүргө.*

*Үзүлбөгөн үмүткө кыл көпүрө,*
*Жараткандын куну ошол ырларда.*
*Билесиңби ырга баш ийген,*
*Бир көз ирмем,*
*Кайталанбайт эми кылымда.*

* * *

*Жек көрүнгөн сүйүүм менен жаралап,*
*Жалгыз сени жок дүйнөгө айлантам.*
*Жок кылам да, ошол боштукту*
*Бир өзүңдөн кайра толтурам.*

*Көк теңирден алган белегин,*
*Ыр бакчасын сен үчүн, – деп өстүрөм.*
*Жалгыз ырды түбөлүккө калтырып,*
*Жаратканды өзүм өлтүрөм.*

www.bizdin.kg



*Тагдырымдын таш боор колуна,*
*Карматкамын өзүңдү,*
*Өзгөртөм, – деп сени башкага.*
*Күлүп туруп, өрттөп салам да,*
*Анан гана,*
*Жеткиремин өчпөс бир ырга.*

* * *

*Бул жашоонун гимни болот,*
*Зар какшаткан,*
*Биздин кайрыктар.*
*Бүттү эми, кайталанбайт,*
*Сөөк сыздаткан,*
*Биздин тагдырлар.*

*Бүтпөс ырымды,*
*Алып колума.*
*Катып сырымды,*
*Сага баратам.*
*Өмүр туусун бийик көтөрүп,*
*Тосуп ал,*
*Мени жолумдан.*

* * *

*Оолуктумбу,*
*Бул жалгандын эч нерсесин билбестен.*
*Көптүм беле,*
*Бирин дагы карегиме илбестен.*
*Жашап өткүм*
*Келди беле,*
*Селсаяктык турмушумдан арылап.*
*Мемиреген,*
*Тынч өмүрдү чакырып.*

*Гайкалары эчак бошогон,*
*Үмүт онтойт.*
*Өчөт, жанат. Үзүлө албайт салбырап.*
*Төрөлгөндө карып төрөлүп,*
*Мен турмушка неге кеч келгем!!!*

www.bizdin.kg


*Ишеним кредосун артынган,*
*Бүгүн жол кайдан башталат?..*
*Күкүмдөрү чагылгандын чачылган,*
*«Жол бүгүн» кайда алпарат?..*

*Суроо бар мага берилген,*
*Суроолор сенде жаңырган.*
*А жообун катып ичине,*
*Бул турмуш сырын жашырган.*

*Жалгыздыгым,*
*Ачыштырып жанымды.*
*Мен бой тарттым,*
*Көз алдында ырымдын.*

www.bizdin.kg





**Салижан ЖИГИТОВ**

**(1936–2006)**

*Мурас*

# ИТ АТААР ЖАНА БАШКАЛАР

**(«Күн тууду» китебинен)**

**(Уландысы. Башы өткөн санда)**

Анан калса ит баласынын мындай түрү суугун ким көрүптүр! Адеп көргөн киши: «Капырай, ушундай да куник ит болот экен ээ!» – деп жарыя айтпай же ойлонбой өтпөйт. Бет-маңдайы түксөйүп, башы калжайып, тыгырчык денесинен чоң көрүнөт; жүнү күлгө уйпалап койгондой даакыланып, чоңойсо барак ит болчудай үтүрөйгөн кейпи бар. Ошонусун билбей дагы анын дегеле адамга жакынын кантейин! Киши-кара көрсө эле эркелегиси келет, куйругун булактата шыйпаңдап жетип барат. Бирок барган кишиси демейде жипкиргендей боюн жыйрып, тумшуктан ары бир тебет, болбосо «кет!» деп кыжырлуу кагып салат. Багып алган үйүнүн чоң кишилерине ылым санап шыйпаңдаса деле жегени тепки, укканы «кет!» деген каккы. Адатта балдар күчүк-мүчүккө ынак келет эмеспи, жадагалса ошолор да Жолборсту жаман көрүшөт; көздөрүнө урунса эле кыйкырып кубалап, таш менен уруп, каткырып күлүшөт; ыңгайы келсе жыга тээп, куйруктан тик көтөрө кыңшылатып, одоно тамаша кылышат. Чоң иттер болсо аны көргөн

www.bizdin.kg


эле жерден баса калып, жулмалап салышат. Анын эч кимге зыяны деле жок, энеден түрү суук туулуп калганы болбосо, башка жазыгы деле жок.

Раистин үйүндө Жолборско мээр төккөн – жалгыз эле Сарыбаш. Ал ошо күйпүл күчүгүн жанындай жакшы көрөт, үстүнө үйрүлүп түшүп, башынан инисиндей сылап эркелетет, кээде жаш баладай көкүрөгүнө көтөрүп алмайы да бар. Экөө кайда барса да бир барат, эзели бир биринен айрылбайт. Сарыбаш аны бар жаманчылыктан калкалап, көрүнгөнгө түрткүнчүк кылбай, кайда болсо анын таламын талашып жүрөт. Ошо Сарыбаш, анын жапаакечтиги, жөн билгилиги, мээрими болбосо, ким билет, Жолборс жашабай жатып көргөн кордуктарына түтө албайт беле? Ким билет, ким билет…

Мына, күчүгүн ээрчиткен Сарыбаш таң эртең атасынын атын айдап келгени беде аңызда чымын-куюн чуркап барат. Күчүктүн көз алдында жыңайлак, илмийген ичке, жылаңач эки шыйрак шибең-шибең тыбырайт; жаш беделер туурулган кара балтырларга чабылып, шүүдүрүмүн жаба чачат, чор тамандарга тепселип, анан көз жаштарын мөлт-мөлт агызганча чала-чарпыт серпиле кыбырап калат: сербейген беделер күчүктүн да буттарына илээшип, капталдарын койгулап, майда жашыл кулактарынан мөлтүр тамчыларын чачыратат; чаба тийип, тумшугун суу кылып, болор-болбос ичиркентип, итиркейин да келтирет, моокумун да кандырат. Илмең-илмең тыбыраган шыйрактардын арасынан тээ алыскы тоо кырындагы мала кызыл мунарыкта кызгылтым аттар зымырап, аттардын жонунда жаш балдардын күн карамадай тегерек баштары кызарган бойдон көзгө илешпей соксоңдоп бараткансыйт. Жок, ал тегерек неме күн карама да, балдардын башы да эмес, тек жаңы эле кырга тоголонуп чыккан кызыл күн экен. Күн азыр эле салкын көлөкөгө басылып турган ой-кырга жайдары күлө багып, зор жипчелердей жылт-жылт эткен узун кирпиктерин мээримдүү чачыратат. Сууланган илмигий шыйрактар жылтырап, жаш беделер күн нуруна кызарыңкы тартып, көз жашындай мөлтүрөгөн шүүдүрүмдөрүн жаркыратып, алтын буусуна чайкалгандай балкый түшөт…

Мен эртели-кеч жолдон өтүп калам. Чоңоюп эле калган Жолборс мени алыстан таанып, мага карай серең-серең жүгүрөт. Мен аттан түшүп, жолдун чекесиндеги арыктын жашыл ыраң кырына, кашкар талдын салкын саясына отура кетем, Жолборстун келишин күтөм.

Жайдын толукшуган маалы. Күн төбөдө өрттөнүп, жерге ысык илебин бүркөт. Арыкта бир кулак суу көңүл жоошута шылдырайт, жаныман жалбыздын коюу жыты буркурап аңкыйт. Жолдун наркы четине алда кандай чыгып калган кодура күн карама калдайган себетин асманга каратып, сапсары гүлдөрүнөн шире соруп ызылдаган

www.bizdin.kg



аарыларды таназар албай, жалындай күн шоолаларын жаны жыргап шимирет. Маңдайкы аптап куйкалаган боз адырдын кырында ысыган аба закымданып, майда аарылар уйгу-туйгу учуп жаткандай жыбыр-жыбыр этет.

Аңгыча болбой жаныма акактап Жолборс жетип келет. Кызыл тилин салаңдатып, куйругун булак-булак ойнотуп, акылдуу көздөрүн жайнатып, түз эле тиземе жармаша кетет. Мен аны апаптагандай ээк алдынан кармалап эркелетем, жонунан сылагылайм, кулагынын түбүн кашылап кытыгылайм. Анан мен андан мээрим менен сурап калам: «Ал-жайың кандай, Жолборсум?» Күчүктүн жайнап турган көздөрү капыстан өчүңкү тарта түшөт. «Акыбалым кыйын, баары мага кас, баары мени ызалайт!» – деп арыз-муң айтат а көздөр. «А Сарыбашчы, а кандай бала?» –деп коём мен. Жолборстун муңайым көздөрү дароо күлмүң этет: «Жакшы бала, а болбосо шорум аябай кайнамак экен». Мен ага дагы суроо берем: «Билесиңби, көп кишилер эмнеге сени жаман көрөт?» Күчүктүн көздөрү кайрадан маңыроо тартат: «Билбейм, эмнегедир баары эле мени жектейт го». Мен анын көздөрүнө тике карап туруп олуттуу кеп салам: «Сен билбесең, мен билем. Сен башка күчүктөргө окшош эмессиң. А көпчүлүк башкалардан айырмаланып, аларга окшобой тургандарды адатта жакшы көрбөйт. Сен көпчүлүккө капа болбо, алар ар кандай нерсенин сыртын көрүп гана бүтүм чыгара берет, анын данегин, маңызын, ички касиеттерин көрө албайт». Күчүктүн көздөрү коюлуп, ойго туна түшөт. «Алар сенин маңдайыңа кадаланып карашпайт, – деп кебими улантам. – Ошенткен кыраакы киши эле сенин ички дасмияңды даана көрмөк: көздөрүңдө итке ыраа көрбөс акыл бар, баш териңде азыр айкын көрүнө элек айбат бар, кебетеңде көмүскө бир жамал бар». Күчүк уялгандай жер карап, ыңгайсыздангандай кайсалактап калат. Анын ошондогу кейпи: «Койсоңчу, кантип эле мен байкуш ошондой болоюн?» – деп айтып тургансыйт. «Жо-жо-жок, апыртпай эле чынын айтам, – дейм мен. – Ишенип кой, сенде кайбар ит болчу белгилердин баары бар. Бат эле көркүң чыгат, бүткүл айбатың таасын көрүнөт. Далай азаматтык кылып, эл оозуна алынасың. Башыңа сыймык конот, атагың алыс кетет». Күчүктүн куйругу кубанычтуу булактап, көздөрү анча ишене бербей жалдырайт: «Чын эле ошондой болобу?» Мен тарс эле кесе айтам: «Дал ошондой болот! Сен азыр кордук көргөнүңө кайгырба, анын да пайдасы бар: сени ошо кордуктар өжөр-өлөрман, кайраттуу, бышык кылат. Билип кой, эрке өскөн балдардан деле, күчүктөрдөн деле кыйындар чыкпайт. Баарына чыда, азаматым, атаман болосуң!» Жолборс кудуңдап сүйүнүп, сүйүнгөнүнө чыдабай так секирип ойнойт. Ал булактаган куйругу, жайнаган көздөрү, жалпы эле үтүрөйгөн кебете-кешпири менен: «Ыракмат, ыракмат!» – деп

www.bizdin.kg


шыйпаңдайт. «Эчтеме эмес, мен чынды чындай, болорун болордой айтканды жакшы көрөм», – деп ордуман козголуп турам.

Карапайым кыргыз, эгер ал ышкылуу мерген болбосо, демейде ит жаныбарды кор тутат, бапестеп бага албайт. Мал сойсо, канын, арам жерин, сөөк-саагын таштап берет, калган убакта карандай жугундуга гана каратып коёт. Анан дайыма чала тоют жүргөн ит аргасыз жер шимшилеп, ыпылас бирдемелер жейт, сасыган тарпка кыныгат, дүмбүл кемиргенге өчүгөт. «Чай бергенге май берген» жоомарт эл ит бакканга келгенде ушундай сараң, ушундай кайдыгер. Биздин Раис деле ит күтүш жагынан көпчүлүктөн айырмаланган жок. Ошол себептен кайран Жолборс көп убак чала тоют калат. Анын үстүнө Жолборс иттин пакизасы чыкпадыбы: жугунду ичпейт, ыпылас неме жебейт, какыр-чикирдин арасын шимшилебейт. Ал эми эртели-кеч үйдөн жеген загыра нан жумуруна жук болбойт,

Бирок Жолборс кезерген бойдон эле тим жүрө берген жок. Кара курсактын кайгысы аны бейпайга салып, кеч күздө үйдүн төш жагындагы токойчого айдап барды. Аерден ал өзү күтпөгөн жем-тамактын кенчин тапты. Токойчонун салкын күүгүмүнө адеп киргенде эле ар кошкон коюу жыттардан башы эңги-деңги боло түштү. Кайсы жыт эмненики экенин айра албай, тек напси козголуп, шилекейи акты. Бир аңкыган таттуу жытты ээрчип барып, жапайы алчанын жерге төгүлүп додолонгон мөмө-чөмөсүнө туш келди. Кыстаган напси чыдатпай, додо алчанын үстүнөн бир сапар «ап» деди. Чайнап көрсө, алчанын майда сөөктөрү морт, эзилген илээшчек эттери кыйгыл таттуу экен. Алкы ачыла түшкөн ит алчадан лак-лак тиштеп, аптыгып-аптыгып сугунду.

Тойгуча жеген соң бирөөдөн коругансып алчанын жанына жатып эс алды. Көп өтпөй жаңы эле кампайткан курсагы ачышып, өзөк тарттыра ачка кылып, итти кайра жер шимшилетти. Ал жерге түшкөн эки-үч жаңгак таап, катуу кабыгын карс сындыра чайнады, майлуу-ширин маңызын сөөктөрү менен кошо чайнап-чайнап, ыраканттана жутуп ийди. Бат эле жаңгак чагып жегендин кыныгын алып, сары сойгок чөп арасынан нымда жатып борсуган жаңгактарды таап жеп, аябай маза кылды. Курсагы тойгондо гана каны катып суусаганын билди. Шимшилеп жүрүп бир жетим булактын чөйчөктөй көзүн таап, чаңкаганын кандырды; чөп-чар аралаш алча баты жабышкан мурду-башын тазалап, карды менен көңүлү ток үйгө түшүп келди.

Ошол күндөн тартып, Жолборс эртең менен үйдөн буюрган шыбагасын шам-шум этип эле төштөгү токойчого желип-жортуп барчу болду. Шагынан күбүлгөн мөмө-чөмөлөрдүн ар кошкон жыттарын алыстан айра таанып, айрыкча жаңгак таап жегенге көбүрөөк кызыкчу болду. Бирок күн өткөн сайын күбүлгөн алма-алчалар жегенге

www.bizdin.kg



жарабай, жаңгактар да тумшугуна көп урунбай, иттин жок жерден табылган ырыскысынан береке кача баштады.

Бир күнү Жолборс чирий баштаган чөп, жалбырак, мөмө-жемиштин жыттары кыйгыл-мундуу көңкүп турган токойдо адатынча жер шимшилеп баратып, капыстан кандайдыр бир өзү билбеген жандуу неменин коңурсук жытын алды. Бейтааныш жыт анын канын кызытып жиберди! Ошо замат кулагы тикчийип, алдыңкы бир буту өзүнөн өзү көтөрүлүп, денеси муштумдай түйүлүп, селейген бойдон туруп калды. Алиги коңурсуган бейтааныш жыт улам жакындап, жакындаган сайын Жолборстун делебеси козголуп, тула боюн майда калтырак аралады. Байкоостон чөп арасы шытырап, алдынан жөрмөлөгөн бирдеме апыл-тапыл чыга калганда, ит селт этип чочуп, түйүлгөн денеси жазыла түштү. Өмүрүнө коркунуч туулганын туюк туйган тиги неме жан-алы калбай тыбырап, чөп-чарга чалынып, «чый-чый» этип далбасалап, качам деп томурандады. Жолборс турган жеринен кантип атып кеткенин өзү байкабай, эки-үч аттап эле тиги келемишти шап баса калды; жаны кашайып чыйылдаган бечараны колдору менен будамалап, бурдай тиштеди. Курч тиштер ар кайсы жерин «тыз-тыз» эттирип денесине киргенде, келемиш тыбырап чыйылдады, тыбыраганда жумшак жүндөрү иттин таңдайын кытыгылап сайгылады, «чый-чый» эткен заар чыңырык менен таңдай кытыгылаган жүндөр Жолборстун итиркейин келтирди, бирок ошо замат оозуна тил куйкалаган ысык кан жайылып, көздөрү караңгылашып, жаны магдырай түштү.

Жолборс талаадан таап жеген кандуу эттин даамын ушунтип билди. Эми ага загыра нан менен жаңгак топурак даамданып калды. Эстеген сайын оозуна келемиштин жумшак этинин таттуу даамы келет, мурдунан ысык кандын буруксуган жыты кетпейт. Күндө токойчого чагып барат да, кара тумшугун былкылдатып келемиш жытын искейт, ширп алдырбай абайлап басып, чоң үмүт менен жер шимшилейт. Кээде гана тумшук батар-батпас тар ийиндерден келемиштин билинер-билинбес жыты жаңгак жытына аралаш аңкып калат, ошондо Жолборстун оозуна келемиш этинин мазалуу даамы толо түшөт. Ит тумшугу менен түрткүлөп, алдыңкы буттар менен апчылап ийин каза баштайт. Жан-алына карабай жер тырмалап, тырмактары канаганча тырбалаңдап, шалдырап шайы оогуча көшөрүп казат, бирок жарытылуу арбытып үңүй албайт. Ийин казган иттин иши эмес экен, анчейин бир кур далбаса экен. Ушуну түкшүмөл сезип туйганда, Жолборс таманы чокко күйгөндөй тыбырап, заманасы куурулгандай кыңшылап, уңулдап улуп да иет.

Жолборс келемиштен жолу болбой жүрүп, акыры дагы бир жаңы кумарга кабылды. Ошо күнү биринчи кар жаап, эми эле басылган эле.

www.bizdin.kg



Чала тоют Жолборс басса мамыктай жумшак сезилип, бутун үшүткөн ак карга таң калып, демейкисинче токойду шимшилеп жүрдү. Бир кезде кар баскан караган дүпкүрүнөн кардын салкын жытынан айырмалуу коңур жыт бур дей түштү. Жолборстун тула бою өзүнөн өзү түйүлө калды. Жыт болсо напси козгоп ашкере таттуу бурулдап турду! Ит токтоно албай, жыт чыккан жакка бет алды, дүпкүрдөн бирдеме булт этип, серең-серең качып жөнөдү. Алдастай түшкөн ит бир аз буйдалып, анан коёндун артынан кууду. Денеси эркинен тышкары чыйралып, буттары ала качып, атүгүл абалап үрүп алганын да өзү билген жок, тек аны кандайдыр бир сыйкырдуу күч чымын-куюн чуркатып баратты, көздөрүнө коёндун серең-серең эткенинен башка эчтеме көрүнгөн жок. Бирок коён бат эле көзгө илешпей, кайдадыр житип кетти. Жолборс күч менен дагы кыйлага адырандап барып, коёндун жытын жоготту, көзүнө эчтеме чалдыктыра албай, кар жытынан башканы сезбей калды. Канга толгон көздөрүн кызартып, жогдор жүндөрүн үрпөйтүп, тилин кере карыш саландатып, көпкө чейин жаалы тарабай буулугуп кыңшылады.

Жолборстун канында уктаган аңчылык ышкысы ушундайча ойгонду. Арийне, бир ойгонгон ышкы оңой менен кайра тынч албайт эмеспи. Жолборс күн сайын керээли-кечке ар кайсы жерден коёндорду үркүтүп серeңдете кубалай берип бир күнү бир коёнду кармап жеди. Ошо жеген эт аны аңчылыкка ого бетер ышкыдар кылды. Бир сапар карда көчүгү томурайып жаткан кекиликти басып жеп, ошондон кийин кекилик ууга көбүрөөк кунт койду. Нары сак, нары күлүк коёнду кубалагандан көрө баёо кекилик басып жеген оңой экен.

Биринчи жааган кар эрип, жер кайра карарып, анан капыстан суу карлап жаап ийди. Кекилик дал ушундайда болот эмеспи. Кекиликтер турган жеринен топ-тобу менен түштүккө карай тумандап учуп жөнөштү. Бирок алар бат эле сууланган канаттарын көтөрүп уча албай, карда араң басып калышты. Ошо күнү Жолборс эки кекилик басып жеп, чечекейин чеч кылды. Кийин ачык күндөрдө деле кар менен жөө өрдөп качкан кекиликтерди кубалап көрдү. Кээде гана бирди-жарым жармачын жебесе, көп учурда кекиликтин баарын тоонун кырынан ашыра кууп, үйгө кур ооз келип жүрдү. Анын ошо келгендеги түрүн көрүп ал: өзү өлгүдөй чаалыккан, көздөрү канталап кызарган, желке-жон жүндөрү бубактанган, сууланып батташкан курсак-каптал жүндөрү музга айланып шакмарланган. Кыймылдап койсо эле шакмарлар бири-бирине урунуп, тили үзүлгөн майда коңгуроолордой күңүрт үн чыгарып шыгырайт.

Эгер аңчылык ышкысы ойгонбосо, Жолборс, ким билет, башка айыл иттериндей эле борпоң, илээнди болуп тим калат беле? Ким билет, ким билет... Кантсе да ошол ышкысы аны карапайым иттерге

www.bizdin.kg



окшотпой, өмүрүн мазмундуу, өзүн чыйрак-тың кылды; кайрат-эркин курчутуп, туюмдарына назик жана сезимтал касиет берди. Бирок кыш бою керээли-кечке талаада жүрсө да, Жолборсто жолбун иттин кыял-кейпи пайда болгон жок.

* * *

Кыштак чөйрөсүндө калың кар кетип, качкан кыштын элеси тээ тоо баштарында гана бүлбүлдөп, кайрадан көгөрүп жаз келди. Жыл айланып, Жолборс да бир жашка толду. Анын ошондогу келбетин көрүп ал: бүткөн бою сом темирден уютуп жасагандай чулу, көкүрөгү дагдагай, курсагынын чандыр жагы кынжыйып ичине тартыңкы, буттары нары узун, нары москоол. Айтор, килейген бир сымбаттуу дөбөт. А башы болсо калдайып чоң, арстандыкындай апсайыңкы. Желкесиндеги эки түп катуу жалы бар жогдору да арстандыкына окшош. Кокус алдыңан карп-курп чыга калса, айбаты арстандан кем эмес. «Атаңдын көрү, өмүрүмдө бир катуу жаңылыпмын, – деп арман кылып калам. – Ка-ап, атын Арстан койбой, бекер Жолборс койгон экемин!»

Ал эми кээде иттин сөөлөтүн маашырлана карап туруп: «Мунун анча-мынча арстандан чалымы бар го, я?!» – деп да кетем. Арстандан чалгашмасы бары, албетте, шек санатат, бирок анда ар кыл иттердин насилинен бары күмөнсүз. Менин болжолумда, анын заадиси түрктүн койчуман апчаркесининин, өзүбүздүн эле тайгандын, карапайым короочу иттин, анан дагы бир мага белгисиз бир ит тукумунун канынан куралса керек. «Курама темир курч болот», – дейт го эл макалы. Жолборс да, балким, ар кошкон кандын аралашмасынан бүтүп, ошондой асылзат жаралгандыр? Ким билет, же аны карапайым эле короочу канчык кокустан ушундай мыкты тууп койгондур?

Эмнеси болсо да, Жолборс ит аттуунун бир сырттаны туулуп калган экен. Адамдын оюн айттырбай билген зиректигин айт! Ажалдан кайра тартпас баатырлыгын айт! Баарынан да көздөн далдаа нерселерди айныбай таамай көргөн, ар кандай кырсыкты күн мурунтан сезе билген кыраакылыгын айт!

Жолборс ошо жылы жайында жакынкы күндөрү табиятта бир кырсык болорун алдын ала туюп, жаны жай таппай кайра-кайра кыңшылап, маал-маалы менен улуп ийип, эки күн аябай беймаза болду. Ал эми үйдөгү кишилер эчтеме сезип-туйбай беймарал; кырсык жакындап калганы бирөөнүн да капарында жок. Жолборс ээлеринин ошонусуна күйүп-бышып кыңшылады, жаны кашайгандан улуп-уңшуп жиберди. Ошондо үйдөн бирөө чуркап чыгып, сөгүнүп-

www.bizdin.kg



сагынганча итти уруп кубалады. Кырсык келерине аз-аз калганын катуу сезген ит жаны чыгып бараткандай улуп-уңшуду. Ошентсе деле үйдөн эч ким чыккан жок. Жолборстун таманы чок баскандай тызылдап, заманасы куурулду. Кырсык болсо улам жакындап келе берди. Жолборс эми чыдай алган жок, көкүрөгү менен каалганы түртүп ачып, үйгө килеңдеп кирип барды. Үйдөгүлөр үрпөйүп чочуп кетти, кичинекей кыздар корккондон кыйкырып ийишти, кимдир бирөө «кет!» деп ачуулуу бакырды. Ит алардын баарын элес албай, канталаган көздөрүн алактатып, күтпөгөн жерден текчеге секирди да, Раистин калпагын тиштей качты. Үйдө отургандардын баары чуркурап ийишип, бир дем менен өйдө болушуп, жөөлөшүп эшикке атып чыгышты. Дал ошо кезде кайдандыр бир күңүрт дүңгүрөгөн дүбүрт келип, аны менен кошо бак-дарактар силкинип, тамдардан качыр-кучур, калдырт-кулдурт, шаңгыр-шуңгур, күпө-күп деген табыштар чыгып, жер титиреп кетти.

Ырас, ошондо жер кыйла эле күчтүү титиресе да, анча көп зыян келтирген жок. Кишиден деле, малдан деле чыгаша чыккан жок. Тек терезелердин айнектери талкаланып, тамдардын дубалдарынан жарака кетип, анча-мынчаларынын гана шыптары оюлуп түштү. Ошо шыбы түшкөн үйлөрдүн бири Раистики болду. Шыптын так ортосу тешилип, куду үй-бүлөсү менен чогуу отурган жердин үстүнө лап кулаптыр...

Жай чилдеде Раиса каным өлүм төшөгүнө жатып калды. Жолборстун көңүлүнө кайра да кабатырлык аралап кирип, тынчын кетирип, мазасын ала баштады. Кыйла күнгө чейин эмнегедир кулагына уу-чуу каңырыштап, көздөрүнө жаман бирдемелер караңдап, өзүнчө эле бук болуп жүрдү. Барган сайын буулукканы күчөп, көкүрөгүнө дүмөктүү бүдөмүк сезимдер толуп, эртели-кеч уңулдап улугусу келе берди. Жакын арада бир жамандык болорун айбандык керээти менен түкшүмөл туюп, бирок кандай жамандык экенин айкын биле албай, купуя күйгүлтүк тартты. Чөптөр куурай баштаганда гана Жолборс раистин куттуу үйүнө кара кийимчен кайгы каптап кирээрин таасын билди. Көңүлү сыздап ачышып, жаны жай таппай чебеленди. Жакшы көргөн кишисинин табытта жатканын, үй ичинин чуркурап ыйлаганын, адам күйүтүнүн кара-кочкул өңү-түсүн көргөндөн заарканды. Эмне кыларын билбей мукурап, үйдөн алысыраак барып уңулдап улуп алды да, артын карабай качып берди. Ошондо Раиса канымдын үзүлөрүнө бир жума калган эле.

Жолборс Күндү-Жаңынын токоюна качып барып, аерде кайгы тартып каңгырап жүрдү. Жетинчи күнү таң атканча жаман түштөр көрүп чыгып, таңга маал сагызгандын шакылыктаганынан селт чочуп ойгонду. Кулагы катуу чуулдап, ичинде бирдеме лук-лук

www.bizdin.kg



ооругансып кетти. Жолборс жаткан жеринен атып туруп, алапайын таппай кайсаңдап, улуп ийчүдөй асманга карады. Сүрүп келаткан таңдын илебинен көк кыйыры саал агарыңкы тартып, жыбыраган жылдыздар сепкили кадыресе суюлуп, тек гана бирин-серин калгандары терилип өчүп атыптыр. Аңгыча болбой бүлбүлдөгөн жылдыздардын бирөө тамчыдай куюлуп, бийик тоо кырынан ары тамгандай болду. Эмнегедир Жолборстун жүрөгү шуу этип, үрөйү учуп, каңырыгы түтөй түштү. Чыдай албай ачуу үнү менен улуп-уңшуп жиберди. Ошо ченде Раиса канымдын жылдыздай жанган көздөрү түбөлүк жумулган эле.

Жолборс а күнү керээли-кечке, эртеси бешимге чейин жаңгактын калың көлөкөсүн сыйынттап жатты. Бешим оогондо ордунан козголуп туруп, өйдө карай бет алды. Кырга чыга берип токтоду да, тумшугунун карасын былкылдатып, түбүнөн кусалыгы кайнаган көздөрү менен төмөн жакка карады. Кыштактын үстүн көгөрүңкү дакидей жука мунарык чалып, мунарык арасынан өндүргө тартипсиз салынган тамдар үтүрөйүп көрүндү. Бу кырдан түзгө карай түшкөн кыя жолдо далыларын капалуу үңкүйткөн атчандар кыркаар тартып ылдыйлап баратты. Берегирээк жакта чөбү такырайта орулган көрүстөн-дөбө жыш дөмпөйгөн эски мүрзөлөрү менен, андан-мындан сербейген дарактары менен, сынынан кетип кыйрайган беш-алты кабыры менен азалуу дүмпүйүп турду. Ошо көрүстөн-дөбөнүн тескей боорунан Жолборстун көзүнө дароо жаңы мүрзө чалынды. Мүрзөнү көргөндө эле ит кыңылдап ийип, төмөн карай салды. Дөбөнүн этегине жетип, кайра бир аз өйдөлөп чыгып, жаңы мүрзөнүн жанына шүмүрөйүп басып келди. Жаңы казылган турпактын, кыйылган чөп тамырларынын, теринин аралаш жыттары мурдуна бур урду. Мууну бошоп, тула бою шалдырап, төрт буту бирдей бүгүлө түштү. Шалк жата калып, мүрзө дөбөчөсүнүн четине башын койду. Көкүрөгү дирт-дирт этип, көздөрүнөн мончок-мончок жаш агып кетти. Аккан жаштары ак топурак кесектерине кара чекит болуп кадалып жатты.

Жолборс а түнү мүрзө башында күтүп, эртеси шашкеде үйүнө келди. Анын келгенин элден мурун раистин тун уулу Түмөн көрдү. Көрөр замат кабагы карыш салынып, ачуусу бетине түктүйүп чыкты. Анткен себеби, раистин тун уулу үй башына калайман түшөрүн билип качканы үчүн Жолборсту жек көрүп калган эле. Бу кайгы-азалуу күндөрү Түмөн өзүн кандуу салгылашта катуу жараланып жаткан жоокердей сезип, а ынак досу Жолборсту болсо өзү ошентип жатканда таштай качкан шеригиндей санап кектеп жүргөн эле. Качкан итинин кайтып келгенин көргөндө көкүрөгүнөн кектүү сезимдер көтөрүлүп, тамагына тиреле түштү. Көзүнөн чаары чыгып, жаак

www.bizdin.kg



эттери бүлөө жондонуп түйүлдү. Кекенген баланын баамына иттин жүдөмүш түрү, кайгылуу кыяпаты, астыртан айыптуу караганы да байкалган жок. Тек көз алдында жек көрүмчү ит шүмүрөйүп турду. «Оо, дайиз Жолборс!! – деп ызырынды ал. – Сен дезертир экенсиң, эми дезертир катары жаза тартышың керек!»

Аңгыча болбой Түмөндү үйдөн атасы табыш салып чакырып калды. Бир жакка шашылыш жумшады белем, Түмөн ичкертен түнөрүңкү чыгып, Жолборско жаман көзү менен үлүрөйө карап койду. Анан шыпылдай баскан бойдон жогорку айыл тарапка кетти. Кеткен жагынан бешим ченде келип, келери менен Жолборстун курсагын кампайтты. Анан эки кулачтай ичкерээк жип менен итти мойнунан байлады да, жетелеп жөнөдү. Чоң жолго чыкканда ылдый карай салды. Өспүрүм бала менен жетеленген иттин буттары жолдун калың чаңына бурт-бурт батып, байкалар-байкалбас тозоң ызгытып, узунду-кыска мөөр басып баратты.

Кыштактын чатына чыга бергенде Түмөндүн кулагына суунун шары чалынды. Ал итин жетелеген бойдон таш жолдон түз өтүп, Жазынын сайына түштү. Сайдагы токойдон дарак жалбырактарынын, өлөң чөптүн, кумдак сыз топурактын жыты менен салкыны бетке урду. Түмөн токой аралай кеткен бир таман жол менен бат эле жээкке жетип барды. Алдынан көлдөй көйкөлгөн чакан суу мейкини шаңк ачыла берди. Жазы дайрасынын жайылып жай аккан, көлмөлөнүп мелмилдеген, иримденип көгөргөн жайык жери да, терең жер да ушул эле.

Суу жакалай соройгон сыпай жыгачтарынын бирине кичинекей кайык байлануу экен, жылжып аккан сууда жайма-жай термелип туруптур. Түмөн итин жетелеп кайыктын тушуна басып келди. Таштардын арасынан коондой чоң сүйрү ташты тандап алды. Кайыкты чынжырынан тартып жээке жакындатты да, ичине ошол ташты коомай ыргытты. Таш кайыктын түбүнө дүп этип тийип, андагы суу чалчыгын чалп дедире чачыратты. Жамандыктан бейкапар Жолборс шилтеп койсо эле өзү кайыкка секирип түштү. Түмөн батинкечен суу кечип кирди, кайыкты катуу түртүп, кырына жармашты. Тырмышып чыга бергенде кайык оодарыла жаздап барып кайра түзөлдү. Түмөн кайыктын бурчундагы туура жыгачка ыңгайлана көчүк басып, жалгыз калак менен шарпылдатып суу шилей баштады. Кайык жылжыган агымдын ыгы менен көлмөлөнгөн көк жайыктын ортосун карай жайбаракат жыла берди.

Жолборс кайыктын орто ченинде беймарал чочоюп отурду. Былкылдаган кара тумшугу менен көк кашка суунун салкын жытын искеп, бет маңдайындагы кубулуштарга сонуркай карады. Мелмилдеген суу күзгүсү кыйгач түшүп чагылышкан шоолалардан жылт-

www.bizdin.kg



жылт жылдызданып, асмандагы булайган аппак булуттун сөөлөттүү сүрөтүн кучагына катып, көгөргөн тереңинде аруулап чайкап-жууп атты. Өйүздөгү тармал токойдун жашылына жашынган күкүк кимдир бирөөнүн жашын санай муңканып, кайчы канат чабалекейлер кашат үстүндө зып-зып учуп оюн салып жүрдү. Тээ алыскы кызгылтым мунарык арасынан күндүн алтын алкагы чоктой кызарып, көк мелжиген тоо кырына чукул эңкейлеп баратты. Көркке тунган керемет дүйнө Жолборстун көзүнө бир башкача ажайып көрүнүп, көңүлүн элжиретип, жашоо кумарын экилентип ийди.

Капылестен алиги коондой таш сууга чулп этип, ташка чырмалган жип кайыктын кыры ылдый сойлоду. Ошо замат Жолборстун мойнундагы сыйыртмак сыдырылып, желкесине катуу өтүп, башын эңкейте тартып жиберди. Ит дароо жамандыктан шек алып, кежигесин кержең эттире кетенчиктеди, жаны көзүнө көрүнүп, алдыңкы буттары менен кайыктын капталын чирене тепти; ичинде өлүм коркунучу тыбырчылап, сууга сойлогон жипти апчый тиштеди. Жипке байланган таш ылдый тартып, жан талашкан Жолборс тескери тартып, кайык калт-култ чайпалып кетти. Түмөн алдастай түшүп, иттин арткы буттарына жармашты. Жолборс өлө-тала кайыкка тырмышып, жипти кырча тиштейм деп карышты. Түмөн ала салдырам деп иттин арткы буттарын көтөрө койду; Жолборс бар күчү менен туйлап-туйлап ийди; калт-култ этип турган кайык опоң-чычаң мөңкүп барып оодарылды. Жолборс тоңкочук атып сууга чаначтай чабылды. Кулап баратып апчый тиштеген жибин кырча тиштеп салганга үлгүрүп калды.

Түмөн сууга башы менен сайылып, ошо замат суу жутуп, чакап кетти. Буттарын тыбыратып, колдорун тарбаңдатып, өйдө карай атылды. Башы суудан сороң этип, абадан аптыга жутуп алды. Карайлаган көзүнө кайык чалынып, ага карай далбасалап бой урду. Суудан күч менен суурулуп, колдорун созо жайып, көмкөрүлгөн кайыктын үстүн чапчыды. Кайыктын сырты самындын алкындысындай экен, колдору жылмышып тайгылды; кайык үркүп кеткендей шарт нары качты; Түмөн суу кулачтай жыгылып, сууга көмүлө түшүп, кайра атып чыкты. Атып чыкканда аптыккан алкымынан суу бүркүлүп, алактаган көздөрүнө батар күндүн жаркырак нурлары чабылып тийди. Түмөн кол-буттарын арбаң-тарбаң иштетип, солкулдак денесин ийреңдетип, өлө-тала сүзө баштады. Бирок көйнөгү этине жабышып, батинкеси буттарын оорлотуп, шалбыраган шымы төмөн тартып, башбалдак атканга кадыресе каргаша кылды. Антсе да Түмөн тырбалаңдап чабак ургансып атты. Жакын эле жээк алыс көрүнүп кылактап көзүнөн учту. Көп өтпөй акактап чарчап, шалдайып шайы ооп, кол-буттары араң кыймылдап калды.

www.bizdin.kg



Ал-аңгыча колдору карышып, буттарынын тарамышы түйүлдү. Бирөө бутунан ылдый тарткансып, башын суу көмө жаап, акылын «өлдүм!» деген ой тепчип өттү. Думукканы кыстагандан аптыгып, оозу-мурду менен суу жутуп алып, көңүлү караңгылай түштү. Атып чыгам деп тырбаңдап, кайра-кайра аптыгып, үстөккө-босток суу жута берди. Акыры күчүн үрөй суудан башын чыгарып, булдурап бир бакырып алды. Суута кайра чумуп, деми чыкпай тумчугуп, жан далбасага да алы келбей, эстен танып баратты... Эң соңку бүдөмүк туйганы бул болду: кимдир бирөө мүрүсүнөн капшыра кармап, өйдө карай тарткылап аткансыды.

* * *

Жолборс эси оогон Түмөндү сайроонго сүйрөп чыгып, анан жээкке карай тарта берди. Өңү кара көк тарткан Түмөн абадан билинер-билинбес дем алып, акырын-акырын тириле баштады. Башы жээктин кумуна сүрүлүп тийгенде көздөрүн аңтара ачып, эс-мас акылы менен аман калганын билди. «Өлбөй калдым!» деген ой дем-күч берип ийди белем, ал башын өйдө кылып, жөрмөлөй тура калып, жээк кумуна темтеңдей кадам койду. Ошол замат көөнү айланып, оозу-мурдунан суу атып кетип, кайра эсинен танып, кумга көмкөрөсүнөн жыгылды. Бир саамда эсине келип, башын күч менен көтөрүп, чыпталышкан көздөрүн зордоп ачты. Так маңдайынан шөмтүрөй суу болуп, тыбырчылай кыңшылап, көздөрүнө жаш алып турган Жолборсту көрдү. Иттин мойнундагы сыйыртмагы шалкы салбырап, жонунун сууланган жылмакай жүндөрү батып бараткан күн нурунан өрт чалгандай жалындап күйүп турган экен. Түмөндүн тирилгенин көрөрү менен Жолборс бир катуу силкинип, чалкасынан кетчүдөй так секирип, оозун аңырайта ачты да, куду каткырып жибергендей кубанычтуу арсылдап үрдү. Алсырап жаткан Түмөндүн акыл-эсин кечиккен өкүнүч өрттөдү: «Эх, мен акмак болбосом, ушул асылзат итти да сууга чөгөрөм деп алдас урамбы?!» Бир чети уялгандан бети чымырап, бир чети жетине албай ичи элжиреп, маңдайы менен кум сүздү да, бышаңдап ыйлап ийди...

* * *

А жылы кыш бороон-чапкындап эрте келип, кар оңбогондой оор түштү. Жолборс былтыркыдай эле аңчылык кумарына азгырылып, көкүрөгү менен калың кар жиреп, курсак-капталдарын

www.bizdin.kg



шакмарлатып, кекилик, чил, коён уулап жүрдү. Бир жолу кекилик этине лыкыя тоюп, анан жаңы кармаган бирин эмне кыларын билбей үйгө тиштеп келди. Буга раистин балдары так секирип кубанышып, үйдү үч көтөрө кыйкырышып, көрүнгөнгө мактанып сүйүнчүлөштү. Ошондон көп өтпөй талаадан араңжанбы же өзү эле өлүп калганбы, айтор, бир түлкүнү басып, аны да үйгө тиштеп келди. Буга бүт айыл аң-таң калып дуулдады. Ошону менен кыштак калкынын арасында Жолборстун баркы дароо көтөрүлө түштү. Анан кыш чилдеде кылган бир азаматтыгынан кийин иттин зоболосу тим эле асмандап көкөлөдү. Ал азаматтыгын Жолборс Жоро шайтандын тамынын аркасында жасады.

* * *

Адатта өлгөн кишинин артынан жаман айтпайт эмеспи. Бирок өлгөндөн эле кишинин тирүүсүндөгү баасы, жүргөн-турганы, кылган-эткени жакшырып кетпейт го. Өлүү болобу, тирүү болобу – деги адамдын ким экенин так өзүндөй кылып айткандан өтөрү жок. Эгер ыраматылык Жоро шайтандын жайын айтсак, ал жарытып деле жарык дүйнөнүн көркүн чыгарган эмес. Өлөр-өлгүчө жамаатка кандайдыр бир пайдалуу иш кылганын мен билбейт экемин. Куурай башын сындырбаган жалкоо эле, өз көмөчүнө күл тарткандан башканы билбеген өзүмчүл эле. Жалгыз башына ошо жаман касиеттери аз келгенсип анын аржаңдаган ажыкыздыгычы! Куудулданып сүйлөйм деп далбаса кылчу, бирок сөздү эбине келтирип сүйлөй албай, тузу жок аштай даамсыз бирдеме кылып салчу. Кээде мага да тийишип калар эле, мен чукугандай тапкан эки-үч ооз сөз менен анын жаагын жап басып, кынына киргизип койчумун. Баарынан да анын коёндой корккотугучу! Жайчылыкта мактанып отурса, дегеле андан баатыр киши жок. Качырганын камандай кайсаган көк жал тим эле, көк жал! Ал эми эрдик түгүл, жөн эле эркектик сыналчу жерге келгенде...

Кыш чилдеси кирген буурадай зиркилдеп, темир аяз чыкылдап, тышта катуу суук. Очойтуп оор жаап салган кар айсыз караңгы түндү байкалар-байкалбас буурулдантып, ыркыраган шамал тамдын камыш чатырын дүмөктүү шуулдатып турду. Кеч киргенден бери көңүлү коолдоп өзүнчө эле коркуп отурган Жоро шайтан төшөгүнө жатты. Уңулдап улуп аткан неме мору же карышкыр экенин ажырата албай, уңулдаган сайын эси чыгып, жууркандын бекем чүмкөнүп алды. Бир маалда короосунда бирдеме дүп-дүп басып жүргөнсүп кетти. Корккон Жоро шайтан калтыраган үнү менен: «Бу эмне, я?» – деп аялына жууркандын ичинен күңк этти. «Сенин эшегиң да, –

www.bizdin.kg



деди аялы уйкусурай эстене берип. – Байлап чөп салып кой десем, бая кашайып эле болбой койбодуңбу». Жоро шайтан жуурkандан башын чыгарбай: «Жаркынай, байлап келе калчы, – деп жалынычтуу суранды. – Чөп издеп тентип, суукта кайыгып өлбөсүн». Уйкусураган аялы тилин албай, жумшайын десе катуу уктап калган уулу да ойгонбой, Жоро шайтандын айласы куруду.

Акыры ал сөгүнүп-сагынып, тамагын катуу-катуу кырынып араң ордунан турду, асма панарын жандырып, ошо панарына эш байлап, куру кайрат менен каалгасын карс эттире ачты. Босогодон эшикке аттай берсе, маңдайында бир караан туруптур. Көзү өчөйүн деген чоктой күңүрт кызыл, өзү ит сүрөттүү, кулагы тик. Ошо замат Жоро шайтандын акыл-эсин «карышкыр!!» деген сөз чагылгандай жарып өттү, жүрөгү шуу дей түшүп, бүткөн бою дүркүрөп, жаны оозуна тыгылды, колуна кармаган асма панарын жерге түшүрүп ийди, качайын десе буту тушалып, кыйкырайын десе доошу чыкпай, үрөйү учкан бойдон селейди.

Бир кыйлада гана Жоро шайтан анча-мынча эсине келип, далбасалап артына качты. Калтырак кармаган буттары босогого чалынып, өзү көмкөрөсүнөн жыгылды, кайра турганга да шайы келбей, өлүпталып жөрмөлөй төшөгүнө жетти. Жуурканга эптеп кирер замат белинен бек кучактай аялына жармашты. Уйкусураган аялы чочуп ойгонуп, эри жакка оодарылайын десе, Жоро шайтан коё бербей, ачкенедей жабышып алыптыр. Жаркынай катуу булкуна бошонуп, ачуулуу сурады: «Капырай, сага эмне болду деги, жин тийдиби?» Жоро шайтанда тил жок, тула бою калч-калч, тиштери шака-шак. Коркуп кеткен Жаркынай жуурканды шарт серпип, эринин үстүнө эңкейе калды да, кайра башка бир чапкандай артына жалт берди... Көрсө, Жоро шайтаның түшкүр коркkондон дамбалына таштап койгон экен.

* * *

Жоро шайтандын жүрөгүн түшүргөн карышкыр эки күндөн бери кезерип ачка эле. Талаадан такыр жолу болбой, кишилер уялаган «үңкүрлөрдүн» арасын бир жойлоп көрөйүн дегенчелик кылып кыштак ичине кирип келген. Эми эле четки «үңкүрдүн» алдына жетип, шиштигий тумшугу менен жыт искеп, ар кошкон коюу жыттардын кайсынысы эмнеңики экенин биле албай, арасаат абалда шүмүрөйүп турган. Ошентип турса, балакет басып, койдун мүлжүгөн баш сөөгүндөй жарык көтөргөн бирөө «үңкүрдөн» шоп чыга калбаспы! Карышкыр селт чочуп, тиги неме колундагысы менен уруп иеби деп

www.bizdin.kg



коркуп кетти, коркконунан чычаңы бүлкүлдөп, жон жүндөрү тикчийип, төрт аягы байланып, жалт берип кача албай калды. Аңгыча болбой тиги киши жарыгын жерге түшүрүп, бир саамга турган жеринде делдейе катып, анан алдастап ичкери качты. Карышкыр көлөкөдөй дабышсыз жортуп, келген жагына жүрүп берди. Тиги ичкери кире качкан неме соройгон темир таягын көтөрүп чыгып, дагы тарса-турс да жарка-журк эттирбесин деп чочулады. Ал ошо тарс этменин сырын жакшы биле турган, бир жолку жортуулунда жамбашына ок жеген.

Карышкыр төштөгү жаңгактын түбүнө барды. Кардын үстүнө шыбырт чыгарбай коомайланып жатып, азыр эле өзү таштай качкан «үңкүрдүн» оозун акмалай баштады. Баягы киши кайра чыгат деп көпкө зарыгып күттү, чыкса эле көрүнбөй жылт койгонго камданып жатты. Бирок күткөнү эмнегедир чыккан жок. Карышкыр өзүнүн айбандык аңы менен тиги кире качкандын корккону түшүндү да, ичинен карышкырча табалап күлдү.

Ал алиги өзү козгоп койгон кишиникинен четтеп өтүп, чыйыр жолго салды. Кишилер сыйынт кылган үңкүрлөр тараптан жыттардын чалды-куйду аралашкан агымы бурулдайт, жолдон болсо адамдын, төрт түлүк малдын, эскирген кайыштын өчүңкү истери билинер-билинбес аңкыйт. Карышкыр кашынан чыккан дагы бир киши үңкүрүн жандап өтүп, анын жанындагы мал-сал уялачу үңкүргө акырын шүмөң-шүмөң басып жетти. Сак кулагы бышкырынган, күшүлдөгөн, күрт-күрт чайнаган табыштарды таасын эшитти, сезимтал тумшугу чыланын кычкыл жытына аралаш кой, уй, жылкынын бири-биринен айырмалуу жыттарын искеди. Ынак жыттардан ачка немени башы саал эңги-деңги боло түшүп, анан оозуна шилекейи толуп, канкорлук жаалы чымырап козголду. Бир тешик тапканы мал үңкүрүн чарк айлана шимшилеп баратса, жытын алып калды белем, ичкеридеги мал бирдеме туйгандай дүпүрөй түштү. Карышкыр бир тешикке тосулган туташ жазы жыгачтарды (ал эшик эле) тумшугу менен түртсө ачылган жок, үстүрөөктө карарган томпок бирдемесин шалдырт эттирип гана тим болду. Ал оңтойлоно калып, эшикти күчүнүн барынча омуроолой түрткүлөдү, эшик кыйч-кыйч этип, баягы томпок карасын дагы шалдырттатты, ичкеридегилер катуу дүрбөп, жылкы окуранып жиберди. Мукураган карышкыр бийикке секирип, эшиктин бетин тытырата аймай кайра сыйгаланды. Мал үңкүрүн дагы айланып, бийиктеги көзөнөккө да секирип-секирип жетпей койду. Айласы жедеп куруганда дубалдын бетин тырмап-тырмап, итчесинен кыңшылап да ийди.

Бул «үңкүргө» киргенден күдөр үзүп, шырп чыгарбай кийинки үйгө бет алды. Жакындап барганда иттин коңурсуган тааныш

www.bizdin.kg



жыты мурдуна бур этти. Карышкыр аны ажылдаткысы келбей там аркасына көлөкөдөй жылт берди. Бирок ит да анын жытын алып, күпкөсүнөн үрүп чыкты. Карышкыр калп эле качымыш болсо, ит эрдемсий абалап артынан адыраңдады. Карышкыр тишин шак-шак эттирип койду. Ит куйругун чатына кысып жалт берди да, корккон доошу менен обочорооктон айгай сала баштады. Аңгыча кайдан-жайдан арсылдап үргөн иттер чогулуп, чоочун конокту тегеректей калып, бирок качырып тийгенге бирөө да даабай, абалап уу-чуу көтөрүштү. Карышкыр ушу арсылдаган арсыздарга кыжыры кайнап, тиштерин шакылдаткан боюнча төшкө карай жортту.

Төш таяна бергенде капыстан баягы тааныш неме тарс жарылды. Карышкыр коркконунан түксүгүй жон жүндөрүн жапырып, карга лып жата калды, үрөйү учкандан кулагына эчтеме угулбай, денеси ымыр-чымыр муздап, баягыда ок тийген жери ысый түшкөнсүп лук-лук тартты. Тарс эткен дабыштын жаңырыгы алда кайда кеткенде гана карышкырдын кулагына жанагыдан бетер ажылдаган үндөр кайра шак этти. Ал тула боюн кыймылдатып көрүп, эч жерине ок тийбегенин билди, шарт секирип туруп, чыңк өйдө карай түйүлүп чуркады.

Карышкыр дөбөнүн чокусуна чыгып, күйүккөнүн басканча кар жалап жатты. Кар жегенден өзөгү ого бетер үзө тартып, жанын кыйнады. Тарс эткен немеден эси чыккан шордуу кайра ылдыйлап баргандан заарканып турду. Барбайын десе, кардын соруп ачыштырган ачкалык кыстады. Кандай кыларын билбей арсарсып жатса, көзүнө эмнегедир жанагы үңкүргө кире качкан коркок киши караңдай түштү. «А коркок качкан бойдон кайра чыккан жок, анын тарс этмеси жок окшойт, – деди карышкыр айбанча акылында. – Абалап үргөн ити да жоктой көрүндү эле». Ал дагы бир азга эки анжыланып туруп, анан тобокелге салып төмөн карай шумүңдөдү. Акыры мылтыктан бүлкүлдөп коркконун кезерген ачка напсиси жеңди.

Карышкыр Жоро шайтандын малканасынан дагы да малдын кумарлуу жытын алып, ага кирем деп баягыдай эле аракеттер жасады. Анысынан эчтеме чыкпай, ошого ичи күйүп, үңүлдөп улуп ийгиси келди. Бирок каерде турганын эстей коюп, жаны кашайып жаалдангандан өңгөчүн ыркырата тартып малкананы айлана жортту. Бурчтан чыга бергенде мурдуна эшектин жыты бур урунду. Ошо замат бастырмада бош турган эшек жалт үркүп, үрккөн бойдон сай жакка салды. Эшек төрт аягын тыбыратып жан-алы калбай качты, карышкыр артынан жеткенде ал аңгырай айкырып, көткү буттарын сыраңдата мөңкүп жиберди. Карышкыр жалт берип, эшекке капшыттан чагылгандай атылып бир тийди, устарадай тиштерин чандыр ченге матырып, шарт үзүп кетти.

www.bizdin.kg



Эшек бар доошу менен кулак тундура бир ачуу айкырып алып, жан далбастап алдыга ынтылды, бирок анча узай алган жок. Ичегилери чубалар замат көздөрү караңгылап, темтеңдей түштү. Карышкыр эшекти жыгылганга жеткирбей алкымдан карыштыра тиштеп, төрт аягын сырайтты.

Ач карышкыр ысык эттен жулкуп-жулкуп жей баштады, жаны чыкса деле эшектин денеси диртилдеп атканын да элес алган жок, жулкуй тиштеп, чайнап-чайнабай, аптыгып-аптыгып сугуна берди. Курсагы кампайып, жегени өзөгүнө түшүп, бир саам эндиреп туруп калды да, анан эттен көзү өткөн неме кайра апчый тиштеди. Чайнап көрсө, эшектин эти жыгачтай катуу, даамсыз, коңурсук сезилди. Жоро шайтандын эшеги карыган, арык, жону толо жоор эле. Карышкыр коңур жыттуу кой этинин ширин даамын эстеди, ошондо оозундагы эт тим эле кардан да жаман даамданып кетти. Айыл толгон төрт түлүк малдан ырысына ушу даамсыз чарым эттүү, тирүүсүндө эле сүрсүп калган эшек туш келгенине кыжырланды. Же жоктон көрө жогору көрүп сүйрөп кетейин десе, эшектин локуйган өлүгүнө алы жетчүдөй эмес. Карышкыр буга да ачууланды, ачуусуна чыдабай жаалдана ыркырап, эшектин чандырынан дагы жулкуп алды, тиштерине ылжырак ичегилер урунду, ал ошо ичегилерди чубап, каардуу кекенич менен тартып сүйрөдү, сай талдарга чалды-куйду ороп, ошого табасын кандырып жатты.

Карышкыр ичеги чубап обу жок оюн салып атса, арс-арс үргөн иттер ар кайсы тараптан бириндеп жетип келди. Ары жок шалпаң кулактар же качырып тиш салышпайт, же куйрук кысып тим болушпайт, карагүчкө сес көрсөтө ажылдашып кыжырга тийгенден башкага жарашпайт. Ар бир иттин алын үргөнүнөн эле байкап, карышкыр бирин да тооткон жок, иттин баары өзүнөн калтаарып турганын сезип, ошого ичинен саал эрдемсий түштү. Дал ошол кезде абалаган дооштогро күп-күп эткен айбаттуу бир доош кошулду. Ал жаңы доош килейген даңгыттыкы экенин карышкыр дароо баамдай койду. Ал-аңгыча болбой кандайдыр бир күч капталына күп тийип, карышкыр капыстан көмөлөнүп кетти.

Жолборс өзү тоголото койгон карышкырды лап басып, алкымына тиш салмак болду, карышкыр ошенте койдурбай тиштерин шак эттирип, иттин кулагын тиштеди. Кулагы тыз эткенде Жолборс башын катуу чулгуп жиберди, кулагын тишке айра тилдирип, шарт сууруп алды. Карышкыр лып тура калып, эми Жолборсту желке ченден кабыштыра тиштеди, оозуна иттин куду эки түп жалдуу жери туш келип, катуу жалдар карышкырдын жумшак таңдайына тикендей сайылды. Жолборс эти ооруганга чыдабай каңшылап ийди, таңдайы ооруганда карышкыр да тиштеген жерин бошотту. Жаны ачышкан

www.bizdin.kg


Жолборс карышкырды каптал туштан бир бурдап өттү, чала тиштеп калып, бир тутам жүнүн териси менен кошо жулуп алды.

Жолборстун айбатын көргөн берки иттерге да чочугандай кайрат кирди, алар карышкырга жабыла тап берип калды. Иттердин кур дымагы Жолборсту эрдемсинтип жиберди, ал дагы күүлөнүп барып карышкырды көмөлөттү, ошо замат аны чап үстүнөн басып, көк желкесине тиштерин матырып, бар күчү менен булкуп-булкуп алды. Карышкырдын жоон кан тамыры кыйылып, ысык каны дир-дир атып кетти. Жолборстун оозуна кан толо түштү. Карышкыр мойнун толгоп, тиштерин шак-шак эттирди. Жалкып калган Жолборс куйругун кыпчып артына жалт берди.

Жаралуу карышкыр желкесинен канын чууртуп ордунан обдулду, жаалынын күчү менен гана чапчаң ыргып турду, саал теңселе түшүп, бар кудуретин үрөй ыркырап Жолборсту карай качырды. Жолборс дагы мант берип, карышкырга кайра илбирстей атып тийди. Карышкыр кыйраң дей түштү. Жолборс аны оңолто койбой ыркырап баса калды, куду кекиртек ченден бурдай тиштеди, курч тиштери карышкырдын этине батып кетти. Карышкыр бошоном деп катуу булкунду, турам деп туйлай-туйлай мөңкүдү, ошентип атып итти үстүнөн чала серпип салды, көчүк жагы менен тыбырчылай өйдө туруп, кетенчиктей чиренип тартылды, бирок тиштер кычкачтай кармаган тамагы кыйкылдап муунуп кетти, акыркы деми менен ыркырайын десе, ыркырабай эле жөткүрүп жиберди, жөткүргөндө кандын шор даамы оозуна толуп, көзү караңгылап, кайра шалк кулады.

Жолборс кекиртектеген бойдон карышкырдын үстүнөн өмгөктөп жатты. Үрпөйгөн желке жүндөрү кайра жапырылбай айрылган кулагы менен тиш кирген кежигесинен кан шүүшүндөп агып турду. Карышкыр жан далбастап дирт-дирт этсе, Жолборс анын кекиртегин дагы бекемдеп тиштеди. Карышкыр анан тишин дагы бир алсыз шак эттирип, көткү бутун бир катуу серпип корулдап алды да, түйүлгөн денесин шалк жазып жиберди.

Жолборс бир аздан кийин гана карышып калган жаактарын араң ачып, кекиртектен тишин сууруп алды, бирок карышкырдын үстүнөн түшкөн жок, былк этсе кайра шап тиштегенге даяр турду. Карышкыр болсо кыймыл эткен жок, тек тулку-бою гана билинер-билинбес диртилдеп, коюуланган каны желкеси менен кекиртегинен сарыгып агып жатты. Капыстан Жолборс да шалдая түшүп, өзүнүн аябай чарчаганын, кулагы менен кежигесинин сыздап ооруганын, кандын буруксуган жытын, иттердин абалаган үндөрүн туйду, карышкырдын жылуу денеси акырын муздап баратканын капталы менен сезе баштады. Ал ошондо деле карышкырдын чын-

www.bizdin.kg



дап өлгөнүнө ишенген жок, өзү мындай жылса эле басып жатканы тура калчудай сыяктанды. Кан аябай чачыраган жүндөрүн бубактатып, Жолборс ошо жаткан калыбында таң аткыча жата берди. Эртең менен эрте сууга келген кыз-келиндер итти ошол абалында көрүштү.

* * *

Элет жеринде мындай окуя чанда эле болот. Жолборстун бул эрдиги кыштак арасына чагылгандай тез тарады. Анын кабары карыжашты дароо элеп-желеп кылып, баарын тынч ордунан козгоду. Карышкырдын өлүгүн көргөнү элден мурун эдиреңдеп балдар чуркады, артынан чоң кишилер жөөсү жөөдөй, атчаны атчандай, учкашканы учкашкандай убап-чубады. Чалдар да эшектерин кыдыңдатып элден калган жок, кээ бир ээнбаш кемпирлер да эшекчен чалдарына учкашып алды.

Түп көтөрө чыккан эл кыштактын аяк-быягынан Жоро шайтан тамынын тушундагы сайга агылып келе берди. Келгендер сүр учурган бул көрүнүшкө кабылды: ит буттары кыйма-чийме малтаган, карышкыр менен ит алышкан жерлери сүрүлүп тамтыгы чыккан, ар кайсы жери кан чачырап кызарткан чамбылала кар; үстүңкү капталын кызыл гөш кылып, жара тартылган чандырын оңурайтып, ичегилерин сай талдарга оролтуп тырайган эшек; тиштери арсайып, желке-жон жүндөрү канга батташып катып, зыңкыйып тоңуп калган карышкыр. Эл бат эле жыйылып, карышкыр менен эшек жаткан жерди тегеректеп жарданып карап турду. Кийин келгендер ошо кызыкты көргөнү карап тургандарды жөөлөп, түртүш-кагыш да чыгарып ийишти. Баары тең таңыркаңып, көз алдыларындагы көрүнүштү бири-биринен талаша кеп кылып бака-шака түштү.

Башта барк албай, атүгүл күчүк чагында кордоп жүргөндөр асмандан бүгүн эле түшө калышкансып Жолборсту көргөнгө ашыкты. Бир тобу сүрүлүп раистикине барды. Алар карышкырга катылган кайбар итти жаңыча көз менен тим эле укмуш карашып, керемет көргөндөй маашырканып кайтышты. Чогулуп келгендер Жолборстун сөлөкөтүн мактап, айбатына тамшанып, кайрат-кажарын көтөрө чалып бакылдашкан бойдон топ-тобу менен тарай башташты.

Эл суюлуп, эки жигит карышкырдын терисин шымалана сыйрып кирди. Дал ошол кезде аярлай басып Жоро шайтан келди. Ал түн бою чүмкөнгөн жуурканында бүлкүлдөп коркуп жатып, таңга жуук гана уйкуга кирген эле. Уйкудан кеч ойгонуп, тыштан элдин уу-дуусун туюп, төшөгүнөн туруп келгени ушул. Карышкырдын

www.bizdin.kg



өлүгүн көргөндө бүткөн бою дагы дүр этип, тизелери калтырап кетти. Бирок эч кимге сыр бербей, эки жагын алаң-алаң каранып, четирээк туруп калды. Тырайган эшегин көрүп, адегенде унчуккан жок. Карышкыр териси сыйрылып бүткөндө Жоро шайтан капылес кыйкырып коё берди. «Кайран эшек, кайран эшек!» – деп карышкырга карай дугдуңдады. «Жеген ушу сенсиңби, төлөп бер эшегими!» – деп карышкырдын башын тепкиледи. «Эшегимдин кунуна алам, бери бергиле!» – деп эки жигит керип-чоюп аткан терини жулуп алды. Эч ким талашпаса деле өкүрүп-бакырып, ошо бойдон терини үйүнө сүйрөй качты.

Жоро шайтан эки-үч күндөн кийин карышкырдын ошо терисин канжыгасына байланып Өзгөнгө барыптыр, жолду ката жолуккандарга өзүм чаап алдым деп мактаныптыр, ошо менен эле жөн калбай, терини райондук мергенчилер коомуна тапшырып, аерде да элге мактанып айтканын айтып, акчалай сыйлык өндүрүп алыптыр...

Жоро шайтандын бу кылыгын мен кийин мергенчилердин райондук жыйынына барып укпадымбы. Баса, ал жыйында кызык-кызык сөздөр козголуп, аягында карышкырга каршы күрөш маселеси каралды. Кар токтобос Ак-Башат кыштоосунда бөрүлөр аябай күч алып, койго көп зыян келтириптир; кээде жайылган койго күпкүндүз эле катылып, түнүн короолордун тынчын алып, деги чабандардын көңүлүнө көк таштай тийиптир. Карышкырдан жүдөгөн чабандар бир жардам сурап райондук чоңдорго кайрылыптыр, чоңдор болсо мага окшогон адис мергендерди ушу жыйынга чакырыптыр. Жыйынга келген мергендер баарыбыз чабандарды ажаттан чыгарабыз деп бир ооздон бүтүм кылдык. Ак-Башатка чогулуп барчу күндү болжоштук, курал-жарактан башка ит ээрчите барганга да макулдаштык.

* * *

Мергенчилер алты короо кой кыштаган кар токтобос Ак-Башат өрөөнүнө болжошкон күнү кечинде барышты. Баары күпчүйүп тончон, жондорунда – кош ооз, белдеринде – окчонтой, канжыгаларында – салбыраган жип-шуу, бөктөрүнгөндөрү – ором-ором кызыл чүпүрөк, ээрчиткендери – бөрүбасар иттер менен бакыбат тайгандар. Жоро шайтандын Жаныбек аттуу кыйыр жээни беш итти кошмоктоп барыптыр. Ал өзү өйүзгү Доңуз-Тоо кыштагынан экен, ит-тайган бакканга кумарпоздон бетер ышкылуу экен.

Мен ээсинен сурап алып, атайы төрт күн табына келтирген Жолборсту ээрчите бардым. Раистин итин ошо сапар чогулган тандама бөрүбасарлар менен тайгандарга салыштырып көрдүм. Алардын арасында келбет-бой

www.bizdin.kg



жагынан да, күч-кубат жагынан да, айбат-сүр жагынан да биздин итке барабары жоктой. Мен ичимен кымылдап, көз айырганга алым келбей Жолборско сук артып турдум да, анан «көз тиет» деген эл ырымын эстей коюп, «түү-түү» деп түкүргөнчө терс карап кеттим.

Эртеңки карышкыр ууда баарына баш-көз болгонго мергенчилер мени шайлашты. Мен койчулардан бөрүлөрдүн жөн-жайын, жүргөн-турганын, сыйынт жерин сураштырдым. Көрсө, кашабаңдар түндөсү жойлоп, күндүзү карагай токойду сыйынт кылат экен. Мен ошол эле замат кыштоодон беш-алты чакырымдай алыс токойго өзүм жалгыз атчан барып, анын аяк-быягын чалгындап келдим. Түндөсү эртеңки ууну кандайча жүргүзүш жайын ойлоп көпкө уктабай жаттым.

Мен мергенчилер менен койчуларды таң куланөөк салганда ойготуп, адегенде эле алтоону карышкыр айдаганга атчан жумшадым. Алар карагай токойду наркы жагынан айланып өтүп, мен белги бергенде бөрүлөрдү үркүтүп бери сүрмөк болду. Калгандарын токойду берки четинен кендир жип менен айландыра курчап, жиптерге кызыл чүпүрөктөр илмей ишине чектедим. Номер алган ар бир мергенчиге акыркы акыл-кеңешими бердим. Сүйлөбөй, жөтөлбөй, чылым чекпей, шырп алдырбай мышыкча аяр басып барып, берки жумуштарды да дал ошондой тартип менен бүткөрүү жагын баарына тең катуу эскерттим. Ээнбаштыкка эч кандай жол берилбей турганын, бардык иш мен дегендей, менин белгим боюнча жасаларын да кайта-кайта айттым. Беймаал үрүп шойкон салбасын деп иттердин тумшугун бекем кемээчтетип салдым. Бышкырбасын деп аттардын жаактарын чылбыр менен чырматтым, дүбүрт чыгарбасын деп туяктарына кабаттай-кабаттай оротуп чүпүрөк байлаттым. Аттар менен иттерди бир аздан соң артыбыздан балдар тымызын алып бармай болду.

Токойдун айдоочулар келчү жагы гана ачык калып, берки жактары алысыраактан эле жип менен тегерете курчалды, жиптерге самсаалатып кызыл чүпүрөктөр илинди. Мергенчилер мен айткан жерлерде дым чыгарбай өңүп жатып калды. Карышкыр айдаганы кеткен атчандар тиги кырдын ар кайсы жеринде таш эстеликтердей селейип катып турду. Аттар менен иттер да балдардын коштоосунда бери жакындап келатты. Тек токойдун ичтен зааркангандай күңүрт күңгүрөнгөнү болбосо, теребелде бир саамга чыйралган жымжырттык өкүм сүрдү.

Токойдон четирээкте бир жалгыз карагай бар экен, мен эски снайперлик өнөрүмү эстеп, мылтыгымды асынган бойдон анын башына чыгып бардым. Белимдеги чоң кызыл чүпүрөктү чечип мылтыктын учуна сайдым да, кырдагы атчандар көрсүн деп өйдө көтөрдүм. Атчандар а белгини көргөндө, мен «баштагыла» дегенчелик кылып көтөргөн мылтыкты төмөн жыктым.

www.bizdin.kg



Кырдагы атчандар турган жерлеринен эле ылдый салды. Кажырлуу аттар тоңголок кара жер менен бат эле жайык коктудагы токойго түшүп келди. Ошондо айдоочулардын бирөө тарс атып жиберди. Болор-болбос күңгүрөнүп турган жымжырттык ташка тийген айнектей быркырады. Токой селт чочуп кеткендей дүмөктүү жаңырык чыгарды. Анан удаама-удаа ок атылып, октордун жаңырыгын кыйкырык-өкүрүк, добулбас дүңкүлдөгү, дагы башка дабыштар коштоду. Куштардын баары ызы-чуу салып көккө көтөрүлүп, асман карара түштү.

Токойду барабанга айлантып дүңгүрөткөн тарса-турс, дүңкө-дүңк, кыйкырык-сүрөөн, чуру-чуу улам берилеп келе берди. Байлалуу аттар тула боюн дирт-дирт эттирип титиреп турду. Кемээчтелген иттер думуга кыңшылап, чынжырларын шалдырттата тыбырчылап жиберди. Мен ошондо карагайдын ача бутагынан мергенчилерге: «Иттердин оозун бошоткула!» – деп белги кылдым. Асман-жердеги каңгыр-шаңгыр менен ызы-чуууга дароо иттердин абалап үргөндөрү кошул-ташыл болду. Дал ошол маалда Жоро шайтандын жээни Жаныбек ойдо жок иш баштап, бир итин токойду карай агытты. Мен убадага бош ээнбаш немени ашатып сөгүп: «Оо жинди, итиңи кайра чакыр!» – деп бакырдым. Жаныбек анымы укмамышка салды, ити болсо арсылдап үргөн бойдон токойго кирип кетти.

Ал-аңгыча айдоочулар берилеп, карагай токойдун ар кайсы жеринен үч карышкыр шоп чыга калды. Алар токойдон атып чыкты да, илинген чүпүрөктөр менен жулунуп үргөн иттерди көрүп жалтайлай түштү. Мен белги бергиче болбой кимдир бирөө тарс атып ийди. Анан туш-туштан октор тарс-тарс этти. Бир атылган ок ортодогу карышкырды дароо башы менен жер сайгызды. Ок чала тийгени кайра токойду карай салганда, мен мелжеп туруп атып калдым, кыйралаңдап бараткан карышкыр оңкосунан кетти. Үчүнчү карышкырды атып ийсем, токойдун өйдөңкү четинен Жаныбектин жанагы агыткан ити шүмүрөңдөп качып чыкты да, ээсин көздөй энтеңдеди. Ага удаалаш эле дагы бир килейген карышкыр көрүнүп, качкан иттин артынан Жаныбекке карай арыш керди. Алактаган Жаныбек апыл-тапыл ок чыгарып, капыстан өзүнүн итин «каңк» дегизе атып алды. Жаны кашайган карышкыр атылган октон да, илинүү кызыл чүпүрөктөн да, мылтыкчан тизелеп отурган Жаныбектен да жалтанган жок, өлөрүнө карабай атырылып баратты. Таякесин айныбай тарткан экен, Жоро шайтандын жээни мылтыгын таштай бакырып качты, үч ити кошо кетти. Карышкыр көз ачып-жумганча ошол үч итке аралашып, анан бат эле Жаныбектен да озуп алдыга чыкты. Мен качкан карышкырды атканы камынып, бирок кокус Жаныбекти же анын бир итин атып аламбы деп чочуладым. Аңгыча болбой мерген-

www.bizdin.kg



чилер бөрүбасар иттерин коё берди. Иттер карышкырдын артынан түшкөндө, мен Жолборсту жулкунтуп араң кармап турган жигитке кыйкырдым: «Агыт! Коё бер! Каргысын чыгар!» Жолборс иттердин эң артында куугунга кетти.

Карышкыр кары жок боор менен капталдай качты. Артынан арсылдап үргөн иттер адегенде тобу менен чогуу баратып, көп узабай эле узунунан созула түштү. Жолборс ошо чубалып чуркаган топ итке бат эле жетип, бирден-бирден артка таштай берди. Анан анын алдында чуркап бараткан эки гана ит калды. Жолборс эки итке мына-мына жетейин дегенде, карышкыр кокту менен жогору карай салды. Кашабаң эми жанагыдай бир кулач жерди бир аттап чуркабай, москоол шыйрактарын шып-шык маштырып, өлүп-талып өйдө качты. Иттер да анын артынан калбай баратты.

Чычкыланган мергенчилер менен койчулар мага карашкан жок, жапырт аттарына минишип, айкырык салган бойдон капталдай чаап жөнөштү. Мен да карагайдан шыпырылып түшүп, каңтарылуу туйлап турган Керкашкама энтеңдеп жетип бардым. Атка шап ыргып минип, ээр кашка асылуу турнабайды алып, көздөрүмө туштап кармадым.

Тигине, кокту өрдөй жорткон карышкыр жапыз тоонун кырына чыгып, ошо кыр менен олжоң-олжоң жүгүрүп калды. Жолборс алдындагы эки итти куду кырга чыга берерде кууп жетти. Кырга чыгаары менен үч ит тең карышкырдын артынан атырылды. Жолборс бир кулач жандуу өрткө айланып, кырда көзгө илешпей жалбырт-жалбырт чимирилип, берки эки итти узатпай басып өттү. Ал бара-бара карышкырга жакындап, бир ит кыйла эле артта калып, экинчиси Жолборско куйрук улаш баратты. Аңгыча болбой карышкыр тоонун аркы бетине ооп, дароо көз учуман жылт тайды, артынан Жолборс менен ага куйрук улаш бараткан дөбөт да далдаага жашырынды. Карышкыр кууган үч ит караандатпай кетсе деле салпайып артта калган баягы топ ит кокту өрдөй чубалып баратты. Мергенчилер менен койчулар аттарын жан-алы калбай теминип, кардуу жол менен тоо таяна берди.

Мен катуулай бастырып, кырга чыга бергенде эле төмөн жактан иттердин арсылдап үргөнү, аттардын бышкырганы, кишилердин бак-бак эткени кулагыма шак урунду. Карай салсам, калың кар баскан наркы коктунун таманында бир топ атчан боз үйдүн ордундай жерди тегеректей үймөлөктөп туруптур. Арасында жөөлөрү да бар. Кишилерден четтерээк турган иттер чочулаган дооштору менен куру айбатка арс-арс үрүп атыптыр. «Эмне болуп кетти? Карышкыр кана? Жолборс кана? Куугандан жолу болду бекен? Же мертинип калдыбы?» Башымда ушундай ойлор чагылгандай жарк-журк этип,

www.bizdin.kg



мен атымы теминдим. Керкашкам боордон жыландай сойлоп түзгө түшкөндө үч-төрт атчан мага карай чапты. Эң алдында жетип келгени: «Сүйүнчү, абаке, сүйүнчү, Жолборсуң ишке жарады!» – деп кыйкырды. Менин жүрөгүм ойноктоп, көңүлүм чалкып кетти. Бирок анымы тышыман билдиргеним жок, текирең-таскак менен бараткан атымын башын да тартканым жок, тек карагүчкө тоңдоосун-жай үн чыгарып: «Болсун, баатыр, болсун!» – дедим да, чөнтөгүмөн кызыл он сомдукту сууруп бердим. «Акесин таанытыптыр! Кокосун жулуп алыптыр! Башын тим эле былчырата чайнаптыр!» – деди энтиккен экинчи атчан көздөрүн чачыратып. Үчүнчү атчан мени жандай лок-лок бастырып, салабаттуу сүйлөдү: «Оо, Жолборсуң чын эле жолборс экен! Мен өз көзүм менен көрүп калбадымбы, карышкырга тээтиги бетте жетип кармашты. Адегенде экөө алышкан иттерче тик тура калышып, кайра жыгылышты. Жолборс карышкырды ошондо кекиртектен алды көрүнөт. Анан экөө бири-бирин улам оодара серпип, бири үстүнө чыкса, бири астында калып ылдый тоголонушту. Карышкырды тап жылдырбай баскан итиңе ыракмат, иттин сырттанын баккан сага ыракмат, сендей уулду тапкан ата-энеңе ыракмат!»

Көмүскө тапталып жүргөн сай күлүктөр жумурай журтка чоң жыйындардын дүңгүрөгөн ат чабышында таанылат. Кайбар иттердин даңазасы болсо кайберен ууда же карышкыр куугунда чыгат. Жолборстун кадыр-баркын да ошо карышкыр куугун көкөлөтө көтөрүп жиберди. Ууга катышкан мергенчилер анын көк жалдыгын тамшана кеп кылып, сөөлөтүнө сук артып, ашкере маашыркanып калышты. Менин ичим жыйрылып, кызганычым козголо түштү.

* * *

Куу тулаңга койгон өрт дароо дүрт этип күйүп, бир заматта теребелге жайылып кетет эмеспи. Жолборстун кабары да мергенчилердин аркасы менен куу тулаң өрттөнгөндөй эле тез тарады. Чынга апыртма кошулуп, мактоого мактоо жалганып, кабылан иттин шоораты дубанга дүң түшүрдү. Далай киши аны көрсөк деп сыртынан самап, тим эле көрүп коймокко атайын алыстан арзып келгендер да болду. Ал эми ит кадырын жакшы билген уучулар, асыресе алардын аша чапкан кумарлануулары биздин кыштакка көп имерчиктей баштады. Көрсө, алардын итти сатып алсак деген ниети бар экен. Ошо ниеттери билинер замат раис катуу ачууланып, келген мергенчини эле ашата сөгүп кубалап, Жолборстун жанына жакын жолотпой койду. Бирок жакшы ит дегенде жанын сатканга даяр немелер кагып-сөгүп кубалаганга болчу беле. Эми алар

www.bizdin.kg



раистикине барганга даабай, түн караңгыда жалгыз-жалгыздан уурданып келип, менин тынчымы кетире баштады. Иттин баасы заматта эскиче беш миңден он миңге чаап чыкты. Мергенчилер ортого түшүп бер деп айламы куруткандынан бир күнү раистикине кирип бардым. Далдалчылык кылып келгеними угар замат раис мага туктумалдан каптаган бороон-чапкындай эле бир тийди. Ачуусу аздыр-көптүр кайра жанганда гана жайыраак сүйлөдү: «Деги сен кыргыз баласынын ит сатканын кайдан көрдүң эле? Эмне, мени ит сатар деп элге-журтка шылдың кылгың барбы?» Раистикинен өлбөгөн төрт шыйрагымы сүйрөп араң чыктым да, мени далдалчы кылып жиберген Жаныбекти тилдеген бойдон айдап ийдим. Анан Жолборско кардал түшүп келген мергенди эле көз ачырбай шатырата сөгүп, аттан түшүрбөй артына кайыра бердим.

Жазга маал мергенчилердин жаңы жапырыгы башталды. Балакеттин баарын чыгарган баягы эле Жаныбек болду. Ит бакканга ышкылуу неме бир күнү эле меникине эки канчыгын ээрчитип кирип келди. «Жолборстон тукум алып калышым керек!» – деди бапырандап. Көрсө, эргулуң Жолборсту сатып алгандан түңүлсө да, андай кайбар иттин ээси болгондон күдөр үзбөптүр. Ал сай жакта эки күн катары канчыктарын Жолборско жолуктуруп, дегеле чечекейи чеч болуп сүйүнүп кетти. Жаныбек тааныш-билиштеринин баарына тапкан амалын мактанып айткан белем, көп өтпөй канчыгы барлары барын жетелеп, жоктору кайдан-жайдан канчык таап, айтор, ит ээрчиткен мергендер эле менин үйүмө келип түшүп жатты. Алар сай жакта канчыктарын Жолборс менен жолуктурушуп, ошенткенге үлгүрбөй калгандары меникине түнөп, эртеси канчыктарын сайга жетелеп барып жүрдү. Жолборстон тукум алып калсак дегенде баарынын көзү төрт. Анткен менен даңгыттын камын ойлогон эч кимиси жок. Жолборс беш-алты күндө эле шапайып арыктай түштү. Мергенчилердин бир сындырым нан таштабай Жолборсту күч-кубаттан тайдыра бергени ачуума аябай тийди. Он күнгө жетпей дөбөттүн сүлдөрү эле калды. Ыргалган бечарага боорум ачып, аксым мергенчилерге кыжырым кайнап, сайды жаңырта айкырык салдым: «Болду, жаш дөбөттү жарактан чыгарасыңар!» Бакырып-өкүрүп атып канчык ээрчиткендердин аягын араң тыйбадымбы.

* * *

Мен алдан тайган Жолборсту бапестеп багып, кайра күчүнө кирери менен кайберен ууга апарып кийик тиштетейин деп жүрсөм, Жоро шайтан Жолборстун атагы таш жарганга өзүнчө эле күйгүлтүк

www.bizdin.kg



тартып, көңүлүндө жаман ой багып жүрүптүр. Ит жаңы эле оңолуп келатканда бир кысталыш жумуш менен шаарлап кетсем, мен жокто, Жоро шайтан Жолборско өтө жаман бир кыянат жасаптыр.

Эх, ич күйдүлүк! Атам замандан бери адам баласынан өксүбөй, баскан жериңе кара майдай так калтырып, далай эле адам менен жан-жаныбарлардын шоруна чыйкан болуп чыктың го сен! Жоро шайтан да сенин айылыңа байырлаган, ичине бүкүлү таруу айланбаган, атүгүл бирөөнүн морунан коюу түтүн чыкканын көрө албаган бир неме эле бечара.

Жолборстун ыкыбалы көтөрүлгөнү Жоро шайтандын жылдызы жерге түшүп, куйкасы курушуп, күйүтү күчөгөн. Бир чети ич күйдүлүгүнө чыдабай, бир чети раис менен мага эрегишип, базардан бир капкара дөбөт сатып келген. Жаман оюнда ошонусун Жолборско тең келет, атургай ашып түшөт десе керек. Чынында анысы сырты гана бараандуу, заадисинде алабарман, аңгүдүк, коён жүрөк бир ит экен. Пейли-куюна караганда иттин жоро шайтаны дегендей эле бар.

Жоро шайтан менин жогумду билип кара даңгытын Жолборс менен талаштырыптыр, Жолборс ана-мына дегиче болбой тиги дөбөттүн башын жара чайнап, ызага өрттөнгөн Жоро шайтан Жолборсту атчан кубалап, айып кылганын туйган Жолборс жонуна чуу чабылган камчыга чыдап кача бериптир. Камчы как төбөсүн какшатканда гана жаны ачышкан ит каяша кылам деп кайрыла берип, аттын омуроосун чапчый арылдаптыр, ошондо алаңдаган Жоро шайтан итти камчы менен куду көз талаштыра чаап жибериптир. Эртеси сол көзүнүн камчы тийген чечекейи агып түшүп, Жолборс сокурайып калыптыр.

Жолборс сол көзүнүн сокурлугунан жабыркап, жалгыз көзү менен күн көрүп басып жүргөнгө анча көнө албай, түпөйүл тартып көңүлү ачылбай, бечара үч-төрт күн итканасында солуп жатты. Сол көзү туруп-туруп зырпылдап ооруган сайын Жоро шайтан оюна кылт түшө берди, аны эстеген сайын жек көрүү сезими туйлап, байкоостон ыркырап ийип атты. Ошо жек көргөнү көкүрөгүндө көбүрүп-жабырып, шакардай кайнап, акыры кекеничттүү жаалга айланды. Ит жаткан жеринен атып туруп, кас душманынан өч алуу амалын издеп, локулдап ары-бери чуркады. Бир сапар Жоро шайтанды атчанында кубалап, бир сапар жөөсүндө качырып, тек анын денесине тиш матыргандын гана оңтоюн келтире албады.

Жолборстон коркконунан Жоро шайтан үйүнөн башбагып чыга албай, балдарынын күлтүгүнөн пайдаланып калды. Дагы ырысы бар экен, аңгыча болбой райондук «Жипсырыянын» баштыгы Бейшеке Ургазиев ополдомочтук кылып биздин айылга келди. Жоро шайтан

www.bizdin.kg



экөө бөтөлкөлөш дос экен, ал келери менен ошонун үйүнө түшүп, ошондо жатып жүрдү.

Бейшеке Ургазиев ополдомоч болуп келгенине эрдемсип, кыштак жеринде айтылуу айбат-сүрүн ар кандай түргө салып дөгүрсүдү. Жай сүйлөсө эле күп-күп сүйлөп, элеттин баёо кемпир-чалдарынын сесин алды. Коён жүрөк коркокторду тикирейе бир тиктеп эле бүжүрөтө берди. Ыңгайы келе калса эле доңуз айбатын салып бакырып, айылдын баатырсынган эргулдарын кынына кийирип жүрдү. Терс аяктанып тетири баскандардын акесин таанытып, эсин эки кылды. Ажаан иттерди алыстан эле бир карап токтотуп, токтогон жерине кыймылдатпай матап таштап, сүр-айбатынын күчүн бу жагынан да сынап көрдү.

Жоро шайтан ошо сүрдүү досун эш байлап эшик-эликке чыгып, аны менен көчөгө басып калбадыбы. Бир күнү эки дос жолдон беймарал өтүп бараткан экен, Жолборс алыстан эле аларга абалап жөнөдү. Чый-пыйы чыккан Жоро шайтан досунун далдаасына жашынды; досу болсо адыраңдап келаткан итти токтотом деп көздөрүн тикчийтти; чүңүрөкөй көздөрүн чанагынан чыгарчудай чакчайтса да Жолборс токтогон жок; анын «токто!» деп айкырып бакырганын да тоотпой, Жолборс жанына жакындап калды; шаштысы качкан Бейшеке Ургазиев жамбашынан тапанчасын ала коюп атып ийди; ит чапчаң ойт берип, эми Бейшеке Ургазиевдин өзүнө тап берди. Карбаластан пайдаланып Жоро шайтан досун таштай качты; жалгыз калган Бейшеке Ургазиев аяк-быягынан арылдап качырган иттен тапанчасын аткылап коргонду; жаалы чыккан ит тарс-тарс атылган октордон тайсалдаган жок, алдастап аткан октор итке тийбей, огу түгөнгөндө Бейшеке Ургазиев Жолборсту тапанчасы менен бир уруп, өзү артына карабай арбаң-тарбаң качты. Жолборс артынан кууп, көп узатпай жетип, аны куду куйрук ченден чала-чарпыт апчып бир айкыртып алды. Жолборс шымынын көчүк жагындагы айрыгын салпаңдатып качып бараткан Бейшеке Ургазиевди артынан кууган жок. Анын көздөгөнү бу киши эмес эле.

* * *

Жолборс кеч киргенде талаалап жүрүп, күүгүм талаш Жоро шайтандыкына абайлап барды да, ажатканага жакын жерге жашырынып жатып алды. Дагы бирөөнү жаңылыш каап албайын деп ажатканага келгендердин жытын алыстан искеп, дегеле саксынып жатты. Эл жатарга чейин Жоро шайтандын бала-бакырасы ажатканага тынбай каттады, Бейшеке Ургазиев да эки мертебе келип-кетти. Жолборс Жоро шайтандын чыкканын күттү. Бирок Жоро шайтан чыкпай,

www.bizdin.kg



таң куланөөк салгыча акыйтты. Жолборс күтө-күтө зарыгып, зарыккандан уйкуга карамыгып карашалады. Уктап кетпейин деп бала чагынан жакшы учурларын көз алдына элестетип, ошону менен уйкудан алаксып жатып, таңга маал көзү илинип кеткенин өзү байкабай калды. Кыйлага тырп этпей уктап, анан бир чукуранып алып, түш көрө баштады.

Түшүндө алгач күзгү токойду аралап шимшилеп жүрдү, кайра эле жаңы кар менен жан-алы калбай коён кубалап калды, анан кайдан-жайдан Сарыбаш пайда болуп, жаш бедени аралай жүгүрүп кетти. Сарыбаштын чийдей ичке кара шыйрактары көзгө илешпей шибең-шибең алмашып, көк беделер артынан сербең-сербең серпилип, күчүк Жолборс өзү болсо шибеңдеген шыйрактардын артынан калбай баратты. Жаш беделер жан-жагынан чапкылап, шүүдүрүмдүн өзүнө жаба төгүп, тула боюн жагымдуу ичиркентип турду. Ал аңгыча Сарыбаштын илмеңдеген шыйрактары да, сереңдеп серпилген жаш беделер да жоголуп, капыстан тапанча кармаган Жоро шайтан чыга келди. Артынан аттын дүпө-дүп баскан күңүрт дүбүртү угулгансыды, бирок аттын өзү көрүнгөн жок. Жоро шайтан гана тапанчасын мээлей басып келатты. Атынын күңүрт дүбүртү катуулап, өзүнүн басканы да кадыресе туюлуп, тапанчасынын оозу дегеле оңурайып коркунучтуу көрүндү. Жолборс ошо ок бүркүп ийчүдөй оңурайган ооздон заарканып жыйрылды да, ыркырай үн чыгарып ордунан козголду. Жоро шайтан шарт каптал жагынан өтө качкансыды, уйку-соо арасында обдулуп турган Жолборс Жоро шайтанга атып тийди. Курч тиштери менен куду бет ченден апчыганда Жоро шайтан эмес, башка бирөөнүн бакырган үнү кулагына шак этти. Ошо замат Жолборс, көзү умачтай ачылып; артына жалт кулады; жерге төрт аяктай калып карай салса, каап алганы Айдараалы бырыкна экен, Жолборс түшүндө өзүнчө тапанча менен тап берген Жоро шайтанга асылып, өңүндө таң атпай Бейшеке Ургазиевдин атын жетелеп келаткан Айдараалы бырыкнаны каап алды. Дагы жаңылганын билгенде эле уятына чыдабай кыңшылап качып жөнөдү.

Кечинде Бейшеке Ургазиев мени келсин деп чакырткан экен, көп күттүрбөй жетип бардым. Калкоздун кантуруна кирсем, правлениянын мүчөлөрү түгөл жыйылып, баары тең сумсайышып маанайы пас отуруптур. Раистин башы салаңдап, кабак-кашы түнөрүп, көрүнүшү оор айып кылган кишиникиндей. Жалгыз гана Жоро шайтандын өңүндө кудуңдап кубангандын жышааны бар. Айдараалы бырыкна кире бериште дубалга жөлөнүп, башына мусапырчылык түшкөндөй шылкыйыңкы; оозун даки менен кабаттай оротуп таңдырган экен, үстүңкү эрди туштан жайыла берген кан дакини батташтырып катып калыптыр. Төр жакта турган Бейшеке Ургазиев терезени зор тулку-

www.bizdin.kg



су менен далдаалай заңкайып, кара көк тартып кумсарып, түбүнөн кайнаган чүңүрөкөй көздөрүн тикирейтип, кабагынан алай-дүлөй кар жаадырып дегеле сүрдүү.

Бейшеке Ургазиев тикенектей көздөрү менен мени теше тиктеп, күрүлдөгөн доошу менен ар бир сөзүн мык кагып жаткандай чак-чак кадап, салмактуу да, айбаттуу да сүйлөдү: «Жолборсту! баарыбыз! бир добуштан! өлүм! жазасына! өкүм! кылдык! Сен өкүмдү! ишке ашырасың!!» Мен анын көзүнө тике карап туруп кесе айттым: «Атпайм!» Бейшеке Ургазиев далысын бир күйшөп алды да, каар чачыраткан тикенектей көздөрүн мага кадады. Ошо көз карашы мага тула боюму өтмө катар каарып өтүп, карыштыра чеңгээлдегендей эле таасир кылды. Бирок мен ага кадыресе туруштук бердим, жадагалса билинер-билинбес дирт этип да койгонум жок. Бир тиктеп тайсалдатам дегени оңунан чыкпай, ошого начайлик алдастай түшкөнсүдү. Ошентсе да куу неме сыр алдырган жок, кайра бар сүр-айбатын салып тиктеп, тим эле жутуп ийчүдөй жекире кадаланып, күркүрөп кекетти: «Эмнеге ата албайсың?!» Мен бу сапар да анын үрөй учуруп караганы менен күркүрөп кыйкырганын тоотконум жок. Тастайып тик караган бойдон жооп кайтардым: «Атканга колум барбайт». Өмүрүндө каяша айтмак түгүл, өзүнө тик карап сүйлөгөн кишини көрбөгөн Бейшеке Ургазиев менин кебелбей туруп сөз кайырганыма чыдай албады: одурайган өңү карарып, чүңүрөкөй көздөрү чакчайып, таноолору зоруккан аттыкындай дердектеп, туталанып кетти. Кыстаган жаалына алы жетпей, тула боюн калч-калч эттирип, оң колун кериле өйдө серпти да, бакырган бойдон үстөлдү бир урду: «Атасың, сыволуч!» Токмоктой муштуму тийгенде үстөлдүн жука тактай үстү карс сынды. Бөлмө дүңк жаңырып, терезе айнектери калдырт-калдырт этип, отургандар бүжүрөй түштү. Жалгыз гана мен кебелгеним жок. Өкүмсүнгөн неменин ачуура алдырып тарс жарылганына, чабалдыгын билдирип үстөлдү сындыра муштаганына табам канып, мыскылдуу күлүмсүрөй какшык жылдырдым: «Македонский деле ачуусунан үстөл сындырган эмес экен». Калчылдап турган Бейшеке Ургазиев ого бетер жиндей түшүп: «Малчайт, Македонский!» – деп айкырды. Айкырарын айкырып алып, алдынан бирөө өзөртө койгондой ык этти да, бир бүктөлүп бүрүшө түштү, көкүрөгүн апчый кармап, көчүгүн отургучка лак таштап, үстөлгө өбөктөй калды.

Башкаларга кошулуп мен да элейип коркуп турсам, Бейшеке Ургазиев бар кайратын жыйнап башын көтөрдү. Күч менен чалкалай берип, өчүңкү тарта түшкөн көздөрүн сүзүңкүрөп, каргылданган доошу менен акырын сурады: «Сен салдатсың ээ?» Кашкөйлөнүп каяша айтып эстен тандырганыма күнөкөрсүнүп турган элем, дегеле илбериңки баш ийкедим: «Ооба, ооба». «Эпирейтор белең?!» «Так

www.bizdin.kg


ошондой». Эмнегедир кашкөйлүгүм жумшарып, салдаттык сезимим чымырап ойгоно баштады. «Өзүң билесиң, мен капитанмын, – деп Ургазиев жай айтты да, капыстан доошун бийиктетти. – Демек, сага буйрук бере аламбы?» Мен эмнегедир өзүмү аскердегидей сезе калып: «Так ошондой, жолдош капитан!» – дедим. Бейшеке Ургазиев жандана түшүп, ордунан обдулуп турду: «Эпирейтор Батырбеков! Ыстайт исмирно!» Мен эркимен тышкары какая түштүм. «Буйрук ушул, – деп күркүрөдү Ургазиев. – Эртең раистикине барасың да, Жолборсту атасың!»

Салдатчасынан кадыресе шайдооттоно түшкөн экемин, байкоостон: «Йес, жолдош капитан!» – деп чест берип ие жаздадым. Буйруктун Жолборсту ат деп берилгени гана мени кармап калды. Капитанга каяша кылганга да оозум барбай, ынак досуму аткандан да заарканып, кыйын абалга кабылдым. Какайып турганым жазылып, эмне дээрими билбей шылкыйып, кежигеми кашыдым. Ал аңгыча аерде тургандар менин «куп» деп коюшуму өтүнүп жаалап кетишти. Баарынан да раис аябай безеленип суранды, мага жалдырай карап, жалынып-жалбарып ийди. Раиске боорум ачый түштү. Көпчүлүктүн көңүлүн да калтыргым келген жок. Менден аскерий наамы өйдө капитандын шагын да сындыргым келген жок. Кабыргамы кайыштыра кыңырылып туруп: «Болуптур, атса атайын», – деп күңк эттим.

* * *

Убаданы берерин берип алып, артынан бейпайга түштүм. Түн бою уктай албай түйшөлүп чыктым. Эртең менен башым зыңгырап, маанайым пас ойгондум. Кыянаттуу ишке жөнөй турганымы эстеп жүрөгүм зыркырады. «Барба! Атпа! Качып кет!» – деп көңүлүмөн бир үн шыбыштады. «Барышың керек! Салдат сөзүнөн айныбайт!» – деди дагы бир үн. Эки үндүн кайсынысын угарымы билбей башым катты. «Арак ичсең бир айла табылар», – дей койду үчүнчү бир үн. Бир бөтөлкөнү бошотконумда баягы экинчи үн көңүлүмөн өкүмсүнүп шыбырады: «Сен салдатсың! Приказ алдыңбы, аткар!» Ушул үндүн буйругуна баш ийип, чала мас бойдон аттанып чыктым.

Арак курушкан жарпымы жазып ийген жок – башым кеңгиреп, көңүлүм түпөйүл. Мойнуман байлагандай эле араң бастырып барам. Күн да үтүрөйүп бүркөк. Жылчыксыз асмандан коргошундай оор булуттар салаңдайт. Үп басып дымыган аба коргошундай салмактанып, ич бышырган кусалыкка, муңдуу тымтырстыкка чөгүп тургандай. Тээ токой жактан гана каргалардын «карк-карк» эткени үзүл-созул угулат.

www.bizdin.kg



Алдыман раис оро-пара чыкты. Анын да мага окшоп башы шылкыйыңкы, ат бастырышы бошоң. Мага жакындай келгенде бирдеме айтайын деп атынын башын тартты. Бетиме тике карай албай көздөрүн ала качып, кайдыгер кобурап койду: «Төшкө байлатып койдум, атып бер». Мен тизгин тартып аялдаганым жок, ооз ачып бирдеме дегеним да жок – шылкыйган бойдон жанынан илкий бастырып өтө бердим. Ошондо раис көшөкөрлөнгөндөй таттуу да, муңдуу да доошу менен артыман табыштады: «Ичип алыпсың, чатак сала көрбө. Кежирлик кылба, атып бер. Чоңдун каарына калбайлы бөөдө».

Мен жолдогу дүкөндөн дагы ичип, анан раистин үйүнүн төшүнө чыгып бардым. Дөбөнүн жээгинде Бейшеке Ургазиев менен Жоро шайтан атчан туруптур, дөбөнүн кырындагы жалгыз өрүккө байланган Жолборс аларга жулунуп үрүп атыптыр. Мен окшошкон эки доско жаман көзүм менен акырая бир карап койдум, жанынан салам айтпай бастырып өтүп, атымын башын тарттым. Жолборс мени көрө коюп жулкунуп үргөнүн тыйды, кубанычтуу кыңшылап ийип, чочоюп отуруп калды. Ал апакай гүлдөрдүн туманына көмүлгөн өрүктүн түбүндө, айдагандай калың чыгып, баары текши гүл ачып, жалын чалгандай дөбө бетин кызарткан назик кызгалдактар арасында чочоюп отурду. Иттин карааны таштан чегилген сөлөкөт сыңары көрктүү да, сүрдүү да көрүндү! «Ушундай ажайып сулуулукка карай ок атамбы?!» – деген ой аң-сезимими өрттөп жиберди. Жолборстун адамдыкындай акылдуу көздөрүнө тик карай албай, атымын башын тескери бурдум.

Көздөрүм Бейшеке Ургазиевдин тикчийген көздөрүнө чагылыша түштү. Ошондо кечээ кечкурун тиги немени эстен тандырып алганым, Жолборсту атам деп көпчүлүккө убада бергеним, азыр эле жолдо жолугуп айткан раистин аманаты эсиме кылт этти. Атымын тизгинин тартып, мылтыгымы жонуман алып, оозун ит жакка каратып далыма арта салдым. «Ушунча келген соң бир ок чыгарып коёюн, – дедим оюмда. – Минтип аткан баары бир тийбейт, бирок тийсе-тийбесе да бир балээден кутулам го». Тескери карап туруп эле атмай болдум. Көзүмдү жума берип: «Ылайым тийбей кал!» – дедим да, мылтыктын машаасын басып калдым. Ок тарс дегенде эле Жолборс бир «каңк!» этип алды, октун жаңырыгы менен кошо Бейшеке Ургазиевдин жагымсыз каткырыгы жаңырды, асмандан тарс жарылып күн күркүрөдү. «Азаматсың, башка аттың!» – деп Жоро шайтан кутургандай кыйкырып ийди. Кара басып, Жолборсту атып алганым акыл-эсиме ийнедей сайылып, көздөрүм караңгылай түштү. Көзүмдү ача салып кылчайып карасам, өрүктүн апакай гүлдөрү да, өрттөй кызарган кызгалдактар да капкара көрүндү.

www.bizdin.kg



* * *

Сокур ок куду мээлеп туруп аткандай Жолборстун мээсине кадалды. Соо көзүнүн үстү «тыз» дегенде ит бир каңк этип, анан башы кеңгирей түшүп, кантип оңкосунан кеткенин өзү да билбей калды. Калың кызгалдакты жапырып жерге жыгылар замат анын караңгылаган кыялында эмнегедир качанкы бир элес жарк этип жанды: тээ алыста асман менен жер өбүшкөн жээк кызгылтым тартып мунарыктап, ошо мунарыкта кызыл көйнөкчөн балдар минген кырмызы аттар кылак-кылак зымырап баратты. Ал аңгыча зымыраган аттар жылас болуп, кызгылт мунарык арасынан кыпкызыл күн чеке-белин каканактатып күн карама себетиндей калдайды. Дал ошол кирпик ирмемде жаны чыгып бараткан Жолборстун соо көзүнө кашы ылдый аккан кан жая берди, ошондо анын кыялындагы каканактап турган күндүн бетине да дароо кан жайыла түштү. Күн жара кескен дарбыз сыңары канжалап, чеке-белинен кызыл кочкул кан тамчыларын чачыдай самсаалатып турду. Анан кызарыңкы мунарык көөдөй карарып, канын самсаалаткан күн да кочкулданып күйүп, чоңойгондон-чоңоюп, бир кур берилей калдайып жылып келип, кайра артына шуу чегинди да, ошо карайып күйгөн бойдон кичирейип-кичирейип барып, караңгылыкка батып кетти…

* * *

Мен мөндүр аралаш нөшөрдө үйүмө чаап келип, кайра аракка кирдим. Деги эчтеме ойлонгум келген жок. Тышта болсо өткүн өтүп, жерге жөө туман калың түшүп, жүдөтмө майда жамгыр шыбыргактап жаап турду. Мен үстөккө-босток стакан бошотуп, бар күчүмү аракка чыгардым. Өзүмү өзүм унутайын дедим, эс-учун жоготкон абалга батып кетейин дедим. Ичкен сайын башым тумандай берди. Соңку стаканды жутуп ийип, чалкалап жаттым. Айланам акырын көчө баштады. Эс-мас абалым менен «айланкөчөк» чимирилген бөлмөдө жатып, акыры качан экенин билбейм – уйкуга чөгүп кетипмин.

Түн бир убакта эмнегедир чочуп ойгондум. Башым зыңылдап ооруп, ичим өрттөнгөндөй күйүп атыптыр. Тамагым какшып, аябай чаңкап да калыпмын. Чоюндай салмактанган башымы араң көтөрүп, коргошундай оор денеми очорулуп жатып өйдө кылып, ашкана үйгө темселеп жеттим. Карайлап жүрүп сууну таап, чакага ат сыңары эле башымы салып, муздак суудан көпкө чейин шимирип ичтим да, кайра келип төшөгүмө күп этип барып кулладым.

www.bizdin.kg



Тышта болсо капкара түн, бир калыпта уңулдаган карандай шамал, шатырап жаап аткан кара жамгыр, дүмөктүү күңгүрөнүп күү чыгарган дарактар... Менин эсиме эмнегедир Жолборс кылт этти. А шордуу азыр баягы атылган жеринде эле тырайып жаткандыр. Астында муздак жер, үстүндө капкараңгы түн, тула боюн сабалаган кара жамгыр...

Капыстан чагылган жарк этип, көз ирмемге караңгыны жалт качырып, кайра жылас болду. Караңгылык дүйнөнү кайрадан басып калды. Аттиң ай, Жолборстун кыска өмүрү да бу дүйнөдөн чагылгандай бир жарк этип кайра өчтү го. Ал кечээ эле мантаңдаган күчүк эмес беле. Анан килеңдеп чоңойбодубу, иттин көк жалы чыкпадыбы, атак-даңкка бөлөнбөдүбү. Анан... мен колдуу болуп бейажал өлбөдүбү... Эх, эсил кайран Жолборс!..

Жолборстун өмүрү эсиме түшүп, туулгандан акыркы саатына чейинки жандуу элестери көз алдыман тизилип өтүп жатты. Өлүп бараткандагы элеси тартыла калганда каңырыгым түтөп, бүткөн боюм калтырап кетти... Анан Жолборстун өлүмүнөн улам өз өмүрүмү ойлой баштадым. Балалык күндөрүмү, өспүрүм кезими, жигит курагымы, кан майданда кечирген жылдарымы бетим чымырабай эле жай гана эскерип өттүм. Ал эми согуштан соңку өмүрүмү ийнежибине чейин тескеп-териштирип, карандай акылымын ырайымсыз сотуна салдым. Акыл-эсимин соту өзүнүн чакчайган илепсиз шооласы менен бүт өмүрүмүн кыйырын жарык кылды. Ошондо өткөн өмүрүмүн берки жарымы мага өрттөлгөн аңыздан бешбетер карарып көрүндү.

Өрт чалган кайран өмүрүм! Сени өз колум менен жасаган кыянат иштеримин кызыл жалыны каптап, карартып өрттөп салыптыр. Анан калса мен жаратылышка кастарымы тигип, кылгылыкты ченебей эле кылыпмын го! Жандуунун баарын ылгабай кыра берипмин, жан-жаныбарлардын убалына дегеле карап койбопмун. А алар бу жарык дүйнөгө менин огуман ажал тапканы келген эместир. Арийне, алар эне-жерди көп сырдуу, көп түстүү, көп үндүү кылып көрккө бөлөгөнү келгендир; өз жайына койсо тукумдап көбөйгөнү, бирок ашып-ташып же бөксөрүп кетпей, бирин бири өлчөмү менен жеп, бири-бирине ыктап, биринин эсебинен экинчиси күн көрүп, айтор, сан-сапатын өз ара жөнгө салып, табият таразасын бир жагына оодурбай, тең салмакта мелт-калт кармап турганы жаралгандыр. Анан мен бирди-жарым артыкбашы да, кызылдай эле зыянкечи да, кылчалык жазыгы да жок жаныбарларды шорлотуп ата берипмин. Жадагалса жаратылыштын жакшы бир перзенти – бөрүгө да ырайым кылбапмын. Көрсө, карышкырың түшкүр кайберендин катаал мүнөз тарбиячысы, тоо-токойдун табылбас санитары тура. Кашабаң

www.bizdin.kg



айбандардын дени-карды соолорун кубалап жүрүп чыйрак кылып, тек жармач тукум калтырчу араңжандары менен оору жуктурчу кеселмандарын гана жеп, табият тазалыгын коргойт экен, атүгүл койдун да жалаң илдеттүүлөрүн тандап жеп, адам баласына дагы кадыресе шарапатын тийгизет экен.

Кыялымда согуштан соңку өмүрүмүн өрттөлгөн аңызы кайрадан карайып көрүндү. Арасында көк майсаңдуу токумдай аралчасы да, кур дегенде жадырап гүлдөп турган алакандай жери да жок – бүтүндөй капкара. А мен деле өмүрүмүн жарык таңында айыпсыз, ашкан кыялкеч бала эмес белем? Көңүл аптыктырган кооз элестерге, бийик максаттарга, жаркын тилектерге азгырылып, алардын баарына эртерээк жетсем деп дегдечү элем. Бу дүйнөдөн аруу жашап, сулуу өмүр сүрүп, адамдык парзымы ойдогудай өтөп өтсөм деп самачу элем. Ошонума караганда мен деле жарыкчылыкка тегин келбесем керек, татынакай иштер жасаганы, жаркын үмүттөрдү чынга чыгарганы, эне-жердин көркүнө аздыр-көптүр көрк кошкону жаралсам керек…

Бирок мен өз убагында, баягы кан майдандан жаңыдан келген чагымда, айкын багытыман айнып, теңирден тескери жолго түшүп кетипмин; кур бекер ак көңүлдүк кылып, макулуктардын шоруна чыйкандай чыккан мергенчиликке көп кыйыктанбай макул болупмун. Айткан убаданын аягына чыкканга, кандай иш болсо да дайыма так бүтүргөнгө бала чагыман жедеп көнүп алган экемин, зордук менен мойнума илинген мергенчилик кесибиме да салдатчасынан адал кызмат кылыпмын, айлык-жылдык тапшырмаларды эки-үч эселеп толтурам деп кайберен-аңдын шорун катырыпмын. Шакардай кайнаган күч-кубатымы, жанымын жалбырттаган жалынын, ай чарпыган эрк-шыгымы түпкүлүгүндө каргышы тийчү кыянаттуу иштерге жумшапмын.

Ырас, жан бүткөндүн жазыксыздарын атып жакшы кылбай жүргөнүмү сокур сезимим менен боолголоп билчү элем, кээде өз кылганыман өзүм жипкирип да койчу элем, атүгүл айбандардын көбүн атып жатканда жүрөгүм зыркырап, аткандан кийин кабыргам катуу кайышып да калчу эле. Балким, ошол көңүл толгоолор билинбей жүрүп көмүрдөй кара чачымы кыроого бастыргандыр? Эгер андай болсо, менин аппак чачтарым – күнөөсүз жаныбарларды кантип кырганымын тилсиз күбөлөрү. Эгер тил бүтүп калса, ким билет, ак чачтарымын ар бир талы өзүм кырган макулуктардын убалын кыйкырып жар салат беле?!

Санаксыз жан-жаныбардын убалына калганым күйүтүмүн бир чекеси эле го. Баарынан да өз колум менен Жолборсту атып алганымчы! Кыянаттуу кызматымын кыл чокусу ушу болбодубу. Мен тек көп иттин бирин атканым жок, ит аттуунун кайталанбас сырттанын

www.bizdin.kg



аттым, табияттын чанда бир жаралып калчу керемет туундусун аттым, өзүмүн айныбас ынак досуму аттым.

Кайгылуу көңүлүм өрттөлгөн аңыздай карарып көрүнгөн өмүрүмөн жийиркене түштү. Мүдөө-максаттарымын жылдыздуу асманын кара булут каптап бараткансыды. Зыңгыраган оор күйүт үстүмөн ныгыра басып, карарган куса-чер ичимен туталантып, жанымы жаман кашайтып жиберди. Тирүүлүктөн кечип кеткенге кайыл болуп, өлгөндүн амалын издеп кайсаладым. Бир туруп түгөйүнөн айрылган ак куу сыңары көккө атып чыгып, кайра өз боюму жерге карай ургум келди. Бир туруп кайтып бараткан келгин куштарча кайдадыр бир белгисиз жакка сызып, дайынымы таптырбай кеткким келди. Бир туруп жакшы итчесинен көз көрбөс жерге барып, көмкөрөмөн сулап жатып, тарткан азабымы сыртыма чыгарбай жатып жан бергим келди.

Бир маалда шамал албууттанып, күн катуу күркүрөдү. Асман чарт-чарт быркыранып, калдайган сыныктары жерге кулап түшкөнсүдү. Күн күркүрөгүнөн дем-шык алгандай жамгыр да шатыратып куюп кирди… Анан таң аткыча шамал чапкындап, күн кайра-кайра күркүрөп, жамгыр көнөктөп төгүп, кокту-колоттордон кыян жүрдү. Күкүктөгөн дайра күркүрөп-шаркырап, түбүнөн таштар күлдүрт-күлдүрт тоголонуп, кашаттар суугa күп-күп кулап жатты.

Таң аткыча менин кыялымда да кыян жүрүп, ой-санааларым кара кочкул сел болуп акты, көз алдымдагы өрттөлгөн аңыздай өмүрүм баягыдан бешбетер карарып көрүндү. Мүдөө-максаттарымын асманын калдайган кара булут туташ каптап, үмүтүмүн жылт-жылт жанган жылдыздары бүт бойдон өчүп калды. Жаным кашайып, туюк караңгыга келип такалдым. Чын эле өлгүм келди, атылып өлгүм келди. «Кыянатчылыкка белчемен батып жүргөнчө, ынак досуман айрылып күн көргөнчө азыр эле атылып алганым оң, – деп бел байладым да, кайра башка ойго азгырылдым. – Жок, жакшы ит өлүгүн көрсөтпөйт эмеспи, мен эмне, ошо жакшы итче жок белем. Кой, тоо башына барып өлөйүн». Дубалда илинүү турган октолуу мылтыгымы алып, дамбал-көйнөкчөн, жылаңбаш, жыңайлак бойдон сыртка чыктым.

Жамгыр басылып, көктө киргилт булуттар даакыланып, үтүрөйгөн бүркөк таң атып келаткан экен. Мен айдоонун баткак топурагын жыңайлак кечип, биздин туштагы көпүрөгө карай далбаңдап жүгүрдүм. Энтелеп жетип барсам, көпүрөнү суу алып кетиптир. Кашатта аңкайып туруп калдым да, күкүктөп агып жаткан сууга карадым. Өркөч-өркөч шарларын ала салдырып, түбүнөн күлдүрт-күлдүрт таш агызып, күр-шар этип алдас урган дайранын ылайланган суусу кара кочкул. Айбаттуу күркүрөшү: «Ажал! Ажал!» – деп

www.bizdin.kg


балдырап жаткандай. Же өлүм самаган көңүлүм: «Ажал! Ажал!» – деп мени шаштырып атабы?

Бир багытка бет алып дүүлүккөн кыялыма дагы бир ой келди: «Тоодо ит-кушка жем болгуча ушу дайрага эле агып өлбөйүмбү!» Сууга артымы салып кашаттын кырына кыйгачыраак турдум да, мылтыгымын кундагын жерге такап, оозун куду чекеме караттым.

Жыңайлак бутумун бармагы менен маашаасын басып алсам эле ок чекеме кадалып, чалкаман кетем. Ошо менен сууга чалп этип күмжам болом. Артымда дайра: «Ажал! Ажал!» – деп күркүрөп чамынат. Маңдайымда мылтыгымын оозу үрөй учуруп оңураят.

Мен көзүмү жуумп, оң бутуму өйдө көтөрө берсем, капылестен эсиме Жолборс кылт этти. Ал азыр шүүдүрүмдүү кызгалдактар арасында чалкасынан сулк жаткандыр. Бооруна апакай өрүк гүлдөрү төшөлүп, капталына үлпүлдөгөн кызгалдак гүлдөрү чачылып, өзү да кызыл жаян канга боёнуп алгандыр. Ак гүлдөр туманына көмүлгөн өрүк иттин үстүнө кайгылуу үңүлүп, бооруна көз жашындай тунук шүүдүрүмүн тамчылатып, кан жайган соо көзүнө аппак сүрөтүн кыпкызыл кылып күңүрт түшүрүп тургандыр…

Мен Жолборс менен соңку ирет бир коштошуп алмак болдум да, акырын: «Кош, Жолборс!» – деп айтканы келатып, капыстан тамагыма такала түшкөн ыйдан чакадым. Коштошчу сөзүмү кайра да жарыя айтканга камынып «ко…» дегенде эле муунум бошоп, жумулуу көздөрүмөн жаш мөлт-мөлт агып кетти. Күйүттөн, арактан, уйку көрбөгөндөн алсыраган жаным суу тийген ылайдай эзилип, жадагалса ошо эки сөздүн «кош» дегенин да айта албай, ыйга муунуп турдум. Тула боюм шалдырап, аккан жаштар бетим ылдый сарыгып, элжиреген көкүрөгүмөн ысык ый тамагыма улам тебилип чыга берди. Көп өтпөй калтырап турган алсыз тизелерим өзүнөн өзү бүгүлө түштү да, мен көмкөрөмөн келип жерге суладым.

Шүүдүрүмдүү көк майсага бетим тийип-тийбей эле мен буркурап ыйлап жибердим. Көзүмдөн аккан жаш көк чөпкө тамчылап, шүүдүрүмгө аралаш ным жерге кулап жатты. Буулугуп-буулугуп, өксөп-өксөп ыйлап, жаш баладан бетер өпкө кагып солуктадым. Көйнөк-дамбалым шүүдүрүмгө чыланып, асты жагыман сыз өтүп атканы да капарыма келген жок, токтоно албай ыйлай бердим, ыйлай бердим.

Өксөп ыйлаган бойдон жатып, кыйладан кийин гана араң соолуктум. Башымы өйдө кылып, көздөрүмдү ачтым. Жерге кадыресе жарык түшүп, чыгышта асмандын ачык тилкеси кызарыңкы тартып тамылжып туруптур. Жердин нымы, чөптүн шүүдүрүмү, көйнөк-дамбалымын суусу оттой ысык денеми муздатып, жалындап күйгөн башымы сергиткенсип коюптур. Анын үстүнө ыйлай берип бугум чыгып, көксөөм сууп, жеңилдегенсип да калыпмын.

www.bizdin.kg



Аңгыча болбой бир күчүктүн безеленип үргөнү кулагыма чалынды. Бул добуш мага дегеле тааныш өңдөнүп угулду. Мен акмалап карап, тиги өйүздөгү арыктын кыры менен чуркап бараткан куу күчүктү көрдүм. Ал дегеле жан-алы калбай үргөн бойдон кара коделекти кубалап алыптыр. Тышкы көрүнүшү да, өңү-түсү да, үргөнү да куду Жолборстукундай. Кандайдыр бир сыйкыр менен Жолборсту кичирейтип, кайрадан күчүк кылып койгондой. Мен таңыркана карап турдум да: «О чиркин, эсил кайрандын тукуму турбайбы!» – дедим оюмда.

Дале түнөрүп турган көңүлүмө жарыктын шооласы чарпылып тийгенсиди. Максат-мүдөөлөрүмүн асманынан булут сүрүлүп, үмүтүмүн жылдыздары жылт-жылт жадырай түшкөнсүдү. Наристе майсаң, ным топурак, мөлтүр шүүдүрүм кумарлуу жыттарын бир башкача аңкытып жибергенсиди. Жер шарынын өз огунда оор тегирмен таштай кыйч-кыйч этип айланып атканы капталыма сезилгенсип, кулагыма угулгансып кетти. «Жер тегеренип атыптыр, турмуш уланып атыптыр», – дедим көңүлүм жайланып.

Капыстан көкүрөгүмдө жашоо кумары тыбырап ойгонуп, дүйнө көзүмө татынакай көрүнө түштү. Азыр эле жан кыйганга аз-аз калганымды эстеп алып, бетим чымырады. Ошондой теңирден тетири ойго азгырылып кеткениме аябай уялдым. «Жок, өлүм мени күтө турсун! – дедим ордуман туруп баратып. – Эми мен аруу жашап, адал мээнет кылып, ошону менен табиятка жасаган айып-күнөөмү жууйм. Калган өмүрүм жалаң жакшылыкка арналат. Жолборстун арбагын сыйлаганым ошо болсун!»

Ордуман турарым менен жерден мылтыгымы көтөрдүм да: «Кош, куралым!» – деп суута ыргыттым. «Кош, кыянаттуу кесибим!» – деп артынан кошумчалап койдум. «Кош, атың өчкүр арак!» – деп жерге жийиркеничтүү түкүрдүм. Анан кыйгачынан карай бердим да, бир терең улутунуп алып, үшкүрүк аралаш күйүттүү үн чыгардым: «Кош, Жолборс!..»

Ал аңгыча баягы күчүктүн безеленип үргөнү дагы да кулагыма чалынды. Карасам, эми ал артына кайтып баратыптыр. Үч-төрт бала андан калп эле качып, күчүк аларды үргөн бойдон кубалап алыптыр. Мен балдар менен күчүктү далдаага киргенче элжирей карап турдум да, маңдайымдагы тоо этегине карадым.

Адыр-түзгө калың чыккан көпкөк жаш ыраң берекелүү шүүдүрүмгө көмүлүп, жамгыр шарапатынан ого бетер жашара түшкөнсүп, ар кайсы жеринен кызыл гүлдөрүн кылайтып, деги бир татынакай жарашык алыптыр. Арык боюндагы мажүрүм талдар чуудаланган сулуу шактарын муңайым самсаалатып, топ-топ өскөн өрүктөр апакай гүлдөрдүн аруу туманына көмүлүп, барпагай алмалар жайнаган агыш-мала чечектердин санжыргасында сөөлөттөнүп

www.bizdin.kg



туруптур. Алча-гиластардын бутактарына батпай ак көбүктөнгөн гүлдөрүн гана шамал үйлөп, жамгыр жууп кетиптир...

Шамдай тирешкен мырза теректерде чымчыктар ызы-чуу түшүп, жашыл жалбырактар арасында булбулдар жан-алына карабай мукам-мукам безеленип, тээ бийикте жандуу чекит сыңары тырпыраган карача торгой күмүштөй шыңгыр ыргактарын жылаажындуу алкымынан от учкундарындай себелеп, айтор, баары тең агарып аткан таңдын, жадыраган жаз маалынын, түбөлүгү түз тирүүлүктүн урматына кереметтүү күүлөр чалып атыптыр.

Мен башымы өйдө кылып, тоо башына көз чаптырдым. Туу чокунун үстүндө кере кулач чалгындуу канаттарын салмак менен токтомдуу сермеп, анда-санда «клак-клак!» шаңшып, бийикте сайран куруп айланган бүркүттөрдү көрдүм. Аңгыча болбой берегги кырдан апакай булуттардын үзүмүндөй ак куулар үйүрү чыга келди. Наристе баланын кыялынан жаралгандай керемет куштар сурнай моюндарын шаанилүү созуп, сурнайдыкындай заңк-заңк табыш салып, сөөлөттүү чабыт менен кылактап баратты. Алардын артынан эле шынаа мисал желе тарткан каркыралар көрүнө калды. Койкойгон узун моюндарын алдыга жебедей түптүз созуп, соройгон узун аяктарын да ошо моюндары барабар артына таптак көтөрүп, чалгындуу кооз канаттарын жайма-жай сермеп, өзгөчө бир жарашык менен кылактаган каркыралар!..

Алоолонуп кызарган күн кырдан кылайып чыгып, жылтылдаган илептүү кирпиктерин асман-жердин кыйырына чачыратты. Күн шооласына бүркүттөрдүн канаттары күңүрт чагылышып, ак куулардын аруу чалгындары жарк-жарк этип, шүүдүрүмгө чайкалып калган көк чөп, дүйүм гүл, бак-дарак балкый түштү да, миң-сандаган мапмайда электр шам жапырт жагынгансып жаркырады. Мына, бу дүйнөгө жаңы күн тууду. Анан ошо жаңы тууган күн асманда бүркүт болуп айланып, ак куу-каркыра болуп кылактап, торгой болуп тыр-пырап, жерде түмөн-түмөн шүүдүрүм болуп жаркырап, алча-өрүк болуп апакай гүлгө чөгүп, күчүк болуп серeңдеп жүгүрүп, эч качан бүтпөгөн автопортреттерин тарта баштады.

**Аягы**

www.bizdin.kg





**Кален СЫДЫКОВА**

*Проза*

# ПЕЙИЛДИН БУЗУЛУШУ

Атам дүйнөдөн кайтты. Кызыл өңгөчүнөн рак дегенинен шаардан айылга май айынын аягында жеткиргенбиз. Операцияга берген жокпуз, анткени «токсон жашта болсо, операцияны көтөрө албайт го, ашып кетсе беш-алты ай эле жашайт» дешти врачтар. Кийинки кезде тамагынан бүдүр өтпөй жалаң суюк тамак, сүттөгөн чай ичип калды. Ансыз деле алсырап жарым жылдай кыйналган. «Оорудум, кыйналып атам» – деп эч айтпады. «Эмнең ооруп атат?» – деп сурасак, «Эч жерим деле ооруган жок, карылык менен кармашып жатам» – деп үшкүрүнүп койчу. Көп өтпөй жайдын капортосунда шаардагы балдары бүт үй-бүлөбүз менен учурашып келели деп барып калдык. Бизден мурун карындашы барып учурашса, ага эмнегедир; «Ие, Нур, дарбыз алып келдиңби, дарбыз жегим келип атат» – дептир. А киши негизги жер-жемиш көп жечү эмес, аны карындашы айтып келди: «Өмүрү дарбыз жебеген байкем дарбыз сурады» – деп таң калды. Барганда мен дарбызды эзип, бир чай чыныга ширесин толтура кылып жуткузсак, маашырлана түгөтө жутуп алды да: «Жарыктык, бейиш-

www.bizdin.kg


тин тамагы да» – деди. Жагып калган экен деп дагы бир чыны эзип берсек, ичпеди. Апама: «Балдар мени көрөбүз деп келип калышкан тура, бир козуну союп мейманда» – дептир. Эртеси кетээрде чачын, сакал-мурутун алып берейин деп төшөктө жаткан жеринен чачын жибитсем, башы мупмуздак. «Ата, эмне үшүп атасыңбы?» – десем: «Жок, балам, жайында да киши үшүчү беле» – деп койду. Чачын, сакалын кырып, мурут-сакалын серпип тегиздеп берсем, батасын берди. Келип апама: «Атамдын башы муздап калыптыр да, бул эмнеси?» – деп кыжаалат болдум, эмнегедир күдүк ой калды. Апам сыр билдирбей: «Карыганда киши үшүкчөөл болуп бат муздайт, эч нерсе болбойт, бир чети көп кыймылдабай төшөктө жаткандыкы болсо керек» – деп койду. Агам айтты: «Атам алжый баштаган го, мага: «Азыр эле Түлкү-Кыштоого барып аңчылык кылып келдим, жылкылар жакшы эле жатыптыр» – деди. Атам бала кезден ушул Түлкү-Кыштоодо желе байлап, кымыз ичип ошерде отурчу эле, өз жери эмеспи» таң калганын ал дагы жашырбады. Чачын алып атканда: «Китебиң чыктыбы?» деп сурады. Мен: «Жазгандарым бар, бирок акча жок китептеримди чыгара албай атпайымбы же колдоочум, сүрөмөлөп жөлөп-таяганым болбосо, кантип чыгарам» – дедим. «Жаза бер, кудайдын буюрган күнү чыгат. «Аракеттин арты берекет». Мээнетсиз иш болмок беле, заман бу болсо, кимге таарынасың, гезитке үзбөй жаз, жаза берсең бир күнү чыгаар. Андан көрө жакшылап жаз. Деги качан чоң боло тургансың?» – деди. Мен күлдүм, тамашалап: «Азыр деле чоң болуп иштеп атпайымбы» – десем: «Ошент кагылайын, баягынын кызы дедирип жакшы кызматтарда шартылдап иште. Элге сөзү өткөндөн артык чоң кызмат барбы» – деп койду. Анан: «Маянаң канча?» – деди. «Айлыгым үч миң, дагы кошуп-мошуп беш миң сом алам» – десем, – «Оуй, көп акча алат турбайсыңбы, биздин жылкылар алты жүз, жети жүз эле сомдон» – деди. Кыязы, атам жаңы заманда баары өзгөргөнүн, инфляция эмне экенин билбей, баягы совет өкмөтүнүн учурун элестетип атканын түшүндүм да: «Ата, азыр заман өзгөрдү, илгеркидей беш миң сом чоң майнапка жарабай калган, бул бүгүнкү күндө аз эле акча, азыр бир мүшөк ун эле бир жарым миң сом болуп атпайбы» – десем: «Кантип ошончо сом болсун, көп болсо жыйырма беш сом болгондур, мурун он сегиз сом эмес беле» – деп койду. Мен унчукпадым. «Совет өкмөтү кулады дейт» – деп капа болуп төшөктө жаткан токсондогу оорулуу адамды капа кылбайын дедим. «Совет өкмөтүн кайра ордуна келтиребиз деп коммунисттер аракеттенип атат» – десем, атам жарыктык кадимкидей сүйүнүп: «Оозуңа май, ырас болгон тура, кагылайын совет өкмөтүндөй болобу, кыргызга жыргалчылыктын баарын ушул совет алып келбедиби» – деди чын ыкласынан. Мен:

www.bizdin.kg



«Совет өкмөтү жакшы болсо эмнеге атаңды, туугандарыңдын баарын кулакка тартышып, атаң ошол боюнча дайынсыз өлдү» – десем: «Аны совет өкмөтүнүн душмандары жасабадыбы, ага Сталиндин эч тиешеси жок, Сталиндей залкар дүйнөдө сейрек да. Түштөн кийин жанагы еврейлер Сталинди жамандап атышат дейби? Сталин мамлекет куруп, кыргызды киши кылбадыбы, байкуш байкем (атамды чоң атасы багыптыр, ошондон улам атасын байке дечү экен) бала эле боюнча өлбөдүбү, кулакка тартылганда кайран киши кыркта эле экен» – деп өкүндү. «Анан эмне Сталинди жактайсыз» – дедим кайра. «Сталинге тил тийгизген адам оңбойт. Жанагы атаңдын оозун урайындар, Сталиндин бир кылганын кыла албай жатып сындаганын кантесиң. Сталиндин эмгеги зор балам, ар кимдин эмгегин баалаш керек. Бай-манаптарды ошондо жойбосо совет мамлекетин кура алмак эмес. Кыргыздар да эчтеке эмес, орустун көпөстөрү совет өкмөтүн тим эле аябай бөлүндүрүп, куралдуу каршылык көрсөтпөдүбү, анан кантип аларды камабайт» – деди.

А күнү бир козусун жеп, биз эртеси жол тарттык. Агам өргүү алдым деп, үй-бүлөсү менен Ысык-Көлгө теңтушунукуна эс алганы кетти. Биз Бишкекке кеттик.

Бир күндөн кийин жумушта отурсам түш ченде телефон шыңгырады, алсам «атаң өтүп кетти» деген суук кабар угузушту. Көрсө, «өмүрдөн улуу көч жок, өлүмдөн кыйын өч жок» тура. Биз эс тартып өз алдынча болгону үйдө эч жамандык болгон эмес эле. Салт боюнча зыйнатына керектелүүчү нерселерди бүт алып, үч-төрт рафик машине менен бияктагы бир туугандар шашып чогуу чыктык.

Өлүмдүн түйшүгү, аза азабы эмне экенин атам өлгөндө бир түшүндүм. «Бул күндө өлүш да азап, көмүш да азап» тура. Атам өлгөндөгү өлүк каадасына байланышкан айрым окуялар менин жүрөгүмө жагымсыз таасирин калтырды. Кайгым бир тең да, беркилер бир тең болду. Ошондогу окуялар намыссыздык, ач көздүк, нысапсыздык деген эмне деген суроолорго мени жооп издөөгө аргасыз түрттү, ойлонтту. Кыргыз башынан эле улуттук дымагы жок элби? Же азыр ошондой абалга жеттиби? Элдин каадалуу салт-санаасы, наркы кайда деп бир топ түйшөлдүм.

Кызартка түнү эл жатарда жеттик. Кайгынын иши кайгы. «Өлүмдүн көркү – өкүрүк» – деп чуру-чуу түшүп ыйлап-сыктап отурсак, жеңелерден бирөө келип, мени «эшикке чакырып» атканын айтты. Жаңы эле келип көзүм жаштан арылбай турганынан жана аза үйдөн андагы кыз-кыркын, аял жөнсалды чыга берүү жөнсүз экенин эске алып чыккан жокмун. «Азага келген киши өзү кирет» – деп ойлодум. Бир аздан кийин атамдын карындашынан бирөө келип кулагыма шыбырады: «Сыртка чыкпасаң болбойт, эшикте

www.bizdin.kg


туугандарың чырдашып атат, кой де». Атам өлүп атса кантип туугандарым чыр чыгарсын деп ойлодум. Бирок аргасыз сыртка чыктым. Чыксам айылдагы аксакал-көксакал, молдокелер менен бир жаат болуп жезделер, бир туугандарым тирешип, бир нерсени териштирип атышыптыр. «Алыстан бала-чакасы түнгө үлгүрүп келип калат» – деп бизди каскактап күтүп тургандар али тарабаптыр.

– Эмне болду? – дедим жактырбай. Аттуу-баштуу туугандарыбыздын бирөө озунуп:

– Бир туугандарың чыр чыгарып атышат, эмнеге кошок кошуп аткан үйгө сөөктү койбой өзүнчө боз үйгө бөлүп койгонсуңар, бул салтка туура келбейт дешип. – Астейдил териштирсем, бул сөз жезделер тараптан чыккан көрүнөт, агаларым чече алышпай, сыягы баш-көз болуп аткан туугандарга айтышса, алар жаалап өздөрүнүкүн бербей тигилерге түшүндүрүшсө да болбой күчкө салып атышкан окшойт.

– Мурун биз бала кезде бир боз үйгө эле сөөк түнөп, келгендер ошерден эле кошок кошуп атышчу эмес беле, – десем, айыл молдосу:

– Кагылайын, сен бир туугандарыңдын бул айылдан чыгып башка жерден турак алганына алды элүү жыл, арты отуз жыл болбодубу. Заман өзгөрдү. Өлүктүн өз жыты болот, зыяндуу. Азыр кайнаган жай мезгили. Акыркы он жылдан бери Жумгалда сөөктү өзүнчө боз үйгө коюп, коштошордо туугандары, бала-бакырасы бетин ачып кирип коштошот. А кошокту жанаша боз үйдө эле кошо берет, бул гигиенага, медицина талабына туура келет. Азыр бул бизге салт болуп калган, – деп түшүндүрдү.

Жезделеримден бирөө:

– Мындай салт башка жерде жок, сөөк кошок кошулган үйдө эле болуш керек, – деп өкүм айтты эле, туугандарым:

– Анда сөөгүңөрдү өзүңөр коюп алгыла, биз топурак салбайбыз. Биздин салтты сырттан келгендер бузганга кандай акысы бар? – деп ызалана түштү.

– Туугандар, коё тургула таарынбай, сөөктүн ээси ушул айылдыктар. Силерде салт кандай болсо, дал ошондой болсун! Ушундай чечтиңер беле? – десем, бир оздон: – Ооба, ооба – деп жибериšти. Мен:

– Анда, силер кандай айтсаңар ошондой болсун! Бүттү, башка сөз жок, силердин сөзүңөр эки эмес, – десем, бир тобу дуулдап колдоп кетишти. Таарынгандар наараызылана четке чыга беришти. Мен кошумчаладым:

– Туугандар, силер капа болбогула, күйөө балдар ар кайсы өзөндө, жерде туулуп өскөн, аларда салт бир аз башкачараак болушу мүмкүн. Кээ жерде боз үй деле тигилбей, сөөктү үйдөн эле чыгарышат. Мындан чоң чыр чыгарбайлы. Атамдын бир айыл укум-тукуму турса, өлүк зыйнатын күйөө балдар башкармак беле, мына сиздер, тууган-

www.bizdin.kg



дар башкарасыңар, ошон үчүн силер айткандай болсун, – деп кесе айттым дагы башка лам дебей аза үйгө бурулуп кирип кеттим. Ошо менен бул маселе боюнча сөз кан буугандай токтоду.

Жетимиш алтыдагы азалуу апам кошок кошкон менен улам алы кетип, кан басымы көтөрүлүп кыйналып атты. Дары сурасам эч кимде жок, биз издеген дарыны түн ортосунда кайдан табабыз. «Өлгөндүн баркын ый чыгарат, өмүрдүн көркүн сый чыгарат» эмеспи. Анан мен айттым кыздарга, жеңелерге:

– Апамдын кан басымы көтөрүлүп араң отурат, көп кошок кошсо, кыйналып абышкасынын артынан кетип калбасын. Силер заңгырап кошкула, – деп. Десем эже-сиңдилерим:

– Биз деле үңүлдөп, уңулдап ыйлаган менен кошокту жакшы кошо албайбыз. Андан көрө кошокчу болсо алдырбайсыңбы, – дешти. Айылдагы жеңелерим: «Тиги жакшы кошот, бул жакшы кошот» – деп ар кайсы кошокчунун атын аташты. Акыры өйдө жактагы бирөөгө токтошту, жеңелеримдин бирөө:

– О кокуй, ал бекер кошок кошпойт. Ага акы төлөш керек. Негизи кезинде абысындары колтуктап далай маркумдарды коштуруп, ортодон доолап акы өндүрүшүп аракка дуулдашчу. Анын эмнесин кастарлап чакыргыдай, – деди мурдун чүйрүп.

– Жакшы кошсо, мейли алдыргыла, акчасын деле төлөп берейин, апам кыйналып калбасын, апамдын деле карылыгы жетип отурбайбы – дедим.

– Анда Кошаалынын аялына айталы, сүйлөшүп алып келсин, ошонун айылдаш алысыраак жеңелеринен болот, – деп калышты.

– Мейли, – десем:

– Ой, кыз, жана аза күүлөрүн жаздырып келипсиң ошону койсоң жакшы болот, бирок жазган аппаратың болсо биз деле кошуп коёлу акеме, а кишинин далай жакшылыгын көрдүк эле, аппаратыңа жазып элге уктур, – деп айылдаш жеңелер айтып калышты. Анан мен алардан тандап Сагындын үйүнө алып барып Сыйнат, Айымкан жеңелерди кошок коштуруп жаздырып алдым.

Кадырын салып алып келген улгайыңкы балпайган кошокчубуз чынында өксүп жакшы кошот экен. Бирок эл тынбай өкүрүп келип атканына карабай: «Тамагым кургады, чайыңар жокпу» – деп улам чай кайнам демитип сураганынан, камкаймак салып сүттөп чай алып келип, дасторконуна дүйүм тамак койсок ичпейт, жебейт. «Ботом суусундугуңар жокпу» – дейт. Мен жеңелериме:

– Суусундук коюп койбойсуңарбы, – десем алар:

– Сага өзүбүз батынып айта албай жатабыз. Мунун тамагы жаман. Алдында бал, кымыз, максым, айран турат, аны ичпей атпайбы. Бул «тамагым кургады» дегени, «арак бергиле» дегени, – дешти.

www.bizdin.kg



– Ыя, кокуй, үйдөн өлүк чыккан атса, буга кантип арак беребиз. «Өлүктө ичүү өлгөндөй уят» эмеспи. Мас болуп калса абийирибизди төкпөйбү. Азада кантип аял киши арак ичсин, өзү деле жашы жетимиштен өтүп калган кемпир экен, – дедим тигил аялга ишенбей.

– О, кокуй, дагы эле бала бойдон турбайсыңбы. Бу айыл баягы сен бала кезде өскөн, көргөндөй айыл эмес, такыр өзгөргөн. Же бул жердегилер бүт эле культурный деп атасыңбы? Көнгөн адаты болсо эмне кылабыз?

– Ой, бул – бочке, канча ичсе да тойбойт, мас да болбойт, ичпесе кошпойт жана кыйытып айтсак, маани бербей койбодубу, – дешти.

Айлам кетип бир бөтөлкө аракка акча берсем, жеңелерим шыбырашып калды да, бири-бирине көз ымдап чыгып баратышып: «Өзү көрөт да» – деп койду. Анан сомолой бөтөлкөнү баштыкка алып келишти да баягы кошокчуга чай чыныга толтура куюп беришти эле, ал ачырканбай эле каны катып аткансып тартып алды. «Дагы куйчу, суусап атам» дегенин өз кулагым менен уктум. Тигил экөө калганын көңтөрүп чай чыныга мелт-калт кылып бир эле куюп берди эле, аны кошокчу кулк жутуп алып: «Ох» – деп коюп кошок кошуп калды. Баштыктагы бошогон бөтөлкөнү экөө алып чыгып кетишти. Ошондон бир саат өтүп өтпөй кошокчубуз дагы: «Тамагым кургап атат» – деди, тобоо. Эки жеңем дагы кулагыма шыбырады: «Кошокчу суусап атат, жанагыдан сурап атат» – деди, дагы бир бөтөлкөгө акча бердим. Ошентип, ал кошокчу бир күндө төрт бөтөлкө арак ичти да, бир былк этпеди чиркин, анан өксүп кошту. Кечинде эл аягы сууганда: «Улуу балам өлгөндөн кийин кошокчу болуп калбадымбы» – деп, согуш убагындагы кылыктарын айтып отурду, бир аз кызыган түрү бар. Кошокчуга аябай таң калдым, тамак ичпей төрт бөтөлкө арак ичип мас болбогон кемпирди биринчи көрүшүм. Жана жеңелеримдин эмнеге ымдашып атканын эми түшүндүм. Көрсө, бул жетпейт төрт-беш бөтөлкө ичкен немеге, биротоло көп эле бөтөлкө алалы деп айта албай кетишкен тура. Кой мунун тамагын кургата бербей деп, кечээ түндө жаздырып алган жеңелеримдин кошогун коёюн десем, чиркин, радио койгуч жок. Биз алып берген магнитофондуу радио эчак жарактан чыгыптыр. Аңгыча боз үйдөн мени дагы чакырып чыгышты кеңешке.

– «Тирүүдө баркы бардын, өлгөндө арты бар» – дейт. Эрте күндү кеч кылбай эртеңкиге даярдык көрүп, малдарды сойдура берели. Куда-сөөктөр түгөл келишти, бүгүн түнөшөт. Кечинде эт тартышыбыз керек. Биз келгенче бул иниң бир бээни союп салыптыр, бир жылкынын эти даяр, – деди агам. Иним башын шылкыйтып:

– Кечээ түнү жергиликтүү кудаларга эки-үч табак эт тартылган. Бүгүн карасам жылкынын жарымынан ашык эти жок. Кечээ мен

www.bizdin.kg



эңги-деңги болуп баш-аягымды жыя албай ыйлап отурганда бу иттериң уурдап кетишиптир. «Убалдан ууру коркпойт» тура.

– Кудай урбадыбы, этке көзөмөл болгон киши жок беле? « Уурудан сөзүңдү айырсаң да, көзүңдү айырба» – деп эл бекер айтпаптыр да. Сагындын аялы өлгөндө эт жасагандар чучук жасап катып сатканын билбейсиңби? Анан ошондойлор сени аяйбы?

– «Өлүп көрүптүрмүнбү» дегендей, мындай баштан өтпөгөндөн кийин көзөмөлдөгөнгө шаам жеткен жок. Тиги агам өзү көзөмөлдөп жүргөн, көрсө аларга өзү шыбагалашкан тура.

– Жакшылап карабайсыңбы, анан.

– Кантип жакшылап карайм, өзүбүздүн боз үйдү тиктиргенден кийин дагы бир боз үй издедим, сөөктү өзүнчө коёбуз дегенинен.

– Ой, бул Басыкеники бар эмес беле, ошону эле тиге койбойт белеңер, болбосо Самаш байкеники деле бар эле го.

– Ал жакшы көрүп чай, майыңды дайым көтөрүп жан тарткан иниң «туурдугу жыртылып калган» деп боз үйүн агасынын азасына бербей койду. Чындап жыртылып калса бир жума мурун эле Аман өлгөндө тикпейт эле да, – деди иним бурк этип.

– Казыр тууган-тууганга ылым санабай калбадыбы. Жыртылса деле тиксе эмне болмок, же күн шарылдап жаап атпаса, бир күндөн кийин чечип алат эле го, күн чайыттай эле ачылып турбайбы.

– Кой, болуптур, аркы-беркини айтпай, тууган ичиндеги таарынычты угуп отура турган учур эмес. Кана, канча мал соёбуз? Жылкынын жарым эти уурдалып кетсе, дагы бирди сойсо жетет го, – дедим.

– Ой, бир жылкынын санын уурдап кетишсе, кечээ эки чара эт тартылса, бүгүн кудаларга жети-сегиз чара эт тартылат. Ошо менен бир жылкынын эти оомийин болот. Дагы эки жылкы, эки кой союш керек.

– Көп болуп калат го. Обу жок ысырап кылганда не?

– Кайдагы көп, эртең эл бешиктеги балдарынан өйдө көтөрүп алып келет, эл көп болот. Мына бүгүн эле көз көрсөткөндөр улам дасторкон жайган сайын жылан сыйпагандай кылып тамак-ашты дасторкондон тазалап кетип атышат. Дагы продукту көптүгүнөн билинбей атат. Көрдүң го, кемпирлер кумшекерди кагазга ороп кетип атышпайбы, үйдө кумшекер жок эле дешип? Үйүндө кумшекер жок болсо өлүк чыккан үйдөн алышабы?

– Уяты кеткен эл да.

– Айыл-апаны куда-сөөктүн үстүнө киргизе көрбөгүлө кокуй, уят кылышат.

– Бир жылкы, бир кой эле сойсок эмне болот? Түштүктө бир койдун эле этин бир айылга жеткирип атат. Бишкекке барганда да бир жылкы союп, дасторкон жайып карым-катыштарга куран окутушубуз керек.

www.bizdin.kg



– Айылга үч жылкы, эки кой сойбосок жетпейт, мына үчүлүк, жетилигине кой сойсок деле болот.

– Анда баш-аягы төрт жылкы союлабы?

– Союлса союлсун, антпесе уят болуп калабыз, «тирүүдө баркы бардын, өлгөндө арты бар» дешет го. Атам бардар жашап ушул чөлкөмгө барктуу киши болсо. Балдарын эл тааныса, анан аны ит көмгөндөй кылып бир жылкы союп көммөк белек, кудайды карасаңар боло. Сен жакшы көргөн Жеңижок айтыптыр:

«Конок келсе күтүнгөн,
Моңолдор, черик калкы бар.
Сарыбагыш менен саяктын,
Сары алтындай баркы бар» –

деп. Алп акын саякты ошо салтты мыкты билгендигин даңазалаган да.

– Молдолор киши өлгөндө жыт чыгарбагыла, эч нерсе сойбогула, кийин куран окутканда бир кой сойсоңор болот деп атпайбы. Бир чети өтө ысырап кылган туура эмес.

– Ошо молдоңдун энесин урайын, араптын салтын жаттап алып маңкуртча жайылтып жүрүшпөйбү. Бизди кыргыз дейт, кыргыздын салты менен көмөбүз. Молдо айтты деп салтыбызды бузуп, элге шерменде бололубу. Эл эмне дейт, тогуз баласы топурап жүрүп атасын тыңыраак көмө алышкан жок деп эртең эле жаман туугандарың сөз кылып шагыңды сындырбайбы. Кайдан көрдүң эле Жумгалда бир кой союп сөөк көмгөн кишини? Биз эмес иттин уулу Байгара деле бир жылкы соёт өлгөн жетесиз ата-энесине. Республикадан бүт чоңдор келип атса, кой айланайын. Эмне, атың чыккан өзүң эле уят болосуң баланча... баланча – деп.

Кыясы, талашып-тартышып атып баш-аягы үч жылкы, эки кой союлмак болду. Анан мен кошумчаладым:

– Самсалатып кийим илгенди токтотпойлубу, ушул жакшы деле жорук эмес го.

– Илгертеден ошондой болсо, биз эмне кылабыз?

– Илгери эле ушунча кийимди ким сатып келип, ким илип коюптур? Илсе кийип жүргөн кийимин илгендир. Азыр жөн эле ысырап кылып сатып келип илип, көк көйнөктүн ордуна кайра ак көйнөк кийип кетип, товар алмашуу эле болуп атпайбы. Ушундай жасалмалуулуктан көрө реалдуу эле жардам берген туура да.

– Ал эмне болгон реалдуу жардам? – деди бир агаларыбыз керсейип.

– Ушу кийим алып келип, кайра алып кеткенден көрө өлүктүн зыйнатын көтөрүп, чыгым болуп аткандарга жардам иретинде кийим ордуна акча же мал, эгин берсе эмнеге болбосун? Өлгөн киши тирүүсүндө

www.bizdin.kg



кийбеген кийимди өлгөндө көтөрүп келип не кылат? Андай адам кадырын билсе өлгөндө «жакшы киши эле» демиш болуп этке тойгондон көрө тирүү кезинде сыйлабайбы, тирүүсүндө кадырлабаган...

– Мунуң туура, кана эми, аны эл түшүнсө. Болбой эле көнүмүш ишти жасап атпайбы. Же бир кой-ай деген киши болбосо. Өкмөттүн кейпи тиги, күндө бийлик талашып ит тытыш.

– Туура болсо кийиттерди бүгүн илбей эле койгула, мындан ары бизди туурап эл деле илбей калар, акырындап ушул адат калып кетер, – дедим.

– Ыя, кокуй, мунуңду тиги энең, эже-сиңдилериң, жеңелериң укса бетиңди тытып алышпасын. Уят дешип мунуңду намыс көрөт. Элдин баары эле илип аткандан кийин биз деле элден калбай илип коёлу. Эл укса аягандай көрүшпөйбү. Ага эмне мынча күйүп-бышасың? – деди агам дедим.

– Мейли, – дедим аргасыз. Бир аздан кийин агам келди:

– Иче-карын арткан келиндерге үч-төрт бөтөлкө арак, мал сойгондорго ошончо бөтөлкө арак бериш керек экен, – деп.

– Кудай урбадыбы, башынан эле азада урук-туугандар бирибирине кызмат кылыш парз эмеспи, арак ичкидей той болуп атпаса, – десем:

– Бербесек болбойт, ушинтип ичип жаман көнүп алышкан тура.

– Иче-карын арткан келиндерге эмне жок. Жайдын капортосу, үшүгүдөй же кыш болбосо, өзүбүздүн мандалактай жаш келиндер дагы чоң атасынын зыйнатына кызмат кылган үчүн арак доолашабы? – дедим капа болуп. Сыягы, башкарып жүргөн айылдаш жеңелериме агам менин каршы болуп атканымды айтып барган көрүнөт.

Бир убакта жеңелеримдин бирөө келип:

– Келиндер бунт чыгарып атат. Арак бербесе, иче-карынды өздөрү артып алсын, ошолорго жокпу, атасына жайнатышпайбы? Булардан башка колунда жок жакырлар деле өлүктү барпыратып коюп атат деп атышат. Ичсе көрсөтпөй ичер, сен макул деп кой, кыз, – деди.

– Ой, жеңе, мына өзүнүн тогуз баласынын, атамдын өзүнүн кайын журту, таяке-жээндер, бөлөлөр болуп эки жүздөн ашык куда-сөөк жакын-алыстан ат арытып, ашуу ашып ар кайсы жерден, өзөндөн келишти. Бишкектен депутаттар баштап, Ак үйдүн кызматкерлеринен бери келишти. Эртең эле «атасын тыңдап көмбөй эле арак ичип жүрүштү. Жүзү курусун, аракеч эл болот экен» – деп жаманаттылап кетпейби. Эртең деле бет керек го, абийирибиз кетпейби, – дедим күйүп-бышып.

– Кагылайын ай, айылдын сырын билбейсиң да. Баягы сен өскөн Совет учурундагыдай эмес азыр. Ошо арак доолап аткандардын арты он сегиз, алды отуздагы эле өз келиндериң, сөөктү жашырып алгандан кийин айтчуңду айтарсың, азыр аларга теңелбе. Берчүсүн

www.bizdin.kg


берип кутул. Иш бүтсүн. Эл кумурскадай жайнап келип атканда, акыйлаша турган жай учур эмес.

Булардын баарын угуп турган орусча өнүп-өскөн эжем:

– Ужас, ушундай да скотиналар болобу, биякта киши өлүп атса, бизден арак бергиле деп келиндердин оокат кылбай доолап атканы эмнеси, балакет ичкирлер, – деди жийиркенип.

Аңгыча иним нааразы болуп келди:

– Энеңди урайындар, мүрзө казгандарга тамак алып барсам, эмнеге тамекини унутуп калдың, арактыүч маал бербей түштө, кечинде эки маал эле берип атасыңар деп сырактташат. Башкалар бир маал беришет, булар бизди такыр эле басмырлайлы дешкен окшойт.

– Жанагы акмактын жосунсуз жоругун айтпайсыңбы? «Атаңдын көрүн кирип көр, жакшы эле казылыптырбы» дегенинен көргө түшсөм, жанагы Ыйманаалынын ити:

– «Атаңдын көрүнүн көрүндүгүн бер», – деп доолап турбайбы, анан уят-сыйыттан кечкен ушуларда эмненин абийири, – деди иним ызага батып кыжына.

– Кудая тобо, көргө да көрүндүк алып калышты беле? Такыр эле уят-сыйыттан кетип калышкан го. Оозго бир койбойсуңбу, – деди агам жинденип.

– Атасы өлүп атса, балдары мушташып жүрөт деп сөз кылбайбы байке. Тилимди тиштеп эле унчукпай тим болдум. Мүмкүн кызуулук менен айтылгандыр. Ал сөз эртедир-кечтир тууган арасында айтылат. Ичип алып көр казгандын өзү итчилик болуп атпайбы.

– Кимиси?

– Жалаң көр казып жан баккан бирөөсү бар, тааныйсыңар. Көр казганын там салгандай ойлоп, көрүндүк сурап жүргөндөн кийин адам сынынан чыгып калган айбан да. «Ичкиликке көнүп ичкен, өлүп ичет» деген ушу эмеспи.

– Анан ошол кара бет, кызыл тумшук айбанга көр каздырасыңарбы?

– Тууган арасында башынан эле көрдү уруу-урууга бөлүнүп кезектешип казабыз. Колу тийбегендер, өтө зарыл иши болсо жанагы айбанды жалдап жиберишет. Көрдүн ашына семирген ал ит, ит жорукту кылып атпайбы.

– Тиги мал сойгондорго бере жүргөн нерсеңерди берип ишти бүтүргүлө, «ыйманы болбогондун ырайы курусун». Эл ыймандан кеткенден кийин айла жок – деди агам сөздү жыйынтыктап.

– Эртең эмне кылабыз? Мына, Бакин өзүң жыртыш бербейбиз деп тырышып атасың, – деди агам. Мен:

– Бүтүн буюмду бүлдүрүп жыртыш бербей койсок эч нерсе болбойт. Көрүп эле жүрөм, мисалы, эркектерге башка жерлерде жыртыш айры-

www.bizdin.kg



байт. Жыртышты аялдарга эле берет башка жерлерде. Жыртыш берүү илгеркинин калдыгы. Илгери аны таберик деп тумар кылышчу экен. Азыр жыртышты эч ким кастарлап пайдаланбайт.

– Эл эмне дейт?

– Эл, эл дей бербей элди ойготуш керек, тарбиялаш керек. Эл эмне демек эле, эл эмес өз туугандарың түшүнсө болду да. Жыртыш бербөө бул айылда бизден башталсын. Бизди колунда жок деп эч ким айта албайт, кимдин кандай жашарын беш колундай билишет. Колунда жоктор куру намыска алдырып атаандашып акыркы ырыскысын чачып аташпайбы, – дедим чындап. Ошондо айылдагы атамдын карындашы чыкты:

– Капырай, байкем өмүр бою күркүрөп бай жашап өттү. Жакшы жашады. Баарыңды окутуп-чокутту. Анан ушунчаң жүрүп жыртыш таратпасаңар сөзгө калбайсыңарбы. Жок болсо бир жөн, даяр жыртышыңарды бүгүн түнү жыртып, эртең бергиле тилимди алсаңар.

– Ой, эже, жыртышты азыр көп жерде бербей деле калышты. Бербей деле койсок болот го, – деп агам айтса, атамдын дагы бир карындашы атырылып чыкты:

– Байкемдин өз оокатын өзүнөн эмне аяйсыңар? Силерден жамандар деле жыртыш айрып атпайбы бомбаркыттан. Пейилиңерди кенен салсаңар. Кана, силерден бөлөк ким өлгөндө жыртыш айрыбай калыптыр, санап бергилечи? Кой, ушунуңарды киши укпасын, уят болобуз. Жок дегенде энеңерден сурап койсоңор боло «жыртыш берилеби же берилбейби» деп. Окуганбыз-чокуганбыз деп эле экөөң шаардан келип өз билгенче чече бербей. Намысты ойлогула. Намыс деген өзүнчө улуу журт. Атаңарды ардактап көмөсүңөрбү же антүү колуңардан келбейби, ачыгын айткыла? «Байлыгы бар басынбайт». Эртең сөзгө каласыңар чындап бербейбиз деп чечсеңер, анда мына мен өзүм эле намыс үчүн жыртыш берем, – деди нааразыланып күпүлдөп.

Мен айттым:

– Эскилигиңер калбайт экен го. Алакандай кездемеден эмне дүйнөңөрдүн тешиги бүтөлөт. Апама айтсам «өзүңөр билгиле» дебедиби. «Кээри кеткен бири-биринин кеңешине баспайм» болуп атпайбызбы. Ушинтип отурсак кантип оңолобуз?

– Оңолбогондой эмнебиз бузулуп кетиптир, ыя? Каада-салтты кылалы деген эле жазыгыбызбы? Силердин укпасыңарды билип жазганган жеңем: «Өзүңөр билгиле» – деди да. Капырай, апаңдан сурачы, ушунча жылдан бери алган жыртышы беш мүшөктөн ашса керек. Кимди көрүптүр жыртыш бербеген? Ал киши деле алжыйын деп калган го, силердин тилди угуп. Тиякта тигиндей, биякта мындай дей бербей

www.bizdin.kg



өзүбүздүн жердин, элдин эрежесин, салтын сактайлы. Саяк эли өлүктү өз каадасы менен кастарлап көмгөн нарктуу калк. Салттан чыкпай ошондой көмөлү. Жетесиздерди,өз салтын чангандарды, колунда жокторду туурай бербей, – деп силкинди улгайган эжебиз.

– Эртең этти кандай тартабыз? Чийки этти мурдагыдай эле ар бир үйгө таратып берелиби? Кимди кимдин үйүнө киргизебиз? – деди агам.

– Башынан эле ошондой, ошондой кылабыз. 10 үйгө киргизсек жетет, киши көп болот, батпаганын огородго деле отургузуп тасмал жайдыргыла. Жайдын күнү эмеспи, эч нерсе болбойт. Балдар тызылдап чуркап кызмат кылсын.

– Байкемдин арты майлуу-сүттүү болсун, дасторкон башына бирден бөтөлкө арак коюш керек, – деди айылдаш агаларыбыздын бири туурадан чыгып.

– Эч кандай арак коюлбайт! Той берип аттык беле, эс-дартыңардын баары эле арак экен, – деди чорт кесе кагып.

– Атаң токсондон ашып дүйнөдөн өтүп атат, токсондуку той эмей эмне, аягы жакшылык болсун, – деди тигиндейрээк көксакал туугандарыбыздын бири беркини коштоп.

– Эже, бул сөзгө не дейбиз?

– Аны өзүңөр билгиле, бул ишке кийлигишпейм, – деп ал чыга берди. «Кой» дегенге ачык жарабады.

– Ошондо канча бөтөлкө арак кетет, – деп калды агам.

– Кеминде сексен, токсон табак эт тартылат, калганын эсептей бер. Эл тарагандан кийин кызмат кылгандарга ыраазычылык билдиришиң керек, аларга да баш-аягы он бөтөлкөдөй кетет, – деди тиги тууган ынтызарлана.

– Эч кандай арак берилбейт, экинчи кулагыма угузбагыла аракты, – дедим мен дагы катуулап. – Өлгөндө арак бергендин өзү уят эмеспи. Өзүңөр ушундан кантип уялбайсыңар? «Баканы алтын такка отургузсаң да, баткакты көрсө ыргып түшөт» болуп такыр эле оозуңардан арак түшпөйт экен. Эки сөзүңөрдүн бири эле арак, арак...

– Эл берип эле атпайбы, – деди бержактан эки-үч ата өткөн инилерибиз тигилерге болушуп.

– Берилбейт, мындай ит адат кыргыздын салтында болгон эмес. А түгүл молдолор дагы уруксат бербейт. Өлүктө ичкен итчилик, кечирилгис күнөө, – дедим каршы болуп. Сыягы, агамды мурун айтып көндүрүп коюшканбы, ал негедир каршылык көрсөтпөй эле тигилерди башын ийкеп илбериңки коштоп, атүгүл менин так кесе сөзүмө арга издегендей:

– Бакин, молдодон сурап көрбөйлүбү, – деп калды. Молдокебиз мурун трактор айдап жүргөн, аракты өкүртө ичкен неме экенин эсте-

www.bizdin.kg



генде ыргылжың боло түштүм, мүмкүн, Кудай жолуна түшүп молдо болгондон кийин оңолгондур деп ойлоп: «Мейли сураса, сурап көрөлү» – десем, бирөөсү лепилдеп барып, аны чакырып келе калды. Бапыйта сакал койгон молдо келгенде, тигил туугандарыбыздын бирөө:

– Молдоке, балдар атабыздын арты той болсун, токсондон ашып жашады, табак башына бирден бөтөлкө койсокпу деп атышат, – деп калды өзү эле. Ошондо ишенген молдомдун айтып турганы:

– Эми балдары антип атса өзү билсин. Байкем да өзү бозодон ууртап-татып койчу эмес беле, ичип жүргөн тамагы. Арак деле буудайдан жасалат, анча-мынча тамак менен ичип койсо болот, – дебеспи. Чыдабай кеттим:

– Ушу силер дагы молдосуңарбы? Акыйкат сүйлөйт экен десе, буларга кошумча болосуз. Азада арак ичкенге тыюу салынат, болбойт. Шарияттан мурун тээ илгертен эле кыргыздын салты боюнча өлүктө ичкилик ичпейт. Мен кыргыздын нукура салтынан чыкпайм. Эртең эч кандай арак берилбейт, берилбесин! Жашырылып берилген болсо мага таарынбагыла, – деп катуу айттым. Ошондо молдо:

– Анда өзүңөр билгиле, бир чети туура айтат, – деп жооткотуп күйгүздү. Ошентип эки жүздүүлөнбөй эле: «Салт боюнча болбойт, бербегиле» – деп так кесе айтып койсо кудай алат беле молдону. «Бузулган элге бучуктан молдо» деген ушу го. Молдо өзү баш болуп «болот» деп атса, беркилерге чен барбы, Кудай берип дуулдап атпайбы, өлүк көмүп атабы, той болуп атабы аларга баары бир тура. Анда аргасы кеткен алыс тууганардын бирөө:

– Кечинде куда-сөөккө бирден бөтөлкө койбосок болбойт го, алыстан келишсе, – деп баштады эле.

– Куда-сөөк арак ичели деп келген жок, топурак салалы, зыйнатына катышалы, парздан кутулалы деп сыйлап келишти. Ал куда-сөөктүн милдети. Куда-сөөккө дагы кечинде эч кандай арак берилбесин! – деп капа болуп аза үйгө басып кеттим. Артымдан шашпай келген орусча өскөн эжем айтты: «Сени өлө обсуждение кылып атышат. Бакин молдо болсо баарын кууратмак турбайбы, молдо болбой калганына шүгүр, – деп тиги керооз агаң биринчи сөз баштады. Арак бердирбей койгонуң туура эле болду, а то бардак, канча затрата болот элек. Бирок жыртыш бериш керек го, эл берип эле жүрбөйбү. Көрдүң го, атамдын карындаштары ажылдап: «Жыртыш берилсин» – деп көгөрүп атышат. Бир чети алар агасынын кара ашын башкара албай калгандарына жиндери келип кыйкымдап атышса керек. Сен өзүң эле бийлей бербей аларды да анча-мынча угуп, акылдашып койбойсуңбу.

– Бийлеп мен эмне кылдым, болгону иштин жүйөсүн айтып атам. Акылдашканда алардан жүйөлүү акыл чыкпай атпайбы, чачалы,

www.bizdin.kg



ичели, жейли деген эле ысырап бир жобону айтып атышат, – деп наразыландым.

Атүнү кирпик какпай таң аткыча жыртыш айрып, кийиттерди бөлүштүрүп чыктык. Куда-сөөккө түнкү тамак берилип, эс алганы жатканда жыртыш айруу башталды. Көрсө, кыргызда жыртыш айруунун өз салты бар экен. Мурун-кийин жамандыктын кара мээнетин тартпагандан кийин анча аңдабапмын. Азага канча аял келерин алдын ала болжолдуу эсептеп, ошого жараша жыртыш айрылат экен. Канчалаган кымбат баалуу баркыт таң аткыча бычырап кесилди. Анан жыртыш кесүүгө апамдын кудагыйлары, абысындары, кыз-кыркын, таяке-жээндердин өкүлү, атамдын карындаштары, келиндери сөзсүз катышыш керек экен. Аны каралуу зайып абысындарына өзү айтса, каада деп эсептелип үйүнө барбай калып жардам берет экен. Апам кан басымы көтөрүлүп, бир чети карылыктын кээри го, ооруп жыртыш жыртууну абысындарына айтпай калган көрүнөт же унутканбы. Абысындары деле калбады, бир-экөө тирүү, бөкчөңдөп араң басып жүрүшөт. Алар күтүп отуруп: «Жеңем, жыртыш айрышкыла» – деп айткан жок деп таарынып кетишиптир. Эми эл ал салтты билишсе, айтпаса деле калып кол кабыш кылбайбы деп ойлодум. Мунун ичинен атамдын эки карындашынын бири ооруп, бири үйдө киши жок болгондуктан кичинекей неберелерин карай турган киши жок деп үйүнө кетип калыптыр. Бирөө болгондо да келим-кетимдердин кошумча, келген кийиттердин тизмесин жазган дептерди ошо жазгандыктан чөнтөгүнө унутуп салып кетиптир. Көрсө, жыртыш жыртылып, эсептелип бүткөндөн кийин, кийиттер куда - сөөккө, сөөк жуугандарга, молдого, айтор, ырым-жырымын жанагы туугандар комиссиясы чечип, даярдап коёт экен. Эртеси: «Жыртыш жырктанга катышкан жокпуз, агабыздын өлгөнү эми билинбедиби» – дешип баягы карындаштары чыр чыгарышты. Апамды жемеге алышкан көрүнөт, анда апам жарыктык:

– Мен эми картайбадымбы, ооруп, өзүм араң отурам. Баарын тиги кыздар эле тейлеп атат, – дептир. Эжемен сураса:

– Бакин эле билип атпайбы. Анын сөзүнөн эч ким чыккан жок. Ошондон сурагыла, – деп чыга бериптир.

– Жеңем минтпейт эле, тобоо, өз сиңдибизден көрөт экенбиз го. Шаарда жүрүп өзүм билем болуп калган тура, базада чоң болуп иштесе көөп калган го, бизге бир нерсе ыроолобогону эмнеси? Жүзгө чыккан агамдын кийим-кечесинен балдарыма бирдеме ыроолобойбу, же бир көйнөк эле илиптир деп теңине албай атабы дешип мени каптап келишиптир. Анча-мынчасына чын эле колдо тизме болбогондуктан көйнөк-кече ыроолонбой калган экен, мени тим эле жеп жибере жаздашты. Калган-каткандарынан ыроолоп, «жазган дептерди өзүңөр чөнтөгүңөргө салып алып кетипсиңер, ошондон

www.bizdin.kg



улам ким, эмне алып келгенин билбей калдык» – деп кутулдум. Аза күттүрбөй эле доолап-догурунуп, нааразы болгон туугандардын азабын ошондо бир тарттым. Эшикке чыккан эжебиздин бирөө сырдана бир жеңесине ыйлаптыр:

– Бакин машине алдым деп күйөөсү менен келгенде, колтойгон коюмду багажына салып бердим эле. Ботом, ушундайда: «Атамдын карындашы, өз эжебиз эле» – деп душман көзүнө бир эски көйнөк болсо деле ыроолоп койбойбу. Жашабагыр, эч нерсе көрбөгөндөй болбой. Кичинесинен бардар, май аккан үйдө өстү эле го, буга эмне жетпейт? Кудая шүгүр, агабызга керме-керме кийим илээрге жер жок калды, же бирөө мени буга жамандап койгонбу, – деп таарыныптыр, же менин таарынганга ошондо чамам болсочу. Жаным төрт чарчы. Ал жетпей аткансып атамдын өз кийимдерин балдарына таратып бергем. Үйдөгү кичүү уулуна суусар тебетейи менен жаңы кийимдерин берсем, ортончу жеңем алган жаңы чепкенине ыраазы болбой: «Суусар тебетейин атамдын небереси болгон менин уулума берсең болмок» – деп түйтүң этти. Ыя, кудай, кийим талаша турган чакпы? «Мен деле атамдын кийип жүргөн көйнөгүн уулума ырымдап алганым менен башка эч нерсе алган жокмун, бир бээ сойгомун деп мен деле бир костюм-шым алсам болот беле?» – десем унчукпай калды. Минтип бетке айтпаска чара жок. Кыскасы, доомат эле көп. Ал жетпей аткансып улам тамагы кургаган кошокчубуз эсти оодарды. Ал түнү жыртыш жыртып, кийит бөлүштүрүп көзүбүз кызарып, мээбиз чыңалып кирпик какпай таң атырып, таң заардан үн чыгардык. Таң атпай аялы, кыз-кыркыны өлгөн кишини жоктоп кошок кошуу салт. Аны коштоп өкүрүк чыкты. Жоктоонун салт болгону элдин даанышмандыгынын бир белгиси эмеспи. Бул салт тирүү адамды бир ойлондуруу, оомал-төкмөл жашоодо каниет кылып жашоого үндөйт тура.

Сөөк коюуда саяк ээрчен эркектерге тегерек толду. Аттарын учкаштара кайчылаштырып байлап, столбага, огороддун четине байлаган аттар өзүнчө бир чоң жерди ээлеп, басаарга жер жок. Сөөк чыгар күнү эл котолоп абдан көп келди. Кымбат баалуу кийим кийген аяштар, зайыптар атайын көргөзмөгө келгендей топ-топ болуп карааны дүпүйөт. Түшкө чейин сөөктү узатуу керек. Кошокчу соолуп кошууда. Эл, өзгөчө чачпакчан байбичелер «атаң гөрүлөп» кошокчуну мактап атышты. Биз дагы үн чыгарып, ыйлап отурдук. Атам жөнүндө «жакшы киши эле, минтчү эле, тигинчү эле» дегендей сөздөр айтылып атты. Эртең менен кызмат кылган келиндерди, жеңелерди, жигиттерди чакырып алып: «Бүгүн жакшылап узаткыла, уят болбойлу» – деп кимдер жыртыш таратат, тамак бышырат дегендей тапшырмаларды бир сыйра катуу дайындап, тактап азалуу үйгө кирдим. Сөөк узаткан бу күн менин ден соолугумду бузуп кетти,

www.bizdin.kg



анткени ошондо ойго келгис иштер болду. Эсимди жагымсыз жоруктар ээледи. Сөөк чыгарганда эл өкүрүп келип атышты, улам келген кишини чайга киргизүү салт. Сөөк чыгара электе жеңем кулагыма шыбырады:

– Кечки конокко тартылган устукандар жок. Сый куда-кудагыйлардын устукандарын эртең баштыктарына салып берейин деп алып койсом, уурдап кетиптир.

– Капырай өлүктө да уурдашабы? Каякка койдуң эле?

– «Конгон үйдүн терезелерине, шифонердин үстүлөрүнө коюп койгом. Ал жакка бөтөн киши кирбейт, тиги келинге айтсам карап туруп кашайтып: «Билбейм» – деп ийинин куушурат. Ушундай да маскарачылык болобу? Өз үйүндө турган оокатты ал билбегенде ким билет? Жетеси жоктор жетесиздей эле иш кылат тура. «Ууру сыздатат» болуп атабыз.

«Уурунун куюшканынан коркпо, уюшканынан корк» деген элде сөз бар эмеспи, калганына сак бол. Дагы издештирип, сурамжылап көрчү.

Аңгыча айылда бирге өскөн, ошо жерге турмушка чыккан бирге окуган теңтуш кыздарым ыйлап-сыктап, кайрат айтып келип калышты. Апам: «Кулагым чуулдап, башым айланып атат» – деп калды. Дагы кан басымы көтөрүлүптүр. А кишиге дары берип саксактап калдык. Ошентип, кыздары күйпөлөктөп калсак кичүүрөөк бир абысыны апамды кайраттандырайын дедиби: «Капырай, жеңе, оорубай-этпей эле жакшы турасың, обу жок эркелеп, жөнү жок кыздарды коркутпа. Андан көрө элүү жыл чогуу жашаган абышкаңа катуу күйүп атам дебейсиңби. Акем жакшы жашады, шүгүр де, жакшы доорду сүрдү, кудайга тобо де, анча күйбө, өз ден соолугуңа карап, балдарыңдын өмүрүн тиле» – деп калды. Мындайда бирин-экин коштогондор чыгат эмеспи. Аркы-терки нускалуу сөздөр да айтыла калып жатты.

Бир убакта «сөөк жуулат» деп калды. Демек, ый токтош керек. Сөөктү жууп атканда алыстагы бөлөлөрүбүз кечигип келип калышты, ырым-жырым боюнча костюм-шым, көйнөк, чепкенин да көтөрүп алып, бир кыл куйрук айтып келишиптир. Апама угуза айттым:

– Ушу кийимдерди илгениңерди койбойсуңарбы. Кийим алмаштыргандан мүйүз чыгабы же бул кийимдерди биротоло кошумча деп таштап кетпегенден кийин, мунун эмне кереги бар? Кайра бергенде да: «Мен мындай алып келсем, ал тигиндей берип койду» – деп куда-сөөк, тааныш-катыштардын өздөрүндө дагы ич ара таарыныч, ыйкы-тыйкы наарзычылык болот экен. Сакалдуулар эле улам айтса тыйылат эле да, – дедим.

– Салт да балам, элден чыгып кайда барабыз? Жоюлса деле жакшы болот эле. Кана эми: «Аны минтпегиле» –деп ким кой деп айтат. Кайра киши өлгөндө куру намыстанып атаандашып күчөп атпайбы,

www.bizdin.kg



эл өзү коё турган түрү жок, – деди апам. Ошондо атамдын карындашы каяша кылды.

– Жеңе, карыганда жакшы карысаң боло. Байкемдин өз оокаттын өзүнөн аябай, салтты билбей жүргөнсүп, жаштар бирдеме десе кошула бербей. Бул бат эле жоголо калмак беле. Эмне, балдарың күркүрөтүп таап атат, ии, берсин, чачсын атасы өлгөндө. Бир жолу эмгегин актасын, балдарды ошон үчүн азап тартып окуткан-чокуткан. Өлүктү жакшы узатса балдарынын даңазасы артат. Элден байкемдин эмнеси кем эле?

– Ботом, заман өзгөрбөдүбү, илгери ушундай болчу дей берген ылайыксыз го ушу заманда. Керме-керме өлүү буюмду илип койгондон эмненин даңазасы? – деди апам.

– Эже, өзүң көп жылдан бери мугалимсиң, түшүнгөндүн ордуна эскини көксөп, коргоп атканың кандай? Мына Көлдүн айрым жерлеринде сөөк койгондо айылдаштары келет да айттырбай кол кабыш кылышып, топурак салып, куран окутуп кетет. Бул парз экен. Түштүктө бизчилеп үч-төрт жылкы сойбойт, бир кой союп эле күрүч менен элге ооз тийгизип өлүк парзынан кутулуп коёт экен. А биздин айылда көз көрсөткөндөр келгенде дасторкондон даам татсын деп тасмалга эмне даам койсоң кумшекериңден бери кагазга ороп салып кетет ачарчылыктан чыгышкансып, жылан сыйпагандай кылышат, улам-улам жаңырта берип, толтуруп атып эсиң оойт. Бул тирүүлөй тоноо го. Ушунун баарын улгайган байбичелер жасап атпайбы, карыдан пейил кетип аткандан кийин жаштар каякка барат? Мунун өзү адепсиздик, абийирсиздик эмей эмне? Же өлгөндө талап кетүү дагы салтпы? – деди эжем.

– Капыр, ошо тасмалдагыны алып кеткени жаман, туура эмес, пейили кетти элдин. Бирок азага келгендер эт жебей кеткени туура эмес го. Киши акыркы жолу тиги дүйнөгө узап атса, ит көмгөндөй кылып томсортуп кетирген кантип жакшы болсун? Өлүктүн да өз ырыскысы болот, балам, анын шаанисин жасаш керек, тирүүлүктүн салтанаты ошо. Андай болбосо тирүүлүктүн баасы канча? Бул дүйнөгө ыйлап келгенден кийин ыйлап узатып, акыркы сапарында жоктолуп, салтанат менен эле узаткан оң, – деди эжем моюн бербей. Анын бул сөзүндө чындыктын үлүшү бар эле.

Эркектер жаназага тургандан кийин сөөктү бейитке алып жөнөштү. Чуру-чуу түшүп эле калды. Атамдын бала-бакырасы, небере-чөбүрөсү бир айыл болуп калган экен. Адамды акыркы сапарга узатардагы азанын көркү кошок экен. Аза зыйнатындагы нарктуулук ушул кыргыз кошогунда тура. Созолонуп кошкондун өзүндө уңгулуу уютку, салттын туу чокусу бар тура, ар бир келген аял, сүйгөн жары, кыздары, эже-карындаштары созолонтуп өксөп

www.bizdin.kg


кошулуп турса кыргыздын кыргыздыгы ошондо көрүнөт экен. Биз сөөктү өксүп узатып, үйгө кирип кошок кошуп отурганда дагы кулагыма шыбыр угулду: «Жанагы бөлөлөр алып келген костюм-шым, чепкендерди биз жаназа убагында эшикте турганда уурдап кетиптир, илели деп таппай калдык». Же ыйлаган киши эмес же чарба башкарган киши эмес, эки ортодо кыжаалат боло түштүм. Кудай урбадыбы, атам өлүп атса жок дегенде жөн да ыйлаганга мүмкүнчүлүк беришпеди. Бу биздин элге эмне болгон? Өлүктө кийим уурдап бузулуп бүтүшкөнбү? «Үйүң күйгүр» – дедим ичимден. «Уурдаса эмне кылайын, аялдарды жакшылап узаткыла, эркектер көрүстөндөн тез эле келип калат жакын эмеспи» – дедим, айлам кетип. Ошентип, аза менен болуп муң тартып отурганда, бир тууган жеңем чуркап келди бозала болуп: «Эшикке чыкчы, иш чатак» – деди. Боз үйдүн чыккандан кийин: «Өлдүк, очокто турган бир казан даяр палоону уурдап кетишиптир, эми эмне кылабыз» – деп алаканын бир чапты. Саамга нес боло түштүм. Мындай тозокту өмүрүмдө укпагам. Мээм зырп этип, этим ысый түшкөнсүдү.

– Кудай урбадыбы, дасторкондо отурган аялдарга эми эмне тартабыз? Казан башында эч ким жок беле?

– Айтымдарында казан башындагылар сөөк узаганда ошол жакка басып барышыптыр, келсе эле палоо жок – деп жанын жеп атышат. Болгондо да алар биздин тукумдун эле келиндери. Куда-сөөккө абийирибиз төгүлмөй болду, эми эмне кылабыз?

– Ушундай акмакчылык да болобу, Кудая тобоо, өлүктө да уши-тишеби, эл бузулуп эмне болгон? Мурун ушундай окуя болчу беле?

– Шаарда жашасам, мен кайдан билем, же бул жерлик болбосом. Байкеңе айтсамбы, баса, ал тиякта сөөк коюп жүрүшпөйбү, ал жетип келгенде эмне кылат эле? – деди аргасы түгөнүп. Аңгыча мунун чет-чеберин уккан кыз-кыркын боз үйдөн чыга калышып наалып, нааразылана башташты. Бирок жеңем:

– Болор иш болду, миң жолу токонаалат айткан менен иш бүтпөйт, уурдагандарга кудай өз жазасын берер. «Казандын түбүнө чөмүч жетет» дегендей, кептин баары ошо тамак бышырган өз келиндердин өзүндө эле токсондогу. Аны эми кийин териштиришели. Каропкалап апкелген кесмени эле самоордогу кайнаган сууну казанга куюп бышыра коюп, тууралган этке бергиле. Элге билгизбегиле. Болгула, убакыт чукул,– деп акыл таап кетти. Келиндер чуркап камыр бышырганы кеткенде атамдын карындаштары:

– Чара-чара палоону кантип бир күндө жеп бүтсүн, күндүн ысыгы бу болсо, бузулуп деле кетпейби. Мындайлардын ичтери жарылып өлбөйт го. Убал-сооптон коркпогондордун өз убалы өзүндө. Жамандыктан уурдаган жаман болот. Эл: «Бүлүнгөндөн бүлөө алба» – деп

www.bizdin.kg



бекер айтыптырбы. Атайын эле кара ниеттик кылышты да, болбосо азага келген элге арналган бышкан даамды көтөрүп кетет деген эмне шумдук? Ачкадан өлүп деле баратышпаса керек. Дагы жакшы, ырас коробкалаган кесме алып келип коюпсуңар. Абийирибизди ошо жаппадыбы. Болбосо эмне кылат элек? Узун элдин учуна кеп-сөз болбойт белек. Кыргыздын ич күйдүүлүгү жаманчылыкта дагы калбайт экен го. Алыстан ууру келди дейсиңби, өзүбүздүн эле ичибизде алар. Мындай жорук дүйнөдө болбойт, болсо бир гана бизде болушу мүмкүн. Бирин-экин келин-кезек муну жасай албайт эле, топтошкон адамдар бар го...

– Жанагы келиндерди карабайсыңарбы, жасаган тамагын билбей, ооздорун ачып жаназа жакка барышканын. Аларга эмне жок? Башкарып жүргөн келин дөөдүрөп эмне кылып жүрдү? Өңгөнү коюп өз ишин билип, тамак кылгандарды көзөмөлдөбөйбү. Эл акыны жазгандай:

Канча салдым маркумга,
арнап бир ууч топурак.
Дале менин артымда,
ажал күтүп отурат, –


дегендей тирүүлүктө өлүү бар. Канча төрөлсө ошончо өлүм болгон соң, аза түбөлүк тура, ошон үчүн «аза карыбайт» дешет эмеспи. Азадагы жаман жоруктарга капа болдум, көңүлүм катуу ооруду, көпкө эсимден кетпей ичимдем кирдеп, зилдеп жүрдүм. Ойлосом жүрөгүм сайгылашат. Эл бузулуп кедери кеткенине, нарк калбаганына ошондо бир көзүм жетти. Ойлосом жүрөгүм сайгылашат. Шаарда жүрсөм айылды сагынып, кусаланып эңсечү элем. Элетти демөөр тутчу элем көңүлүмдө. Журт уюткусу, тазалыгы, нукурасы айылда деп сыймыктанып жүргөн пикиримдин бырын-чырыны эки күндө эле чыкты. Элеттин бузулганы кыргыздын бузулганы, пейили кеткени. Кантип оңолор экенбиз?.. Деги оңолобузбу? – деген санаа турду көңүлдө.

www.bizdin.kg



*Орус адабиятынан*

# БИР КАЙРЫК



Сергей
ВОРОНИН

– Эх, Анечка чүрөксүң!
Ээлеп алган жүрөктү! –

деп ырдады ал, отуздагы чырайлуу аялга, болгондо да күйөөсү менен жарашып, эки баласын эптеп багып жүргөн кайнежесине. Ырдады, ырдаган менен ырынын маанисине деле көңүл бөлгөн жок. Ырдабаганда кантет эле, төрт тарабы төп болуп турса… Жай десең, жай айы, көл жээгинде көйкөлүп дачасы турат, отпуска десең отпуска, эң негизгиси, өзү турмуштун туш-тарабынан жол айткан жаштардан; жоодураган келинчеги бар, ал Анечка менен бир тууган, кызы да сулуулардын буруусу болуп чыкты – быйыл көркөмдүк мектебине тапшырып жатат – талант деген ошентип талпынат да! Кыскасы, бардыгы төп десең төп, эп десең эп, анан ырдайт да…

– Эх, Анечка чүрөксүң!
Ээлеп алган жүрөктү!

Ырдады, ырдаган менен ыры Анечканын жалгызсыраган, тагырак айтканда, эри менен ажырашкандан бери аңгырап ээн калгансыган жүрөгүн тымызын тызылдатып жатканын ойлоп да койгон жок. А Анечка анысына бирде күлкүсү келсе, бирде күдүктөнө карачу: ойноп атканыбы, чындап атканыбы? Албетте, аны менен жакын болуп кетүү үч уктаса түшүнө кирбей калсын: бир

www.bizdin.kg



тууган синдиси турса эки көзүн жалдыратып, а бирок бул эмне эле ары-бери өтүп кыңылдайт…

Июлдун жагымдуу кечи, ар тараптан жаңы ачылган тамекинин жыты аңкып, узундуу күнү кечке жылыган көл суусунун илеби урат, а күн болсо батайын, батпайын деп турган маал. Ал дагы жадырап-жайнап жанына келди да:

– Эх, Анечка чүрөксүң!

Ээлеп алган жүрөктү! – деп ырдап койду.

Бак тарапта алардан бөлөк жан жок… Баары далисте. Чай ичип жатышат. Ал далисти да шумдук салдырган: батышың да, чыгышың да көрүнүп турат, кең-кесири. Күн батаарда анда олтуруп чай ичкенден ашкан ырахат жок. Баары ошондо, экөө гана быякта. Анечка алда неге көңүлү чөгө түшүп, бак жакка чыккан, азыр алма багынын жанында турат. Көл тараптан таза сууга чайынып, чаңк-чуңк эткен балдардын таптаза үндөрү угулат. Аны бул жер деле жеңилдетип жиберген жок, антсе да жалгыздык жанга азырак баткандай боло түштү. Ошентип турганда кайдан-жайдандыр Николай келе калды да, оозунан түшпөгөн баягы обонун кайрадан баштады. Аны дегеле маңдайы жарыла жадырап карайт.

– Ии, анан, – деди Анечка, батар күндүн алдында өзүнүн эбегейсиз сулуу көрүнүп турганын этибарга албай.

– Анан… чай ичели, – деп жооп берди ал.

Чынында эле анын жадырап караганында, кыңылдап ырдаганында кымындай да кир жок эле. Ал кайрадан: «Эх, Анечка…» – деп баштап баратып, токтоп калды да:

– Болуптур, кеттик эми, – деп, негедир зиркилдей түшүп артын бир карабай кетип калды.

А Анечка ордунан жылган жок. Кандайдыр бир белгисиз ойлор, же кандайдыр бир эскерүүлөр анын жанын жай таптырбай, көл жакка басты. Жээк бойлой олтуруп, эмне үчүн тагдыр бирөөлөргө бүт баарын айтат да, бирөөлөргө эч нерседен айтпайт, – деп ойлоно баштады. Экөө бир үй, бир ата, бир энеден чыгышкан, ал эми турмуштары асман менен жердей. Биринде – күйөө да, сүйүү да, дача да, жетиштүү оокат да; а бири – тирүүлөй жетимдерди жетелеп анын ирегесинде, – дагы ырахмат аларга, эки бала менен батырып атышат. Николайга да ырахмат, башка бирөө мени балдар менен босогосуна жолотобу. Болгону «Эх, Анечкасына…» түшүнбөй койдум. Эмне ойлоп, эмне көздөгөнү бар? Айтор билбейм , билгим да келбейт. Антейин десең, кызык… эмне эле ошенте берет?

Бир жолу туруп эле балыкка чыгалы деп калды. Чыгалы деди да, «арам оюң бар экен деп шек санап жүрбө» деген кыязда көзүнө

www.bizdin.kg



жалтанбай, тик карады. А балким, антип да ойлогон эместир, барып келели дегендир, болгону ошолдур.

– Барса баралы, – деди ал суз гана. А дагы андай-мындай ойлонуп, башын оорутуп отурган жок.

Николайдын эки гана киши бата турган кайыгы бар болчу. Анысы Суванта-ярви деген чоң көлдүн кичинекей, жылуу-жумшак булуңунда турчу. Бирок алар балыкты бул булуңдан эмес, күүлдөгөн шар агым Вуокстун системасы боюнча куйма менен жиберилип, түбүнө балыктар үчүн жемди мол агызып келе турган темир жол көпүрөсү жактан ууламак болушту. Андагы көк иримдерде ирдүү балыктар көп. Николай ал жакка мурда да барып, олжолуу кайткан.

– Ой, сонун болду да, – деп сүйүндү ал. – Эки киши деген эки киши да, эки эсе көп балык кармалат.

Анечка барбай койсо деле болмок, арийне бирөөнүн үйү, аргасыз көз карандылык: балыкка баргысы келбейт, алып келсе балакеттей жейт дешеби дегендей… Эми антишпейт деле дечи, ошентсе да…

Адегенде көлдүн камыштуу жээгин бойлой сүзүштү. Николай кайыктын калактарын кериле-кериле шилтеп бара жатат. Анечка кайыктын арткы четинде андан көз албай олтурат. Сымбаттуу жигит экен. Сымбаттуулугунда сөз жок. А бирок эмне ойлоп жатты экен? Көңүлүндө эмне бар: сырын сыртынан билмек кайда? Ал тургай көз кырын да салбайт. А аялы менен ушинтип тымпыйып отурмак беле. Албетте, жок, бу жерде ыңгай такыр башкада… А балким, келиндин көңүлүндө жүргөндөр, анын үч уктаса түшүнө да кирбестир… Ооба, бирөөнүн ичин бирөө билбейт да. Сыртынан тон бычуу кыйын. Чогуу келаткан менен ой-дилдери бөлөк…

Мелжеген жерге бат эле келишти. Темир жол көпүрөсү атырылган айлампанын үстүнө асылган. Көпүрөгө жеткени калышкан, суунун шары кандайдыр бир ийриле агып, анын катуу толкуну кичинекей кайыкты ар жак, бер жагынан ургулай баштады. Кайыкты булуңга буруп кетүүгө Николай бүт күчүн жумшап киришти. Аңгыча бир күүлдөгөн ташкын келди, анын шары кайыкты айлампага багыттады. Николайдын куту учуп калды, кара терге түшүп жанталашса да күрүлдөгөн толкун кайыкты чарк айланган айлампанын дал өзүнө сүрө берди.

Николайда өң-далет жок, көзү чанагынан чыккан. Кайык көбүктүү иримге баратат. Эбегейсиз айлампа он чакты кадамдай жерде чарк айланып, бүткүл сууну оп тартып алып кайра чар-тарапка бүркүп турду. Кенедей кайык ага кеппи. Оп тартат да, бир айлантып анан капкайда бүркүп салмак. Анечка экөөнү да ошентмек, албетте, кантип тирүү калышсын, өлүктөрүн ыргытат да.

www.bizdin.kg



– Анечка, сактануу керек! – деди Николай буулган үн менен, анан өтүгүн тиштене чече баштады. Сууга сүзүүгө даярданып жаткан эле, ал сууда жакшы сүзчү.

Анечка эчтеме дебеди,тек гана кайыктын кырына карыша жабышып, ошондон бир опоо күткөнсүдү. Ал сууда начар сүзчү.

Николай желеткесин, шымын, көйнөгүн чечип ыргытып трусычан калды.

– Ушинткен түзүк, – деди ырсайымыш этип.

Ал кайыктын секиргени, секиргенде да айлампадан алыс түшкүдөй секиргени калган эле, аңгыча кайдандыр бир кудай жалгаган тескери агым келди да, аларды тыптынч мелтиреген сууга алып чыгып кетти. Николай маңдайы жарыла кубанып, кийине баштады.

«Эч нерсе деле болгон жок, баса, ал мени ойлоп да койгон жок, – деп күйүнө күлүмсүрөдү, Анечка. Демек, жанагы келжирек ырын тим гана ырдап жүргөн экен да».

Ошондо булар килейген үч балык кармап алып, үйгө жарыкта эле келип калышты. Баары тең чуулдап, олжого аябай сүйүнүштү. Балыкты кууруп да, шорпо жасап да алышып, далистеги чоң столдо отурушту. Арийне эч ким Николай менен Анечкадан арам санаган жок, андай шек ойлоруна да келбейт эле. Чынында эч нерсе болгон жок да.

Эртеси таңда Николай көнүмүш көнүгүүлөрүн жасап атты. Анечка кудуктан суу алып келаткан. Николай аны көрөр менен жадырай түшүп, зыңылдап калды:

– Эх, Анечка чүрөксүң!
Эздиңиз го жүрөктү!

Келин аны жалт карай салып, кечээги: «Сактануу керек!» – деп зиркилдеп чечингенин эсине түшүрдү да, мыскылдуу күлүмсүрөп, унчукпай жанынан өтө берди.

Которгон **Шербет КЕЛДИБЕКОВА**

www.bizdin.kg



*Түркия адабиятынан*


# *Издейм сени*

*Жай..*
*Саратан, ысык,*
*Мен – дүйнө*
*Өзүнчө, кызык!*
*Адашып ааламда*
*Издейм сени...*

*Түн...*
*Айлана жымжырт,*
*Караңгы, тарып..*
*Мен –*
*Күйүп да жанып*
*Айдан тилеп*
*Издейм сени...*

*Кусалык...*
*Чексиз асмандай,*
*Басынтат байкатпай...*
*Мен –*
*Сагынып, качпай,*
*Үмүттөн талбай*
*Издейм сени...*

04. 07. 1998. Бишкек ш.



**Ибрахим ТҮРКХАН** *1972-жылы Түркиянын Кахраманмараш шаарына караштуу Афшин районунда төрөлгөн. Орто мектепти Афшинде, лицейди К.Марашта бүтүрүп, Кайсери шаарында кесипчилик окуу жайында окуган соң 1992-жылы Кыргызстанга келген. К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл Мамуниверситетин география мугалими адистиги боюнча 1998-жылы бүтүрүп, журналисттик, түрк тили жана география мугалими кесиптеринде иштеди. 1999-жылы Түркияга кайтып кеткен. Учурда Маниса шаарына караштуу Сома районундагы менчик мектепте география мугалими болуп эмгектенүүдө.*

*«Авразия» жазуучулар бирлигинин, Кыргызстандын эл аралык Поэзия Академиясынын мүчөсү. «Танры Дагларынын Янкысы» («Теңир-Тоо жаңырыктары») аттуу китептин автору. И.Түркхандын кыргыз тилинде жазган ырларын окурмандарыбызга таанып таныштырабыз.*

www.bizdin.kg



# Каракол

*Даам сыздым,*
*көптөр менен туз татыштым*
*Бир сындырым нанды бөлүштүк.*
*Жүрөгүмө октой тийди –*
*Меймандос кыргыз элимден*
*Мекениме кетээрим...*

*Тумар сымал тагып алдым*
*Элесиңди көңүлүмдүн төрүнө.*
*Мен алыска, сен журтуңда*
*Айрылышып аргасыздан*
*Кетебизби, өмүрдө...*

*Мончок сымал томолонот*
*Көзүмдөн жаш токтобой.*
*Өкүнгөндө эмне майнап*
*Кол үзгөн соң ыйыктан*
*Аргасызмын кыл чайнап.*

*Эңсегеним сен элең*
*Эртеңим да сен белең?*
*Элесиң эске түшкөндө*
*Арманым аттын башындай*
*Сезимим соолуйт түбүндө...*

*Боз улан – от курак да,*
*Шок жигит кетти, турабы.*
*Күзгү шамал айдады*
*Сур булуттай жүзүңө*
*Каратты кайта каратты...*

*Өмүр – дайра турбайбы*
*Агылбаган артына.*
*Өрт чаласың көңүлдө*
*Өткөнүмдү эстесем*
*Түштүм санаа түбүнө...*

*Эми уланар жолумду*
*Сенсиз жалгыз басамын.*

www.bizdin.kg



*Чолоо тапсам Каракол*
*Сага жетем бир күнү*
*Мени күтчү, барамын...*
23. 10. 1998. Бишкек ш.

## Жамгыр ыры

*Мынакей жамгыр куят, жамгыр куят*
*Нөшөрлөп жаз кечинде, жаз кечинде.*
*Алсырайм, түйшүктөрдөн кетип кубат*
*Жымжырттыкта – түн ичинде, түн ичинде...*

*Олтурам бөлмөмдө мен, бөлмөмдө мен*
*Тыңшаймын жамгыр үнүн, жамгыр үнүн.*
*Бул жамгыр жамгыр эмес кайгы деген*
*Санаага толот түнүм, толот түнүм…*

*Карайлайм караңгыдан чыгайын деп, чыгайын деп*
*Аттиң ай, жол табылат качан эми, кана эми.*
*Тамчыдай түн жарымда түгөнсөм да*
*Келбеди жаштык деми, жаштык деми...*

*Бейкапар жүрүптүрмүн, жүрүптүрмүн*
*Өтөөрүн баары ойго албай, ойго албай.*
*Ченемин, кунун билбей ар бир күндүн*
*Кууратгым кургак талдай, кургак талдай...*

*Санаамды кимдерге эми, кимдерге эми*
*Айтамын тең бөлүшүп, тең бөлүшүп.*
*Кайгырбаса досторум азабыма*
*Кол шилтейм көңүл түшүп, көңүл түшүп...*

*Мынакей жамгыр куят, жамгыр куят*
*Жарышып көз жашыма, көз жашыма.*
*Тыпылдап тамган сайын кетип кубат*
*Чала дейм керт башыма, керт башыма...*
21. 05. 1999. Бишкек ш.

www.bizdin.kg



# Кыргыз кызга

*Ышкым күйүп, сени эстеп жүрөмүн,*
*Ызаатыңа байланды го жүрөгүм.*
*Ысымыңды тумар кылдым көңүлгө*
*Атың сенин ырым болду, чүрөгүм...*

*Ай-жылдарга сенден кеттим алыска,*
*Алгыр куштай чакырасың алыска.*
*Асылкечим деги айтчы оюңду,*
*Акым жокпу, бакытымды табышка?!*

*Көңүл чиркин, көпөлөктөй сезимтал,*
*Кызгалдак сен, мен аарымын, сүйүү – бал.*
*Кылым өтсө, калса белим бекчейип,*
*Кайтпайм сени самагандан, билип ал!*

04. 12. 2004. Истанбул ш.

# Сагынуу

*Каракол, мөлтүрөгөн булагыңдан,*
*Бир татсам суусунум канар беле!*
*Кайрадан мекендесем жаш кезимдей,*
*Сүйүүнүн оту күчөп жанар беле!..*

*Карагат, терек өскөн көчөлөрүң –*
*Атадан калган салтты сактагандай.*
*Көңүлүмө салтанатың толсо аттиң,*
*Ай нуру көк асманда жаркыгандай!*

*Сагынуу дене-боюм ээлеп алды,*
*Күнү-түн ашыккан баладаймын.*
*Каргалар мекендеген бай теректер,*
*Күйүтүм укпай калды, кападармын.*

*Чаң баскан мезгил деген барактардан,*
*Агылсам дайра болуп кучагыңа.*

www.bizdin.kg



*Черимди бир жазууга чоло тапсам,*
*Аттиң ай, кайрылсам ээ, жаштыгыма!*

*Ысык-Көл бери жакта чалкып жатат,*
*Толкуну мени кел деп чакыргандай.*
*Ызгаары суук кыш ак жолумду*
*Тороду, калдым дагы бара албай.*

*Ала-Тоо, таарынгансып карап койбойт,*
*Датымды айтып берсем угар бекен?*
*Ак булут жамгыр төкпөй буулуккандай,*
*Аман жетсем жаным акыр тынар бекен.*

09. 05. 2008. Назилли ш.

www.bizdin.kg





Турусбек
МАДЫЛБАЙ

*Публицистика*

# МЕНИН АМЕРИКАМ ЖЕ ЖАҢЫДАН АМЕРИКАНЫ АЧУУ

**(Уландысы, башы өткөн санда)**

## САН ФРАНСИСКО

*«Өмүрүмдөгү эң суук кышты мен Сан Франсискодо жайында өткөргөм».*

**М. ТВЕН**

27-сентябрь, дүйшөмбү күнү биз Сан Франсиского сапар тарттык.

Эртең менен саат 8:15те Бостек-Хауздагы бизди машине менен алып кетишти. Машинеде Жозеф Тиефенталер менен Жейсон Иңленд бар экен. Бизди алгандан кийин Блумингтондогу үйгө жөнөдүк, ал жерден бразилиялык Амилкар Беттега, бангладештик Анисул Хок, мавританиялык Фархад Хойратти бизге кошулду. Акырында биз Айова Хауз Отелден калгандарын бүт алып, Куэд Ситиге аба майданына багыт алдык. Биз Сан Франциского Чикаго аркылуу учуп бардык.

Сан Франсискодогу абанын ысыктыгы 16°–25° экен, күн тийип турат. Биз Пауэл-Стрит көчөсүндөгү Сэр Френсис Дрейк мейманканасына барып токтодук.

www.bizdin.kg



Ошол эле күнү саат 19:00дө шаардын Сити Лайтс китеп дүкөнүнө окурмандар менен жолукканы жөнөдүк. Мейманканадан дүкөнгө чейин анча алыс болбогондуктан биз жөө эле Чайне-Таунду аралап өтүп, анан Норт Бич аймагына жетип бардык. Сити Лайт Бит ажайыпканасынын жанында экен. Бул дүкөндүн өзгөчөлүгү – ал түнкү саат 24:00гө чейин иштейт экен. Биздин Кыргызстандан, менимче, дегеле мурунку СССР өлкөлөрүнөн деле, китеп алат элем деп түн ортосунда дүкөнгө барган кишини көрдүңөр беле? Ал эми бул жерде түндөп деле окурмандар китеп дүкөнүнө көп келет экен. Биз барганда саат 8:00 болуп калган: дүкөндүн ичинде киши бир топ эле чогулуптур, алар китеп текчелеринин арасын кыдырып, ар кандай мазмундагы китептерди тандап жүрүптүр.

Биз мурунку СССР элдери бир кезде китепти эң көп окуган өлкөбүз деп мактанчу элек. Ал эми Америка эли болсо биз үчүн эч китеп окубай эле, жалаң гана акчанын артынан кууган калк катары элестетилчү. Ошондо мен таңгалар элем: буларда эч ким китеп окубаса, анда кантип булардан О' Хенри, М. Твен, Ж. Стейнбек, Э. Хемингуэй, У. Фолкнер, Ж. Селинжер жана дагы көптөгөн башка жазуучулар пайда болот? Мына, эми көрүп жатам: америкалыктар бизден үч эсе, беш эсе көп китеп окуйт экен! Мен дагы ойлойм: эгер биз америкалыктардай болуп китепти көп окуганда, мүмкүн, биз деле эмгиче өнүгүп кетет белек. Ооба, биздин элибиз Чыңгыз Айтматовдун атын жакшы билет, бирок чыгармаларын окугандары саналуу эле киши. Биз Манасты ыйык тутабыз, бирок тилекке каршы, «Манас» эпосун окугандарды эки колдун манжалары менен эле санап койсо болот. Америкадан кийин мен өзүбүздү китепти эң көп окуган эл дегенден калдым.



Эртеси саат 9:00дө биз шаарды кыдырып жөнөдүк. Машиненин ичинде Деннис деген бизге жолчу боло турган киши отуруптур. Ал бизге шаардын тарыхын айтып берип, кызыктуу, кооз жерлерин көрсөтүп, кээде тамашалашып, кээде кайра сүрдүү боло калып жүрүп отурду.

Сан Франсиско Американын эң кооз шаарларынын бири экен. Испандар курса керек, тамдары бүт оймо-чиймелер менен кооздолуп, көчөлөрү ар түрлүү гүлдөргө толгон. Бул шаардан, менимче, багбанчылыкты, бактарды кандай кооз жайгаштырууну үйрөнсө боло турган. Шаар дөбөлөрдүн үстүндө жайгашкандыктан биз бирде өйдө чыгып, бирде кайра ылдый түшүп жаттык. Акыйкаты, Сан

www.bizdin.kg



Франсиско Американын эле эмес, бүт дүйнөнүн эң кооз шаарларынан экен!

Түштөн кийин биз Тынч мухитинин боюна бардык. Мына, мен эңсеген мухит бою! Мен буга чейин көп эле деңиздерде болгом: беш жыл университетте окуганымын үч жылын катарынан Кара деңизге Сочиге барып, Дагомыста бир айлап эс алып келчимин; Таганрог, Азов шаарларына барып, Азов деңизинин тең ортосуна чейин кемеде сүзүп келгем; кийин жазуучу катары Балтиканын боюндагы Юрмалада, Дубулты чыгармачылык үйүндө жүрдүм. Ал эми Бакуга барганда Каспий, Казакстандан Арал деңиздерин көргөнүмдү айтпай эле коёюн.

Мага эмнегедир деңиздин бою жагат, мен жээкти бойлоп сейилдеп, маргатондо (пирсте) туруп алып, улам шаркырап агып келаткан толкундарды тиктегенди жакшы көрөм. Ошондуктан үйүмдө жүргөнүмдө эле Жо Тиефенталер менден кайсы жерлерди көргүңүз келет деп сурап, бир нече кызыктуу аймактарды сунуштаганда, мен өзүм тоодо жашайм, ошондуктан деңиз бойлоруна көбүрөөк алып барсаңар деп сурангам.




Мына, эми мен мухиттин боюнда турам. Алдыда чалкыган көк мейкиндик жатат, майда толкундардын үстүнөн ак кеме сүзүп баратат. Кумдак жээкте жылаңайлак басып баратып, бир маалда менин оюма бир нерсе келди. Атактуу Чыңгыз хан акыркы деңизге жетсем деп, Адриатиканы көрүүнү эңсеген экен. Ошол деңизге жеткенче ал канча адамды өлтүрдү, нечен элди кырды. Азыркы саясатчы сөрөйлөрдөн дагы бирөө өз өлкөсүнүн элин Инди мухитине чейин жерлерди басып барып, өтүктөрүн ошол мухиттин суусуна жуугула деп чакырган. Кыргыздар эч качан бирөөнүн төрүн өтүкчөн тебелебейт, ошондуктан мен бутуму чечип, багалегимди түрүп алып Тынч мухитинин суусун кечип бардым да, шаркыраган шор суруга бетимди жуудум. Карасам, мени сүрөткө тартып жатышат. «Мен Америка элине өзүмдүн тынчтык менен келгенимди көрсөткүм келет», – дедим мен аларга. Эртеси гезиттерде, Интернетте мындай маалымат таратылды:

www.bizdin.kg



## КЫРГЫЗ ЖАЗУУЧУСУ ТЫНЧТЫК ЖАНА ДОСТУК ҮЛГҮСҮН КӨРСӨТТҮ

Бүт дүйнөнүн жазуучулары АКШда чогулуп, Айова Сити, Сан Франсиско шаарларында болушту. Алардын арасында Кыргызстандан жазуучу Турусбек Мадылбай дагы катышты. Ал америкалык окурмандардын алдында азыркы кыргыз адабиятынын абалы жана андагы кыйынчылыктар тууралуу сөзү менен чыкты. Угармандар кыргыз жазуучусунун сөздөрүн жылуу колдоо менен кабыл алып, кыргыздын улуу чыгармасы «Манас» тууралуу кабарды дүркүрөгөн кол чабуулар менен коштоду.

Тынч мухиттин боюна келгенде, Сан Франсискодо кыргыз жазуучусу Турусбек Мадылбай тынчтык жана достук үлгүсүн көрсөттү. Анткени иңглис тилинде мухиттин аты «Пасифик» (тынччылык) деп айтылат эмеспи. «Илгери Чыңгыз хан акыркы деңизге чейин жерлерди бүт басып алам деген экен, – дейт кыргыз жазуучусу. – Жакында эле бир орус саясатчы сөрөйү да орустарды Инди мухитине чейин бүт жерлерди басып алып, өтүктөрүн анын суусуна жуугула деп чакырганын билебиз. Кыргыздарда өтүгү менен бирөөнүн төрүн тебелебейт, ошондуктан мен элдин баарын тынчтык жана ийгиликке чакырып, болгону гана Тынч мухиттин суусуна өз жүзүмү жуугум келди...»

ЮНЕСКО жана АКШ Өкмөтүнүн колдоосу менен өткөрүлүп жаткан Эл аралык жазуучулар жыйыны өз ишин улантууда.

Ошол эле күнү кечинде биз Сан Франсисконун атактуу Хайт-Эшбери деген гүзөрүнө да бардык. Ал жерде 1960-жылдары даңазалуу хиппи кыймылы башталган. Эсиңиздердеби, бизди ошол жылдары хиппилер менен коркутчу: кимдин чачы узун болсо эле, ал – хиппи, ким кууш шым кийсе эле, ал дагы – хиппи, ким гитарада ойноп, өзгөчө иңглисче ыр ырдаса, анда ал – сөзсүз, хиппи. Анан бизди пионердик, комсомолдук чогулуштарга салып, мазактапшылдыңдап, катуу такалашчу. Кээде мектептен кууган учурлар да болгон. Көрсө, ошол хиппилердин кыймылы алгач мына ушул жерде, Хайт-Эшбериде башталган турбайбы.

Биз Эшбери көчөсүн бойлоп отуруп, 710-үйдөгү «Ыраазы пендечилик тамын», Коул көчөсүн бойлоп отуруп, 636-үйдөгү «Менсон тамын» көрдүк. 1965-жылдан 1968-жылга чейин «Ыраазы пендечилик» деген рок тобу дал ушул 710-үйдө жашаптыр, ал эми Чарлз Менсон менен анын «Үй-бүлө» деген тобу 1963-жылы 636-үйдө «Сүйүү жайы» концертин тартуулаган.

www.bizdin.kg






Андан тышкары биз «Бен менен Жерри» жана «Амёба рекордз» деген эски диск, фильмдер сатылган дүкөндөрдү, «Де Йаң» ажайыпканасын, жапандардын чай багын, балдардын шайтан дөңгөлөгүн, гүлбакты аралап көрүп келдик.

Бирок эң эле эсимде калганы – эртеси менин 39-маргатонго, Балыкчылар лиманына барганым болду. Мына анык ырахат деп ушуну айт! Жок, мени ал жердин 110 дүкөнү менен 13 ресторань кызыктырган жок. Мен бала кезимдеги деңиз саякаттарына, алыскы аралдарга баруу зарылчылыгына, суунун астында сүзүп, ар кандай айбанаттар, анын ичинде эң сүрдүүсү акула менен бетме-бет таймашуу коркунучуна, деңиз каракчыларынын арасындагы ар кандай окуяларга бөлөнүп жатып калгандай болдум. Мен кечке чейин лиманда жүрдүм: кемеге түшүп алып Алтынбап Дарбаза көпүрөсүнө (ал 1937-жылы курулуп, азыркы күндө Сан Франсисконун эле эмес, жалпы Американын бүт эн тамгасы болуп калды, анткени ал 3, 2 чакырымга созулуп, булуңдун үстүнөн салаңдап, 17 500 зымдан оролгон бир метрге жакын жоондуктагы троско илинип турат); Алкатрас аралына чейин сүзүп барып келдим (ошол аралда Ал Капоне, Роберт Бөдмен Страуд сыяктуу атактуу уурулар, кылмышкерлер камакта жаткан имиш); аквариумга кирип алып, акулалардын арасында калдым; Калифорниянын деңиз арстандарын сүрөткө тарттым; жээктеги «Хард-Рок» кафесинде, Жорж Харрисон, Ринго Старр, Карлос Сантана, Майкл Жексон ж. б. рок жылдыздары тамактанган орунга отуруп тамактандым (кийинчерээк мен: «Ал жерде Мадоннанын дагы көйнөгү илинип турат», – десем, бир досум: «Анда ал эмне, өзү жылаңач кетиптирби?» – деп тамашалады); кечки салкында келатып жээкте зинжил балдар рэп менен брейктин эң мыкты өнөрлөрүн көрсөтүп жатканын, дагы башка миңдеген түркүн-түркүн кызык нерселерди көрдүм.

Анан күүгүмдө мен мейманкананы карай жол тартканда, ушунун баары аз дегенсип мен башка эч жерде көрө элек кабелдик унаага түшүү кумарына баттым. Бул өтө кызык нерсе экен: биринчисинен эле, кабелдик унаа деген өзү трамвайга окшош болгону менен, анын үстүндөгү муруттары жок (ушуну айтканда эле, мен ыраматылык атамдын биринчи жолу Маскөөгө барып, трамвайларды көрүп келип, бизге аны сүрөттөгөнү эске келет: ал трамвайларды «мурутчан

www.bizdin.kg



автобустар» деп атаган); экинчисинен, акыркы аялдамадан аларды артка буруп, анан дегеле дөбөгө чыгып, кайра түшүүдө өтө оор болгондуктан, аларды жалаң килейген эркектер башкарат. Ошондуктан акыркы аялдамадагы кабелдик унааны буруу ыкмасын байкап туруу өзүнчө бир ырахат. Айдоочу ириде эле унааны жаргылчакка окшоп айлана турган бир жайга түртүп киргизет, анан ушул тонналаган оордукту айлантып барып, теңирден тескери буруп салат. Муну карап көрүп турган жүргүнчүлөр тигил балбандын кубаты менен ыкчамдуулугуна таң берип, кол чабуулар менен коштойт. Берки айдоочу дагы кадимки эле өнөрпоздой бир жагынан уялып, бир жагынан мындай баага ыраазы болуп колун төшүнө алып калат.

Анан биз унаага толуп алып, шаарды аралап өз түнөктөрүбүздү карай жөнөдүк. Кабелдик унаалардын дагы бир жакшы жери: сен каерден кайсы унаага отурбагын, бардыгы тең баары бир шаарды бүт аралап өтөт экен, ошондуктан сен эч качан адашпайсың.



Эртеси күнү дагы мен өзүм жалгыз Юнион-Скверге сейилдеп чыгып келдим. Ал жерде дагы бир канатчан аялдын эстелиги туруптур. Бул аял го кант сатып байыган, Сан Франсиско шаары үчүн чоң салым кошкон Алма дө Бретвиллдин урматына орнотулуптур. Ал эми бизде өз жерин, өз элин саткан катынга эстелик коюлуп жатпайбы! Ушунун баарын ойлогондо күйбөгөн жериң күл болот экен да!

Ушинтип дагы бир жолу күйпөлөктөп алып, мен саякатымды нары уланттым. Оңго бурулуп, кичинекей көчө менен басканда, Гиери-стрит, 333-үйдө жайгашкан Лефти О'Дуулз кафесине туш келдим. Мен ал жерден бир аз шам-шум этип алайын деп кирдим, дубалдарында көптөгөн америкалык атактуу кишилер ушул кафеден тамактангандыгы тууралуу баяндалып, алардын сүрөттөрү чапталыптыр. Негизинен, бейсбол оюнчулары экен, мен тааныгандардан бир гана киноактриса Мерилин Монро бар.

Кафеден чыгып, мен кайрадан артыма жөнөдүм. Бир маалда Юнион-Скверге жеткенде карасам, бурчта эле Пабло Пикассонун көргөзмөсү өтүп жатат. Улуу, атактуу Пабло Пикассо! Мен бир кездерде сүрөт тартчумун, калем, май боёк, акварелди түзүк эле колдончумун. Бала курагыман сүрөт, кино, музыка, спортко абдан ышкыбоз элем. Учурунда мен Ленинграддагы сүрөт академиясына

www.bizdin.kg






жөнөтүлүп, ал жакка билет алалбай гана экзаменге кечигип калгам. Кийин ВГИКке барам деп аракет кылып отуруп, ал жакка дагы жетпей калдым. Бизде Токтогулда ал кезде музыкалык мектеп болбогондуктан, эптеп Маскөөдөгү сырттан окуу маданият университетинен аваз-аспаптык ансамблдин аранжирин гана окуганга жетиштим. Буйрук эмес экен деп мен бүт өнөрлөрдү өз алдымча үйрөнө бердим, бирок тилекке каршы, бара-бара башка өнөрлөрүм экинчи орунда калып, мен акыркы маалда жалаң жазуучулукка өттүм.

Ошентип Пикассонун сүрөттөрүн түп нускасында көрүп, ыраматылык досум Мусабай уулу Камчыбек айткандай, «эт жебесем да шорподон ичкенсип», өзүм сүрөтчү болбосом да, улуу сүрөтчүнүн чыгармаларын көрүп алып, бир аз моокумумду кандырып мейманканага кайттым. Ал жерден Анисулга айтсам, ал турган жеринен так секирди.

– Каерде экен? – деди ал чыдамсыздык менен.

– Тиги Юнион-Сквердин эле бурчунда, – дедим мен.

– Жүр, көрсөтчү, – деп суранды ал.

Мен аны ээрчитип барып көрсөттүм. Анан ал башка жазуучуларды дагы ээрчитип барып көрсөттү. Менимче, ушул жазуучулардын баары эле мага окшоп бир кезде сүрөтчү болбой калгандар окшойт. «Ар бир кишиде Моцарт жашайт», – деп менин сүйүктүү жазуучуларымдын бири Антуан де Сент-Экзюпери бекеринен айткан эмес көрүнөт.

Биз өз үйүбүз болуп калган Айова Ситиге 1-октябрь, жума күнү Денвер аркылуу учуп бардык. Сан Франсискодон кетип баратканда катуу шамал башталып, аба ырайы бузулуп бараткан. Бирок, кудайга шүгүр, биз жүргөн маалда аба ачык, күн тийип турду.




Биз Денверге 7:25те учуп келдик. Менин эсимде калганы эле учак конуп келатканда ылдый карасам, астыбызда асмандагы жылдыздардай болуп жайнаган оттор күйүп туруптур. Мын-

www.bizdin.kg



дай керемет көрүнүштү Американын ар бир шаарынын үстүнөн көрсөң болот, бирок мынчалык коздукту мен Денверден гана көрдүм. Сүрөткө тартып алайын десем, тилекке каршы, камерамды көржөрүмдүн арасында калтырып коюптурмун.

2-октябрь күнү биз Айовага Ситиге кайтып келдик.

Айова Ситини сагынып калсак керек, биз көпкө чейин алыс саякатка чыкпай жүрдүк. Кээде гана шаардын жака-белиндеги айыл-кыштактарга, көл-токойлорго барып эс алып келебиз. Анткени менен Шамбо-Хауздагы, Гилмор-Холлдогу, Прэйри-Лайтстагы жолугушуулар көбөйдү. Биз Айова Ситидеги, Айова штатындагы башка шаарча, кыштактардагы окурмандар, студенттер, жазуучу-котормочулар менен учур-учуру менен жолугушуп турдук. Өзгөчө менин ырларыма кызыгуу көп болду: Жойс Төрнер, Эйм Паркер деген котормочулар менин бирин-экин ырларыман которуп, алды жыйнактарга, интернет-порталдарга чыгарып да жиберишти.

Мен болсо Гилмор-Холлдо кыргыз адабиятынын азыркы абалы тууралуу дарс окуганга үлгүрдүм. Мен ал дарсымда кыргыз адабияты байыркы адабияттардан экенин, бирок акыркы бир кылымдын ичинде, тилекке каршы, жалаң орус адабиятынын гана өңүтүндө калып, бизди калган дүйнө билбей калганын айттым. Албетте, Чыңгыз Айтматовду дүйнө билет, бирок биздин байыркы жана орто кылымдагы адабиятыбызды, анын ичинде Юсуф Баласагуний, Махмуд Кашгарийди, Мансур ал-Халажды көпчүлүк чет элдик окурмандар биротоло билбейт, билгендери болсо аларды башка элге таандык акын, философ, илимпоз катары таанийт. Бул кыргыздарга карата эң чоң акыйкатсыздык. Андан тышкары кыргыз адабияты социалисттик реализм деген өнөкөткө кабылып, турмушту туура чагылдыра албаган бир өңчөй чыгармаларды жаратып келген дедим мен, ошондуктан бизде азыр жазмакерлер көп, жазуучулар аз. Бирок ушундай тоскоолдуктарга карабай кыргыз адабияты баары бир өнүгүп келатат, бизде деле бүгүнкү күнү дүйнөлүк деңгээлдеги чыгармалар жаралууда, – деп бүтүрдүм мен.

Америкалык окурмандар терең түшүнгөн эл, алар мага көптөгөн суроолорду берип, ошол кыргыз адабиятын кеңири жайылтууга эмне тоскоолдуктар бар деп кызыгышты.

Биз «Синематекага» дагы барып, кино көрүп жүрдүк. Кинолор, негизинен, биз менен чогуу келген ар өлкөнүн жазуучуларынын, кинодраматургдарынын чыгармалары боюнча тартылган эле. Көрүп бүткөндөн кийин сөзсүз талкуу болот.

Эң алгач биз Эренден келген кинодраматург Фарангис Сийахпурдун «Таш бакалар уча алат» деген фильмин көрдүк. Өтө оор кинофильм экен. Окуя Эрен менен Ирактын чек арасындагы бир

www.bizdin.kg



айылда болот. Эки өлкөнүн ортосундагы согушта бечара карапайым эл – балдар, чалдар жана аялдардын тагдыры баяндалат. Көрүп бүткөндөн кийин биз баарыбыз тымтырс үйүбүзгө кайтып келаттык. Жанагындай оор окуядан кийин бирдеме деп сүйлөшүң дагы өтө татаал болчу. Бир маалда Чехем эми гана түшүнгөндөй жарыялады:

– Түшүндүм, – деди ал катуу үн чыгарып. – Жанагы кыз сууга чөктүрүп жиберген өзүнүн баласы экен. Баягы ирактык жоокерлер аны зордуктап койгондо төрөп алган турбайбы. Эми кишилердин бетин кантип карайм деп, баласынын мойнуна таш байлап, сууга ыргытып жибериптир...

Калгандарыбыз анын сөзүнө макул болуп, унчукпай башыбызды ийкедик.

Бул фильмдин сценарийин биз менен чогуу болгон сулуу кыз Фарангис жазган. Мен биринчи жолу таанышканда эле, ага Сергей Есениндин ырын окуп бергем:

Я спросил сегодня у менялы,
Что даёт за полтумана по рублю:
– Как сказать мне для прекрасной Лалы
По-персидски нежное «люблю»?..

Анан бул ырды иңглисчеге котордум.

– Парс тилинде «Мен сени сүйөм» дегенди кантип айтат? – деп сурадым Фарангистен.

– То дерам, – деди ал.

– Бирок тажикче «Ман туя нагз мебинам» дейт го? – дедим мен.

– Мен сени жакшы... дагы бирдеке, – деп түшүнө албай койду ал.

– Мен сени жакшы көрөм дегенди билдирет, – деп которуп бердим мен.

– Бирок бизде «То дерам» дейт, – деди ал...

Ошол татынакай парс кызы Фарангистин ушундай оор жана татаал чыгарманы жазганы мени абдан таңгалдырды.

Бир күнү мен Роберто Ампуеро деген кишиден кат алдым. Ал мени үйүнө конокко чакырыптыр.



Роберто Ампуеро өзү Чилиден болот экен. 1996-жылы ал дагы ушул ЮНЕСКОнун Эл аралык жазуучулар программасы аркылуу Айова Ситиге келген экен. Азыр ал Айова университетинде испан жана португал адабияты боюнча сабак берет, жергиликтүү улуттук кеңештин он өкүлүнүн

www.bizdin.kg



бири. Анын «Стокгольмдогу ашыктар», «Неруданын окуясы» деген китептери Латын Америкасында, Испанияда, Италияда, Хорватия жана Сербияларда басылып чыккан.

Менин колум көпкө бошобой жүрдү: бирде Сан Франсиского кетип калам, бирде Ханнибалга, ошентип отуруп биз бир ай дегенде гана зорго жолуктук. Роберто мени өзү келип үйүмөн алып кетти. Ал машинеси менен эшигимин алдына келди, анан биз анын токойдун арасындагы тамына бардык. Жубайы тамак даярдап коюптур, Роберто мен үчүн деп атайын Чилиден шарап алдыртыптыр. Биз шараптан ууртап коюп отуруп, дегеле адабият, маданият, тарых жөнүндө сүйлөштүк. Мен өзүмүн мектепте окуп жүргөндө эле Чили тууралуу ыр түрмөгүн жазганымды, ал ырларым үчүн мага Чили элинин, Эл аралык студенттер уюмунун сыйлыктары ыйгарылганын айтып бердим. Роберто менин чыгармаларымды котормок болду, мага арнап Чилинин «El Mercurio» деген эң чоң гезитине редакциялык макала жазып чыгарды. Биз азыр Роберто Ампуеро менен кат алышып, тыгыз байланыштабыз.

## ЧИКАГОГО КАРАЙ ЖОЛ

*Мен ал жакка күнүгө Сезанн үчүн эле барып жүрдүм, андан тышкары мен Чикаго өнөр институтунда алгач таанышкан Мане менен Моне жана башка импрессионисттердин сүрөттөрүн көргөнү барчымын.*

**Эрнест Хемингуэй. Дайыма коштоп жүргөн майрам.**




Мен жогоруда айтпадымбы: жакшы ойлор жакшылыкты жаратат, жаман ойлор жамандыкты ээрчитет. Муну илгери эле Франсис Гойя дагы айтып койгон: «Акыл түштөрү ажыдаарды жаратат». Жамандыктарды ойлой берсең, көп учурда алар ишке ашып кетиши дагы мүмкүн. Албетте, бул дүйнөдө коркунучтар деле бар дечи, алардан этият болушуң керек, бирок дайыма корко берсең дагы болбойт. «Коркконго кош көрүнөт», – дейт кыргыздар.

Мунун баарын айтып жатканымдын себеби: эсимде, мен биринчи жолу Донго, Ростов шаарына бараткaнда, мага көбү ал зөөкүр менен уурулардын шаары деп айткан. Кудайга шүгүр, мен ал жерде беш жыл окудум – жакшынакай эле шаар экен. Эли деле жакшы, жери

www.bizdin.kg



деле жакшы, ал эми ууурулары башка жерден артык эмес. Менин Токтогулумда деле ууру толуп жатат. Кийин бир жолу Минеральные Воды аркылуу жол жүрүп калдым, анда да айтышты, ал ууурулардын шаары дешти. Жок, башка шаарлардай эле экен.



Ошондуктан мен бирөөлөрдүн айтканына эле ишене бербейм. Мына бизге дайыма Американы душман катары сүрөттөй беришти эле, Америка татынакай эле өлкө экен го! И. Ильф менен Е. Петров «коркунучтуу шаар Чикаго» дешкен, М. Горький Нью-Йоркту «Сары азезилдин шаары» деген, бирок мен өз көзүм менен көрүп келдим: ал жакта деле бизге окшогон эл жашайт, бизден артык болушу мүмкүн, бирок бизден кем эмес. Кыргызстанды деле биздин жерде төрөлүп, биздин жерде өсүп-чоңойгон, анда дагы ошончо жыл жашап, кыргызча бир сөз үйрөнүп койбогон арам ойлор ар кимиси өз жерине барганда жамандап жатпайбы. Көрсө, алардын мекенинде ошондо гана үй-жай берет турбайбы, байкуш бечаралар, качкындар деп. Ал эми кыргыздар кимди кууп, кимди кет дептир? Ошондой эле Американы дагы эңсегендин баары көрүп келип алып, анан кайра жамандамай адаты бар. Балким, аларга дагы бирөө жарым бир нерсе убада берип жаздырып жаткандыр? Мисалы, Ильф, Петров, Горькийге го Совет өкмөтү ошондой тапшырма берген, ал эми азыркы биздин арам ойлорго ким кандай убада берип жатат? Же, мүмкүн, алар башкалар көрбөсүн деп ичи тарып жаткандыр? Эмне болсо да, аларды кудайга тапшырып коюп, биз өз сапарыбызды уланта берели.

Бизди бул саякатта көбүнчө Киша (Kecia Linn) коштоп жүрдү. Ал Айова Ситиге чейинки өмүрүн бүт Чикагодо өткөрсө керек, мындайча айтканда, анын жаштык кези бүт ушул шаарга байланышкан окшойт, анткени Киша Чикаго жөнүндө өзүнүн биринчи махабатындай баяндап берип жатты. Анан анын ошол сүймөнчүгү бизге да, Чикагонун аба ырайына да тарадыбы, бирок күн ачык, жылуу болду.



www.bizdin.kg




Күздүн орто ченindеги 170 деген, менимче, жылуу эле болсо керек. Кыскасы, биз Кишанын биринчи сүйүүсү менен жолугушканы кетип бара жаттык.

Чынын айтышым керек, мен Чикагого жол тартып баратып, Эрнест Хемингуэйдин мекени болгон Оок-Парктан башка ал жакта кызыктуу эчтеке деле жок го деп ойлогом. Менин Америкага биринчи келишим ушул Чикагодон башталган, андан кийин биз Сан Франциского барганда да ушул шаар аркылуу кеткенбиз. Балким, ошондуктан мен үчүн Чикаго жалаң эле аба майданы катары элестетилип калса керек. Ал эми аба майданында дайыма чаржайыт болот эмеспи, ошон үчүн мага Чикаго эмнегедир Американын эң балит шаарындай көрүнгөн. Кийин гана шаарды өз көзүм менен көрүп, мен канчалык жаңылганымды түшүндүм. Ошондон кийин мен «Эшигин көрүп төрүнө өт» деген макалга анчалык ишенбей калдым.

Көрсө, Чикаго Американын эң таза шаарларынан экен!

www.bizdin.kg





**Тайтөрө БАТЫРКУЛОВ** – *Таластын Кара-Буура айылында 1922-жылы туулган. 1937-жылы ата-энеден жетим калат. 1938-жылдан тартып чыгармачылыгы башталган. 1941–1945-жылдары Улуу Ата Мекендик согушка катышкан, 2-топтогу майып. 1957-жылы Тажикстанга тил үйрөнүүгө барып, жашап калган.*

*Көрүнүктүү тажик жазуучулары Жалол Икраминин «Мен айыптуумун» романын, Толис Пулодовдун «Саратан» повестин кыргыз тилине, Биктияр Муртазаев менен биргеликте Ч.Айтматовдун «Саманчынын жолу» повестин «Ала-Тоо» журналынан тажик тилине которушкан. Көптөгөн аңгемелери, макалалары «Вокруг света», «Фан ва турмуш» (Өзбекстан) журналдарына, газеталарда жарыяланган.*

*«Тоо чымчык» (1965) китебинин, аңгемелер жыйнагынын (1991-ж. тажик тилинде) автору. Учурда Бишкек шаарында жашайт.*

*(Сунушталган макала автордун талабы менен өз стилинде, түп нускасында берилди)*

*Публицистика*

# БАШ-АЛАЙДАН КӨК КҮЛҮКТҮ УУРДАГАН АЙАЛ

Баш-Алай менен коңшулаш Тажикстандын Жерге-Тал деген районун аралап, кайсы кыштагына, кайсы жайлоосуна барбайын, кандай карыйаны жана байбичелерди көрбөйүн, сүйлөшкөн сайын (алардан) бир айал жөнүндө сөз козгоп сураштырып жүрдүм. Районго белгилүү Мөк деген кыргыз кыштактан Мастура аттуу бир жаш келинчек Кыргызстандын Баш-Алайынан көк бөрү тартышта, ат жарышта даңазалуу болгон, эл оозунда Көк күлүк деп аталган күлүк атты уурдаган экен. Баш-айагы 90 чакырымдай тоо жолунда Көк күлүктү жүгөнсүз, ээр токумсуз жайдак минип, Мөк кыштактын жайлоосу Арпалыкка барган экен. Бул окуйа 1930-жылдардын биринде болуптур. Аны аңгеменин жүрүшүндө далилдеп, тактайбыз. Ошол жылдары жаш келинчек Мастуранын бул уурулугун Жерге-Тал районунда укпаган айал-эркек калбаптыр. Тажиктерге да таралыптыр. Кыргызстандын Чоң-Алай, Алай, Гүлчө жаккы бөлүгүндө да Көк күлүктүн уурдалышы жана кайра табылышы жөнүндө дуу-дуу кептер болгон экен.

www.bizdin.kg



* * *

Мастура эженин кайда жана кимдер менен жашаарын аныктадым. Кимдин атын айтып сурап барышты тактадым. Баарын чөнтөк дептерге жазып алдым. Анан 1983-жылы май айынын 26-күнү Өзбекстандын Анжыйан областына караштуу Коргон-Теппа району Савай совхоз техникумуна бардым. Сураштырып-сураштырып, месхет түрктөрдүн арасында жашаган жалгыз үйлүү Мажит деген кыргыздын авлисине кирдим.

– Келиң, мейман кели-иң! Мына, мейманканага кириңиз?!

Жашы кырктарга барган айалдын өтүнүчү бойунча мейманканага кирдим, төргө салынган жумшак төшөккө отурдум... Оролуу дасторконду ачып кең жайды. Дасторкондо нан, наваттар бар экен. Аппак чайнектен көк чай куйулуп сунулду. Кыргыз кайда жүрсө да меймандостугу кошо. Мен чай ичип отурганда тыштан эки боз улан кирип саламдашып дасторконго отурушту, мен өзүмдү тааныштырдым. Кимди издеп келгенимди билдирдим.

– Энемди чакыр, – деди айал.

Эки уландын бири лып туруп бөлмөдөн чыкты. Көп күттүрбөй бир арык, кичине кемпир үйгө кирип, менин бет маңдайыма отура калып амандашып ал-авалымды, бала-чакамды сураштырды.

– Сиз сурап келген Мастура кемпир ушул. Менин тууган энем, мен жалгыз кызы болом. Менден бөлөк перзенти жок. Менин колумда, – деди Данагүл.

Мастура эженин жалгыз кызынын аты Данагүл, күйөө баласынын аты Мажит экенин мен төрт-беш жыл илгери эле билип алгам.

– Эне-е-е! Мейма-ан сизди сура-ап Мө-өктө-ө-н келипти-ир. Сизди-и-н, о-о-о кели-ин кезиңи-изде-е Алайда-ан а-ат у-у-урдага-аныңызды жазы-ып алам деп кели-иптир – деп Данагүл энесинин кулагына жакындап катуу кыйкырып айтты.

Кызы бакырып айтып болор замат Мастура эже жакшына жылмайды. Биз үн чыгарып күлдүк. Анан мени тиктеп туруп минтип сурады.

– Баш-Алайдан көк күлүктү уурдап токумсуз, жүгөнсүз минип келгеним кимге керек экен? Мындан кандай маани чыгарат экен?

– Мага керек. Мен китеп кылып жазам. Адам атадан бери аттарды эркектер уурдап жүрүшкөн. Айал аттуулар уурдашкан эмес. Сиздин күлүк атты уурдашыңызга эмне себеп болду? Ошону жазам. Сизден эстелик калат невере, чөвүрөлөрүңүз окушат – дедим.

– Кандай, менин мөкчү туугандарым жакшы жатышавы? Тыйакбыйакка көчүп кеткен мөкчүлөр кайтып көчүп келиватышавы?

www.bizdin.kg





Мастура байбиче.

Биздин Мөк көп бүлүндү, пакта айдайсыңар деп шылтоолоп көчүрүп бүлүнттү. Биз да мекенибизди таштап ушунда келдик. Мында биз алты эле үйлүү кыргыз барбыз. Мөктөн бир эле биз-биз. Беш үйлүү миң-булакчылар бар. Алар нары учаска-бөлүктө. Мөккө кайра барсаңыз бизден дува айта барыңыз – деп менин өтүнүчүмдү «аткар» дегенин билдирип башын ийкегиледи. Мен да башымды ийкегилеп макулдугумду билдирдим.

– Эне-е, шашпай отуруп унутканызды эстеп бир баштан айтып бериңиз. Башкага алаксываңыз. Быйакка балдарды киргизбейм, – деди Дана кызы.

– Катта эне-е, сиздин ишиңизди биз иштейбиз, – сиз айта бериңиз. Көп айтыңыз, – деди бир бийкеч кыз, жашы он төрттөрдө окшоду.

Мастура байбиче невире кызынын сөзүнө көңүлү көтөрүлүп күлдү.

– Мейман мен индук багам (кулу тоок). Чөжөлөрүн өзүм өстүрүп зоройтом. Буларга индук чөжө багышты үйрөтөм. Бир ар жылдары индук чөжөлөрдү жүздөн ашырып багам. Азыр сексенден ашык чөжөм бар. Эмесе мейман, баштайлы. Мен жа-ай айтам. Сиз сөзүмдү ортодон бузуп суроо бербеңиз. Мен мерчемдүү жерге жеткирип токтоп бир азга дем алам. Ошондо сураңыз, – деди.

Мен баш ийкегилеп макул экенимди билдирдим. Мастура токтоп-токтоп үч сааттай сүйлөдү. Мен керектүү деген жерлерин белгилеп жаздым. Шашылбай тамактандык. Мастура эже невере кыздары менен бөлөк бөлмөдө оокаттанышты. Түшкү даамдуу палоону жеп келип, Мастура эже сөздү туулуп өскөн Мөк кыштактан баштады.

* * *

Биздин Мөк кыштак улуу дайранын эгиз кашатына, Арпалык деген жайлоодун этегине орношкон. Дарыйабыздын аты да Мөк. Кээде эстейм. Көзүмдөн учат. Көз жашым кылгырат. Кыштагыбызда эки

кичине булак суувуз бар. Саратан айларында Арпалыктын төрүндөгү калың карлар эригенде булак суулар арыктарга батбай ашып-ташып көвөйөт. Кыштактагы эгиндерди, чөпкана беделерди сугарышка кеңири жетет. Күздө болсо аттап өтмө аз гана булак суу болуп калат.

Эки суудун бирин Обшейин, экинчисин Тегирмен-Даранын суусу дейт. Илгертен бери Тегирмен-Даранын суусунда үч-төрт тегирмени жүгүрүп турат экен. Азыр бири да жок дейт. Баары бузулуптур.

Илгери-илгери бир мөкчү азыркы бизге окшоп бейбатан болуп, алыскы бир ысык чөлгө барып жашап калат. Жылдардын биринде кесел болот. Төшөктө жатып Мөктү эскерет. «Ой, атта-аң Обшейиндин ширин, муздак суусунан моокумду кандыра бир ичкенимде сакайып кетер элем! Ой, арма-ан! Ой, Мө-өк! Обшейиндин суусунан бир ичип өлсөм арманым болбос эле!» – дейт. Ушул сөзүн эртели-кеч көп айтат.

– Ата-а, мен Мөккө барып Обшейиндин суусунан апкелейинби? – дейт бир уулу.

– А балам, барсаң бар! Жолуң шыдыр болсун, жолдошуң кыдыр болсун! Сага ак жол, балам, – деп батасын берет.

Уулу Мөккө келет, эки күн турат. Тууган-уругуна учурайт. Үчүнчү күнү саарлап жолго чыгат. Тегирмен-Даранын суусунан өтүп баратып суу алыш эсине келет. «Атам эңсеген Обшейиндин суусунан алганы келген элем! Эми Обшейиндин суусуна качан барам! Экөөвү тең бир жердин суусу» – дейт да идишин Тегирмен-Даранын суусуна толтуруп жөнөп кетет. Арадан эки күн өтүп үйүнө жетет. Атасын эсен-аман көрөт.

– Уулум, унутбай Обшейиндин суусунан апкелдиңби? – деп сурайт атасы.

– Оова, ата, апкелдим! Мына! – суу куйулган идишти атасына карматат.

Атасы Алла Таалага шүгүрлүк келтирип суудан бир ууртап жутат. Бир азга тамшанып, суудун таамын тартып татат… Тамшанып туруп:

– Оббо-о! Балам! Атайы барып Обшейиндин суусунан алып келбей, Тегирмен-Даранын суусунан куйуп келипсиң! – дейт атасы.

Тажиктер сууду «об» дейт. Оби – ширин дегени – ширин суу дегени. Акыйкат ширин суу. Жанга жагымдуу суу. Тегирмен-Даранын суусу какырыраак болот. Мөктү эстегенимде Обшейиндин суусу дайыма көзүмдөн учат. Арман кылавыз!

Мөк кыштактын үстүндө арпа, буудай айдаар кайракы жайлары бар. Жайлоовуздун атын Арпалык дейт. Арпалык илгертен бери мөкчүлөрдүн менчик жайлоосу. Арпалыкка башка кыштактардан жайлоочулар келип жайлашпайт. Эки-үч миң кой-эчкиге, беш жүздөй үй-топосторго кеңири жетет. Өтө оттуу, салкын жайлоо.

www.bizdin.kg



Арпалыктын төрү туйук эгиз кырларынан мал ашып кеталбайт. Кышта үч-төрт метр кар түшөт. Калың карлар сентийабирдин орто ченинде эрип бүтөт.

Август айынын акырынан баштап, Арпалыктын тоолору менен улуу тоолордун уларлары өтөт. Арпалыкта үч улар газа бар. Бирин Бооке тоодун газасы, экинчисин Мазар тоодун газасы. Үчүнчүсүн Кара-Горумдун газасы дейт. Илгертен бери биздин ата-бабаларывыз газалардан улар кармап жеп жүрүшкөн. Уларлардын жемсоолорун тазалап, сары май куйуп койушкан. Күздө Мөккө түшкөндө жайлоого чыкбагандарга жайлоодон белек деп беришкен. Уларлардын жемсоолоруна эки жүз граммдан алты-жети жүз граммга чейин сары май батат.

Арпалыкта кыраан куштарды туткан газалар да бар. Мөктө илбесинге куш салган мүнүшкөрлөр да болгон. Арпалыктын жайлоосу Мөккө жакын. Айыл конгон жайларга Мөктөн жөнөп бир саатка калбай чыгып барат.

Биздин Мөк суу жөн суу эмес! Алла Таалам назар салган алтындуу суу. Илгертен бери Жерге-Тал районунун кыргыздары Мөк суунун сайларынан алтын жууп жүрүшкөн. Совет доорунда, улуу согуштун увагында адамдарга брон дегенди берип, сайдан алтын жуудурган. Көп адамдар согушка барбай коммунисттик партийага алтын жууп тапшырган. Мөк кыштактын айалдары Мөк суудан алтын жууштубешик ыры кылып алышкан. Бөвөктөрүн ырдап уктатат:



Улардын жемсөөлөрүнө куюлган сары май.

www.bizdin.kg



Чөөв, чөөв, чөөвлөрүм,
Сайдын ташын көөвлөрүм (таштын түвүн чукулайт).
Атаң кетти алыска,
Сайдан алтын тавышка.
Жигит болуп зоройуп,
Сен да атаңдан калышба.

Чөөв, чөөв, чөөвлөрүм,
Сайдын кумун үйөрүм,
Ата-энеге күйөрүм.

Чөөв, чөөв, чөөвлөрүм,
Алтындуу кумду топтоорум.
Алтындуу мазар барарым,
Кумдан алтын таварым,
Ата-энесин багарым.

Чөөв, чөөв, чөөвлөрүм,
Сайдын ташын оодарып,
Алтындуу кумду үйөрүм.
Алтын-мазар алыста.
Жолу кыйын барышка,
Алтын жууп кайтышка,
Албарсты, айуу келишет,
Бөвөктөр көп ыйласа.

Аллей, аллей, аллейа!
Аллей, балам, ыйлава.
Аллей, балам, ыйлава,
Энеңди көп кыйнава?!
Алма-Кара, Бартаңбек,
Атаң кеткен алыска,
Тилла таап кайтышка.

Чөөв, чөөв, чөөвлөрүм,
Сайдын кумун жуварым.
Жолу болсун атаңдын,
Алтынды көп апкелип,
Чокондорду кувантсын (чоко – чоң эне).
Энең кошо кийинсин,
Чапандардын кымбатын,
Чөөвлөрүм менин куватым!

www.bizdin.kg



«Чөөв» деп сайдын таштарынан кумдарды бөлүп, үйүп, топтоп койгон үймөктөрдү айтышат. Авал (оволу) кумдарды көп үймөктөп дайарлап, анан аны бир ийдишке салып, суу бойуна курулган таарга апарып салып үстүнөн суу куйушат. Майда кумдар суу менен жуулуп кетет. Алтындары таардын бетиндеги балдактарга токтоп калат. Алтын таштан жыйырма бир эсе оор болот. Ошондуктан майда кумдар агып кетет. Алтыны акпай балдака токтоп калат.

Бул иш өтө оор иш. Эгер үч киши эртеден-кечке чейин таштарды оодарып, басылган кумду казып, үймөктөп, анан аларды таарга ташып, үстүнөн суу куйуп жууса бир күндө бар болгону үч грамм таза алтын тапса, үч киши ошого шүгүр кылат. Мээнетибиз колувузга тийди деп кум жуушту уланта беришет.

Үч киши үч грамм алтынга ээ болуш үчүн канча тонна кумду көтөрүп, ташып жуушту? Мүмкүн беш тонна. Жети-сегиз тонналап да, андан да көп ташып жуват. Бир күнү бир грамм табылса, эртеси беш-алты грамм табылышы да мүмкүн. Андан да көп табылат, кыскасы, ар күнү куру кол болбойт.

Адам атадан бери алтында адамга жагымдуу бир өзгөчө касиети бар. Алтын адамды куваттуу кылат дешет.

* * *

Мөк кыштактын айалдары жөнүндө дагы бир сөз бар: наристе төрөлөр замат уул баланын эриндерине сары май сүйкөвөй, сайдын ташы менен оосандырат дешет. Эмне үчүн антишет десе, бала зоройуп сайдан тилла жуушка уста болсун деп ошентет дешет. Эгер бул сөздүн чындыгына көңүл бөлсөк, мөкчүлөрдөн усталар көп чыккан. Азыркы күндө да көп.

* * *

Мөк кыштак сонун жайга жайгашкан. Ар кыл дары чөптөр, чыны карагат, бөрү карагат, ит мурун, чычырканактар, дагы башкалары – баары кыштактын тамдарынын айланасында, арык жээктеринде өсөт. Кол сунсаң эле жетесиң, бирок аларды кадырлап эч ким тербейт.

Адамдарды ачарчылык жылдары ачтан өлтүрбөй турган дагы бир өсүмдүгү бар. Аны кыргыздар кулжан чайыр дейт. Кыргыздар чайырларды үч түргө бөлөт: кара чайыр, ак чайыр, кулжан чайыр. Кара чайырды айуу жейт. Кара чайырдын тездигине адам баласы чыдавайт. Кокус биртке чайнап жутуп койсо калемпирден өткөн

www.bizdin.kg



тездиги ууландырып өлтүрүп койушу мүмкүн. Анын тездигине айуу палбан чыдайт. Жаздын жаңы башталышында, күнөстүү жерлердин кары эрир менен кара чайыр биринчи болуп чыгат. Айуу палван жерден жаңы кылтыйган кара чайырды жерден сууруп жеп жанын сактайт. Үч-төрт жума кара чайырдан башка оовкат жебейт. Ар кыл чөптөр дүркүрөп өсүп токчулук маал болгуча, кара чайырды издеп таап жеп жүрө берет. Ургаачы айуунун кара чайырдан болгон сүтү өтө күчтүү болот. Мамалагы бат зоройот. Бакуват болот.

Адамдар ак чайырдын сөңгөгүнөн желимин кырып алышат. Кишиге суук тийип бир жерине жел туруп такаш болсо, желимден буудайдай эзип ичсе дава болот.

Кулжан чайырдын түвүн казып алып, жука кесип кургатып, сокуга салып жанчып талкан кылып жесе, жалаң өзүн жесе да ачтан өлбөйт. Эгер айран-сүт аралаштырып жесе алдан тайбайт.

Гың деген дагы бир өсүмдүк бар. Жалбырактары капустанын жалбырагына окшош болот. Гыңдын түвүн казып алып оттун горуна көөмп дымдаса кыйгылы кетип жегиликтүү болот. Адамга нан катары кубат берет. Азыркы кезде Ала-Тоодун арасында гың өтө сейрек учурайт. Ачарчылык жылдары адамдар жеп абдан азайтып таштаган. Гыңды көвөйтсө болот. Гың башка эгин өспөй турган жайларда жакшы өсөт. Бул ишти токой чарба жүргүзсө болот.

* * *

Мөк кыштактын эң чоң байы Казыке деген болгон. Казыке бай төрт түлүк малдарын арча токойлуу шагазына жайлоолоткон. Казыке малдуу гана бай эмес, алтындуу да бай болгон. Жерге-Тал районунун милийсасында жооптуу кызматта иштеген Аазам тажик айыпталып, райондук түрмөгө түшөт. Түрмөдөн качып чыгып кызылдарга каршы (советке) урушат. Сойгонун сойуп, атканын атат. Аазам тажиктин тополоңунда Казыке байды Беш-Алайдын Бугу деген жеринде кызылдар кармайт. Казыке байдын буйумдарын аңтарып-теңтерет. Казыкенин пакталуу чапанынан Бухардын кызыл тилла теңгелерин тавышат. «Сен Аазамдын тыңчысысың» – деп кылычтап чаап өлтүрүп ташташат.

Казыке бай Баш-Алайдын Кара-Тейит, Улуу-Карамык, Мукур, Жекенди, Шиве дагы башка кыштактарына тааныш адам болгон. Кызылдар кеткенден кейин Казыкени өлтүрүлгөн жайына көмүшөт. Бугу шивелик, Мукур жекендилик кыргыздар астыртан жашырыкча Казыкеге куран окушат. Казыке бай көмүлдү деп Мөктөгү тууган-урук балдарына кавар айтылган. Бул окуйа 1932–1933-жылдары болгон.

www.bizdin.kg


Казыкенин эки уулу болгон. Экөөвү бирдей чоң согушка барган. Улуусу Батек согуштан бир колу түвүнөн кесилип келди. Экинчи уулу Абдышүкүр Ата Мекенди коргоп жүрүп коммунисттик партийага мүчө болуп келди. Ага да ок тийип, майып болуп кайтты. Абдышүкүрдөн уул бала калбады. Татти деген жалгыз кызы төрөттөн каза болду. Гитлерге бир колун берип жеңиштүү келген Батек уул-кыздуу, көп балалуу болду. Батектин неверелери гана эмес, чевере, эверелери да тамыр жайып бутактап өсүүдө. Коммунисттик-советтик доор жоголду. Эми коркбой Казыке байдын жаткан жайына барса болот.

* * *

Менин атам Касабек айылдаштары катары малчылык, дыйканчылык менен күн өткөргөн. Минерине аты, киерине тону, саарына бээси, сыйыры,  сойоруна гой-эчкиси бар, келип-кетимдүү, дасторкондуу киши болгон.

Мен он төрткө толгондо Баш-Алайдын Мукур деген кыштагынын баш байы Адылбай баласы Алипке айалдыкка апермек болуп мага жуучулукка келет. Атам Адылбай байдын сөзүн кайтарбайт. Макул болот. Мунун бир севеви Адылбай байдын байбичеси Сайра атамдын бир тууган эжеси болгон. Сөөк жаңыртавыз, сөөк улантавыз дешип кудалашат.

Экинчи севеви: жашым он төрттө болсом да үй тирилигинде «мен» деген келиндерден кем калышбай иштейт элем. Гой-эчки, уйларды саап, сүт бышырып, айран уйутат элем. Гүртүлдөтүп чактек тартып маска май (тоң май – сливочный май) алат элем. Чо-оң казанга сүзмө кайнатып, сериге курут жайат элем. Баары ишти иштейт элем. Арыдым девейт элем. Чарчавайт элем. Ким деле болсо, келиним иштерман болсо дейт.

Мейман, бул маселенин дагы бир севеви бар, мен өзүмдү пичи мактасам орунсуз болбостур. Мөк кыштактын улуу-кичүү айалзаты «биздин Мөктө сенден өтөр сулуу кызывыз жок» – дешип көзүмө айтышар эделер. Мен мактоолорго көңүл буруп, бой көтөрүп, текеверленбейт элем. Жайлоодо курбу кыздар менен тезек тергени барганда, баарынан көп да, бат да терип, көтөрүп келет элем. Конушта болсо ар күнү тапек жасайт элем. Ошо жаш кезимдеги иштермандыгым карыганымча калып калды. Азыр мен туптууру сексен үчтөмүн. Кечке чейин тынбайм. «Арыдың! Дем ал! Отур» дешеттер, мен отурбайм. Индук чөжөлөрүмө барам. Ошолорго оокат жасап берем. Чөжө багышты неверелериме үйрөтөм. Өлтүрбөй багам. Иштеп жүрсөм, арыбайм, ишсиз отурушка чыдабайм.

www.bizdin.kg



Арадан бир жыл өтбөй тойум түштү. Мөктө чоң той өткөрүштү. Шаан-шөкөт менен мени Мукурга узатышты. Ошол жылы күйөөвүм Алип отуз жашта экен. Алиптин Рабыйа деген биринчи алган айалы бар экен. Мени айал үстүнө аперишиптир. Мен күндөшүм Рабыйа менен тез эле ынакташып алдым. Рабыйа мени токолсынтбады. Мен Рабыйаны эримдин баш айалы деп баш ийип кызматын кылбадым. Экөөвүз курбу-курдаш келиндердей сырдашып, эмне иш болсо да бирге иштеп, ынтымактуу жашап жүрдүк.

«Эгер бир белгисиз себеп менен бирибизди койо берсе, экөөвүз тең ажырашып кетевиз» – деп астайдил антташып алдык. Мен келин болуп келгенде Рабыйанын бир кызы бар экен.

Кайын атам Адылбай мага калыңды көп берип, тойума көп мал сойгон. Көк бөрү берген. Ошончо чыгымды көп каражаттаса да али чети ойула элек байлыгы бар экен. Короолору толо төрт түлүк малдары, топостору бар экен. Байбичеси Сайра болсо атамдын бир тууган эжеси. Сайра эже Мөккө айылчылап барганда мөкчүлөр: «Сайра сулуу келди» – дешер эделер. А Мукурда болсо Сайра эжебизди: «Сайра датка» – деп аташыптыр. Сайра эженин «датка» атка конушуна жол ачкан татыктуу себептери бар экен.

Сайра эже бойлуу, келбеттүү, кийген кийими өзүнө жарашыктуу, таза табийат, үй ичин, идиш-айакты таза кармаган, кирпигине кир жугузбаган чырайлуу айал еде. Колунан көөрү төгүлгөн чевер жана килем токуштун устасы экен. Тамакты даамдуу бышырчу эле, эжигей курут бышырышты мен Сайра эжемден (кайненемден) толук үйрөнгөм. Мөктө да үйрөнгөм. Мөктө чалараак үйрөнгөн экем.

Кайненем Сайра датка кимдин гана болбосун, ал кайырчывы же мусапырбы, эч кимдин көңүлүн оорутпай ыраазы кылган айал болгон. Кимдин кандай иши болсо, алышы барбы, бериши барбы, Мукурданбы же башка кыштактанбы Сайра даткага кайрылып бүтүрүп кетер эде. Адылбай бай Сайра датканын ишине кийлигишчү эмес. Жана Сайра датканын гевинен чыкчу эмес. Сайра датка бир сөздүү жана ар бир сөзүн орундуу, далилдүү сүйлөгөн айал болгон. Бирөөдүн үстүнөн ушак сөз айтып жамандачу эмес. Уккан сөзүнө жалганды кошуп сүйлөвөйт эде. Ушундай жакшы ниети, адал сөзү, таза мамилеси Сайра эжевизди датка деген наамга жеткириптир. Адылбай бай узун бойлуу какала (арыгыраак) адам эле. Байлыгынан башка куулук-шумдугу, митаамдыгы жок жоош адам болгон.

Биз, эки келин, кайненевиз Сайра датканын буйругун, көрсөтмөсүн так аткарып жашадык. Сайра даткадан жылуу-жумшак сөздөн башка кагуу, жекирүү сөз укбадык. Дайыма жакшына карап, жагымдуу сүйлөп, анча-мынча кетирген катавызды оңдоп, тарбийалап жүрдү. Мен баргандан кейин Рабыйа үч кыз төрөдү. Үчөөвү тең өлдү.

www.bizdin.kg



Мен төрт уул, бир кыз төрөдүм. Үч уулум, бир кызым каза болду. Жаш болсом да катуу кайгыланып, бир аарда ыйлап да жүрдүм.

Максут деген уулума көкүл койдум. Тайакеси Кутбидинге апарып көкүлүн алдырышка атап койдум. Максут уулум төрөлөрдөн мурдараак өзүмдүн атам өттү. Максут уулум бешке толгон жылы жазда кайнатам Адылбай бай көп малдарын сатып, алтынга айлантты. Алтынды белине түйүп Аажга жөнөдү. Аажга Рабыйанын атасы жана дагы бир киши кошулуп үчөө болуп кетишти. Адылбай бай карылыктан алдан тайыңкырап калган маалы эле. Аажга жетип, Мекке тилледе каза болуптур. Берки экөөвү эсен-аман кайтып келишти. Кийинки жылы Адылбай байдын кудайысын өткөрдүк. Кудайыга көп мал сойулду. Биз бир кунаажын, жылкы уругунан көк күлүк жана аз гана майда мал менен калдык. Бир айылдын даңдуу баш байынан, сааны жок кембагалга айландык.

Максут уулум жетиге жеткен жылы баарда (жазда) күйөөвүм Алип экөөвүз уулумдун көкүл чачын алдыравыз деп Мөккө, Кутбидин акемкине бардык. Акем кой сойуп тууган-урукту чакырып жакшы меймандады. Эртеси Максутумдун көкүл чачын алды. Анан балама энчилеп музоолуу сыйыр берди. Лекин күйөөвүм Алип сыйырды албады. Ошол замат сыйырды албастыгынын севевин айтты.

– Бизге кулундуу бээңизди бериңиз? Биз саап кымыз ичели. Бизде Чоң Көк күлүктөн башка жылкы уругу калбады. Бээңизди күздө апкелип берем, – ошентип, Алип акемдин кулундуу бээсин апкелди.

* * *

Ал жылы биз айылга жакын Төр деген кичине жайлоодо жападан-жалгыз жашадык. «Жалгыз бээлүү жан багат» болуп отурдук. Акемдин бээсинен башка саанывыз болбогондуктан элге кошулуп алысыраактагы чоң жайлоого көчпөдүк. Адылбай бай кайнатам, айлана айылдарга бай деп аталгандыктан, анын үстүнө аажга барып, ниетинин жакшылыгынан Меке тилледе калгандыктан, жана байбичеси Сайранын акылдуу датка аталгандыгы кошумча болуп, кудайысына көп мал сойулду. Нар төөлөр, топостор, кош айдоочу өгүздөр да мууздалды.

* * *

Көкүл чачын алдырып келгенден көп узавай, ооруп-соорубай Максут уулум кокусунан көз жумду. Мени өтө оор күйүт басты. Мындай жа-

www.bizdin.kg



шоодон көңүлүм калгансыды. Бир үйдөн чыккан көп өлүм абдан жаман экен. Мандалактай балдарым жер астында жатты. Колумдан ишим түштү. Эмне иштээримди, кайда басарымды билбей маңыроолондум. Көңүлүм чөктү. Жүзүмдөн кызылым өчүп саргардым! Күлкүдөн калып томсордум. Көз жашым калбай кургап, мисирейип тостойдум. Бул үй-бүлөгө жараткандын каргышы тийген окшойт! – деп да ойлодум. Конуш которсомбу? Качсамбы? – деп да бикирлендим…

Жаз жаңы башталганда Кутбидин акем келди.

– Ушундай увактан бери бээни апарып бербедиңиздер! Сыйырыңар дагы бирди тууду. Үчөө болду! – деди Кутбидин акем дасторкондо оовкаттанып отуруп. Ал бул каварды сүйүнчүлөгөндөй үнүн көтөрө угузду.

– Эми биз бээни бербейбиз! Эки торпоктуу уйуң өзүңдө эле калсын! – деди Сайра датка. Бир жагы боордош жакын тууган. Экинчи таравы кудай кошкон кудагый.

Суук сөздү угар замат менин бүткөн бойум дүр-р этип муздай түштү. Уулу Алип ооз ачпады. Кутбидин акемдин башы шылкыйган бойдон көтөрүлбөдү. Сүйлөвөдү, капа болгонсуду. Күүгүм аралаш Сайра датка бээни Жекенди кыштагына жөнөттү. Бээни качырды. Жашырды.

Эртеси таң жүрө электе Кутбидин акем аттанып кетти. Катуу капа болгонун ошондо билдим. Албетте, катма катар тууганды жаман мамилеси жанга батбай койобу. Кутбидин акеми сыйлавай: отурсаң отур, отурбасаң ана жол, кете бер дегенсип орой узатканы мага да абдан катуу тийди. Мен абдан ардандым. Ачык мүрдө-гөрүстөн болсо, кирип кетким, жоголгум келди.

Ушул мамиле да кошумча болду. Үйүмдөн көөнүм биротоло сууду. Үйүм жыландын ийнине окшоп көрүндү. «Эми эмнеси болсо да мен булардан чыгам! Эртеби-кечби мен булардан кетем! Караан тутуп карманаар, айланчыктап байланаар, мандалактай балдарым гөрүстөндө жатат! Кетем! Бул үйдөн кетем!» – деп күңгүрөнүп сүйлөнүп өзүмө өзүм ант бердим. Жүгүрүп жүргөн Арзыкан деген кызым көзүмө көрүнбөдү. Ал байкушумду «кыз» деп кемсинттим окшоду. Албетте, уул баланын куваты башкача – жогороок болот экен, эркек балам бар деп белдүү болот экенсиң! Сыймыктанат экенсиң! Бирок кыз баланы баалавастык кырсыкка учуратат экен. Кыргызда «кыздын кырк чачы улуу» дегени абдан акылдуу сөз экен.

Коммунисттик-советтик доордо айал аттууну – айалзатын өтө кордоду. Айал-эркек тең укуктуу деп, айал аттууларды жер түвүнө түшүрүп көмүр каздырды. Кычыраган кышкы чилдеде кар кечиртип мал бактырды, балчыкты бастырып суу сугартты, оор жүктөрдү көтөрттү. Курулушта иштетти. Айалдардын кылбаган иши калбады. Бечара айалдар «эркектер

www.bizdin.kg



менен тең укуктуусуңар» деген сөз үчүн көрбөгөн кордукту көрүштү. Тартбаган азапты тартышты. «Айалдардын жаны бекем болот», «Айалдар чыдамдуу болот» деген сыйактуу бааларга да ээ болушту.

Мен нары жагы кандаш, боордош эжем, бери таравы кайненем Сайра даткадан жаман сөз укбадым. Лекин бир тууган акем Кутбидинди алдаганы үчүн, кудай кошкон кудавыз келди деп урматтаваганы үчүн, увадалуу мамилени бузуп бээсин бербегендиги үчүн өчөшүп, өч алмак болдум.

Менин көп мончокторум бар болчу. Кызыл, сары, ак, көк дагы башка түрдөгү акак таштардан жасалган чырайлуу эделер. Билерик, шакек, сырга, төөнөгүч топчуларым гүмүштөн жасалган. Ушулардын баарын топтоп бир калтага салып, оозун тиктим. Говар деген абысынымкына апарып, сандыгына каттырып койдум. Мончокторумду апарып койгонумду Матайым кайнагам байкагандай болду. Матайым, кайнатам Адылбай байдын улуу байбиче айалынын баласы. Менин күйөөвүм Алип менен атасы бир, энелери бөлөк. Ал айал мен келин болуп келе электе каза болгон экен. Мен кайнагамды айгак болот деп ойлободум. Кайнагам ошол эле замат өгөй энеси Сайра даткага каварлаптыр.

Сайра датка мага эч нерсе девей Говардын үйүнө барып, анын сандыгынан мончокторумду сууруп алып келди. Мен үй тирилигин иштеп, эшикте элем. Сайра датка дындыйган калтамды көрсөтө көтөрүп келди. Мага дагы үндөвөдү. Мени сен кимсиң деп товотбогонуна, киши ордуна көрбөгөнүнө буулугуп, ичимден ачууландым.

Ошентип айыбым ачылды. Кымбат баа буйумдарымдан бир паста биротоло ажыраганыма айабай ичим күйдү. Эми Сайра датка мончокторумду көрсөтбөйт да, бербейт. Эми мен бул үйгө кирбейин. Ушул бойдон бир жакка барайын дедим да, Жекенди айылына карай бастым.

Ошол кезде Жекендиде балчавектердин өкүлү орношкон болчу. Ачуума, күйүтүмө чыдавай балчавектерге барып арыздансамбы деп да ойлодум. Бирок мекемеге кирип эмне деп айтарымды тапбай койдум. Ойума эч нерсе келбей койду. Жекендиге жете элегимде Кызыл-Суу тараптан эшек айдап келаткан Шарапидин эшен учурады. Эшен мени ээрчитип үйүнө апарды. Шарапидин Эшенге биз баарывыз кол бергенбиз. Биздин пирибис болот.

– Сенин жалгыз келатканыңдан улам сенин кимге келатканыңды билдим. Сен өкүмөткө келатасың! Өкүмөткө кирбе! Кандай наарazылыгың болсо мага айт. Эгер ажырашам десең, эскиче, өзүбүзчө ажыраш. Кайненеңкине баргың келбесе, өзүңдүн атаңкына, Мөккө бар! Өкүмөткө кирбе, – деп акыл-насаат сөздөрдү айтып, ал күнү үйүнө жаткырып, мейман кылды.

www.bizdin.kg


Эртеси Эшендин бир уулу Мукурга апарды. Мен үйүмө барбадым. Апсаматтыкына бардым. Апсамат Кутбидин акемдин кайниси болот. Кутбидин акемдин айалынын бир тууган үкөсү болот. Мен көкүрөгүмдө болгон ой-бикир дартымды, бүт баарын Апсаматка айттым. Ал өзү да билет экен. Эртеси эртелеп Апсамат экөөвүз эки атка минип Мөккө жөнөдүк. Кеч кире элек Мөккө, Кутбидин акемкине жеттик. Кутбидин акем үйүндө экен. Акем менен көрүшөр замат ал-авал амандык сурашбай:

– Аке-е, эримден чыкканы келдим, – дедим, Кутбидин акем пичи жылмайды да тим болду. Сайра датка да, эрим Алип да мени Мөккө барба деп жолумду тоскон жок. Биз жаман-жакшы айтышкан жокбуз. Мен Мөккө келгенден кийин күндөшүм Рабыйа бир нерседен улам Сайра даткага каршы кайаша гап (сөз) айтып аразданып (таарынып) атасыныкына кетип калыптыр. Биз антташканбыз «бирибиз кетсек экөөвүз тең кетебиз» – деп. Рабыйа антты аткарыптыр. Ошентип каадалуу, кадырлуу, сүйлөгөн сөзү өтүмдүү Сайра датка жалгыз калыптыр.

Ал жылдары Баш-Алай жакта заман башкача өзгөрүлдү. Акимдерден, байлардан, бийлерден бийлик кетип, Жекендидеги кеңеш өкмөтү кедейлерди колдоду. Эски бийликтегилер чоочулашып тынчы кетти. Баланча бай Кытайга качыптыр, пастанча байлар Кашгарга өтүшүптүр деген каварлар көвөйгөндөн көвөйдү.

Кеңеш өкүмөтү айалдарды эркектер менен тең укуктуу деп жарыйалады. Кызыл камчы эркектер айалдарын мурдагыдай чырылдатып уралбай кеңеш өкүмөтүнүн жаңы тартибинен корко башташты. Эски үрп-адат бузулуп ата – баладан, эне – кызынан ажырай баштады. Кеңеш өкүмөтүнүн сөзүнө көңүл буруп, мурдун көтөрүп, мойун толгоп, ата-эненин сөзүн укса угуп, укбаган увак келди. Мен да ошондойлордон болуп, кеңештин өкүлүнө арызданам деп Жекендиге келгем.

Арадан эки апта өтөт. Рабыйа келбейт. Рабыйанын төркүнү Мукурга жабжакын гана, Улуу-Карамыкта:

– Эне-е, Рабыйаны апкелейинби-и? – деп сурайт Алип, энеси Сайра даткадан.

– Жок! Апкелбе! Жоовун берип кел! – дейт Сайра датка.

Алип энесинин сөзүнө аң-таң болот. Энесинин азилдегенин же чындап айтканын ажыраталбайт. Экинчи жолу кайталап суравайт. Пичи таңданып, пичи капаланып арадан эки күн өткөрөт. Энеси Рабыйа жөнүндө сөз козговойт. Алип – Сайра датканын жалгыз уулу. Алты кызынын арасында эрке өскөн уулу. Алип эч увак Рабыйа менен да, мени менен да урушуп, катуу сөз айткан эмес. Биз болсок, Алиптин көзүнүн агы менен айланып кызматын кылдык.

www.bizdin.kg


Албетте, Алип мени да, Рабыйаны да эстеп ичи ачышты. Рабыйа Баш-Алайдын сулуусу болгон. Мен Мөктүн сулуусу элем. Сайра датка сулууларды тандап жалгыз баласына айалдыкка аперген. Арадан дагы он күн өтөт. Сайра датка эки келини жөнүндө Алипке эчтеме девейт. Мен Мукурдан кеминде 80 чакырым алыстамын. Рабыйа болсо, Мукурдан бир сөөмчөлүк жерде. Аралыгы бир чакырым. Жакшы көргөн эки айалынан ажырап, Алиптин каны кайнайт. Энеси Сайра даткага өчөшүп, Рабыйанын талагын берип жиберет.

Ошентип, Рабыйа күтпөгөн талагын опоңой гана алып алат. Рабыйанын талагын алганын алыста жүрүп угуп, мен бирде күлүп, бирде бозордум. Талагымды алыштын илээ жолун издеп ойлодум. Анткени Рабыйа антты аткарды. Эми антты аткарыш менин нооватым.

* * *

Жайлоонун жадырап турган маалы. Биз Арпалыктын Көл деген күндүзү да, түндөсү да уйадай жылуу конушундавыз. Арадан эки ай увак өтүп жайлоого Тагай бийдикине менин Кадыр деген кайнагам келди. Тагай бийдин айалы Гүланда Сайра датканын кызы болот. Биз баарывыз Көл жайлоодо коңшувуз. Гүланда экөөвүздүн ортовузда мамилевиз жакшы. Кадыр кайнагамды көрөр замат мага бир бикир кылт этти:

«Кадыр кайнагам жөн келген жок. Кайнагамды Сайра датка атайы жөнөткөн. Бул бир кавар айтат» деген ой оноома келди. Кутбидин акем Кадыр кайнагама амандашып, ал-авал сураганы барса, ал:

– Эжең Сайра датка Мастура карындашыңдын талак катын живерди. Бир ат, бир бээ, бир сыйыр, бир өгүз берип алсын деди. Мен атайы ошол иш бойунча келдим – дептир.

Кутбидин акем дароо жакын туугандарывыз Ысмайылды, Каримди, Абдыракманды чакырып кеңешеттер. Кутбидин акем өзүнүн жалгыз чавдар атын баш кылып, ага бир саан уй кошуп, калганын карызгалап менин талак катымды алмакчы болот. Бээни да, өгүздү да таап койушуп, эми Мастурага бир ооз айталы дешип мага угузушту.

– Мен ажырашпайм! Мен барып Сайра даткадан кечирим сурайм. Мончокторумду жашырганым үчүн кечирим сурайм! Мен алар менен урушкан эмесмин, – деп макул девей койдум.

Кутбидин акем күлүмсүрөп мени тиктеп-тиктеп туруп анан:

– Мейлиң! Өзүң бил! – деди…

Эгер мен «макул» дегенимде жалгыз жол жорголуу жүрүштүү атынан ажырамак. Тоо жеринде чавдар аттай арыбас атты тавыш оңой эмес. Тоо арасында жол жорголуу жүрүштүү ат күлүк аттай эле баалуу да, кадырлуу да болот. Анын үстүнө ошондон бир апта

www.bizdin.kg


мурдараак Кутбидин акемдин эки саан уйу Арпалыктын төрүндө бир жерде «уу» оттон (чөп) жеп ичи көөп, бычакка келбей арам өлгөн.

* * *

Эртеси саарлап Кадыр кайнагам аттанды. Мен да кайнагамдын артынан бастым. Кайнагам атчан, мен жөө (пийада) Көл конуштан (жайлоо) Мөк кыштакка түштүк Мөктөн, Мөктүн астында шаркырап, бууракандап агыватkан Мөк суудун жээгине жеттик. Мен бат басып Кадыр кайнагама жакындап барып:

– Аке-е, мени ала барыңыз? – деп жалына сурандым.

– Жок! Мен сени менен бирге кетбейм – деди.

«Кетбесеңиз кетбеңиз. Өзүм жалгыз кете берем» – деп күңгүрөнүп сүйлөп, ого бетер кайраттанып, шыпылдай басып, Кадыр кайнагамдан өтүп кеттим. Кайнагам аркамда келатты. Мөк суудун көпүрөсүн тоскон кызылдардан бир салдат жигит мага карап бир нерсе деп сүйлөдү. Суудун шаркырагы анын сөзүн угузбады.

– Аркада кайнагам келатат, – деп колум менен атчан карааанды көрсөтүп бакырып айттым. Салдат жигит унчукбай калды.

Адам өтсө, же бир мал өтсө тыйакка-быйакка термелген асма көпүрөдөн өттүм. Көңүлүм тынчый түштү. Андан ары шадаңдай бастым. Ал жылы Аазамдын тополоңу болду. Ошого байланыштуу Жерге-Тал районунун мерчемдүү жерлеринде Кызыл Армийанын жоокерлери турушкан. Аларды жергиликтүү эл «кызылдар» дешчү.

Басышымды пастатбай кайра күчөтүп, күүлөнүп бат басып (тез, ылдам) Сарыгойдун астына барганымда, алдымдан чыккан атчан адам мени токтотту. Ал менин атамдын жакшы таанышы Муразар экен. Кыз курагымда биздин үйгө келип-кетип жүргөн. Муразар менин кайда бараарымды сурап-сурап, анан куржунунан эки токоч чыгарып мага берди. Мага ак жол айтып, коштошуп жөнөп кетти.

Эки токоч колума тиер замат мен ачка экенимди сездим. Эки токочту басып баратып жедим. Пичи куваттана түштүм. Үйдөн эч нерсе албай чыккам. Бир көйнөктөн бөлөк кийим да кийбепмин. Күн пешинден оовгон маалда Баш-Алайдын Төгөрөк-Шивер деген конушуна бардым. Бул жайлоодо эч ким жок экен. Андан ары пасыраак бардым. Кара-тейитчилердин айылы бар экен. Бир кыздан Сайра датканын конушун сурадым.

– Алиптер Мукурга көчүп кетишти, – деди.

Жайлоодон Үч-Колго түштүм. Күүгүмдө Темир жездемдикине кирдим. Темир жездем үйүндө экен. Жездемден Алиптин Чоң Көк

www.bizdin.kg


күлүк аты кайакта экенин сурадым. Темир жездем бир нерседен шексинип коркконсуду.

– Сен келипсиң... Сен бизди бир балээге учуратасың. Мен билбейм! Мен айтбайм! Чоң көк күлүктүн кайда экенин мен билбейм! Айтбайм! – деди ачууланып.

– Ата-а, сиз токтоңуз? Мен билем. Мен өзүм айтып берем. Чоң Көк күлүк кайракта. Буудай оргон жайда. Алип жанында айал алган. Көк күлүктү Алиптин айалынын эки иниси карайт, буудайын да ошолор орот. Көк күлүктү да ошолор багат – деди Темир жездемдин бой жеткен кызы.

Көк күлүктүн каварын угуп, ыраазы болдум. Оноом дагы максатым орундалат окшойт деп Аллага жалындым. Жездемкинде кардымды тойгуздум. Нан алдым. Жездемдин кызынан жашырыкча бычак сурадым. Савы да, учу да сынган кичине бычак берди. Мени узатканы тышка чыкканда:

– Кандай таш болсо да кайрап-кайрап алсаң өтө берет, – деп шыбырап айтты. Мага бычак бергенин атам укбасын, билбесин деди окшоду.

* * *

Ай сүттөй жарык. Ак-Суудан кечип өттүм. Суу бойундагы суу талдардын солкулдак узу-ун ичке бутактарынан жети-сегиз чывык кесип алдым. Кайрак жайга бардым. Орулган буудайлар жыйылган жерде эки бала жанаша жатып уктаватыптыр. Жакындап барып карадым. Өспүрүм балдар эмес, чоңойуп калган боз уландар окшоду. Көк күлүктүн ээр-токумун жандарына жакын койушуптур. Балдардан нараак барып жыйылган буудайдын далдасында жаткан Көк күлүктү көрдүм. Көк күлүк дем алып жаткан экен. Менин баскан шывыртымды угуп тура калды. Мен көк күлүктү карай жүгүргөндөй бастым. Көк күлүк мени көрүп тааныды. Ал да мени карай басты. Көк күлүк мага жакындап узун мойнун пастатып, маңдайын мага берип токтоду. Мен колумду сунуп маңдайынан сыладым. Көздөрүмө жаш толду. Ыйлавайын десем да болбоду. Жаш мончоктоп акты. Ыйлаватып көк күлүктүн токумдарын апкелсемби деп да ойлондум. Мен ат токушту билем. Атты токуп да жүргөм. Бирок көк күлүктөй бийик атты токуш, албетте, мага кыйын. Анын үстүнө гүмүш жабдыктар шылдыраса кароолчулар ойгонуп калышы да мүмкүн...

Көк күлүк аркандалуу экен. Арканы жумшак экен. Пакта аралашкан жүн аркан окшойт. Сайра датка көк күлүккө атап кыл аркан жасаткан. Негедир кыл аркан менен аркандаваптыр. Кыл аркан бол-

www.bizdin.kg


гондо сынык бычак кесмек эмес. Кыл аркандуу ноктону шыпырып таштап суу талдан кесип келген солкулдак, ийилчээк ноодаларды өрүп нокто жасап көк күлүктү минем деп кесе келген чырпыктар керексиз болду. Ноктого үч метрдей калтырып узун арканды кесип таштадым.

Көк күлүктү жетелеп бир агыш ташка тарттым. «Е бисмилла» деп көк күлүктүн койуу жалынан чеңгелдеп бекем кармап шып эте миндим. Көк күлүк былк этбей тынч турду. Мен көк күлүктүн баш жагына эңкейип минтип шывырадым. «Ушуну менен Мөккө! Сен мени Мөккө апарасың! Чү, жаныварым» – деп теминдим. Көк күлүк «чү» дегенде эле турган жеринен тез кетти. Келген жолума салбай сырттап, жолсуз жайларга салдым. Кайсы тарапка басышыңды баштантып койдум. Эми жолду өзүң таап бас дегенсип, көк күлүктүн жылоовун бош койдум. Көк күлүк Тажикстан тарапкы тоолорго көп келген. Чек ара кырдагы улар газага да каттаган.

Ат жаныварды акылдуу да, сезгич да дешет. Болгон айыбы кишиче сүйлөштү билбейт дешет. Көк күлүк менин бикиримди сезгендей, мени теминдирбей, «чү» дедиртбей өйдө-ылдый, ийри-буйру сокмо жолдордо, туйагын койор жерин тиктеп, жеңил желдей желбиренип, бат басып баратты. Жалаң көйнөктөн башка эчтеме кийип кийбеген мен, тоолордун түнкү сыдырымдуу салкындарын сезбедим. Көк күлүктөн чыккан жылуу дем, мени курчап, жумшак жибекке орогондой, суук желди мага жолотбой, коргоп баратты окшоду!

***

Көк күлүк өтө чоң ат. Чоңдугуна жараша аны Чоң Көк күлүк деп адамдар атаган, көк бөрүчүлөр көп келген чоң тойлордо Көк күлүктүн топту жарып жүгүргөнүн көргөн эл. Чоң жыйындын эсепсиз аттарынын арасында Көк күлүктүн тулпаты даана көрүнгөнүн көргөн эл, Чоң Көк күлүк деп наам берген. «Күлүк ат ээсин элге таанытат» дегендей, «Адылбайдын Чоң Көк күлүгү» делинип Баш-Алайдын кичине Мукур деген айылынан Айдай жаркырап жылып Чоң-Алай, Кичи-Алай, Гүлчө, Ош, Жалал-Абад, Өзгөн, Анжыйан, Паргана кыргыздарына жана сарттарына (коммунисттик доордо өзүбек болуп жазылды) тараган. Кыргыздар: «Күлүк ат ээсин элге таанытат, жөн таанытбайт, даңазалап таанытат» – дешет.

Чоң Көк күлүк, Адылбай байдын даңазалуу бай болушуна ар жылы кошумчасын кошуп турду. Чоң Көк күлүк, Чоң-Алайдын баарыга белгилүү кең десе кең, салкын десе салкын жайлоолорунда саратан айларында болгон көк бөрүлөргө катышып ийгиликтүү

www.bizdin.kg



жүгүрүп, гой-эчкиден баштап, улуу балтыр (уй) жылкы уругун, төөлөрдү, килем-килчелерди терип алып жүрдү.

Күз киргенден баштап, кыш чыкканча жакыңкы айыл-кыштоолордо (кыштактарда) жана алыскы жайларда өткөрүлгөн чоң тойлорго, кудайыларга чакырылды. Анжыйан, Наманган жакка баравы же Кокон, Кожент, Оро-Төвөгө өтөвү, кайака барбасын Чоң Көк күлүк олжолуу болуп жүрдү. Орто эсеп менен Адылбай байдын малына жалаң майда малдын өзүнөн ар жылы үч жүздөн беш жүз башка чейин гой-эчки кошулуп турду. Мындан тышкары, төө, топос, жылкы, уй жана килем-килчелери да бар.

Мен көп жыл Чоң Көк күлүктү карап бактым. Чоң Көк күлүк бир жактан келип короого кирди болду. Менин карамагыма кирет. Чоң Көк күлүккө беде же чөп бериш, жемдеш, суу ичириш, алдын тазалаш, кашылаш... Чоң Көк күлүктү мен гана карачумун. Бираарда-бираарда саратан айларында сууга киринтчү. Мен атканага киргенимде же тышкары байлануу болсо, мени карай басып, жакындап келип, башын пастатып жытымды тартып турар эле. Мен маңдайынан сылап кашылачу элем. Көк күлүк кашылаганды жактырып, кыймылдавай тынч турар эле.

Баш-Алайдын Мукур деген кыштагынан Адылбай бай дегендин Чоң Көк күлүгү делинип алыскы аймак-дувандарга айтылып даңдалган атты, чоң көк бөрүлөрдө гымыган атчан чоң топту жарып жер дүңгүрөтүп жүгүргөн атты, улака үйүлүшкөн калың топко сүрүп кирип, улактын үстүнө барып, буттарын талтайтып, бийик бойун пасайтып, капталын улак жакка кыйшайтып, «мына эми эңкей! Карма! Көтөр!» дегенсип турган атты, үстүндөгү көк бөрүчү серкеви, текеви улак деп аталганды көтөрөр замат, жыландай сойлоп, калың топтун арасынан суурулуп чыгып жүгүргөндө, жан-жагынан шамалы аркырап, артынан кууган аттар жетпеген Көк күлүктү, качышка үлгүрбөй жолуна туш болгон атты көкүрөк гүүсү менен гөмөлөтө койор Чоң Көк күлүктү жайдак минип айлуу түндө бараттым. Аркамдан куугунчулар келет деп коркбодум! Келсе келсин деп көңүлүм ток, кооптонбодум! Кокус келишсе, экөө эмес, он куугунчу болсо да Чоң Көк күлүктү «чү» деп бир теминсем, мени алып учуп кетет! Ал аттар Көк күлүккө кайдан жетет – деп көңүлүм тынч.

Таң аткандан баштап, түндүн бир увагына чейин, саратандын узун күнүндө тыныкбай жол бастым. Көк күлүккө жетип, белине минер менен менин арыганым, уйкум келип бошошконум өзүнөн өзү билинбей жок болду. Чыйракмын! Сергекмин! Кыргыек куштай ар тарапты тиктеп, көк күлүктүн үстүндө отурам! Бет алдымдан кызылдар чыкпаса экен деп коркуп келаттым. Өйдө-ылдыйда Көк күлүктүн белинен жылбышып кетпейин деп, Көк күлүктүн койуу

www.bizdin.kg



калың жалынан чеңгелдеп бекем кармап алгам. Оң колум талыса, сол колум менен чеңгелдейм. Туура талдын белинен ашып, Кичи-Карамыкка түштүм. «Кызылдар болсо ушунда болот» – деп жүрөгүм болкулдады. Көк күлүктү Кызыл-Сууду бойлогон жолго бурдум. Асты жакта дарыйа шаулдап агат. Үстү жагында, тоолордун этегинде таштактуу катуу жол. Көк күлүк жүрүшүн жазбай бир калыпта ылдам басып баратат. Өз жылоосу өзүндө, каалаганындай басууда. Мен эрбейип жонунда. Кооптуу кыштак Ачык-Алма алды жакта. Кооптуулугу Кызыл-Суугa салган жыгач көпүрөсү бар. Мүмкүн кызылдар ошондо же... Жолду тандашты Көк күлүккө койгом. Кандай басса өз ыктыйарында.

Таң таштаган маалда Дувана кыштагына бардым. Кыштак ичи жымжырт. Көк күлүктүн баскан дүвүртүн угуп үргөн иттин үнү да угулбады. Баары-жогу: адамдар да, айбанаттар да кызылдардан коркуп жашынып жаткансыды. Дувананын көпүрөсүнөн өтүп, Көк күлүктү талаа жайга баштанттым. Жайылган кыштагынан да талаалап өттүм. Кара-Шоронун талаасына барганымда бет алдымдан мени карай келаткан эки атчан көрүндү. Аралыгыбыз алыс. Аттары жол жорголуу экен, тез келатат. Аларды карай Көк күлүк да лыпылдап баратат. Аравыз жакындаганда мен аларды тааныдым. Көңүлүм көтөрүлө түштү.

– Бали карындашым, бали-и! Кечөө түн киргенде жетип, Чоң Көк күлүктү уурдап... – деп Тагай бий каткырып жиберди.

Жанаша келаткан Акимбек бий да кошо каткырды. Эки бий аттарынын тизгинин тартып токтоткондо, Көк күлүк өзүнөн өзү лып токтоп, башын асмандатып көтөрүп, тыйак-быйакка көз чаптырды.

– Ко-ош! Кана-а? Эмне максат менен Чоң Көк күлүктү уурдап минип келатасың? Ушундай алыс жолдо коркбой жайдак минип келатасың! Жүрөгүң тоодой эле бар эке-ен, – деп айткан сөзүн ырастап башын ийкегилеп, Акимбек бийге бет бурду.

– Мастуражандын гайраты «мен-мен» деген жигиттерде жок! Баатыр десе баатыр. Акылдуу десе акылдуу! Сулуу десе сулуу кызывыз бар эке-ен, биз билбепбис! – деди Акимбек бий.

– Талак катымды алам! Анан Көк күлүктү берем, – дедим.

– Эмесе, биз сени менен бирге аркавызга кайтавыз. Сени, Көк күлүк экөөвүңдү бир жайга жайлаштырып, анан биз барар жагыбызга баравыз. Антбесек, көрсө сенден тартып алышат. Азыр мында кимдер көп, кыштактарда кызылдар көп, – деди Тагай бий.

Тагай бийдин бул бикирин Акимбек бий да колдоду. Мага болсо, бул сөз майдай жакты. Мен ичимден сүйүндүм. Көк күлүктү артыларынан бастырдым. Эки бий экөөвү тең Мөк кыштактан. Ооздору-

www.bizdin.kg



нан сөз, колдорунан иш келген кишилер. Эки бий мени ээрчитип Кара-Кенже кыштагына келишти. Кара-Кенжеде Тойчубек деген кишиникине түштүк. Ал киши үйүндө экен, эки бийди урматтап, ачык пейили менен тосуп алды. Чоң Көк күлүктү атканага киргизип байлашты.

– Биз эртең келевиз. Биз келгенче ат да, Мастура да сенин ыктыйарыңда, – деп дайындады Акимбек бий Тойчубекке. Тойчубек Акимбек бийдин кайниси болот. Анан «чай ичкиле» дегенге болбой жөнөп кетишти.

* * *

Жол жорголуу аттарды минген эки бий ошол күнү Кичи-Карамыкка барышат. Кичи-Карамык Тажикстанга карайт. А Улуу-Карамык Кыргызстандыкы. Экөөнүн аралыгы он жети чакырым. Кичи-Карамыктан Кадыр кайнагамды көрүшөт, амандашат.

– А-аай, Кады-ыр, сен али Мукурга бара элексиңби-и? Келиниң Мастура Мукурга барып, Алиптин Чоң Көк күлүгүн жайдак минип, бүгүн чоң чашкеде Кара-Кенжеге кайтып келди, – дейт Тагай бий.

Кадыр кайнагам каварды угуп оозу ачылып, оозуна геп кирбей, эмне дешти билбей, эси кетип, нес болуп калат.

– Кады-ыр, келиниң Мастура эми талак катын алат. Талак катымды алып, анан Чоң Көк күлүктү берем, болбосо бербейм дейт. Сен, батыраак барып, Сайра даткага айт! Тезирээк бир нерсе десин! Чоң Көк күлүктү кызылдарга алдырып койбойлу! – дейт Тагай бий.

Кадыр кайнагам сенектиктен ойгонуп, эсине келип шашкалактап жөнөйт. Мукурга түндө барат. Өзүнүн үйүнө барбай түз эле Сайра датканын үйүнө кирет. Сайра датка, Алип, Алиптин жаңы алган айалы токсон баш (токсон уук) кең үйдүн төрүндө дасторкондо отурушуптур. Кадыр амандашат.

– Сенин каварыңдан биздин кавар катуу Чоң Көк күлүктөн ажырадык! Түндө уурдап кетиптир! Ошонун кайгысындавыз! Туш-тарапка, жайлоолорго чавармандарды жөнөттүк! Тажикстанда кызылдар көп дешет. Ал жакка адам жибербедик! – деди Алип.

Кадыр намыйанынан талак катты алып, Сайра датканын алдына таштады.

– Эмне? Мастураны алып келишет бекен? Бутума жыгылсын, кечирем!

– Датка жеңе, талак катты сиз өзүңүз апарып Мастурага бересиз! – деп Кадыр унчукбай калды.

www.bizdin.kg


Бир азга ойлонушуу өкүм сүрдү. Анан Сайра датка Кадырга карап айтарын айтты.

– Мен сага дайындадым. Эскерттим. Биз жакын тууганбыз. Эчтеме бербесе деле мейли, талак катты таштап кел дебедим беле?!

– Ошентейин дедим. Бирок ошонун ыгы келбеди. Сиз айтканды мен төкбөй-чачбай Кутбидинге айттым. Ал, биз кеңешели. Анан жообун айтам деди. Эртеси эртелеп Кутбидинди сураштырдым. Кутбидин мага жооп айтбай жайлоодон Мөккө түшүптүр. Кутбидинге Мөктө учурап, талак катты берем деп жайлоодон аттандым. Мастура аркамдан ээрчип басты. Мөккө түшүп Кутбидинди сурасам, азыр эле шаарга кетти деди. Мөктөн ылдый сайга түшкөнүмдө Мастура мага жакындап келип:

– Аке-е, мени ала кетиңиз? – деди.

– Жок, мен сени менен кетбейм, – дедим.

Мастура гүнгүрөнүп сүйлөнүп, шадаңдап бат басып алдыга өтүп кетти.

Мен Кутбидинди Кара-Кенжеге келип көрүп, кечөөгү сүйлөшкөн сөз не болду деп сурадым.

– Мастурага айтсам, мен ажырашбайм. Мен алар менен урушкан эмесмин деп асман бойу секирди – деп күлдү, Кутбидин, – деп Кадыр сөзүн токтотту.

Бир азга эч кимиси унчугушбай отурушту.

– Биз Чоң Көк күлүктү уурдаттык. Таң саардан бери, ошонун кайгысындавыз, өтө зор жоготуу болду, – деди Сайра датка.

Кадыр «пышш» эте күлдү. Баары Кадырды караштьı.

– Мастура түндө Кайрак жайга барып, чоң Көк күлүктү жайдак минип, түнү бойу жүрүп отуруп, бүгүн чоң чашкеде Кара-Кенжеге жетиптир, – деп Кадыр сөзүн токтотуп жылмайып, Сайра датканы тиктеди.

– О-о, өлүгүңдү көрөйү-ү-үн! – деди Сайра датка.

Баары каткырышты. Куванышты. Күлкү бүтө электе Кадыр сөзүн улантты.

– Байаракта, үч-төрт сааттай болду, мен Тагай бий менен Акимбек бийди Кичи-Карамыкта көрдүм. Тагай бий сизге шашылыш тайынын айтты. Мастура: «Талак катымды берсе, Чоң Көк күлүктү берем, бербесе бербейм» – дептир. Тагай бийдин сизге айтканы, батыраак кыймылдасын. Аазам басмачыдан калган ат деп, Чоң Көк күлүктү кызылдар көрсө тартып албасын деди Тагай бий. Эртеңден кечикбей жөнөңүз, датка жеңе, – деди.

– Илгертен бери биздин урукта балдарынан кыздары кыйын чыгат. Мен эми Мастурадан жеңилдим, – деди Сайра датка...

www.bizdin.kg



* * *

Эки бий ал күнү Кичи-Карамыкта Тагай бийдин бир тууган эжесиникинде мейман болуптур. Эртеси түш ченде Кара-Кенжеге келишти. Мен Кара-Кенжеден дагы Көк күлүккө жайдак миндим. Үчөөвүз Мөккө жөнөдүк. Мөк жакын. Бирок жолу өтө коркунучтуу. Анткени эми кызылдар менен беттешевиз. Ортовузда Чоң Көк күлүктүн тагдыры турат. Мени калтыраткан ошол Көк күлүктүн тагдыры.

Кызылдар Депшаардын Мөк дайрага салган көпүрөсүн тосуп алышкан. Басмачыларды кармашат. Менин ишенгеним эки бий Көк күлүктү эсен-аман алып өтөр деп бараттым. Көпүрөгө жакындаганда Тагай бий тыйак-быйакка көз чаптырып, өзүнчө гүнгүрөнүп сүйлөнүп баратты.

– Тагай би-ий, курандагы «йоракибуну» айтып баратасыңбы? – деп сурады Акимбек бий.

– Оова, молдо бий. Бүгүн көпүрөдө кызылдар көп окшойт ко! Алла Таала өзүң сакта?! Сен да «йоракибуну» айт! Кызылдарды дувала! Чоң Көк күлүктү көрсөтбөй өткөз! Молдолугуңду көрсөт! – деди Тагай бий. Экөөвү күлүштү.

– Менин жүрөгүм тыптынч. Эч нерседен кооптонбой келатам! Кызылдар көк күлүктү албайт! – деди Акимбек бий.

Мен болсом байа кыйада келатканда көпүрөнү көрүп корко баштагам. Ылдыйыш жолдо көк күлүктөн ооп түшүп калардай болуп араң жан бараттым. Анын үстүнө өзүмдөн өзүм ыйлагым келет. Эки бий көпүрөнүн башына барып токтошту. Мылтыкчан турган кызылдарга кыйкыра салам айтышты. Дарыйанын шаулдагынан акырын айткан сөз угулбайт. Анан мени алдына өткөрүп эки бий аркамдан бастырышты.

– Жайдак ат басмачылардан калганбы-ы? Неге катынды жайдак атка мингиздиңе-ер? – деп үнүн көтөрө айтып сурады кызылдардан бирөөвү.

– Жо-ору ба-ар, жоо-ору-у! Жо-ор а-ат, – деди Тагай бий

Көпүрөдөн кырсыксыз өттүк, жүрөктөрүбүз тынчыды. Көңүлдөрүвүз көтөрүлдү. Бир паста Мөккө чыктык. Мөккө түшпөстөн жайлоого бардык. Чоң Көк күлүктү жайдак минип барганымды көрүшсө да айылдагылар кемпирлерге чейин бүт баары Кутбидин акемдикине келишти. Карысы да, жашы да баары мени тиктешет. Таңданышат. Жылмайышат.

Мен кечөө күнү саарлап жайлоодон пийада (жөө) түшүп, Кадыр кайнагамдын аркасынан кеткем. Арадан эки күн өтүп, узун мойун

www.bizdin.kg



аземдүү атты жайдак минип кайра келдим. Менин мындай келишим, элге жөн эле тавышмактуу болду.

«Кантип эле алыскы Мукур-Алайдан ушундай чоң атты жайдак минип келсин! Аазам басмачынын тополоңу болсо. Жолдун баары кызылдар болсо… Ээн жайларда басмачылар качып жүрсө… Коркпой минип келгенин кара!.. Дажаал айал эке-ен… Баатыр айал эке-ен! Акыйкый баатыр эке-ен!.. – дешип талкуулашты өз ара.

Айланадагы конуштардан Мазар чокунун түвүндөгүлөр, Курук-Ойдон, Кара-Горумдан, Бата-Окучунун түвүндөгүлөр, кыйанын учундагылар – баары биздин айыл Көл конушка, мени жана мен жайдак минип келген Чоң Көк күлүктү көргөнү келишти. Менин Баш-Алайдын Мукурунан Чоң Көк күлүктү уурдап, жайдак минип келгеним, Тагай бий менен Акимбек бийдин мени Кара-Кенжеге ээрчитип келип Тойчубектикине аманат койуп кеткени, кечөө күнү эле Мөк кыштакка гана эмес, Мөктүн жайлоолорунда жашагандардын баарына таралыптыр. Мен Көл конушка жетип, Чоң Көк күлүктөн түшөрүм менен туш-тараптан жайлоочулардын келе баштаганы, булар мени кечөөтөн бери күтүшөт экен. Мени гана эмес, көвүнчө Көк күлүктү көрсөк дешет экен. Даңазалуу Чоң Көк күлүк кандай ат болду экен – дешет.

* * *

Кутбидин акем жана жакын туугандарым чогулушуп, чоң Көк күлүктү тамашалашып мактаышты: «Күлүктүгүнө жараша акылдуу да ат! Акылдуу үчүн эвелектей жепжеңил Мастураны жонуна кондуруп келди да! Мастуранын жүрөгү опол-тоодой эле бар экен! Түндөсү коркбой келгенин кара! Атты түндө жайдак миниш өзү өтө коркунучтуу» дешип мени да кошо мактаышты.

Арпалыкта атты аркандап күндүзү өзүм карадым. Түндө Кутбидин акем карады. Эки күн өтүп, Сайра датка келди. Чоң куржун эки көзү дындыйат. Мени Тагай бийдикине чакырышты. Жоолукту жүзүмө түшүрө салынып бардым. Үй толо эркек-айал. Мага ашкана тараптан жай көрсөтүштү. Тагай бийдин айалы Гүланда Сайра датканын улуу кызы болот. Тагай бий кайненеси келер замат бир чоң гой сойгон. Сайра датканын Мөккө келбегенине бир топ жыл болгон. Эми Көк күлүк себеп болуп келди.

Үйдө мени менен төрт айал экенбиз. Жашы мен. Тиги үчөөвү алтымыштардан ашкан. Биз отурган үйдө он бештей эркек бар, жанаша үйдө балалуу айалдар бар экен. Бир чоң чара эт келди. Куйрук-боор тартылды. Эттин артынан жыгач табактарга куйулуп майлуу, со-

www.bizdin.kg


нун жыттуу шорполор келди. Шорпого нан туурап жешти. Үчөөвү ара тартылган этти бөлүп алышты. Дасторконго бата айтылды. Кетүүчүлөр тышка чыкты. Колдорун жуушту. Биз үйдө кол жуудук. Үйдө төрт эркек, эки айал калдык. Кутбидин акем ушунда.

– Мастура, – деп биринчи сөздү Тагай бий баштады, – Сайра датка атаң менен бир тууган. Анын үстүнө өзүңдүн кайненең улуу башын кичүү кылып алдыңа келиптир. Мына талак катың. Чоң Көк күлүктү апкелип бер!

Тагай бийдин буйруктуу сөзү мага катуу да тийди жана көңүлүмө макул да болду. Бир азга үнсүз, сөзсүз отурдук. Мен астыртан Кутбидин байкемди тиктедим. «Тур бар, апкел» дегендей башын ийкеп жылмайды.

– Макул! Апкелем! – деп отурган жайымдан шып эте туруп тышка чыктым. Көк күлүк көрүнөө жайда аркандалуу. Бутум-бутума тийбей жүгүрө бастым. «Көк күлүк, азыр сени ээсиңе берим» – деп күлүмсүрөп, сүйүнүп бараттым.

* * *

Эртеси Кутбидин акем Сайра датканы сааркы чайга чакырды. Бизден кийин Акимбек бийдикине чакырды. Кечке чейин мейман болуп жүрдү. Анын эртеси саарлап Чоң Көк күлүктү токутту. Сайра датка Көк күлүктүн ээр токумун куржунга салып алып келген экен. Көк күлүктүн бүт абзалы күмүштөн. Күмүштүн беттерине оймолонуп гүл салынган. Жаркырап Көк күлүктүн келбетине келбет берип жаркылдайт. Кыргыз оймо-саймалуу шалчасы ого бетер көрктөнтөт. Көк күлүк узун мойнун көкөлөтүп тыйак-быйакка көз чаптырып жагалданат. Кулактарын тикчийтип, жол жоргосунан жазбай, ойсоктоп басып, Сайра датканы Көл конуш ылдый алып жөнөдү. Өмүр бойу жакшы ат минип үйрөнгөн Сайра датканын ат үстүндө эгерге (ээрге) кынап койгондой эркин жана жарашыктуу отурганы өзүнчө бир башкача аземдүү көрүнөт.

Ошентип мен талак катымды алып, башымды бошоттум. Эрден чыкканым айлана калкка маалым болду. «Мага тийсин! Мен алам» дегендер туш-тараптан келиватышты. Мен эр тандап Кутбидин акемкинде жүрө бердим. Балдарымдын өмүрү кыскалыгы менин көңүлүмдү суутту. Турмуш курушка кызыкбадым. Келген жуучуларды кайтара бердим.

Кызылдар Аазам баш болгон басмачылардын баарын Кожой-Тоопко кууп өткөрүштү. Мөк кыштагы кызылдардын бир уйугу, келип кетер жайына айланды. Мени, жеңем Бактыканды, Саадат-

www.bizdin.kg


ты – үчөөбүздү кызылдарга ашпастыкка кавыл алышты. Мөктүн баш байы Казыке кайда бир жакта качыкта. Кызылдар Казыкенин гойунан күнүгө бирди тандап алып келип (апкелип) сойушат. Биз ашпаздар бирибиз эт (гөш) бышыравыз. Экинчибиз нан жасап бышыравыз. Үчүнчүбүз дагы башка керектүү иштерди иштейбиз. Ушинтип кызылдарга кызмат кылдык.

* * *

Ошол жылы күздө Сайра датка Мөккө, Гүланда кызыныкына дагы келди. Бул жолу ал күттүрбөй келди. Албетте, бир зарыл иш менен келди. Сайра датка көргөндүн көңүлүн буруп, көргөн сайын көргүсүн келтирип, караган сайын адамдардын карагысы келгидей кылып, Чоң Көк күлүктү жасалгалап минип келди.

Бажырайган көздүү, тикчийген эки кайчы кулактуу, чырайлуу башын көккө көтөрүп тыйак-быйакка көз чаптырып, айрыкча алды жагы, бет маңдайына көвүрөөк тиктеп, жүрүшүнөн адашбай ойсоктоп ойун салып, жарашыктуу басмай Көк күлүктүн адаты.

Үстүндө ээрде (эгерде) ким отурат! Аны абдан жакшы билет. Сайра датка салаваттуу да, сүрдүү да келбеттүү байбиче, тоо эчкинин терисинен өрүлгөн кызыл түстүү тизгинди кармап-кармабай эркин отурат. Эркин, эки мүрүсүн куушурбай түз отурат. Чоң Көк күлүккө арналып жасалган күмүш жабдыктар авага өң таратып, күнгө чагылышып, күндөн түсүн алып, айланага жарк-журк этип жаркылдайт. Көк күлүктүн баскан дүвүртүнө үндөшүп, шаракшарак-шарактайт!

Чоң Көк күлүк көкүрөгүн кеңири керип, кенен дем алып, Көк-Суудун кашатына көтөрүлдү. Мен ылдый жакты тиктеп турат элем. Эң оволу Көк күлүктүн башын көрөр замат тааныдым.

– Сайра датка келди-и, – деп кыйкыра айттым. Сайра датканын кызы Гүланда үйүнөн жүгүрүп чыгып кашат тарапты карады.

– Аттын башынан башка... Жок ко?

– Ошо Көк күлүктүн... – дегенимде Сайра датка өзү көрүндү.

– Ана, энем, куватым өзү көрүндү, – деп Гүланда жүгүрдү. Уулкыздары да чуркашты.

Сайра датканын келгенине мен да сүйүндүм. Акак мончокторумду, гүмүш төөнөгүч, билериктеримди апкелди беке-ен деп үмүттөнүп, сүйүндүм. Чоң Көк күлүктөн түшүп, үйгө кирип, жумшак төшөктөрдүн үстүнө жайланышып отуруп демин алгандан бир аз увак өткөрүп мен бардым. Амандаштык. Ал-авал сураштык.

www.bizdin.kg



Сайра датканын сабыры өтө суз экенин көрүп мен сестендим. Сурабайын деп да ойлондум. Бирок үмүт кургур: «Сура-сура» – деп кыстады.

– Эже-е, мончокторумду, төөнөгүчүмдү апкелдиңизби?

– Азыркыдай калк бузулган заманда жакшы буйумдарды үйгө койуп же алып жүрүп болову? Мончокторуң бекем жерде бекитилүү. Гүланда-а! Мастура үмүттөнүп келиптир. Куру кол кетпесин, бир төөнөгүч, бир мончок бер, – деди Сайра датка.

Гүланда бир кичине төөнөгүч, бир кара назик деген мончогун берди. Менин чо-оң төөнөгүчүм бар болчу. Төөнөгүчүмдү жалаң сөлкөвайлардан (Николай падышанын сүрөтү бар гүмүш пул) уста Манас деген даңдуу устага өзүм жасаткам. Ошо төөнөгүчүмө көп күйүндүм. Акак мончокторум болсо, бир башкача мончоктор эле – кызылы чымкый кызыл. Сарысы сапсары. Агы ачык апаппак. Көгү көзгө көрүмдүү көкмөк.

Ушундай акактар Боокенин чокусунун бир жеринде жана андан нары Аралдын Лазиринин (муз мөңгү) зоолорунда бар дешчү. Мончокторума күйүп-күйүп күл болдум. Көптөгөн жылдар бойу эстеп ичим ачышып жүрдү. Мейман, сизге чынымды айтсам, азырга чейин унута элекмин. Ошо мончокторум болгондо невере кыздарыма, невере келиндериме бөлүп бергенимде, кана! Менден өмүр бойу эстелик болбойт беле! Атта-аң деп армандана-а-м! – деп үшкүрүндү.

* * *

Арадан көп деле жыл өтбөй Мукурдан кавар уктум. Сайра датка акак мончокторду, гүмүш буйумдарды көмгөн жайынан тапбаптыр деген кавар Мөккө да барды. «Жел жүрбөсө чөптүн башы кыймылдавайт» делинет. Сайра датканын өзүнүн да акак шуру мончоктору, гүмүш буйумдары, тилла буйумдары да болгон. Сайра датканын өзүндө үч-төрт кыл алтын сыргасы бар эле. Тойлордо тагынып жүргөн. Авгандан келген алтын шакеги да бар эле. Шакектин көзү акактан башка чырайлуу таш болчу.

* * *

Кыргыздар боорукер эл жакынына жакшы каралашат. Туугандарын урматташат. Боордош деп ынтымактуу жашашат. Кыргыздар жакын тууганына кыз бербейт. Арадан жети ата өткөрүп, анан кудалашат. Ошондо гана адамдардын тууганды жагынан жакындыгы,

www.bizdin.kg



жакын кандаштыгы алыстайт делинет. Кыргыздардын ушул тартиби, элдик мыйзам адаты, маданийаты, каадалуу салты элге эң эле керектүү экен.

Эгер элдик салттын ушул тартиби кылымдан кылымга сакталып, жүзөгө ашырылып жүрсө, урук тазаланат экен. Урук кууган өтмө оорулар кыргызда урукта болот. Уруктан урукка өтөт. Кыл кууйт деген сыйактуу кеселдер жойулат экен.

Жакын тууганына үйлөнүүнүн абдан жаман жагы – кокус эрди-катын ажырашса, туугандыктан да ажырашып, бири-бирине душман болуп калышат экен. Мына, биз ошондой болдук. Сайра датка менин атам менен бир тууган. Мени баласына айалдыка аперди. Мен жакын тууганымдан ажырааштым. Биз эми туугандыктан да ажыраштык…

* * *

1932–33-жылдын кычыраган кышында мен кызылдарга ашпас, наавайчы (нан жапкыч) болуп кызмат кылдым. Чилденин айаздары ашынып турган убактарда кызылдар Аазам баштаган басмачыларды Кожой-Тооптон сүрүп Алма-Карага өткөрүштү. Анда да тынч койбой кары калың, суугу күчтүү Кызыл-Суунун тар сайына кувалашты. Басмачылар калың карлуу давандан (ашуудан) ашып, Баш-Алайдын Шиве деген кыштагына араңдан-зорго жетишти. Шиведе күтүп жүргөн кызылдар басмачылардын жолун тороп, музга такап, талкалашты. Шиведеги курчоодон Аазам жана дагы беш-алтоосу гана качып чыгышты.

Казыке байды Шивенин этегирээк жериндеги Бугу деген жерде тутуп басмачы деп кылычтап чаап өлтүрүштү. Казыке бай Аазамга кошулган эмес. Ош тарапка кете албай кызылдарга көрүнбөй, жашынып жүргөн. Казыке байды өлтүрүп чөнтөктөрүн тинтишет. Көгүш нооту чапанын сыйрып алышып сыйпалап, кармалап көтөрүп, салмактап көрүшсө чапан оор байкалат. Чапанды тигишинен сөгүп калың пактанын арасынан Букаранын кызыл тилла теңгелерин табышат. «Бай ба-ай, бекер кылычтапбыс. Бул басмачы эмес экен, бул киши качып жүргөн бай эке-ен» – дешет.

* * *

Мен Кутбидин акемкинде эрге тийбей эки жылдан ашыгыраак жашадым. Колхоз уйушулду. Кутбидин акем биринчи болуп колхозго кирди. Мен колхозго иштедим. Чөп оруште да,

www.bizdin.kg



буудай орушта да ударник болдум. Бир күнү бир кавар угулду. Ударниктерди бир жайга апарат экен. Сени алып кетишке атайы бир адам келиптир дешти. Мен коркуп, жүрөгүм оозума капталды. Мен барбаймын деп көрпө-төшөгүмдү көтөрүп, кыйадагы арыкка бардым. Караган, бөрү карагаттын арасына жашынып жаттым. Чакырып келген киши мени тапбай кетти. Ошентип мен аман-эсен калып калдым.

* * *

Эрден эр тандап жүрүп акыры Пакыр дегенди өзүм каалап баш коштум. Пакырдын өз атасы, чоң атасы калк башкарган дасторкондуу адамдар болгон. Пакыр атасынан жашында жетим калат. Атасынан малы-мүлк мураска калбайт. Пакыр зоройуп, адал мээнеттенип гой-эчкилүү, сыйырлуу, жылкылуу болот. Пакыр мага үйлөнгөнгө чейин Миң-Булак кыштагындагы атактуу адам токтор Токсованын кызы Гаугарга үйлөнгөн экен. Бирок Гаугар менен көп өмүр сүрбөптүр. Севеви тоо гүлүндөй жаш келин Гаугардын сулуулугу Пакырды көп жаңжалдарга учуратыптыр. Анын бирин айтып берейин. Байларды кулакка тартып, мал-мүлкүн алып өзүлөрүн кайда бир жакка айдаш үчүн Миң-Булак кыштагына Айдаров деген келет. Ал келер менен андагы активдерден: «Көп тилласын атка артып Кашгарга качып кеткен Токтор токсовадан мында ким калды?» – деп сурайт.

– Гаухар деген кызы бар – дешет.

Айдаров Гаугарды чакыртат. Гаугар келет. Токтор токсова айланага таанылган адам болгон. «Токсова» деген сөз «полковник» деген маанини түшүндүрөт. Токтор токсова Кашгарга качардан мурда кызы Гаугарды кыштактын келбеттүү жигити Пакырга нике кыйып берет. Пакырдын атасын жакшы тааныган, урмат-сыйын көргөн. Арбагын сыйлап, кызын никелеп берип, бир жыл өтүпбү Кашгарга кетет.

Айдаров Гаугарды көрөр замат сүйүп калат. Гаугардын эри Пакырдын ата-теги ким болгонун сураштырат. Пакырды каралап мунун атасы, чоң атасы калк башкарган. Акимдик кызмат өтөгөн. Бул жаңы замандын душманы деп каралап, бир жыл түрмөгө каматып, Гаугарды айалдыкка алып алат. Ал жылдары балчавектин актиптери каалаган иштерин иштешкен. Адамдарга каршы койулган ар кыл зомбулуктарды төңкөрүштүн атынан жасашкан, эч ким эч нерсе деген эмес. Дегенди ошол замат айдаткан. Каматкан.

www.bizdin.kg



Балчавектер байлардын малы-мүлкүн гана тартып алган эмес. Байлардын балдарынын жаш, сулуу келинчектерин көз көрүнөө тартып алып, өзүнө менчиктеп, катын кылып алган активдер да болгон. Же байлардын кыздарын, келиндерин чакырып алып, аларга арак-шарап ичирип, анан моокумун кандырган активдер көп болгон. Атасын кулакка тартам, алыска көчүрүп айдайм деп коркутуп, жаш кызын парага алып, арамдык моокумун кандыргандар да аз болгон эмес. Айта берсе арман көп. Ал жылдарда төңкөрүш мыйзамы абдан адилетсиз, өтө күчтүү, мыкаачы болгон!

* * *

Пакыр тогуз ай отуруп, түрмөдөн бошоп, Жерге-Тал районунун милийсасына келет. Мына мен келдим. Мына бошогон кагазым деп, түрмөдөн берген кагазын көрсөтөт. Пакырды Айдаров мекемесине чакыртат. Пакыр кеңсеге кирер менен.

– Мына, кагаз! Гаугардын талак катын бер! Сенин малдарыңдан бир бээңдин козу тирүү. Ошону ал, бээң Миң-Булакта! – дейт.

Пакырдын жүрөгү алкымына тыгылат. «Талак катты бербесем дагы камайт» – деген бикир келди. Талак катсыз эле тогуз айдан бери Гаугар менен жашаватат. Пакыр жооп катты жазып берет. «Пакыр түрмөдөн бошоп районго, Жерге-Талга келиптир. Гаугардын жоовун бериптир» – деген кавар Миң-Булакка тарайт.

Миң-Булакта Сапармакмат деген Пакырды каралаган киши болгон. Ошол баш болуп, Турдукул, Ысмайыл деген активдер биргелешип, Пакырдын бээсин сойуп, этин бөлүп алышат. Пакыр Миң-Булакка келет. Пакырдын бээсин сойуп, этин бөлүп алган үчөөвү ха-халап күлүшүп, Пакырга барып жолугушат. Амандык сурашат. Пакырды меймандыка чакырышат. Сапармакматтын үйүндө мейманданап, бээсинин этинен жешинче жедиришет. Ха-ха-лап каткырышат. Бул үчөөвүнүн күлбөс сөзгө күлүшүнө, болор болбоско каткырышына Пакыр түшүнбөйт. Ал үчөөвү каткырышса, Пакыр жылмайат, тогуз ай түрмөдө жүргөндө бир да жолу үнүн чыгарып каткырып күлгөн эмес экен. Ошентип Пакыр эчтемеси жок калат.

* * *

«Кедейлик кемтик эмес» дегендей мен Пакырды өзүм каалап, өзүм сүйүп баш коштум. Жашбыс, малды өзүвүз адал мээнетибиз менен таваВыз деп бел байладык. Колхозго иштедик. Мен тез эле ударник

www.bizdin.kg



болдум. Оку дешти. Окуп саватымды жойдум. Гой-эчкилүү, сыйырлуу болдук. Эшек миндик. Кулундуу бээ алавыз деп турганда согуш башталды дешти. Эркектерди согушка жөнөттү. Айыл-кыштактар дүрбөлөңгө түштү.

Согуш жылдары мен күн девей, түн девей колхозго ударник болуп иштедим. Сүйүп тийген Пакырды жумушчу батальонго айдашты. Пакырдан бир кызым бар. Аты – Данагүл. Мен кызымдын колундамын. Кызымдын алты уул, беш кызы бар. «Баатыр эне» наам алган. Көп балалуулук, бактылуулук дешет элде. Ошол сөз чын сөз!

1943-жылы түндө саманканадан малга саман көтөрүп келатсам, алдымдан бир капкара караан «шу-уу» этип өтүп кетти. Мен абдан катуу корктум. Жүрөгүм оозумдан ыргып кете жаздады. Эртеси эки кулагым бирдей укбай калды. Кыйкырып сүйлөсө угам, болбосо жок. Мен башынан көп сүйлөвөйт элем. Кулагымдын укбаганынан мен залал тапбадым. Пайда таптым десем тууру эле болот, – деп ырайымдуу жылмайды.

* * *

1951-жылы Мөктөн ушунда көчүп келдик. Өзүм сүйүп тийген эрим Пакырдан уул бала тапбадым. Болгону бир кыз төрөдүм. Балдарым турбады. Теңиримдин ушунусуна да ыраазымын! Шүгүр кылам! Мейман, Мөккө көчүшкө ниеттениватавыз. Эртеви-кечпи көчөвүз! Менин индук чөжөнү көп асырашым да ушул ниетке байланыштуу, – деп жакшына жылмайды. Мен жылмайып баш ийкегилеп, Мастура байбиченин айтканын ырастадым…

– Эми мейман, эсен бол! Бүгүн да жакшы түш көрүп уктаңыз! Илайым мурат-максатыңызга жетиңиз! Оомий-и-ин, – деп Мастура байбиче ордунан өйдө болду.

* * *

Аазам басмачы, чын басмачы болгон эмес. Бийик тоолуу Кара-Тегин өрөөнүндө, советтик бийликтин бекемделишине чын дили менен кызмат кылган балчевик-коммунист кызматчылардан болгон. Бирок байлардын малы-мүлкүн талап алып, өзүлөрүн кайакка бир алыс жакка сүргүнгө айдоо иштерин жүргүзгөндө Аазам арам иштерге берилип кеткен. Байлардын чырайлуу келин-кыздарына кызыгып, көз арткан. Кызмат авалынан пайдаланган. Бузукулук арам

www.bizdin.kg




иштерге берилген. Үй-бүлөлүк ыйык мамилени бузуп, бирөөлөрдүн никелүү сулуу айалдарына барып кошулган…

Аазамдын көп гүнөөлөрү далилденип, түрмөгө отургузулган. Ал жылдарда бейгүнөө караланып түрмөгө камалгандар өтө көп болгон. Аазам ошондой кишилерди топтоп, түрмөдөн качып чыгабыз, душмандарывызды өлтүрүп өчүбүздү алавыз деп сүйлөшөт. Түндүн бир увагында кароолчуларды байлапташташат. Мылтык, окторду алышат. Качышат. Ал түнү жалган жалаа жаап, каралап, каматкандардын үйүнө киришип үч-төртөөн өлтүрүшөт. Аазамдар балчевиктердин зулумдугуна каршы өч алуучулар болгон…

Балчевиктер – коммунисттер. Кызылдар – Кызыл Армийанын жоокерлери.

www.bizdin.kg





Сабырбек
БЕЙШЕМБИЕВ

*Жандептер*

# УНУТУЛГУС ҮЧ ОКУЯ

## Пасько, Манас, Салижан...

Үч окуя эсиме түшөт. Биринчиси, Ата Мекендик согуштагы Советтер Союзунун баатыры, легендарлуу учкуч Евдокия Пасько. Анын үйүндө эки жолу болгон адамдан укканым эсимде. Бирок мен ага чейин эле Евдокия Паськонун өмүр жолуна кызыгып окугам. Пасько биздин Ысык-Көлдүн Жети-Өгүз районундагы Липинка (Кой-Сары) айылында туулуп-өскөн кыз. Айылдагы башталгыч мектепти аяктап, Пржевальскиден орто мектепти 1938-жылы бүтүрүп, Москвадагы Ломоносов атындагы мамлекеттик университеттин математика факультетинин студенти болгон. 3-курсту окуп атып, 1941-жылы октябрь айында өз ыктыяры менен аскерге барып, учкучтар курсун бүтүрүп, 1942-жылдын май айынан 1945-жылдын 10-майына чейин гвардиялык, 1946-жылы учкучтар полкунун катарында кызмат өтөп, гвардиянын улуу лейтенанты, түнкүсүн бомбалоочу самолёттор эскадрильясынын штурманы болгон. Айыгышкан согушта 800дөн ашык учуш жасап, «Эмгек Кызыл Туу», эки жолу «1-даражадагы Ата Мекендик согуш» ордендери, эки жолу «Кызыл Жылдыз» ордени менен сыйланган.

www.bizdin.kg



1944-жылы 26-октябрда «Советтер Союзунун Баатыры» деген наам алгандыгын билебиз.

Төлөмүшов Дүйшөналы деген мекендешибиз Москвага семинарга барып, университеттин ичинен бир эшиктеги «Е. Пасько» деген жазуу турганын көрүп калат. Анан Дүйшөналы базарга барып алма, жүзүм, анар, шабдалыдан бир баштыкчага салып алып, Паськонун кабинетине келсе, кабылдамадагы эки аял ага киргизбейт, бир аз туруп:

– Мен эжеме келгем, кирем, – деп эле болбой жулунганда:

– Сен эмне бизди алдап атасың? Биз сенин өңүңү, улутуңу көрбөй турабызбы? – дешсе да, болбой эле түртүшүп Евдокиянын кабинетине кирип барып:

– Саламатсызбы, Евдокия эже, муну сизге берип ийди, – деп алма салынган баштыкчаны сунат.

– Сизге рахмат, бизге мунун кереги жок, кайра алып кетиңиз, бизге жолтоо болбой – деп, баягы аялдар Евдокияга жеткизбей эле дагы каршы чыгат. Евдокия ордунан туруп:

– Тынччылыкпы, эмне болуп атасыңар? – дейт.

– Биздин айылдын аксакал карыясы даңктуу кызыбызга ала бар деп, бул баштыкчаны мага берген. Ал аксакалга отказ кылууга болбоду. Ошондуктан мен сизге келдим, – дейт Дүйшөналы.

Евдокия Дүйшөналынын маңдайына басып келип:

– Сиз кайдан келдиңиз? – дейт.

– Мен Жети-Өгүздүн Липинка айылынан келдим, – дегенде, Евдокия баштыкчаны алууга кол созуп Дүйшөналынын колу чологун байкай коюп:

– Сен да фронтовиксиңби? – деп баштыкчаны өзү алат.

– Ооба, – дегенде Евдокия Дүйшөналыны кучактап бетинен өөп, – келгиле, отуралычы, – дейт. Бардыгы орундуктарга отурганда баштыкчаны өзү ачып, тиги аялдарга жүзүм, алмалардан берип, өзү да жеп:

– Эми биз үйгө кеттик, – деп Дүйшөналыны үйүнө апарып, 2–3 күнү коноктоп кетириптир. Ошол барышта Евдокия айткан экен. Биздин Москвадагы жогорку окуу жайларда Кыргызстандан келген канча студент бардыгын билем. Аларды өзүм издеп барып жолугуп турам. Артыкча ысыккөлдүктөргө, анан стипендияга жетпей калгандарды контролдоп, өзүм жардам кылып турам. Былтыр стипендияга жетпей калган Жакыпбековага мен өз акчама самолётко билетин аперип, каникулда үйүнө жөнөттүм. Биз Липинкада турганда кыргыздар менен бирге абдан ынтымактуу жашачубуз. Кыргыздар биздин малдарыбызды өздөрүнүкү менен чогуу эле багып, талаачылыкта айдап-себүү, оруу-жыюуда бирге эмгектенип, күздө эгинди чогуу бөлүп алчубуз. 1916-жылы орус-кыргыз согушунда, орустар келсе биздеги кыргыздарды орустар жашырып, кыргыздар келишсе, кыргыздар бизди жашырып, кыргыздардын мал-мүлкүн бүт калтырып, өздөрүн салт атчан орустар Каркырадан Кытайга кошо барышып, өткөрүп ийип келишет. Кийинки жылы Пасько сегиз орус жигити менен Каркырага барып

www.bizdin.kg



алты күнү күтүшүп, Кытайдан кайтышкан 9 үй-бүлөнү Супатай, Орозалы, Чыман, Далы жана башкаларын чек арадан тосуп алышып, ысык лепешка, пельмен менен тамактандырып, Липинкага алып келишет. Биякта калган мал, боз үйлөрүн өздөрүнө берип, бирге туруп калышат. Кийин гана колхоздошуп, ар уруу элдер өздөрүнчө болгондо Липинкадагы кыргыздар Ичке-Булуңга, Жети-Өгүз айылдарына кетишет. Мен айылдык мектепти бүтүрүп, Пржевальскиде окуйт элем, машине ал кезде жок. Айылдан Осмоналы ага бир атка мени мингизип, артыма төшөгүмү, кийимдерими таңып коюп, өзү башка ат минип, менин атымы коштоп Караколго алып келгени эсимен кетпейт, – дептир Евдокия. Кийинки жылы да Дүйшөналы Москвага, Паського баргандыгын, Евдокия менен бүт Москванын негизги кооз жерлерин кыдырып көргөнүн биздин үйдө мейманда отуруп, мактаныч менен айтканын уккан элем. Төлөмүшов Дүйшөналы ал кезде Пржевальск techинститутунда мугалим болуп эмгектенип, Пасько тууралуу китеп жазам деп жүрүп кайтыш болуп кетти. Туулган жердин касиети улутка деле карабай, топурагы алтын деген сөз чындык бейм. Ал орус болсо да кыргыздын өсүп-өнүүсүнө жардамдашкан мындай ак жаркын, кең пейил адамдар өмүрдө канчалык көп болсо, турмуш ошончо шат болор эле деп ойлодум.

* * *

Дагы бир окуя өз башымдан өткөн. 1973-жылы Москвага квалификацияны жогорулатууга бир айга окууга барып калдым. Бизге математикалык анализден Самвол Манасович Саакян деген профессор сабак берип калды. Ал ошол кезде 60ка чыгып калган адам эле. «Анын атасы Манас деген киши болсо, ал совет өкмөтүнөн мурда жаралган адам го? Анткени анын жашы ошол мезгилге туура келип атпайбы. Манасты бизден башка орус жана башка элдер биле электе Саакяндын атасынын атын кандайча Манас деп койду?» – деген ойдо болуп мен ал кишиден:

– Эмне үчүн сиздин атаңыздын атын Манас деп атады экен? – деп, сурап калдым.

– Индия элинин атактуу, байыркы эпосу «Рамаянада» Манастын эрдиктерин жазат. Чоң атам ошону окуп, баласынын атын Манас коюптур, – деди.

Эмнегедир менин Манас атамы бирөө тартып алгандай болуп көңүлүм чөгө, ызалана түшүп «капыр, тиги армянга Манас атамы кантип ата кылайын» деген ойдо болдумбу:

– Манас деген кыргыз элинин улуттук баатыры. Кыргыздарда «Манас» деген чоң дастаны бар, – деп ийдим.

– Ооба, силердики жөн эле жомок. Анткени силердин китепте манастагылар кайып болуп учуп кетет. Айчүрөк дегени ташка түкүрүп койсо эле

www.bizdin.kg


таш жарылып кетет. Анын шилекейи кислота беле? Өзүңөр жазган «Манас» китебин өзүң окудуң беле? – деди.

Көпчүлүк ичинде менин талуу жеримен кармаганда эмне дешимди билбей тилим байланып туруп калдым. Кыргыздын ар бир атуулу Манас атаны бийик тутары баарыга белгилүү. «Манас» эпосунун айрым сюжеттери тарыхый окуяларга барып такалары белгилүү болгондон кийин, айрым жомокко окшогон өтө апыртмаларын кыскартып койсо болбойт беле? Же манасчы көркөмдөп айткан сөз бузулгус Кытай сепили беле? Манасты көп жерлерде реалдуу тарыхый инсан дешип келсе, ага өзүбүз эле кайып болуп кеткендерин кошуп жомоктой кылып атпайбызбы. Бүгүн биздин ураанымыз Манас болуп атса, а тиги чоң мурун армян туура айтып жатпайбы деп өзүмчө ызам келди. Чынында эле кызык, Семетей жок болуп кетти, Айчүрөк ак куу болуп кетти дегенден «Манас» китеби көркөмдүү, кооз боло калдыбы? Бар болгону кыргыз эли бетине кармаган эпосу жомок болду да калды. Мүмкүн, илгери эл караңгы кезде Манас айтуучулар көркөмдөгүсү, аны кудай колдогонун түшүндүрөйүн дегендир. Азыркы биздин бүтүндөй академиядагы окумуштуулар бир китепти турмушка ылайык оңдоп-түздөй албаса, алардын эмнеси окумуштуу деп, түмөн түйшүккө баткан элем ошондо.

* * *

Үчүнчүсү, дагы кызык. 1971-жылы мен Өзгөн райаткомунун управлениясында башкы инженер болуп иштечүмүн. Партиянын биринчи катчысы Бейше Жапаров телефон менен мени чакырып калды. Анын кабинетине кирсем, Бейше Жапарович:

– Сабыр, бул Салижан Жигитов, Жазуучулар союзунан келиптир. Сен машинең менен Салижанды Көлдүк айылына жеткирип койчу, – деди.

Мен аны ээрчитип чыгып, машинеме келип отурдук. Ал кезде кызматтык ГАЗ-69 машине. Мага шофер берилчү эмес. Отчетум бүтпөй атканда ишимен калтырып, машинеми айдатып алган тигиге ызам келип, аны жактырган жокмун.

– Жигит, биз таанышып алалычы, менин атым – Салижан, – деп, бир топ тамашалуу сөздөрү менен күлдүрүп сүйлөп, жамактатып, жөө чечендигин көргөздү. Мен эрксиз күлүп управлениеде шоопурмун, атым Сабыр дедим. Ал мага таң калгандай карап, мойнумдагы галстукту көрүп ишене бербей:

– Сен шопур эмессиң го? Каерден болосуң? – деди.

– Ысык-көлдүк болом, – дедим.

– Ой, анда, сен ошол жактан бул жакка шопур болуш үчүн эле келбесең керек, тиги алдыдагы айылдын дүкөнүнө жетип токточу, биз кененирээк сүйлөшкүдөй бололу, – деди. Ал дүкөнгө түшүп, бир бөтөлкө арак, бир пачка печенье алып чыкты. Аракты бара турган үйүнө алса керек деп ойлодум. Ал айылдан өткөндө:

www.bizdin.kg



– Сабыр, машинеңди токтот, арак ичели, – деди. Бирден стакан арак ичкенден кийин ачуум тарап, жайдары боло түшүп, мен аңгеме, ыр жазганымы айтып ага мактандым. Ал «Кыргызстан маданияты» гезитинен менин бир аңгемеми окуганын эстеп: «Сага дагы көп аракет керек, көп аракеттен келечек жаралат» – деди. Ар бир сүйлөмүнө так, билимдүү, чечендигин көргөзүп сайрап атты. Биз сүйлөшүп отуруп, маңдайкы көрүнүп турган Көлдүк айылында анын балалык кези өткөнүн, көптөн бери айылына келе электигин, туулган жер кайда болсо да эсинен чыкпаганын айтып отуруп, экөөбүз бир бөтөлкөнү ичип бүтүрдүк. Машиненин эшиги ачык турса да, ысыктан отура албай калдык. Ал, машинеңди Кара дарыянын жээгине айдачы деди. Мен машинеми суу жээгине барып токтоттум.

– Бала кездерде биз ушу жерге келип сууга түшчүбүз. Ушул жерлерди сагындым, – деп ал чечине баштады. Биз токтогон жер өтө кумдуу келип, дарыя суусу да кара кочкул болуп анча таза эмес экен. Ага деле кайыл болуп, ал сууга бир чумкуп чыкты. Мен кир сууга кол салуудан тартынып чыйтыйып турам. Ал кайра чумкуганы кирип эле аксаңдап калды. Барсам буту кызыл-жаян болуп канап атат. Бөтөлкөнүн түпкү сыныгы таманын, капталын да тилип кетиптир. Суу четинен жээкке колтуктап чыгарып, машинеме жүгүрүп жетип, арактын бөтөлкөсүн апарып сарыктырып, бутуна куйдум. Кенедей арак эмне болсун. Бутунан кан токтобой атат.

– Салижан аке, мен бутуңа заара кылайын, каны токтосун, – дедим. Ал макул болду. Ошентип, каны токтоду. Бирок буту шишип, туфлийин кийишке болбоду. Мен колтуктап жөлөп, машинеге отургузуп, барчу үйүнө жеткирдим.

Көп жылдардан кийин, 1995-жылы менин «Жөжө акын» деген китебим чыгып, аны казактын Мухтар Шаханов деген акын-элчиси сураган эле, ошого апаратсам, жолдон Салижан аке бир адам менен сүйлөшүп турган экен. Кыргыз элине аттын кашкасындай таанымал, чечен кишини ким билбейт? Мен аларга саламдашып, Мухтарга апараткан китебими Салижан акеге тартуу кылдым. Ал мени карап:

– Жигит, сени мен таанsocбайт экемин, – деди.

– Эмнеге тааныбайсыз? Мен сиздин бутуңузга заара кылган жигитмин да, – дедим.

Ал жанындагы кишиден уялдыбы, үнүн пастатып, мени колтуктап бери бурула калып:

– Кандайча? – деди. Мен Өзгөн-Көлдүктөгү болгон окуяны түшүндүрсөм, ал барбалактап күлүп:


– Эсимде, ооба, жүрү үйгө, конок бол, шашпай сүйлөшөлү, – деди.

Мен шашып бара тканымы айттым. Жакшы адамга жолуксаң жагымдуу таасир калтырып, эсиңден эч кетпейт тура.

www.bizdin.kg



*Балдарга базарлык*



**Абдылда КАРАСАРТОВ**

## *Ант берейин*

*Сары күрөң,*
*Тыйын чычкан,*
*Секиргенге,*
*Кыйын чычкан.*

*Саратанда*
*Ысылабайт,*
*Аязга да*
*Абдан бышкан.*

*Тобурчакты*
*Кемиресиң,*
*Анын даамын*
*Сен билесиң.*

*Жаңгак берсек*
*Үркүп бизден,*
*Өйдө карай*
*Теминесиң.*

*Шактан-шакка,*
*Чыга качып,*
*Өзүнчө эле*
*Элиресиң.*

*Алма берсек*
*Жебейсиң эч,*
*Анан кантип*
*Семиресиң.*

www.bizdin.kg



*Карагат көз*
*Тыйын чычкан,*
*Чочуркаба*
*Бизден эч бир.*

*Алма берсек,*
*Өрүк берсек,*
*Жегин аны*
*Кылба кесир.*

*Тикирейген*
*Кулагың бар,*
*Бак-дарактуу*
*Турагың бар.*

*Суусаймын – деп*
*Кетпегин,*
*Мөлтүрөгөн*
*Булагың бар.*

*Кардың ачса*
*Нан берейин,*
*Же болбосо*
*Дан берейин.*

*Дос болуп ал*
*Балдар менен,*
*Сага тийбейт*
*Ант берейин.*

## Мага жамгыр өтпөдү

**(Калп)**

*Күн жибинен токулган,*
*Көйнөк кийип майрамда.*
*Жүрдүм элге кошулуп,*
*Чоң аянтта, майданда.*

*Күн бүркөлүп заматта,*
*Чакалап жаан төккөнү.*
*Чылк суу болду бүт элдер,*
*Мага жамгыр өтпөдү.*

## Нурун чачат көктө күн

*Көктөм келди көк чыкты,*
*Кыр, адырга төп чыкты.*
*Жашыл килем жапкансып,*
*Жылдагыдан көп чыкты.*

*Чапанымды чечинип,*
*Тумагымды таштадым.*
*Жеңил-желпи кийинип,*
*Улак бага баштадым.*

*Оюн салып оттошот,*
*Улактарым жамырап.*
*Көктө токум булут жок,*
*Күн шооласы жаркырап.*

*Келди көптөн сагынган,*
*Атыр жыттуу көктөмүм.*
*Тоолор жатат керилип,*
*Нурун чачат көктө күн.*

www.bizdin.kg



*Балдарга базарлык*



**Анарбек АКМАТБЕКОВ**

# ЖАНДУУ ТАМГАЛАР

*Көп тамгалар чогулуп,*
*Өзүнчө жыйын курушту.*
*Биринчиликти талашып,*
*Чырылдашып урушту.*

**«А» тамгасы:**

*Менин атым «А» тамга,*
*Эң биринчи турамын.*
*Түзүп турам ар убак,*
*Бардык ысым курамын.*

**«Б» тамгасы:**

*«Б» тамгасы мактанды,*
*Мен экинчи турам – деп.*
*Балдар менен кызыктуу,*
*Аңгеме-дүкөн курам – деп.*

**«В» тамгасы:**

*Мен үчүнчү турсам да,*
*Ордум такай сакталат.*
*Көбүнчө орус ысымдар,*
*Мени менен башталат.*

**«Г» тамгасы:**

*Мен дагы «Г» тамгасы,*
*Дүйнөдө назик бекемин.*

www.bizdin.kg



*Башканы кой «Гүл» десең,*
*Башкы тамга экемин!*

**«Ж» тамгасы:**

*«Ж» деп атым аташып,*
*Далай жерде даңкташат.*
*«Жеңиш», «Жол» – деп айтканда,*
*Мени менен башталат.*

**«З» тамгасы:**

*Мен деген «З» тамгамын*
*Зарыллмын өтө көптөргө*
*Куп жарашып каламын,*
*«Башталган «Здан» сөздөргө.*

**«И» тамгасы:**

*«И» тамгасы мен болом,*
*Башталган «Иден» ысымдар.*
*Жашай берет түбөлүк,*
*Аттары өчпөй кылымдар!*

**«Й» тамгасы:**

*«А» тамга эле биринчи,*
*Баш тамга бойдон калса,*
*«Ий» тамга оюн айтаарда,*
*«К» тамга чыкты көкээрде.*

**«К» тамгасы:**

*Жыйырманчы кылымда,*
*Космоско көңүл бурулду.*
*Багынтуу үчүн ааламды,*
*Космодром курулду.*
*Ушул иштин баарында,*
*Менин атым угулду.*

**«Л» тамгасы:**

*Болсом да мен «Л» тамга*
*Лепилдеймин ар жанга.*
*Атыма затып жарашат,*
*Напсиңе болом баш тамга.*

**«М» тамгасы:**

*«Медер» деген ыйык сөз,*
*Көп колдонуп айтылса.*
*Мен кубанып турамын,*
*Жана да көп жазылса.*

**«Н» тамгасы:**

*Эң жагымдуу угулар,*
*«Наристе» деген ушул сөз.*
*Айрыкча чоң атага,*
*Мен «Н» тамга болдум өз.*

**«Ң» тамгасы:**

*Ар кимиң атап өзүңдү,*
*«Мен, мен» – деп эле жаттыңар.*
*А бирок ойлоп койгула,*
*Ар тамга өз-өз ордунда,*
*Турганы менен бактыңар!*

*«О» «Ө», «П» тамгалар,*
*Тунжурап турса угушуп,*
*Чыркырап чыкты «Ч» тамга,*
*Куйкасы бир аз курушуп.*

**«Ч» тамгасы:**


*Менин атым укканда,*
*Эске түшөөр Чыңгыз хан!*
*Же болбосо, Гуманист –*
*Чыңгыздай болуп ким чыккан?!*

*Айтышпай башка тамгалар,*
*Акырын тарап кетишти.*
*Чатакташуу, талашуу,*
*Пайдасыз деп чечишти!*

www.bizdin.kg



*Мастер-классик*



Габриель Гарсиа МАРКЕС

# БҮРКҮМДӨР

• Мен ар дайым жеңил-желпи, көз жаштуу чыгарма жазууну эңсер элем. Мага окшогон жердигинен жашык кишилер романга караганда ошондой чыгармаларды жактырат.

• Биз сенек, катып калган тилге каршы чыктык. «Эл», «демократия» деген сөздөр небак жээгин жеп бүттү. Алгачкы маанисин жоготту. «Демократия» деген шайлоо алдында эле эске келет.

• Мен жомок жазайын деп канча аракет кылдым. Бирок эч нерсе чыккан жок. Жазгандарымды уулдарымдын бирине көргөзсөм: «Ата, бизди өтөле акылсыз, келесоо ойлойсузбу» – деди.

• Мен силерге ар дайым жагымсыз нерселерди жасагым келет. Мага тепкичке караганда эсколатор, машинеге караганда, самолет оң.

• АКШ Латын Америкасын катарга кошом деп эбегейсиз көп акча жумшоодо. Эмне үчүн? Биздин куржун кийин жылан сыйпагандай курук калыш үчүн. Биз анын акысына эмне төлөп атабыз? Улутубуздун тилин «тап душманындай» тазалоодобуз, музыкабызды, атургай адат-салтыбызды, сүйүү-махабатыбызды алардыкына алмаштыруудабыз. Биз АКШ кандай каалаunion, ошондой аңкуштоодобуз.

• СПИД деген сүйүүнүн абийирин аштай төктү. Сүйүү деген өзү да өлө жугуштуу дарт. Ага түкүрүп салбасаң, адамдык озуйпаны эч качан аткара албайсың.

www.bizdin.kg



● Жалаптар ар дайым менин эң жакын досторум болучу. Айрыкча жаш кезде. Мен аларга кумар кандыруу үчүн эле барчу эмесмин. Мен аларга жалгыздыктан коркуп барчумун. Албетте, аялым Мерседес мени: «Канчыктын каңгыган баласы» – деп тилдечү.

● Менин аялым жана эки кичинекей уулум бар эле. Мен менеджер-пиар болуп иштегем. Анын ортосунда киносценарийлерди редакторлочумун. Китеп жазуу үчүн алардын бардыгынан баш тартып, иштен кетүүгө туура келди. Анүчүн машинемди сатып, акчасын Мерседеске бердим. Ал ар дайым кечинде арак, тамеки, анан мага керектүү нерселер менен камсыз кылып турду. Ошентип китепти бүттүм. Бүткөнүң менен курусун, эсептеше келгенде 5000 песо карыз болуп калыппыз. Бул биздин чен-өлчөм менен эбегейсиз чоң акча. Анан биз жашаган аймакка Маркес ашкан мыкты китеп жазып салыптыр деген айың тарап кетиптир. Майда, чоң соодагерлердин бардыгы менин айланама топтоло баштабадыбы. Басма ээсине мен 160 песо карыз элем, анын 80ин төлөгөм. Аны акырына чейин төлөй албай, аялымды күрөөгө койдум. Мерседес айтты: «Романың дааратканага да жарабайт. Ошон үчүн мени күрөөгө коюпсуң да...»

● Эгер аял беттегенин бербесе, андан сөзсүз бирдеме чыгат. Мен аны өз башымдан өткөргөнүмөн айтып атам. Дүйнөнүн түркүгү аял экендигине мен беш колдой ишенем.

● Аялдын жалгыз кетпес кеги – башкалар менен ойноп кеткениң. Жок, аны ачык айтып, ак сүйлөсөң, аял кечирет. Жок, куйтуңдап-шуйтуңдасаң, эч качан кечирбейт.

● Кубанын адабият профессорлору менен айтыша кеткен жайым бар. Алар айтты: «Жалгыздыктын жүз жылы» туура, жакшы китеп. Бирок анын эч нерсе чечалбайт деп. Менин мүдөөм ошол чечалбаган кырдаалды көргөзүү дедим.

● Ооба, мен майда буржуазия жазуучусумун. Менин жаралган жасатым ошондой – эмне кылайын?

● Мен жазуучу болбосом, эл арак ичкен жайда жакшы ырчы болмокмун. Ошону менен сүйүшкөндөрдүн сүйүүсүн ого бетер күчөтөт элем.

● Адамзатты аңга түрткөн эмне?

Жетишкендик. Дагы, дагы жетишебиз деп адамзат жанталашып жашап атат.

● Менин максатым – баарыңар жакшы көрсө экен, сүйсө экен деген тилек. Ошон үчүн жазып атам. Кимдир бирөө мени сүйбөй калбасын дегенден өлгүчө корком. Азыркы интервьюмда да айрыкча сүйсө экен деген тилегим бар.

«Esquire» журналынан
которгон **Алым ТОКТОМУШЕВ**

www.bizdin.kg



*Эскертме китептен*

# РАСУЛ ГАМЗАТОВ: БЕЙНЕГЕ СҮРТҮМДӨР



**Валентин ОСИПОВ**

*Расул деген сөз элчи дегенди түшүндүрөт. Курандан алынган ыйык ысым. Мен үчүн жазгандары менен гана эмес, айткандары менен да кубанычтын элчисиндей сезилчү.*

*Мен үчүн бакыт сезилген биздин жылуу мамиле, 1962-жылы адегенде «Молодая гвардия» басмасында баш редактор, кийинчерээк «Художественная лнтература» басмасында директор болуп калганда башталды. Ал бул басмаларды абдан жакшы көрө турган.*

## Бардык мезгилге татырлык эпиграмма

«Художественная литература» басмасында бир редактордун отурган столунун артында, дубалда «Поэзия тарыхынын кыскача курсу» деген афишада эпиграмма болуп Гамзатовдун төмөнкү ыры турар эле:

Ырларыңды бизге окуп бергенинде
Таң калганмын мындайды ким кайдан тапсын.
Эң жаманы: сен туула элек кезекте эле
Бул ойлорду жазып коюптур далай акын.

www.bizdin.kg



## Басма жөнүндө бастыруучулар үчүн

Басмаканада өткөн Гамзатов менен болгон ар бир жолугушуу өзүнчө бир өрнөк, акыл-насаат эле.

– Ар бир сап үчүн калем акы төлөйт дейби? Бул дөөпөрөстүк! Мен мыскалдай миниатюра үчүн жүз эсе көп төлөмөкмүн. Асман тиреген аскадан акактап скульптура жасаш үчүн канча мээнет кетет!

– Көлөмүнө жараша төлөйт дейби? Туура эмес, талантка жараша төлөш керек! – Акын шарап жасайт, а редактор – дегустатор, биринчи ооз тийип, даамын татат. Эгер бөтөлкөдөгү шарап ачып-кычып кетсе – ыргытыш керек аны таштандыга!

– Узун баш сөз жазгандарды жактыра бербейм. Мага атам айткан: «Баш сөз калдайган чоң тебетейи менен сахнада эмне болуп атканын көрсөтпөй турган кишиге окшош».

– Басма окурмандардын оюн билиши керек. Менин атам өзүнүн ырларын адегенде сельсоветтин дубал гезитине жарыялачу, анткени айылдагылар сөзсүз окушат, анан аны сөзсүз талкуулашат.

– Ээй, эй, китеп дегенди батыраак чыгарыш керек. Аны кечиктириш толгоосу башталган аялды төрөбө дегендей эле кеп. Абуталиб бир жолу биздин басманын директорунун мээсин чагып, акылына акыл куюп минткен эле: «Акын өлгөндөн кийин анын эки томдугун чыгаруу өнөкөткө айланды. Мен силердин түйшүгүңөрдү азайтып жардам берейин. Менин биринчи томумду көзүмдүн тирүүсүндө эле чыгарып бергиле».

## ... жана Гамзатов

Акын Сергей Наровчатов «Новый мир» журналынын башкы редактору, ырдын ырдык касиетин түшүнүп, анын алтындан артык баркын билген, халтуранын барабанын каккандарга каарын чачкан, адабий түшүнүгү кенен, эрудициясы күчтүү адам эле. «Художественная литература» басмасы 1980–1982-жылдары өзүнөн чыгып жаткан Гамзатовдун тандалмаларына баш сөз жазып берүүнү сураганда мындай жооп алганбыз.

«Эгер мага биздин замандагы мыкты акындардан онду ата десе, мен аларды санап келатып, сөзсүз тактап: «Жана Гамзатов!» – деп айтмакмын. Эгерде тизмени бешке кыскарт десе, мен төртөөнү санап аягында сөзсүз: «Жана Гамзатов!» – демекмин. Эгерде бир эле акынды айт десе, ойлонбой туруп: «Гамзатов!» – демекмин. Гамзатовдун ырларын окуганда, анын эли менен сүйлөшүп жаткандай болосуң».

www.bizdin.kg



## Краснодондун балдары

Фадеевдин романы, Герасимовдун фильми менен элге таанылган жаш гвардиячы Георгий Арутюнянц менин кошунам эле. Айыкпас ооруга чалдыгып, алдан тайып ооруканада жаткан. Подполковник, аскер иши боюнча даражалуу илимпоз, академияда дарс окуган аалым, көптөрдүн колунан келбес китепкана жыйнаган, туугандан да жакын кошунамды көрөйүн деп ооруканага барып калдым. «Сен Гамзатовдун китебин чыгарыпсың. Ырсыз ооруканада жаткан азап экен. Абдан...»

Мен басмаканага барбай Гамзатовго бардым. Ал ошол замат жан эриткен жакшынакай сөздөрү менен кайратты кайрактай кайраган сөз каймагын калпып, автограф жазып берди китебине.

Жора ал китепти колуна алып, көңүлдү көккө көтөргөн автографты окуган соң көзүнөн жаш кылгырды.

Кийин Расулга жолукканымда белекке берилген китепти бергенимди айттым. Ал мага мындай деди: «Жаш кезимде «Краснодондун балдары» деген поэма жазгам. Литинститутка кирүү үчүн эмне жазганыңды көрсөтүүң керек болчу. Мен ошол поэмага кошуп бир нече ырларымды салып жибергем».

## Ааламдагы бешик

Гамзатов кеселдеп жатканда ооруканага Юрий Мелентьев экөөбүз барып калдык. Апаппак дубал, апаппак палата. Ушундай кубарган өңүнө окшогон бөлмөдө зеригип жатты бекен десек, жок, иштеп жатыптыр. Карала-торала болгон кагаз, өзүнчө эле дөбөдөй үймөлөктөп жатат.

– Иштеп жатасыңбы? – дедим.

– Ооба. Ыр деген мен үчүн ден соолугумду ордуна келтире турган тамчылаган дары да.

– Окуганга бересиңби?

– Ырлар авар тилинде. Эгер кааласаң сөзмө-сөз которуп берем. Сөзмө-сөз которулган кара сөз түрүндөгү конструкциядан да поэзиянын илеби уруп турду. Гамзатов биздин Жерди Ааламда термелип турган бешикке салыштырыптыр.

Үйүмө келгенден кийин ушул метафора түнү бою мени түйшөлтүп чыкты. Айтса-айтпаса төгүнбү, учсуз-түпсүз учан деңиз Аалам тең салмаксыздыгында бешик терметип турат: адамзат али балалык доордо, эгерде Ааламдын тартиби менен санай турган болсок, адамзаттын жаша-

www.bizdin.kg



ган доору али жаш баладай, ал андай болгондон кийин бири-бириңерди сактагыла... жана дагы... дагы...

Мен ушул ырдын таза көчүрүлгөн көчүрмөсү бар экенин билгенден кийин, ошол баракты сурадым.

– Сага анын эмне кереги бар?

– Которуу үчүн эмес, эстелик үчүн керек.

Ошол баракты баалуу буюмумдай көпкө сактап жүрдүм. Бирок ушул жылы ал баракты акындын кыздарына тапшырдым.

## Ата жөнүндө

Ал өзүнүн атасын жөн эле ата катары эмес, катаал талап коё билген кадырлуу устат катары да, аябагандай акылдуу адам катары да ыйык көрө турган. «Менин Дагстанымды» окуп чыккан адам, анын ар бир бөлүмүнөн атасына болгон аруу таза мамилеси нурдай жаркырап турганын көрө алат.

Мен Расул Гамзатовдун өзүн өзү сыймыктуу көкөлөткөн:

– Мен Расул, Цада айылындагы Гамзаттын уулу, – деп айтканын көп жолу укканмын.

Чындыгы ушундай эле, бирок да ушул сөз ал сүйлөгөндө атактуу ак сөөктөрдүн сарайындагы эң ардактуу наамдай нарктуу угулчу.

## Лев Толстой:
## Гамзатов жана кайткан каркыралар ыры тууралуу

Толстойдун «Кожо Муратын» окуган сайын менин эсиме Расул Гамзатов келет. Повесть тоолуктардын кан-жан мүдөөсүн терең түшүнгөндүгү менен өзгөчөлөнгөн чыгарма.

Расул менен аңгемелешип жана да бул кабарды жазуудан мурун повестти кайра дагы бир сыйра окуп чыктым. Анда Гамзатка арналган ырда мындай саптар бар эле: «Анда Гамзат өзүнүн жигиттери менен жылкыга тийип, орустардын ак боз үйүрүн өз айылына айдап кетет. Теректен өтө бергенде орус князы кууп жетип, токойдой көп аскери менен аларды курчап алат...»

Капыстан жүрөгүм селт эте түштү: «Гамзат өлөр алдында асманда учуп бараткан куштарды көрөт, көрөт да көмөкөйүн жара кыйкырат: «Ээй, кайткан куштар, биздин үйүбүздүн үстүнөн учуп баратып, силер биздин эжелерибизге, энелерибизге жана акжаркын кыздарыбызга... бизди курман болду деп айткыла...»

www.bizdin.kg


Азыр элдик ырга айланган Расул Гамзатовдун кайткан каркыралар тууралуу ырындагы кайтпай калган жоокерлерди каркыраларга салыштыруунун тамыры байыркы баатыр элдин Толстой эске салган ырынан келген турбайбы...

Толстой авар ырын кайталап айтып берген эмес. Толстойду изилдөөчүлөр анын архивинен бул ырдын толук текстин табышкан. Жазуучу аны бүт бойдон повестине киргизүүнү пландаган окшойт.

Повестте Кожо Мураттын энесинин аты Патимат деп берилген.

## Эстелик

Бир жолу ал мени эмне дээр экен дедиби, же өзүн өзү сынадыбы билбейм: «Пушкинден кийин Россияда «Эстеликти» жазууга кимдин укугу бар?» – деп сурады. Мен аны тамашадай кабыл алдым да, тамашалай жооп кайтардым.

Ал кантсе да «Эстеликти» жазды, бирок анын ырында өзүнө берилген өз баасынын жөнөкөйлүгү жана да көркөм образ, метафорасынын өзгөчөлүгү кимди болбосун өзүнө тартпай койбойт.

Жаралуу болгон жерде айрылуу бар,
Кайрылбас жайга бир күн кеткенимде.
Асмандан канат каккан каркыралар
Армандуу белги берет мен жөнүндө.

Тургуздум эстеликти жалаң ырдан,
Анчалык бийик эмес, эмес аска.
Жок болуп кетпесе элим бул жарыктан
Жок болуп кетпейт ушул эстелик да.

## Ишенимге ашкере маани бергенде

Айтпай коё албаймын: Расул Гамзатов айткан ар бир сөзүндө ак көңүлдөн бирөөгө жакшылык кылбаган адам – адам эмес дегенди ар дайым насааттачу.

Жок дегенде өз өлкөбүздөгү бир акындын жашоосундагы өзгөчөлүгүн билген дурус. Бирок да алардын көпчүлүгү өздөрүнөн өздөрү эле эки жаат, эки лагерге бөлүнүп алышып, идеялык келишпестиктин тикенектүү чынжырын ортолоруна тартышат да, кырчылдашкан кылчайнашка өтүшөт. Анан саясий түзүлүштүн буйругу менен түзүлгөн жагдай өзгөрүп,

www.bizdin.kg


токтолбогон каардуу буйрук угулат: солго карагыла (мисалы, чыныгы улутчулдарга), оңго карагыла (мисалы, батышты туу туткандарга) болду эки тарап бир бирин идеялык укукта аткылай беришет. Алар жыйынга чогулушканда: «Кандайсың» – деп бир бирине учурашпайт, басма сөз бетинде атын атагандан үркүшөт. Кол бермек кайда? Көбү кол беришмек турсун көрсөм көзүм кашайсын деп жарык дүйнө менен кош айтышып кеткендери канча дейсиң...

... Владимир Солоухин – акын жана жазуучу. Жазганда да майын чыгара жазган жазуучу, өткөн кылымдын 60–80-жылдарындагы өзүнчө дүйнө таанымы, өзүнчө үнү бар экинин бири деген урмат, сыйга жеткен. Ал партбилетин чөнтөгүнө салып жүрсө да жеткен монархист, тырмагынан чачына чейин православный эсептелген, ошого жараша орус салт-санаа, орус көөнө мурасын көздүн карегиндей сактоого чакырган айтылуу атуул эле.

Анын Расул Гамзатов менен болгон студенттик кезден берки достугу «Менин Дагстаным» китебин орусчага которууга бел байлатты. Китеп эл атынан жазылган китеп эле, анда элдин жашоого, турмушка болгон көз карашы жаткан, андан да кызыгы китептеги ой жүгүртүү образы орустардыкынан башкача болчу.

Акын жазгандыктан чыгармадагы лиризм өтө назик, өтө аялуу эле. Тоолук элдин каадасы, каткырык-күлкү, тамашасы кайнап жаткан анда... Бул жолу эки талант ат майданга таймашка чыккан эки күлүктөй эле болду. Бактыга жараша Владимир Солоухиндин таланты ушунчалык кубаттуу экен, ал Расул Гамзатовду «өзүнө» ылайыктап которбоду, маани-маңызын майдалабады, боёгунан оңдурбады, укмуштай сонун которуп койду.

Гамзатов үчүн эң негизгиси, адабий өнөктөшүнүн таланты болчу, анан барып идеологиялык тосмолор, партагитпроптун тизмесиндегилер эсепке кирчү. Расулдун тирүү классиктер Александр Твардовский жана Михаил Шолохов менен бирге түшкөн сүрөтү бар. Бул эки залкар бири-биринин талантын тааныгандыгы менен саясатта келишпес оппоненттер эле.

## Виктор Астафьев: поэмага бир шилтем

Расул Гамзатов менен кан майдандагы чындыктын майын чыгара жазган эң мыкты жазуучу Виктор Астафьевдин өз ара мамилелери менин жеке архивимди эле эмес, адабият тарыхы үчүн чоң мааниге ээ эпистолярдык жанрды байытты деп түшүнөм.

Эскертип коёюн: Астафьев мактоого сараң, чөйрөсү да сейрек, өзү ишенгендер жана анын ишенимине татыгандар да аз эле. «Ассаломалейкум!» дегендердин баарына эле жүрөгүнөн орун бере берчү эмес.

www.bizdin.kg


Анда эмесе суугу катуу Вологда чөлкөмүнөн Кавказга кеткен катты окуп кой.

«Терең урматтуу Расул Гамзатович! Мен жети жашка чыкканда энемден айрылгам. Кулактын баласы деп айыпталып, Красноярск түрмөсүндө камакта отурган атама тамак-аш алып бараткaнда, ал отурган кайык оодарылып кетип, апам карагай сүйрөгөн баржанын астында чачынан илинип калат. Ал тогуз күн бою, өрүм чачы жулунуп кеткенче асылып турган...

Ошондон бери эне деген сөз мен үчүн ыйык. Энени кор туткан, сыйлабагандарды көргөндө бүткөн боюм титирейт. Ал эми эне жөнүндө солгун, начар жана көшөкөрлөнүп ыр жазгандарды түшүнбөймүн.

Эне жөнүндө жазыш үчүн Ата Мекен жөнүндө жазгандай эле жазууга акылуу гана болбостон, жазууга укуктуу болуш үчүн кызмат өтөө керек болчу. А бизде андай болбой бул ыйык теманы колуна калем кармагандын баары жазып кирди. Утуштуу тема, демек, жакшы төлөнөт деп эсептешип, отуруп-тура калып, оңго карап – партияга, солду карап – Христоско же Мухамбетке оңду-солду жүгүнүп, роволюцияга чейин аялдарга кыйын болгонун, азыр жакшы болгонун, бир жерде чиркөө кордосо, бир жерде шарияттын мыйзамы кордогонун да эстен чыгарбай жазып жатышат...

Аял бардык коомдук түзүлүштө – аял, анын бактысы сотто каралбайт, саясаттын колу жетпейт, анын бактысы жашоону улантканында, – балдары бар, демек, ал анын бактысы, жашоонун маңыз-максаты ошол. Анын бийлиги коомдо болгон бардык бийлик-байлыктан жогору; озуйпасы өмүргө өмүр кошуу жана жалпыга жакшылык жаратуу.

Сиз эне жөнүндө кандай сонун, кандай көркөм, бийик жазгансыз! Мен, Сиздин поэзияңызды бир топ эле дурус билген адам катары бул поэманы жазыш үчүн канча узак жол басканыңызды билем. Буга чейин айрым ырлар, ойлор, энеңиздин өлүмү, жоготуунун кайгы-касирети аркылуу, ага урмат менен таазим кылып тизе бүгүп жазганыңыз көрүнүп турат.

Дал ушундай! Эне жөнүндө дал ушундай гана жазуу керек! Дүйнөлүк адабиятта аял жөнүндө, эне жөнүндө көп, өтө көп жазылды. Сиздин «Энелерди сактагыла» поэмаңыз бул түбөлүктүү, өчпөй турган темада жазылган поэтикалык бийик жетишкендиктердин катарынан орун алат. Бул үчүн пайгамбарлыктын деле кереги жок, болгону көңүл коюп окуган окурман болуу гана жетиштүү. Сиздин ары бийик, ары менин жүрөгүмө жеткиликтүү жазылган сөздөрүңүздү окуп жатып, мен алда качан сөөгү сөпөт болгон өз энемди эстеп ыйладым. Өмүр бою канымда жаңырып келген, бирок айталбаган муңумду гана менин эмес сезимимди билдирүү бир гана Сизге буйруптур!

Ыракмат! Ыракмат! Ыракмат! Эне жана түбөлүктүүлүк жөнүндө жазууну колго алуу менен Сиз биздин адабиятты кордогон саясий майдалыкка барбаганыңыз үчүн ыракмат. Сиз, бардыгыбыз үчүн Эне – Кудай сымал бирөө гана деп айтып, улутчулдуктун шамалынан, ошондой эле желдетпей жемирген жел аргысынан бийик көтөрүлдүңүз...

www.bizdin.kg



Сизге эне жөнүндөгү бул гимн үчүн жана сиздин поэзияңыз тууралуу көп жакшы, сонун сөздөрдү айтышат. Эми ушундай бийиктикти алгандан кийин сизге мындан ары иштөө кыйын болот, бирок бул чек эмес, мындан да бийик көтөрүлүү керек. Бул жашоонун мыйзамы, арийне, таланттын тагдырына ушундай жазылган! Мен эненин алдындагы күнөө жана бүтпөгөн кусаны ырдап, Сиздин дагы жаңы бийиктиктерди багынтууңузга тилектешмин. Себеби бул куса менен күнөө адамды тазалайт, бир гана эч кимге баш бербеген ушул эки сезим – колдон келбей турган ишти жасайт, дүйнөдөгү бүт адамзатты акылга чакырат, анткени энелер курман болгон балдарын жоктоп, чексиз кайгы тартып көз жашын төгө бербейт да... Биздин эстутум, биздин толук жетилбеген эсибиз болочок энелердин мындан да чоң кайгы-касиреттен сактап, жер үстүнө жамандыктын үрөнүн сепкендерге түбөлүк каргыш болсун...

Мен Сизге жалаң жесирлери, көпчүлүгү согуштун жесирлери жашаган Вологданын бир кичинекей кыштакчасынан жазып жатам. Мен Сизге алар бардык жакшы адамдарга жакшылык тилегендей, алардын оозунан чыккан жакшы сөздөр менен алардын атынан таазим кылам, Кудай Сизге ден соолук берсин!

Мурунку солдат жана жетимдикти эрте билген адам катары Сизди кучактаймын.

Чекемди жерге тийгизип таазим кылам! 24-июль 1976-ж. Сибла».

Бул катты окуп чыккандан кийин бир гана нерсе ойдо калат: акындын бийик таланты дагы бир таланттуу адамды таасирлентип калем карматып, кат түрүндө болсо да нукура талантка таасын баа берүүгө түрткү болду. Же мындай эмеспи?

## Сталин жөнүндө

Ал биринчи ырын 11 жашында жазган. 14 жашында жарыяланып, 20 жашында биринчи ырлар жыйнагы чыккан. 27 жашында Сталиндик сыйлыктын ээси болгон. Сөздөн сөз чыкканда сыйлыкты бир жыл мурда албай калганын айтчу. Сталинге лауреат болчулардын тизмесин алып келгенде ал бул айтылуу фамилияны көрүп: «Атасынан мурун баласына сыйлык бергенди Кавказда кандай түшүнөр болду экен. Бул жаш акындын атасы Гамзат Цадаса Кавказ элинде нары нарктуу, нары көп окулган акын жана агартуучу экенин силер билесиңерби? Бул жолу сыйлыкты атасына берели. Баласын кийинки жылы талкуулайлы».

Кара башын калкалаган комитеттин кызматкерлери өлө коркуп, Сталиндин бу жоругун сыйлыкты бербөөнүн кууланган амалы катары кабыл алып, кийинки жылы акындын фамилиясын тизмеге кошпой алып барышат. Ошондо Сталин жактырбагандай кабагын бүркөп: «Эмне үчүн

www.bizdin.kg


жаш Гамзатов көрүнбөйт. Анын поэзиясы, эмне, бир жылда эле эскирип калдыбы?» – деп сурайт.

– Ушинтип сураганы чын бекен? – деп Гамзатовдон сурасам:

– Мен Сталиндин кабинетинде жок элем, – деди ал.

## Ар бир тамашада

Гамзатов депутат болуп жүргөн кезинде минтип бир тамашалаганы эсимде: «Эл чарбасын өнүктүрүү боюнча токтомдун долбоорун талкуулаганда мага сөз бербей коюшту. Мага сөз бергенде ошол токтомдун долбооруна: поэзияны өнүктүрүү планын киргизмекмин. Ага кошуп жумушчу-дыйкан табына гана эмес – поэзия сүйүүчүлөр табына да кам көрүү керек деп айтмакмын».

Чоң делегация конокко баратканда, алардын ичинде Расул да бар экенин билип: «Каякка баратасыңар?» – деп сурап калдым өзүнөн. «РСФСРдын өкмөттүк делегациясынын составы менен...» ал экономикалык жактан анча өнүкпөгөн Орто Азиядагы бир республиканы атады да, анан бир аз токтоп, тең укуктуу республикалардын конституциялык формуласын бир аз алмаштырып, орун которуштуруп: «Тең укуктуу республикалардын арасында биринчинин юбилейи менен куттуктап... – деп анан «тең укуктуулардын арасында акыркыны деп оңдоп койду.

Кимдир бирөөлөр күлгөндөй болду, ким бирөө: «Расул, сенин сөздөрүңдү жазып жүрүш керек, бардык эл уккандай кылып»... – деп жакшы ниетте айтты эле: «Коркпой эле кой, анын баарын КГБ жазып жүрөт, КГБ баарын билет!» – деп шарт айтып жиберди.

## Саясаттын жемиши

Анын томдугун чыгарып жатканда, мен анын өмүр баяны менен терең таанышып, жыл бою ыр жазылбай актай калган жылдарды көргөм. Ал муну минтип түшүндүрдү: «Менин поэтикалык картамдагы ал ак тактар – ал менин дүйнөлүк поэзия глобусуна калтырган котормочулук саякатымдын жемиши. Мен Пушкиндин «Цыгандар», «Жез атчан», «Полтава» поэмаларын, Лермонтовдун да бир нерселерин, Маяковскийдин да бир нерселерин авар тилине котордум»...

Анын поэзия жана публицистикасына канчалаган атактуу делинген ар кыл тилдеги акындардын ырлары кирген. Гамзатов Орто Азиядан Кавказга чейинки көптөгөн поэзия деңиздерин сүзүп өткөн. Алар Месроп Маштоц, Хафиз жана Омар Хаям, Шираз, Шота Руставели, Низами жана башкалар эле. Ал эми өзүнө замандаш, бүткүлсоюздук поэзия асманында

www.bizdin.kg



жылдыздай жаркырап турган: Кайсын Кулиев, Мустай Карим, Давид Кугультиновдун ырларын да которгон.

## Эки сүрөт

Көзүңө жалт эте түшкөндө эле эсине келе калат: баягы калдайган чоң баш, кыска алынып тик турган кайраттуу чач, – кызык, кыйла өзгөрүп кетиптир, чач агарып, ийрийген чоң муруну ого бетер ийрейиптир. Мен ушундай башты кайдан көрдүм эле? Ошол замат менин эсиме миңдеген жылдар мурда римдик ак сөөктөргө тургузулган скульптуралар келди.

Ондогон жылдар өттү. Москвадагы улуттар үйү. Чыгармачылык кече. Ал көптөн бери өзүнүн борбордогу окуучулары менен жолугуша элек эле.

Ал эки кишиге эки жагынан колтуктатып, тепкичтерден теңселе чыгып, микрофон коюлган столго келип отурду. Мен айыкпас кеселдин айынан авагер чеккен, башы өзүнөн өзү калтылдаган, карыш түшкөн кабагынан көзү көрүнө түшкөндө жүрөгүм шуу эте түштү. Көзүндө жалын жок. Мунарык. Сөз дегенде жүнүнөн жата калып, сөз бербеген киши даап сөз сүйлөбөй турат. Жанын жанга ура жагынып, жакшы көрүнгүсү келгендерди карап да койгон жок. Кудай жалгап мага колун сунду, мен шашып алдастап микрофондун үстүнөн колун кармадым, мурунку кол жок, жупжумшак бирдеме болуп калыптыр.

– Эмнеге алып келишти? – деп кейидим.

Ал капыстан сүйлөп кирди. Сүйлөп атып өзгөрүп кетти. Жандан-ды. Анын эмне үчүн келгенин ошондо түшүндүм. Өмүрүнүн акыркы айларында эч бир сырын жашырбаган окуучуларына баарын айтып, баарлашайын деген өңдөнөт. Баарлашып эле тим болбой кубат алайын деп келгендей. Врачтардын айткандарын аткара берип, үй түрмөдө жаткандан жадаган түрү бар. Диктофонума кээ бир керемет сөздөрүн жазып алгандай болдум.

– Телевидение канчалаган жылдан бери бизди жандүйнөнүн бийик чокусунан ыпластыктын сазына ыргытып келатат. Ошон үчүн мен азыр авторитардык режим үчүнмүн!

– Канчалаган душмандар элдерди бири-бирине кайраштырууда. Чагымдын чагылганы чартылдап жатат. Менин Кавказымда кан төгүлүүдө. Мен патриотмун, интернационалист бойдон каламын. Менин мекеним – жүрөгүмдө. А беш планета – ал менин беш манжам.

– Саясатчылар кылымдын узак эмес экенин таптакыр түшүнүшпөй коюшту. Ошон үчүн шашылыштын кереги жок, андан көрө кенен ойлонуп, жамандыкты эмес, жакшылыкты тез жана көп жасаган жакшы.

– Өмүрдөн эмнени күтөм? Ажырашууну: Үй-бүлөм менен. Досторум менен. Эгер ажырашам деп уламдан-улам айта берсең абаны уулантып иет окшойсуң, анте берсең үй-бүлөң да, досторуң да карабай коюшу мүмкүн.

www.bizdin.kg


Ал аябай чарчап калды, бирок да коштогон кол чабуулар аны сергитип, эргитти. Кече бүттү, көргөн көзүмө ишенбейм, ал кайра ушерге келгендей алсыз абалына келип калса болобу.

## Саясатчылар үчүн китеп

Акын чыныгы саясатчы, тагырак айтканда, тажрыйбалуу коомдук ишмер болуп чыкты. 1962-жылы аны СССР Жогорку Советинин депутаттыгына шайлашты, көп жылдар бою анын Президиумунун мүчөсү болду. Көпчүлүк менен иштешип, көрбөгөндү көрүп, укпаганды укту. Эгерде анын Кремлде сүйлөгөн сөздөрүн, реплика-сунуштарын чогулта турган болсо, анда анын акындык өмүр баяны, чыгармачылыгы дагы толукталар эле.

Образдуу ой жүгүрткөн, кичинекей калыссыздыкка каны кайнап чыккан, жоктон бар кылып заматта ойдо жок ойду айтып оргуштаган талант, сыртынан опоңой көрүнгөн, бирок иштей келгенде иши бүтпөгөн, колу, буту байланып чинге ийилип турганга кантип көндү экен?! Өмүрүнүн аягында минтип бир моюнга алганы бар:

«Кремлдин залдарында баары алтындай,
Сессияда отурганым көрүндү элге.
Мен саясый туткун өңдүү ооз ачпай
Ойлорумду катып жүрдүм катчу жерге».

Бирок да ал, бул сыймыктуу кызматтын өзү үчүн да, шайлаган шайлоочулары үчүн да баа жеткис мааниси бар экенин билчү.

Анын китептери боюнча бардык мезгилдин бардык саясатчылары столуна коюп алып, окуй турган өзүнчө бир жыйнак чыгарса болот.

Ал китептин биринчи бетинде учкул сөзгө айланып улуу-кичүүнүн оозунда калган:

– Колго канжар кармаганда ойлонгун: канжар үчүн кындан жакшы жер жок.

– Өткөндү тапанча менен атсаң, ал сага замбирек менен жооп берет деген сөздөр жазылыш керек.

Менин оюма койсо ушундай алтындан артык саптарды чоң плакатка жаздырып алып, бирин өкмөттүн жана башкы командачынын, экинчисин мезгил алмашканда тарыхты кайра жаздырган өкүмдарлардын эшигине илип коймокмун.

Которгон **Анатай ӨМҮРКАНОВ**

www.bizdin.kg





## Шоистаи РАВШАН

*Тарыхий коңшубуз тажик элинин кызы, ойчул жана психолог, КР Улуттук Жазуучулар союзунун жана Борбордук Азия Пенклубунун мүчөсү. Соңку бир канча жылдан бери Кыргызстанда жашап, эмгектенет. «Сүйүүнүн кайтышы», «Рудаки – акындардын Адамы», «Башталыш жана чексиздик», «Элдос» китептеринин автору. Анын жакында эле жарык көргөн «Маржан ойлор» (которгон Ч.Субакожоева) китебинен үзүндү менен окурмандарыбызды тааныштырабыз.*

# Адам жана Руханий дүйнө

1. Ар бир түбөлүктүүлүккө айланган нерсе жандүйнөнүн эргүүсүнөн башат алат.

2. Чыныгы музыка руханий кубатты оптимисттик абалдагы композитордон алат.

3. Жакшы күн – биздин эртең мененки жакшы ойлордон башат алат.

4. Көз бир ирмемде дүйнөнү караганда бардык окуялар чагыла түштү.

5. Гумандуу цивилизациянын идеялары чыныгы дүйнөнү түзгөн.

6. Периште сындуу адамды таза жүрөгүнөн, жарык көздөрүнөн, жакшы сөзүнөн тааныса болот.

7. Бардык жандыктардын ичинен Кудай адамга гана тил жана акыл берип, тили менен таттуу сөздөрдү сүйлөп, акылы жакшы нерселерди ишке ашырсын деген.

8. Кургаган карагайдын чогу пайдалуу, ал үйдөгү энерго талааны тазалайт. Адам дагы ушундай болуусу керек; кандай гана кырдаал болбосун дайыма пайдалуу болушу керек.

9.Шайтан көпөлөк шамды айланып учуп жүрүп күйүп кетти. Чымын жыйынтык чыгарды; от менен ойногонго болбойт.

10. Ачык жүрөк, адамдын акылман көз карашы, изденүү жана чындыкты табуу адашуулардан сактайт.

www.bizdin.kg



11. Балким, кыялга жетүү анча таттуу эместир, бирок кыялга жетүүгө жасалган аракеттер балдай таттуу.

12. Күндүз чогултулган байлык кечинде саналат.

13. Дүйнө жүзүндө бир адам ачкачылыктын азабын тартып атса, дүйнөгө калыстык жок.

14. Эгерде абийирдин күчүн пайдалана алсак, анда ал жашоонун жандоочусу болуп саналат.

15. Көз, кулак, жүрөк жана ойлорубуз биздин чынчылдыгыбыздын жана калыстыгыбыздын коргоочулары жана алар бизди калптан коргойт.

16. Үнөмчүлдүк сараңдык эмес, тескерисинче – акылмандуулуктун белгиси.

17. Үнөмчүлдүк – мамлекеттик казынаны толтуруунун жолу.

Сактануу, адамды ачуунун отунан сактап, кечиримдин көлөкөсүндө бейпилдиктин ырахатын камсыздайт.

18. Жакшы адам керээзин айтып жатса да жакшы иштерди мурастайт.

19. Кай бир жазуучулардын чыгармаларын эл эмнеге улуу чыгарма дешет?

20. Анткени алардын көздөрүндөгү жашоо чагылдырылган.

21. Өмүрдүн узактыгы – тамак аттуудан баш тартуу, ал болсо ачууга, толкунданууга түртүп, азаптуу ойлордон жаа бою качырат.

22. Досу туура жана акылдуу кеңеш айтса, ал, досунун досун куткарганга да кызмат кылат.

## Сөздүн күчү

1. Сөздүн айыбы, анын узактыгында.

2. Начар ойлорду жакшы тилек менен алмаштырса болот.

3. Акыл жүрөк менен ымаласын токтотту эле, жүрөк адамды жаман жүрүш-турушу үчүн күнөөлөдү.

4. Эгерде сөзгө жөнөкөйлүктүн чапанын кийгизбесек, жүрөккө жол табуу мүмкүн эмес.

5. Орунсуз сөз жайкы тар кийим сыңары.

6. Эгерде сөз «МЕНден» башталса, тез бүтөөрүн күтпөңүз.

7. Сөздүн талаптары сакталса кызыктуу жана жагымдуу болот.

8. Ар бир орунсуз айтылган сөз, күндүн астындагы музга окшош.

9. Жаман ойлор эртеби-кечпи, жамандыкка алып барат.

10. Жаман ойлордун күчү душмандын огунан да тез учат.

www.bizdin.kg



## Жакшылык жана жамандык

1. Бир жакшы китеп адам жашоосун жакшылыкка бура алат. Эгерде китеп арам максатта жазылса, анда адамдар жамандыкка оойт.

2. Адамдын адилетсиздигине күбө болгон Ай, өз бетин өзү тытыптыр.

3. Адамдардын күндүз жасаган жаман иштерин көрбөс үчүн, жылдыздар жарыгын түндө жандырышат.

4. Оргуп турган жүрөгүнөн улам булак сүйүшкөндөрдүн сүйүүсүнө сабырдуулуктун дайрасын белек кылыптыр.

5. Кыйратуусунан соң добул адамдарга кайрылат: «Мен жаратылышка сөзсүз керекмин, анткени жерди суу менен тазалап, азыктантамын. Согуштар болсо менден артык бактысыздык жана кайгы алып келишет».

6. Армандуу жүрөк жакшы иштери менен дарылайт.

7. Туруксуздук үчүн айыптоо – чоң каргыш. Эгерде ишеним болбогондо дүйнөдөгү адамдардын жарымы жаман адамдардын катарына кошулмак.

8.Түн – ойлонууга, күн – жакшылыктарды жасоого.

9. Кимде-ким бирөөгө жылуу кездемеден чапан тиксе, ал муздак мерестиктен өлбөйт.

10. Жамандык – жакшы адамдардын ак ниет мүмкүнчүлүктөрүн чектөөчү пенделердин иши.

11. Жаман киши, жамандык жасоо жаман экенин билсе, анда убакытын ага коротмок эмес.

12. Ачуу жашоодон кийинки урпактарга таттуу китеп калтырса болот.

13. Өзүбүздүн өлөөр күнүбүздү билсек, жакшы иштерди жасаганга шашылмакпыз.

14. Жакшы адам, башка адамдарга аз жакшылык жасап жатам деп кыйналат.

www.bizdin.kg



# АДАБИЯТ ЖАҢЫЛЫКТАРЫ

## Көптөн күткөн «Арча» адабий сыйлыгы тапшырылды



*Кыргыз Эл акыны Эрнис Турсуновго «Арча» адабий сыйлыгы тапшырылып жаткан учур.*

Кыргыз калкында арча ыйыктыктын, тазалыктын, жаштык менен узак өмүрдүн символу катары байыртан бааланып келет. Журналыбыз да адабий сыйлыгын адабият дүйнөсүндө, калемгерлер жаатында өмүрү узак, таза, дайыма көктөп турсун деген ой-ниет менен «Арча» адабий сыйлыгы аталган эле. Май айынын 20сында алгачкы 33 жеңүүчүгө сыйлыктар Бишкектеги «Вавилон» кафесинде салтанаттуу тапшырылды.

Кийинки жыйырма жылда колдоосуз, унут калган адабиятыбызды, калемгерлерди колдоо ниетинде проза, поэзия, котормо, адабий иликтөө жанрлары боюнча конкурс жарыялаган элек. Калемгерлер журту адабий сыйсынакка чындап эле чаңкап калган белем, редакциябызга баш калаабыздан тартып, бардык аймактардан калемгерлер катышып, жүздөн ашык автордон 200дөн ашык романдар, китептер, повесттер, поэмалар, аңгемелер, ыр түрмөктөрү түшүп, бизди бир эсе күтпөгөндөй таң калтырып, экинчиден, калыстар тобу аларды окуп, талдап, иргеп, талкуулап катуу кыйналышты. Ар нерсенин өз сааты, буюрганы бар деген чын белем, жыйынтыгын чыгарып, сыйлыктарды тапшыруу аземи дал журналыбыздын эки жылдыгына туш келип,

www.bizdin.kg



жеңүүчүлөрүбүз да 33 чыгып жатпайбы! Бул да жөн жеринен эмес, ырым, биздин ак ниетибизди колдоо белем деп жакшылыкка жоруп койдук.

Аземге белгилүү акын-жазуучулардан Сүйүнбай Эралиев, Омор Султанов, Уркаш Мамбеталиев, Өскөн Даникеев, Казат Акматов, Эрнис Турсунов, Майрамкан Абылкасымова, Мелис Абакиров, Төлөгөн Мамеев, Менди Мамазаирова, Лайли Үкүбаева, Кален Сыдыкова, Сейит Жетимишев, Жедигер Саалай сыяктуу ж.б. көптөгөн акын-жазуучулар катышып, жеңүүчүлөргө дипломдору менен акчалай сыйлыктарды өз колдору менен тапшырышты.



*Кыргыз Эл жазуучусу Өскөн Даникеев жазуучу Турусбек Мадылбайга «Арча» адабий сыйлыгын тапшырууда. (экинчи катарда акын Жедигер Саалай).*

Мурдагы санызбызда жарыялангандай проза жанры боюнча жазуучу Турусбек Мадылбай «Зилзала» аттуу повести менен 1-орунду жеңип алуу менен «Жылдын мыкты жазуучусу», котормо жанры боюнча К.Чуковскийдин балдар чыгармаларын которуп, «Жылдын мыкты котормочусу» наамына Кыргыз Эл акыны Эрнис Турсунов татыктуу деп табылып, конкурстун шарты боюнча китептери акысыз чыгарылып, калем акы да төлөнө турган болду. Даражалуу орундарды жеңип алгандардын катарында Ш.Апылов, Ш.Калыков, А.Калбаев, Ч.Аскаров, Э.Ажыканова (проза), С.Тургунбаев, Д.Юсупов, А.Карасартов, И.Талип, А.Эгембердиева (котормо), З.Иманалиев, Б.Салгамани, Э.Өскөналиев, Ө.Абдыкалыков, И.Токтогулов, Т.Нуркемел (поэзия), А.Муратов, Б.Алышбаев, С.Бейшембиев, Т.Бакчиев, Н.Казакова сыяктуу ж.б. белгилүү да, жаңыдан калеми төшөлүп келаткан да, улуу-кичүү калемгерлер болушту. Албетте, ар нерсеге сын, таарыныч да айтылат, аларга айтып коёрубуз: сынактын жыйынтыгы, башында эле жарыялангандай жашыруун ат (псевдоним) менен өткөрүлүп, орундар ыйгарылган соң гана авторлордун конверттери ачылып, жеңүүчүлөрдүн чыныгы ысымдары белгилүү болду.

«Турар» басмасынын директору, журналыбыздын башкы редактору Тилек Мураталиев бул конкурс мындан ары да жылыга уланып турарын

www.bizdin.kg





*Кыргыз Эл акыны, Эл аралык коомдук Поэзия Академиясынын президенти Омор Султанов «Турар» басмасынын ээси, журналыбыздын башкы редактору Тилек Мураталиевге Академиянын башкы сыйлыгы – Алтын медалын жана «Академик» наамын тапшырып жаткан учур.*

жана дагы бийик деңгээлде уюштурулуу менен эл аралык даражага көтөрүү максаты бар экенин аземде жарыя айтып, калемгерлердин алкоосуна арзыды.

Аземдин соңунда Эл аралык Поэзия Академиясы коомдук фондунун президенти Омор Султанов журналды чыгаруудан сырткары адабий конкурс, сыйлыктарды уюштуруп, ондогон жылдан ашуун мезгилде жүздөгөн китептерди чыгарып, С.Каралаевдин, Ч.Айтматовдун, У.Мамбеталиевдин, К.Акматовдун, Т.Ибрагимовдун, М.Гапаровдун ж.б. ондогон китептерди акысыз чыгарып, калем акыларын да төлөп берүү менен «адабиятка кошкон өзгөчө салымы үчүн» Т.Мураталиевге Фонддун алтын медалын жана «академик» күбөлүгүн салтанаттуу тапшырды.

Албетте, азем ак дасторкон үстүндө өтүп, аксакал манасчыбыз У.Мамбеталиев дастандан бапылдата айтып, ыр-күүлөр менен коштолду.

## А.Акаевдин китеби чыкты

Орусия менен Британиянын биргелешкен фонду Лондондо китеп жарманкесин өткөрдү.

Ал долбоорду ишке ашырууга эки жыл убакыт кеткен. Максаты – Орусиянын авторлорун англис тилдүү окурмандарга тааныштыруу. Бул жарманкеде көптөгөн орус басылмаларынын жана авторлорунун китептери окурмандарга сунушталды. Ошолордун ичинде Орусиянын философ профессору Д.Кузнецовдун «Кыргызстан: демократия үчүн күрөш» аттуу китеби да болду.

Аталган китеп, Кембридж-прессте англис тилинде басылып, Кыргызстандын алгачкы президенти Аскар Акаевдин Кыргыз мамлекетинин кайрадан түзүлүү мезгилиндеги басып өткөн жолу тарыхый баяндалып, «тюльпан революциясы кандай болгон, аны кимдер уюштурган, кайсы күчтөр жардам берген?» деген суроолорго жооп издеген.

www.bizdin.kg


Ошондой эле, 2005-жылдан кийин Кыргызстанда болуп жаткан окуяларды анализдөөгө аракет жасаган. А.Акаев жөнүндөгү бул китепти Орусия университеттеринин басма ассоциациясы жарманкеге алып барган.

## «Арча» жеңүүчүсүнүн китеби жарык көрдү

«Арча» адабий конкурсубузга «Аян бар керемети туюлбаган» аттуу ыр китеби менен катышып, поэзия боюнча сыйлыгыбызды жеңип алган акын Замирбек Иманалиевдин жеңүүчү китеби жаңы эле жарык көрдү. Ал «Арча» адабий сыйлыгынын жеңүүчү китеби» аты алдында чыкты. Ырлар, поэмалар, орус-совет акындарынын котормолорунан турган китептин көлөмү 208 бет. «Турар» басмасында басылды.

Жеңүүчү китеп кандай болду экен дегендер журналыбызга кайрылып, сатып алышса болот. Ошентип, «Арча» адабий сыйлыгынын көчү козголду.

## АКШ элчиси кыргыз жазуучусуна сыйлык тапшырды

АКШ мамлекетинин Кыргызстандагы Атайын жана Ыйгарым укуктуу элчиси Памела Л.Спратлен кыргыз жазуучусу Турусбек Мадылбайга «маданий жана көркөм дөөлөттөрдү өркүндөтүүгө кошкон зор салымы, америкалык адабиятты кыргыз тилине мыкты которгондугу үчүн» Ардак дипломун АКШ элчилигинде тапшырды.

Т.Мадылбай Чили элинин (Сантьяго), студенттердин Эл аралык союзунун (Будапешт), «Русская премия» (Москва, 2006), «Добрая лига» (Санкт-Петербург, 2008) жана жакында эле журналыбыздын «Арча» адабий сыйлыгынын жеңүүчүсү. 2008 жана 2010-жылдардын мыкты жазуучусу аталган.

## «Манас» эпосуна 850 миң сом

Ош шаардык кеңешинин бюджет, экономика жана финансы боюнча туруктуу комитети Кытайдагы кыргыз манасчысы Жусуп Мамайдын вариантындагы «Манас» эпосунун толук томдуктарын басып чыгарууга 850 миң сом бөлүп берүүнү чечишти.

Аттиң, чыккан китептерди кайра чыгарбай, ушул каражат кыргыз архивинде жарык көрө албай зарыгып, алды жарым кылымдан ашык жаткан «Манас» эпосунун 80ден ашык варианттарын чыгарууга берилсе кана деген сөздөр да айтылууда.

www.bizdin.kg



## Алгач «Жаңы Ала-Тоо» жарыялаган

Журналыбыздын 2010-жылдын 2, 3, 4-сандарына жарыяланган Александр Супрундун «Кодекс для обезьяны» повестин Россиянын «Дружба народов» журналы быйылкы жылдын май айындагы санында «Хождение в Европу, или принудительное знакомство с азами капитализма» деген ат менен жарыялады. Азырынча биринчи бөлүмү. Чыгармада Москвага иштөөгө барган чет өлкөлүктүн оор турмушу, «жаңы орустар», алардын Москванын борборунда кантип салдырган хан сарайлары чагылдырылгандыктан китепти чыгарууга кызыгуулар болгон менен ушул убакка чейин жарыяланбай келген. Эми калган бөлүгү жарык көрөр бекен деп күтүп, журналыбызды кантип, кайдан таап окуурун сурап Россиядан кайрылгандар да көп.

Белгилүү болгондой, автор биздин баш калаада жашап, иштеп кеткен, азыр Львов шаарында жашайт.

## АКШдагы кыргыздар кино тартууда

Кыргыздардын АКШдагы «Кыргыз клаб» (Кыргыздар клубу) бирикмеси Кошмо Штаттарда жашап жаткан мекендештерибиз тууралуу 22-майдан тартып, кыска метраждуу документалдык фильмдердин топтомун тартууну башташты. Биринчи фильмдин каарманы болуп Нью-Йоркто менчик дүкөнүн ачкан 27 жаштагы жигитибиз Руслан Аманов тандалды. Ар бир үч айда тартылып бүтүп туруучу фильмдер Чикаго, Филадельфия, Цинциннати, Вашингтон, Лас-Вегас сыяктуу ири шаарларда улантылат. Бул демилгени баштаган «Кыргыз клабдын» жетекчиси Айбек Хакимов фильмдердин продюсери да болуп саналат. Идея болсо Нурбек Эгендин «Аяндан жаралган Манас» фильмин көргөндөн соң жаралып, аны улантууну чечкен экен.

## «Жигер» поэзия клубу

Ош шаарынын жаштар боюнча комитети жаш таланттарды колдоо максатында «Жигер» поэзия клубун уюштурушту. Жаштар комитетинин төрагасы Сонунбек Жунусбаев бул клуб жаштарды поэзияга жана адабиятка тартууну көздөп, акын-жазуучулар менен жолугушууларды өткөзүп, жаңы китептердин бет ачарларын, көргөзмөлөрдү, поэзия кечелерин, жаңы жана классиктердин чыгармалары боюнча талкууларды уюштурат. Жаштардын чыгармалар альманахын жылыга бир ирет чыгарып турабыз дейт С.Жунусбаев.